Шарыпкул Эсенгулов



# АЛТАЙЛЫК КЫРГЫЗДАРДЫН АКЫРКЫ АЖОСУ

Шарыпкул Эсенгулов

# АЛТАЙЛЫК КЫРГЫЗДАРДЫН АКЫРКЫ АЖОСУ

(«Жайсаң» дастанынын негизинде

жазылган тарыхый драмалар жана ырлар)

УДК 821. 51-93
ББК 84 Ки 7-4
Э 84

Шарынкул Эсенгулов. Алтайлык кыргыздардын акыркы ажосу
(«Жайсаң» дастанынын негизинде
жазылган тарыхый драмалар жана ырлар
Б:2009-281б

ISBN 978-9967-24-817-5

Автордун бул китебине Манас таануу, Кыргыз таануу багытын көздөгөн драмалары жана ырлары топтолду. Китепке киргизилген драмалык чыгармалар жалаң Манас темасына арналып, алар бир өзөккө тизилип, окуялары да ирети менен сүрөттөлүп, Кыргыз элинин түптүүлүгүн, тарыхын, Манастын төрөлүү, жетилүү, баатырдык окуялары аркылуу, мурда бизге белгисиз далилдер менен чечмелейт. Экинчи бөлүмүнө киргизилген ырлары ошол ойлорду поэзиянын тилинде шөкөттөп, жалпы теманы бекемдеп тургансыйт.

Э 4702300100-08

УДК 821-93
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-24-817-5

© Шарынкул Эсенгулов. 200

«Көөдөндөн суурун чыгып журтума бер,
Көмүлгөн ырларымды өзүм менен»
(Жайсаң Үмөт уулу)

# АЛТЫНАЙ БАЯНЫ

(эпикалык драма)

| | | |
|---|---|---|
| Катышкандар: | СООРУНДУК | -кытай элинин жарым ханы. |
| | АЛТЫНАЙ | -Соорундуктун кызы. |
| | АЛМАМБЕТ | -Алтынайдын уулу. |
| | ҮРҮЛАЙЫМ | -киндик эне. |
| | (АЗИС-ХАН) | -Тянь - Янь алтын кенинин ханы. |
| | ГАЙЮАН-ТХАЙ | |
| | (КОҢУРБАЙ) | -кечилдердин ханы. |
| | ХЕ-ГАН | |
| | (КАРЫ-ХАН) | -кытай элинин Улуу ханы. |
| | ДУМАНА | -кайып адам. |
| | МАЖИТ | -туткунда төрөлгөн кыргыз тукуму. |
| | САКЧЫ | -Коңурбайдын жигити. |

Эпизоддордо: аяддар, аярлар, жигиттер, эл катышат.
Окуянын болгон мезгили бешинчи кылымдын тегереги.
Окуя кытай жергесинде өтөт.

1996-жыл.
Сентябрь

## БИРИНЧИ КӨРҮНҮШ

Кеч.Алыста ак карлу тоонун чокусу бүлбүл көрүнөт. Жайдын толук кези. Таш – Калаанын сыртында Алмамбет ойлуу отурат. Сырттан аяр басып Азис –Хан кирет.

АЗХИС-ХАН (эркелете). Э уулум, нени ойлоп турасың сен,
Жаныңа келгенимди туйбадың бейм?...

АЛМАМБЕТ (көңүлсүз атасын карап, тынымдан соң). Апамды

АЗИС-ХАН Апамды?.. Апаңдыбы?... (жайдары күлүп).
Келгени энең аттап босогомду,
Кедери кеткен ишим тез оңолду…

АЛМАМБЕТ (ордунан тура басып, кыжаалаттана сүйлөйт).
Мен дагы ошону ойлоо турган элем,
Негедир тез картайып барат энем,
Апамдын сыр чечпеген тунт мүнөзүн
Кубанып күлгөн күнүн бир көрбөпмүн.

АЗИС-ХАН (ойлуу). Өзүмчө өкүнүчкө көп батамын,
Бир кезде мен эңеңден шек алгамын….
(Алмамбет жалт карайт).
Апаңдын тунттугу үчүн мен өзүмө,
Баягы шек саноом деп коем күнөө.
Анан да муңкүрөткөн дагы бирөө,
Ал анын атасынын өлүмү эле..
Жанынан кымбат көрчү ал атасын,
Армандуу тыя албады даңе жашын.

АЛМАМБЕТ (ойлуу). Таятамды жакшылыктуу билбей калдым,
Көйкаптан жыйырма бир жыл билим алдым.

АЗИС-ХАН (жагалданып).
Кырк жылдан ашык бирге жашасам да,
Сезилет баш кошкондой кечээ гана.
Кейитээр, жанга батаар сөз укпадым,
Көңүлгө кир жугузаар иш туппадым.
Апаңа кылапатты кантип айтам,

Акылдуу сага окшогон уул тапкан.

АЛМАМБЕТ (сөздү башкага бургусу келип, ары-бери басат).

Он беш жыл оңдоп курдум бекем чепти,

Сезилбей көз ирмемче өтүп кетти.

АЗИС-ХАН (жагалданып). Ырас уулум.

«Көйкаптан» келгенине көп жыл болду,

Аткарган кызматыңа көөнүм толду.

(уулун эркелете карап, толкундanып).

Апаңа ашнак сарай асыл таштан,

Салдырдың бөлмөлөрүн алтындаткан.

Мен үчүн хан сарайды «Кан жайлакта»,

Оңдотуп, кооздотуп салдың кайра.

АЛМАМБЕТ (көңүлү ачылып). Атаке!

Мен үчүн маанилүүсү он беш жылда,

Аскерди машыктырып койгонумда.

Үйрөттүм согуш сырын билим менен,

Чакан кол, бирок жоонун миңин жеңем!

АЗИС-ХАН (андан бетер жагалданып, уулунун далысынан таптайт. Максатына жеткендей кубанычтуу). Ишенем, уулум, көрүп турам баарысын.Карыганда тилеп алган, сенсиң жалгыз ырысым.Картайсам да кулунум, тая элекмин күчүмөн.Тирек болом жаныңа, тилегиме жеткиргин, өчүмдү алып кишимен.

АЛМАМБЕТ (кооптуу). Өчүмдү дейсизби? Кимден?

АЗИС-ХАН (кектүү).

Кулунум, өкүнбө жалгызмын деп сен эч качан,

Душман деп сактанбайсың жатындаштан.

Өзөктөш карындашың душман болот,

Өрттөнтүп жүрөгүңдү, көзүңдү оёт.

Жалгызым, бир өзүңдөн суранарым,

Жатындаш душманымдан өчүмдү алгын.

АЛМАМБЕТ. Жатындаштан?..

АЗИС-ХА (кызууланып).Жатындаштан!Лойян-Ган жана Хэн-Яндан.

АЛМАМБЕТ (ойлуу). Алар менин кандашым болсо, анан кантип?..

АЗИС-ХАН (күйүп сүйлөйт). Он беш жыл оңдогонун үрөп жанып,

Дал ошол жатындантын жасаганын.

Жетишет, кылганынын куну толду,

Жегенин кайра кусар убак болду.

Хэ-Гандын жашы жетти, тагын алгын,

Лойян-Ган, Хэнь-Янь хандан кегим кансын

АЛМАМБЕТ.Кантип?

АЗИС-ХАН (кексе күлүмсүрөп). Бичике атың түшкөн, так сеники,

Билишет, талашалбайт эчкимиси.

АЛМАМБЕТ (ойлуу). Ага конүшпосочү?

(Азис-хан Алмамбетти тикирейс тиктеп, ач болотун суурун алып, жерге матыра саят да, митаам жылмайып, үнсүз, ыкчам басып чыгып кетет.Алмамбет аны суурун, тазалап, таянып, ойлуу отурганда, сырттан Мажит кирет).

МАЖИТ (коңүлдүү) Аскерлер машыгып бүтүштү.

(Алмамбет турган калыбынан кебелбейт)

Алмамбет, капалуусуңбу? Эмне болуп кетти?

АЛМАМБЕТ. Ойлонуп турам сага айтаар кепти.

МАЖИТ (кубанып). Мага айтылаар кеп болсо, мааниси элге эп болсо, жан дилим менен угамын, апын ташын талкан кыламын!

АЛМАМБЕТ (калыбынан кебелбей). Мажит, жакшылап уккун кебимди!

МАЖИТ (элпек). Айтканыңды эки дедимби?

АЛМАМБЕТ(ойлуу). Атамдын тилегени- бул, максатым.

Тилекти акташ үчүн сапар тарттым.

МАЖИТ (коштоно). Атаңдын тилегинеби?

АЛМАМБЕТ (укпагандай). Атамдан тартып алган алтын зээрин,

Лойян-Ган уулу экөөнө бергин деймин.

Көнбөсө, кепке келип жөн бербесе,

Аргасыз эрөөлдөшөм күч теңдеше.

Астынан Хэ-Ган хандын барып өтөм,

Ал агам, жоом эмес бөлөк-бөтөн.

Эгер ал макул болсо Хэ-Ган ханга,

Тартуу алып мени менен чогуу барса,

Хэ-Ган хан алтын такты берер өзү,

Бары бир мага тийст отсо көзү.

МАЖИТ. Атаңдын тилеги ушулбу?

АЛМАМБЕТ. Атакем өмүр бою көксөп келди

Сурапды тилегине жеткизгенди

МАЖИТ (башын чайкап). Көзүм жетпейт.

АЛМАМБЕТ (ойлуу) .Макул деп бир туугапча кепке келсе,

Чатаксыз алтын тактын жөн беришсе,

Бийликти акылдашып жүргүзөмүн,

Байлыгын казынанын билгиземин.

МАЖИТ. Бербесечи?

АЛМАБЕТ. Эгерде калыстыктан кетсе Хэ-Ган,

Анда мен алтын тагын тартып алам.

Атамды тилегине жеткиремин,

Башкар деп каалагандай эрк беремин.

МАЖИТ(кабатырланып). Максатың опурталдуу сезилет. Башыбыз жаңы азаптан кутулду эле, дагы кандай күндөр кезигет?

АЛМАМБЕТ Чочулаба. Болор иштин болгону жакшы тезирээк.

Башчысың чепте калган аскерлерге,

Машыктыр, унутпасын, тыным бербе.

МАЖИТ. Айтканыңдай кыламын. Атакеңдин хандыгын сактап турамын.

АЛМАМБЕТ. Мажит, Апакем Эгиз-Колго барам деген,

Бул жолу өзүм коштоп баргым келген.

Мен үчүн Мажит сенден сурапарым,

Апамды Эгиз-Колго коштоп баргын.

МАЖИТ. Атамчы? Атамды.

АЛМАМБЕТ. Нарбото сенин атаң болсо, менин агам,

Акылчым, жаныма ээрчитип барам.

Сеп кабатыр болбогун аган!

МАЖИТ (ойлуу). Жападан жалгыз сыйынганым, атамсыз жашоо мага кыйындыгын билесиң. Ошондон улам…

АЛМАМБЕТ. Мен сага ишенгенимден апакемди, атамды дагы калтырып жатам, Мажит!

МАЖИТ. Болунтур. Алтынай апам үчүн, Нарбото атам үчүн жанымды аябаймын, Алмамбет!
АЛМАМБЕТ. (октом). Анда камыналы!(кетишет)

## ЭКИНЧИ КӨРҮНҮШ

ТҮН. Жым-жырт. Коргондун эшигинде Алмамбет турат. Тегерегиндеги жигиттер бүлбүл көрүнот. Бир жоокер оозуна чүпөрөк тыгылып, колу артына байланган сакчыны айдап кирет.
ЖООКЕР (эрдемсип). Бас булкунбай.
АЛМАМБЕТ (жоокерге). Бул эмне жосунуң? Жазыксыз сакчыны кордоп. Мен душманга эмес, тууганыма келип отурум. Бошот!
(жоокер сакчыны бошотот. Алмамбет ага колун сунуп). Айып этпе баатыр. Караңгыда калаадан кыбыраган жан кезиктире албай, элге бүлүк салбай, же короочу иттери үрбөй.
САКЧЫ (Алмамбеттин сөзүн бөлүп). Иттин ордуна мени койгон агаңыз. Алдыңыздамын баатыр, талагыңыз келсе талаңыз?. (чөгөлөп башын ийет).
АЛМАМБЕТ (күнөөлүдөй ордунан тургузуп). Антпе батыр, бизден осолдук кетсе кечиргин. «Жоо аппастагы» куурайдан дубалап койгон сакчыларынан өтүп кеткенибиз үчүн, агама барып өтүнгүн. Алдына барайын. Тууганча жолугушуп,сыр чечишип, кумардан канайын. (Тыным. Сакчы ойлуу кыймылдабай турат). Жөнөгүн!
ЖООКЕР (аны түртүп). Эй, кет дегенде кете бербейсиңби, жинди го. (сакчы кыймылдабайт).
АЛМАМБЕТ. Агама кабар берип, дубайым айт,
Келди де бир боорлорун болбойбуз жат.
Алыскы Тянь-Яндагы алтын кенден,
Атайын көрүшкөнү келдим элем.
Чарчадык алыс жолдо, арып - ачтык,
Кабарлап ханыңарга бачым кайткын.
Баса, менин дайынымды билип ал.

САКЧЫ (сөздү бөлүп). Билдим. Азис-хандын Алмамбети келиптир.Теңирим өзү бериптир. Коңурбайдан кутулаар күн келээр бекен?!
АЛМАМБЕТ (жактырбай). Бул эмине дегениң?
САКЧЫ (шыбырап). Жердин кулагы бар, сөзүмдү жалгыз ук?
(экөө четтей басышат). Атасы Анжыяндан куугунтук жеп келгенде,он бир жашаар бала элс, ушул Коңурбай агаң-шерменде! Жашабай жатып чуут ишин баштаган. Атаңдын алтын кенин тартып алып, кара көзүн жаштаган.
АЛМАМБЕТ (жактырбай). Билем аны.
САКЧЫ. Билбегениң дагы бар.

Тайманбас, арыстандай айбаттуу кыз,
Жасаган ошол кезде укмуштуу иш.
Таажысын Улуу хандын түшүрө аткан,
«Уккула! Танбаймын-деп берген анттан».
Азиске шер баланы тууп бермек,
Чоңойсо алтын такты ага бермек!

АЛМАМБЕТ. Уккамын.
САКЧЫ. Укпаганың дагы бар.

Ошентип Гайюань-Тхайлар кенден келген,
Улуу хан хандык берген кечилдерден.
Арадан далай жылдар өтүп кетти,
Коңурбай сыйкырчылык чекке жетти.

АЛМАМБЕТ (кызууланып). Сыйкыры мага кеп эмес. Сенин бул айтып тургандарың эп эмес.
САКЧЫ (кызууланып). Мына ошол күткөн туйгун сен экенсиң.

Чынында өлчөөсү жок шер экенсиң.
Каптап кир, камындырбй башын алгын,
Кайтарган кароолдоорун чаап салгын.
Ал сага ак санабайт,ишен мага,
Уттуруп ушул сапар, окто кылба.

АЛМАМБЕТ (камырабай). Камынтпай капилеттен басып алуу.
Ал ага ал жетпейт деп коркуп калуу (сакчыны жалт карап).

Биз сени көргөн жокпус, ордуңа бар,
Доол как, жоо келди деп кабарың сал.
Калганы не жазылса ошол болот,
Буюрса долот кушу шого конот.

САКЧЫ (башын чайкап). Ушунуңа өмүр бою окүнөсүң, билип кой. Бир сакчынын кеби эле деп, көңүлүңө түйүп кой. (чыгып кетет. Кайрадан жым-жырт. Узака тыным. Алмамбет тынчы кетет).

АЛМАМБЕТ (жинденип).Каалганын сакчылары барсыңарбы?
Кимиң бар? Дарбазаны ачкылачы?

(жооп болбойт. Кайрадан жым-жырттык. Тыным . Аздан соң дарбаза үнсүз ачылып баратканы көрүнөт. Ичкери тарап караңгы. Алмамбет жанындагы жигити менен ичкери кирет. Ошол замат ажылдап үргөн иттердин үнү угулат. Алмамбет жоокери экөө шаштысы кеткендей туш-тарапты карашат. Эч нерсе көрүнбөйт. Алмамбет бир аз ойлуу турат да, эңкейип жерден топурак алып, ичинен күбүрөп дуба айтып, кыбыланы карай чачат. Иттердин үнү тып басылат. Пистолеттин нуру так бет алдында күлүмсүрөп турган Сакчыга түшөт).

АЛМАМБЕТ (ачууланып). Сен дагы деле мындасыңбы?
Арсайбай, айткан сөздү кылбайсыңбы?!

САКЧЫ (токтоо, жай) .Аярлуу шер экенсиң, көңүл бурчу,
Ачууга алдырбастан токтой турчу?

АЛМАМБЕТ (ачуулу). Дагы эмне?

САКЧЫ. Кабарды бербегеним эмне үчүн,
Айтайын азыр сага тура түшүп.
Баары бир билмек сага жолукканым,
Билемин шондо андан не табарым.
Тапкыча ажалымды шум адамдан.
Мен аны тапкым келди шер адамдан.
Кошуп ал кошуунуңа, ханым саттым,
Эгерде ишенбесең башым чапкын. (чөгөлөйт).

АЛМАМБЕТ (ойлуу карап). Ушу сен жеткен айлакер неме көрүнөсүң.

САКЧЫ. Андай эмес көк жалым! ( Жанталаша демигип).
Мен сага саткан жокмун эл-жеримди,

Хан болсоң Чоң – Бээжинге – эл сеники.
Сатсам мен бузук хандын канын саттым,
Калың эл бузулуудан аман калсын
Атасын аябаган канкор хандын,
Билемин эч нерседен аянбасын.
Отуз жыл мындан мурун колу менен,
Атасынан так талашып ал өлтүргөн.

АЛМАМБЕТ(чочуп). Эмне дейт бул!

САКЧЫ (андан бетер жанталашып). Калп айтсам атамдын арбагы урсун! Бул сырды айткан эле байкуш атам, ал шордуу көргөнү үчүн ажал тапкан.

АЛМАМБЕТ (ачууланып). Жаныңды жебегин! Тилиңди кесип салам! Эки туугандын ортосуна от жакпагын, бузуку!

САКЧЫ (тизелеген калыбында жалдырап). Ишенип кой асыл тором! Чындык үчүн азыр да өлөм!

АЛМАМБЕТ. Отуз жыл мындан мурун өлгөн болсо,
Калың эл аны узатып көмгөн болсо,
Жатындаш туугандары угат эле,
Жалпы журт ызаатына турат эле?

САКЧЫ (далбас уруп). Чаап сал, ишенбесең башым мына!
Даярмын чындык үчүн бардыгына!
Берегп четте турган чакан үйдө,
Жайлаган ал атасын айсыз түндө.
Башбакпайт бир өзүнөн башка бирөө.
Багам дейт оору адамды ошол үйдө.
Тирүү деп ошол күндөн ыйманын жеп,
Атасын өлтүргөнүн айтпай келет.

АЛМАМБЕТ (орой) Ка-лп! Айтканыңды киши укпасын,
Киши эмес басып жүргөн ит укпасын!

САКЧЫ (шаабайы сууп, ордунан турат).
Өзүң бил, айткан тилим албай койдуң.
Билерсиң өкүнгөндө кеч болмогун.
Ээрчитип аярларын азыр келет,
Ошондо айтканыма көзүң жетет.

(кайрадан отура калып жалдырайт)

Суранам, кор кылбагын шум калчага,

Коншосоң өлтүрүп кой азыр анда.

(Алмамбет Сакчыны ачуулу карап, үнсүз төр жакка басып кетет. Сахнага жарык түшөт. Сырттан каардуу келе жаткан Коңурбай көрүнөт. Жанында бир аз жигиттери бар. Алмамбет көрө сала ызаат кыла, тизе бүгүп салам берет).

КОҢУРБАЙ (атырылып). Кана айтчы, атасыз арам сийдик, көздөп нени - бул калаага келдиң деги?

АЛМАМБЕТ(отурган калыбында башын ойдо көтөрүп, токтоо).

Хан тукумун хан тукуму бей күнөө колдобойт, хан ага!

КОҢУРБАЙ (чамынып). Айланган хан тукумдан тексиз арам,

Ачылды сага кантип бул дарбазам?

Бар беле араңарда саткын арам,

Мен аны ким болсо да сөзсүз табам!

Саткындын энесинин ичин жарам!

Чабылган чыккынчынын башын салам!

АЛМАМБЕТ (ордунан туруп). Анчалыкка баргыдай, менде кегиң жок беле?

КОҢУРБАЙ (сөздү бөлүп). Бок жебе!

Сен дагы энеңе окшоп жүзүкара,

Атайлап алдап тийген Гуйян-Ганга,

Сакчымды кароолдогу алдадыңбы?

Азезил энеңе окшоп арбадыңбы?

АЛМАМБЕТ. Апама тил тийгизбе, аба!

КОҢУРБАЙ (шылдыңдуу күлүп). Апаңабы?

Кол бойлоп караңгыда жалгыз жүрчү,

Калдайлар канчык менен ойноп күлчү.

Үстүнө думананын кийимин кийген,

Көзүнө кал үюта камчы тийген,

Аксынган аяр Шой-Бо куган болчу,

Ал канчык сени шондон тууган болчу.

(Алмамбет айкырып барып найза саят. Күтүүсүз турган Коңурбай, чоголой калып кайра турат. Алмамбет кылычын суурун чаба турган

болот да, кайра өкүнө күрсүнүп, кылычты жерге сайып, жерге башын салат)

АЛМАМБЕТ  Эмнелерди айттыңыз, аба!?

(теңселе баскан Коңурбай кылычын оңдой кармап, бирок чабууга даай албай, ыкчамдай басып чыгып кетет. Жанындагылар жабыла кетишет.)

САКЧЫ (Алмамбеттин алдына чоголоп). Көкжалым! Эми жакшылап ук! Жаза сайып таштадың, жаман жорук баштадың.

АЛМАМБЕТ (айланасын жалт карап, акылына келгендей карбаластап). Кайда ал?!

САКЧЫ.  Качты! Артынан кууп чыгып удаа баргып,
Жеткирбей Хэн-Яньга тоскун алдын.
Мени эми чындап эле кошуп алгын,
Билемин кай тарапка жол алганын.
Карабай ал желмогуз жаратына
Жол тартат Чоң – Бээжинге улуу ханга.
Суранам, ушул сапар тилимди алгын,
Жеткирбей экөөнү тең чаап салгын?!

АЛМАМБЕТ (ойлуу, түнөрүп). Мен сыйлап бир тууган деп келген адам,
Көргөздү чоң кастыгын кылбас душман.
«Бул сенин жалгыздыгың бакыт» деген,
Атамдын айткан кеби чындык белем.
Болбосо кан төгүшкөн бир туугандан,
Артык да кас душманың жашынбаган.
(Сакчыга каардуу сүйлөйт.)
Жол башта! Чыныгы жигит болсоң сөзгө бекем.
Алдасаң, башыңды куу жыгачка сайып кетем!

(Сакчы жан дили менен кабыл алып, сүйүнө алдыга чыгат. Артынан кетишет).

## ҮЧҮНЧҮ КӨРҮНҮШ

Авансценада Алмамбет алыска дүрбү салып турат. Тегерегинде жан жок.Теребел тынч.Кыйладан соң турнабайды булкуп алып, кыжаалаттана ойлуу сүйлөйт.

АЛМАМБЕТ . Кыжылдап турагынан тургуну көп,
Жыштыгы жүргөн элдин – саздагы чөп.
Кырк жылы мейли тынбай кыргын салгын,
Кыйратып бүтпөчүдөй мунун баарын.
Кырк жагын кырк дарбаза курчап турган,
Кытайлар кишн өталгыс дубал курган.
Аскерлер кайтарышкан дарбазаны,
Алардын ар биринин миңдей саны.
(турнабайды кайра карап, ойлуу)
Алдымда эмне күтөт? Алтын такпы?
Чыгарар бүт кытайга атак-даңкпы?
Болбосо өлүм күтүп турат бекен?
Атымды бул жалгандан кылар жексен.
(Тынымдан соң)
О шумдук! Бийлик мунча керек белем?
Атасын уулу канын төгөт деген!
Болбосо шол бийликке жетүү үчүн,
Жумшатып бар байлыгын, болгон күчүн,
Же өлсүн, же бийликке жеткирсин деп,
«Койканга» 21 жыл окуткан тек.
Өлтүрүп уялашын тагын алмак,
А балким тукуянсыз болуп калмак.
Экөөнүн бири болот. Билип туруп
Баарына тобокел деп көзүн жумуп,
Өлүмгө же бийликке мени кыйган,
Атам да айырмасыз Коңурбайдан.
(ойлуу турганда жоокер кирет)

ЖООКЕР (кубанычтуу). Улуу хандын жигити келди. Бизди кастарлап тосууга, башыбызды башына кошууга ниеттенет экен.

АЛМАМБЕТ (түнөргөн калыбында, тынымдан соң).

Болуптур, мынча болду баш тартпайын,
Атамдын айтканына түз барайын.
Астымдан жолум тосуп ок атпаса,
Түшкөнүм туура болоор тартуу тарта.
Улуу хан калыстыгын кылса эгер,
Баарына таарынышым анда бекер.

ЖООКЕР (кубанычтуу). Улуу хан кубанып күтүп турат дейт...

АЛМАМБЕТ (түнөргөн калыбында, тынымдан соң)

Көңүлүн оорутпастан кары адамдын,
Улуу хан каалагандай иш кыламын.
Арамза куйтулугун ал карматса,
Ант берем, эч кимисин аябаска!
(жоокерге бурулуп).

Тартип менен тартууну алып, чоң дарбазаны бектегиле!

ЖООКЕР (кубанып). Тартуу менен! Тартип менен! (сыртка чуркап баратып кыйкырат). Тартуу менен!Тартип менен! Чоң дарбазаны карай! (Баары кетишет. Сахна күңүрттөп, кошого ачылат. Улуу хандын бөлмөсү. Ал кабатырлана тактыда отурат. Сырттан жасоолу кирет да, сыртка Алмамбеттин келгенин үнсүз башы менен билдирет. Хэ-Ган дагы колу менен жаңсап, киргиз дегенди билдирет. Жасоол шарт чыгып кетет. Улуу хан ордуна отура албай, ары-бери басып тынчы кетет. Алмамбет жай басып сырттан кирет да, башын ийип, тизе бүгөт. Хэ-Ган жылмая кучак жазып, утурлай басып, сол колун Алмамбеттин ийнине коюп, оң колун саламдашканы сунат. Экөө кол кармашып учурашат).

ХЭ – ГАН (жылмайып). Куш келипсиң чырагым. Жүзүңдөн капалыкты туямын. (Алмамбет тике карап үндөбөйт.)

Жарыгым, эки агаңдан көөнүң тосуп,
Таарынып турасың го мени кошуп.
Бир боорубуз, кечиришип, кепке келип,
Кек катпай ичте сырды тең төгөлүк.
Жүрөгөй, калган сөздү жай уланта,
Жазылып сүйлөшөөрбүз даам тата.

(экөө жасалгаланган столго келип отурушат. Улуу хан алакан чабат. Сырттан шып кирип келген жасоолго үнсүз башы менен белги берет. Ал тез чыгып кетет. Сахнанын эки тарабынан эки Нөкөр дүйүм даам, шарап салынган табактарды көтөрүп киришип, таазим этишип, дасторкон үстүнө даамдарды коюшуп чыгып кетишет Хэ – Ган кайрадан алакан чабат. Шып кирип келген жасоолго туруп барып дагы бир нерсе ишарат кылат. Ал кайрадан үнсүз чыгат. ХЭ-ГАН ошол турган ордунда өзүнчө сүйлөйт)

Шум катын ырас эле шер тубуптур,
Коңурбай өтө чогоол иш кылыптыр.
Көңүлүн оорутуучу кеп айтпаса,
Эсенкан озү баштап тиш катпаса,
Бул көк жал айткан сөздү эки дебес,
Түнөрүп сыртын салып жатмак эмес.
Аттигин, жумшайт элем эбин таба,
Таза кан кытай уулу болсо кана!
Тагасы тээ төмөнкү буруттардан,
Бузук кан тартып кетсе куруп калам.
Болбосо алпейим шер, жазуу маңдай,
Дубага тили жатык, ширин таңдай.

(Алакан чабат. Кирип келеген жасооолго ишаарат кылат. Ал шып чыгып кетет. Кытай элинин музыкасы шоокумданат. Кыздар бийлеп киришет. Музыка акырын, сырдуу угулат. Улуу хан ушул учурда өзүнчө сүйлөйт)

Бары бир алтын такты тарттырамын,
Артымда өз каным жок, карып калдым.
Коңурбай такка келсе ошол замат,
Ириде дал өзүмдүн башымды алат.
Тактыны ушул гана талаша алат.
Бербесем өзүм түшүп күчкө салат.
Кенебей отурушта кеби жатат,
Алтын так меники дейт, кайда качат.
Сыр бербей өзүм сунуш киргизейин,
Тактыны беремдимди билгизейин.

(Келип ордуна отурат).

Даам сызалы карагым.

(Алмамбет үндөбөй жемиш жейт. Бий уланат. Алманбеттин кебелбегени Уулу хандын кыжырын келтирип,бийчи кыздарга одоно мамиле кылып кетирет.Тыным).

Жарыгым, дагы деле чечилбедиң,
Эссиздер кылган ишти кечирбедиң...
(Тынымдан соң)
Болуптур, анда мындай кылалы:
Сабырсыз эки агаңды жаныма алып,
Ыйыка улуу тоодо табыналык.
Тазартып дилибизди келгенден соң,
Тактыны сага берем, ушуңум оң.
Атадан калган такка мингизейин.
Башыңа хан таажыны кийгизейин.
Жарыгым, биз келгиче мында калып,
Көңүл ач, ит агытып, кушуң салып.

АЛМАМБЕТ (ордунан туруп, көңүлсүз).
Мен үчүн бийлик анча маанилүү эмес
Атама керек эле так далилдеп.

ХЭ-ГАН (кексе) .Атама?

АЛМАМБЕТ (Улуу ханды тешe тиктеп, ал көзүн ала качкан соң, кекээрдүү сүйлөйт ). Ал үчүн ажалга тик барарымды,
Бербесең такты тартып аларымды.
Билесиң бул иш сөзсүз болорлугун.
(өкүнүчтүү)
Көрсө мен, сезип турам, жаңылгамын.
Экөөңөр бирдейсиңер, ал жатындашың!
Жетмекчи не муратка олтурганда,
Тактыга, уялашы сен турганда?

ХЭ – ГАН (кексе жылмайып, ыраазы болгондой). Айтканыңда калет жок жарыгым. Тактыны Гайюань –Ган талаша албайт. Бирок мен карыдым. Сени улуу кытай күткөн, бичике атың түшкөн. Демек алтын так сеники.

АЛМАМБЕТ. Чын дилден каалап берсең шондо гана,
Олтурам ата мурас хан тагына.
Бербесең кек сактабайм, кетем анда,
Өзүмдүн алтын кеним Тянь-Янга.
Көөнүң ток ыйыгына сыйынып кел,
Келгенде кандай чечсең түз жообун бер.

ХЭ ГАН (ыраазылана күлүп). Ишенемин өзүңө. Көөнүм толду сөзүңө (тынымдан соң) Мен жокто каалагандай басып тургун,
Хан сарай, бүт баарына ээлик кылган.
Олтургуң келсе такка олтура бер,
Кааласаң хан сарайды кыдырып көр.
Анда биз камыналы.

(Ордунан турат. Жарык алмашат. Сахнада Алмамбет жалгыз калып, эки жакта айлана басып көрүп , көңүлсүз басып келип кайра ордуна отурат да, кылычын чекесине таяган калыбында ойго батат. Анан уктап же ойго эсни сезилбейт. Күңүрт жарыкта тор жактан жылаң аяк турган Думананын карааны көрүнөт. Ал Алмамбетке жакын келип, кызыга карайт .)

ДУМАНА (Авансценага жакын келип өзүнчө сүйлөйт ).
Карегим, көрүүгө акыркы ирет бул жарыктан,
Узак жол басып келдим тээ алыстан .
Кан берип калкаладым ушунча жыл,
Келүүгө бул жарыкка максатың бил:
Апаңды жеткирүү үчүн тилегине,
Жарыгым, бул жалганга келдиң эле.
(Үңкүйүп отурган Алмамбетти теше тиктеп ).
Калганын айтып берет апаң бар,
Анан да бул кебиме кулагың сал.
Кызыкпа алтын такка - ал ажалың.
Сарайда чечинбей жүр жоо жарагың.
(Тактынын алдындагы килемдин жанына барып).
Мунөгу кооз кочот килем асты,
Чыккыс ор, үстүн бассаң ажал тапчу.
Көтөрүп карап көрчү килем учун,

Көрөсүң төбөсү ачык ордун бурчун.
(Жанына жакын келип шыбырайт)
Баш болуп берки экөөнө Хэ-Ган как баш,
Бапташты кастык ишин үч жатындаш.
Кеңешип келиш үчүн кетишти алар,
Кеткиниң бачымыраак, убакыт тар.
(Алыстай басып, кайра бурулуп).
Ааламга сапар алып кетмек элем,
Атайын коштошкону сага келгем.
(тынымдан соң, жашык).
Тамырда тамчы каным жерде калган,
Таң макпар жолугабыз канжыгадан.

(Думананын карааны өчөт. Алмамбет чочуп ордунан туруп, эки жакты айландыра карайт. Тынчы кеткендей демин басып, коштоно шыбырап сүйлөйт).

АЛМАМБЕТ. «Көйкапта» окуганда бирге жүрчү
Түшүмө бул думана дайым кирчү.
Сейректеп кийинчерээк көрбөй калгам,
Мына азыр уйку-соонун арасынан,
Уктум э таанып үнүн добуш салган,
Сезилип сагынычы кусаланган.

(Айлананы кайрадан жакшылап карайт. Эч нерсе көрө албайт. Андан соң «Көтөрүп карап көрчү килем учун, көрөсүң төбөсү ачык ордун бурчун» деген Думананын үнүн угат да, аярлай басып барып килем учун көтөрүп, кайра шашып ыргытат. Эмне кылаарды билбей ойлуу турганда сырттан күң кийимин кийген Үрүлайым шаша кирип, бүгүлө таазим кылып чүмбөттөлгөн жүзүн ачпай, кандайдыр жардам сурагансып колун сунат).

Туруңуз, туруңуз, өтө эле аша чапкандык мунуңуз! (Үрүлайым алаканындагы бүктөлүүү катты даана көрсөтөт.Алмамбет аны шарт алып, апасынын жазганы экенин тааныйт да, алыстай басып катты ичинен окуп, алаксып турганда, сырттан Желдет чуркап кирип, Үрүлайымдын жүрөгүнө канжарды малып алат да, ырахаттана жылмаят.

ЖЕЛДЕТ. Кайдагы сасыган күң мында келген,
Басууга хан эшигин болгонсуп тең.
(Сыртка). Ай жигиттер!
Арамдын сасык денин алпаргыла.
Тоюнсун короочу иттер, бар салгыла!

Үрүлайым (акырын жүзүн ачып, башын көтөрүп, алсыз). АЛМАМБЕТ, каралдым, апаңа тезирээк жеткин!? Сенин жакшылыгыңды, Ата-Журтту көрбөй, арманда кеттим!. (Дем тартпай кулайт. Алмамбет эми таанып жетип келет).

АЛМАМБЕТ (өкүнүчтүү). Ардагым, киндик энем! Сиз белеңиз? Таанывбай... (үзүлүп кеткенин көрүп). О Теңир! Мен кимден ажырап жатам?... ( ордунан атып туруп, Желдетке айкырып барып, колундагы канжарды суурун алып, өзүн сайып өлтүрөт). Арам ку-ул! (Сырттан Жигити чуркап кирет.)

Жоокерлер жоо жарагын кийинсин,
Хэ-Гандын желдеттерине кыраан куштай тийинсин!
Кыйратып нөкөрлөрүн, жоокерлерин,
Талкалап лаал таштая салган чебин,
Тезирээк Тянь-Яньга атганабыз,
Сагынган апакеме бат барабыз.

(Кароол жигит чыгат. Алмамбет Үрүлайымды колуна көтөрүп, көкүрөгүнө башын коюп ыйлайт да, каардуу сыртка жөнөйт.)

## ТӨРТҮНЧҮ КӨРҮНҮШ

Жасалгалуу, кооз Алтынайдын бөлмөсү. Кеч кирип калганы сезилип турат. Бөлмө ээн. Алмамбет шашa кирип, эки жакты карайт. Үлбүрөгөн көшөгөнүн артынан Алтынай чыгат. Алмамбет көрө сала көнгөн адатынча тизе бүгүп, башын ийип салам айтат.
АЛТЫНАЙ (ачуулу, октом). Тур өйдө! Тизе бүкпөйт биздин элде.
АЛМАМБЕТ (таңыркап, акырын сүйлөйт). Биздин элде?.
АЛТЫНАЙ (калыбын бузбай). Теңирге тооп кылып таза жерде,
Бир гана Көк Теңирге башын ийет.
Кудайга тооп кылганда жерге тийет.

АЛМАМБЕТ (акырын ордунан туруп жатып). Кудайга?..

АЛТЫНАЙ (өктөм). Болбосо эркек эмес аял дагы,

Бул жосун өтө жаман, кылбайт аны

АЛМАМБЕТ (таарынгандай тетири бурулуп, авансценага басып келип, өзүнчө сүйлөйт). Ушунча аралыктан келсем дегдеп,

Эмнеси апакемдин турган жектеп?
Конгомун ушунча жыл тизе бүгүп,
Кишиге салам дешсем башымды ийип.
Бул мурун апакеме өөн болбой,
Эмне үчүн ачууланат азыр орой?

АЛТЫНАЙ (бир аз жумшак). Кулунум, душманыңдын каны тийген

Булганган үстүңдөгү киймиң кийгсн.
Чечинип, сууга түшүп адалдангын.
Жууп сал душманыңдын арам канын.
(тыныгдан соң).
Кайтып кел,сыр ачамын сага терең,
Көөдөнгө нечен жылы катып келгем.
Мезгили жетти мына, сыр ачууга,
Туйгунум, конууң керек өз тууруңа!

АЛМАМБЕТ (таңдана).Өз тууруңа?!

(Алтынай ойлуу, үнсүз артына бурулат.Алмамбет ыкчам басып чыгып кетет.Жарык алмашат.Ушул учурда көрүнүш алмашып жаткан болот. Пистолеттин нуру Алтынайга тийет).

АЛТЫНАЙ (өзүнчө, ойлуу).

Ой бөлүп сыр чечпестен бир да жанга,
Бөлүшчү жан сырымды атам гана.
Апам да, эжем, женем, сырдашым да,
Бүт баары оорун алган бир атамда.
Жанымда атам болсо бактылуу элем,
Жашоомдо эч нерсе жок атама тен!..
(тыным).
Атакем эркек перзент самаар эле,
Элине кетирүүнү каалар эле.
«Эгерде эркек болсо Алтынайым,

Билмекмин жок дегенде эл журт дайнын.
Кошмокмун кербендерге жер кыдырган,
Төрт бурчун тогороктун бүт сыдырган.
Кабарын билип кел деп тууган элдин,
Бир чымчым топурагын тууган жердин,
Жыттасам,таңдайыма салып сорсом,
О Теңир! Шондон кийин кайтыш болсом.
Кантейин , Алтынайым аттана албайт.
Атанын ал тилегин аткара албайт.»
(тыным).
Дечүү да анан коксон ыйлар эле.
Атамдын ыйы мени кыйнар эле.

(Жарык алмашат. Айлуу түн. Жым-жырт. Колдун жээги. Кандайдыр бир жалгыз чымчыктын аянычтуу үнү угулат.Сырттан Үрүлайым «Алтынай» деп кыйкырган үнү угулат.Анан ал сахнага чуркап кирет.Абдан корккон түрү бар.Эки жакты карап чуркайт.Өзүнчө бир нерселерди кобурап, кайрадан чуркап чыгып кетет.Аздан соң бош кокул Алтынай чуркап чыгат да, авансценага жай, ойлуу,ызаалу басып келетда, чөгөлөй калып, асманга колун созуп,жалынычтуу сүйлөп, жашын төгөт.)

АЛТЫНАЙ (ый аралаш).

О Теңир! Балканактай эркек бала,
Атама таап келип берсем гана!
Жараткан!Кандай гана бакыт болмок,
Атамдын көй бөксөсү мелт-калт толмок.
Жашоомдо бар тилегим бирөө гана,
Атама таап берсем эркек бала!?

(Сахна түркүн түстөгү шоола менен коолдолот. Кол жактан көгүлтүр шоола түшөт.Ошол шоола менен жука кийинген жаш улан чыгат да, Алтынайга жакындайт. Алтынай экөө узака тиктешет. Аздан соң Алтынай ага өзүнөн -өзү тартылып, жанына барат. Жаш улан кыздын манжаларынын учтарынан кармайт да, экөө жетелешип, кол бойлоп, алдыга келишет. Алтынай түшүнөн чочуп ойгонгондой колун тартып алат да, алдастай чуркап, жерге ызалуу отура калат).

АЛТЫНАЙ (коопгуу чочулап). О Теңир! Мен кайдамын, ким бул өзү? Кадалган эч кири жок тунук көзү.

Мурдатан бирге жүргөн таанышымдай ,
Турамын эмнеликтен чочулабай?

УЛАН- ДУМАНА (Алтынайдын жанына отуруп, чачынан сылап, жагымдуу үн менен эркелете сүйлөйт).

Секелек, аруу, тунук Алтынайым,
Сендеги бар тилегиң мага дайын.
Жарыкта жашап өткөн аруу, таза
Аялдар алмашат Пери кызга.
Айыпсыз наристенин зар тилеги,
Арманга болоп келди Перилерди.

АЛТЫНАЙ (делбирең). Менин зар тилегимби?!

УЛАН-ДУМАНА. Атаңа Ата-Журту, тууган жери,
Ага жок кең ааламда тең келери.
Маанисин шол тилектин түшүнө албай,
Тиледиң кичинеңден сен да Алтынай.
Тартуусу Перилердин берген сага
Төрөйсүң он ай толуп эркек бала.

АЛТЫНАЙ (чочуп). Төрөйсүң?.

УЛАН -- ДУМАНА (калыбын бузбай).

Ойлонбо, эч кири жок каласың сен,
О кийин, түбөлүктөн күтөмүн мен.
Ошончо керек болсом капилеттен,
Күткүнүң жолугабыз ушул жерден.

АЛТЫНАЙ (акылы адашкандай). Кайдан? Качан?.

УЛАН-ДУМАНА (өзгөрбөй). Кош эми, таң агарып атып барат.
Кетемин кептер болуп сага карап.

(Улан-Думананын карааны алыстап барып өчөт. Алтынай аны ээрчип барып калат да, кайра чуркап келип, ызаалуу карбаластап, колу бутун, башы көзүн сыйпалап, денесин чымчылайт).

АЛТЫНАЙ (демигип).

Ойгомун, ооруганын сезди денем.
Ал анда бул укмушту эмне десем?

Билбеймин сүйүнөрүм, окүнөрүм.
(Атып туруп, Улан кеткен жакка карап)
Кетпечи? Түшүндүрчү? Өтүнөмүн?!
Эгерде чындык болсо бул айтканың,
Анда мен не кыларым нете айтпадың?
Мен аны кантип төройм? Кайда багам?
Азыр мен эмне кылам? Кайда барам?

(оксүп ыйлап, жерге кулайт. Тыным. Улан – Думананын карааны алыстан, көл үстүнөн көрүнөт да, чыйралта сүйлөйт).

УЛАН-ДУМАНА. Алтынай, эч жашырбай атаңа айткын,
Башкага сыр чечпестен ичке каткын.
Сезимге алдырбагын сага айтаарым,
Сен үчүн жанын кыяр Үрүлайым.
Сабырдуу, кайраттуу бол, акыл токтот,
Санааркап корко турган эч нерсе жок.

(караан өчүп, Алтынай эмне кылаарын билбей шашкалактап, сыртка чуркап чыга турган болгондо, демигип, терделен, корккон Үрүлайым кирип, элейип тиктеп калат. Ошол замат Алтынай ага боюн таштап, бекем кучактап, өксүп ыйлайт).

ҮРҮЛАЙЫМ (чочулап). Эмне болду? Ачык айтчы балам ай!
Түнү бою издеп жүрөм табалбай.

АЛТЫНАЙ (ый аралаш). Энеке, энекебай – мекеним,
Мен, мен эркек бала төройт экемин!

ҮРҮЛАЙЫМ (коркуп, өңгөчүн тартат). Эмне дейт?

(экөө элеэ тиктешет. Сырттан добуш угулуп, жайдары келаткан Соорундук көрүнөт).

СООРУНДУК (алыстан кубана сүйлөйт).
Дегеле эч нерсени капарга албай,
Сыр бөлүп эне-бала теке маңдай,
Жер силкип сел жүрсө да сезбөөчүдөй.
Жарылса жер экиге энтөөчүдөй,
Түрүңөр экөөңөрдүн кызыктырды,
Угууга буйрум кызын кызыктырды.

АЛТЫНАЙ (заматта токтоо боло калып, жетик акыл менен жай сүйлөйт). Атаке! Мен сизге, Ата-Журтуңуздун ыйык тонурагын алып келип бере турган эркек бала таап берем.
СООРУНДУК (үнү буулуп, чочулап). Эркек бала? Кантип? Кайда экен ал?
ҮРҮЛАЙЫМ (оозунуп). Аянга жолуккан го айлуу түндө, бала да атакеси. Түшүнбөй Алтынайым сүйүнгөн го.
АЛТЫНАЙ (токтоо, олуттуу,). Жок. Коргонүм тогүн эмес,чындык болот. Тууруңа жаңы түлөк шумкар конот!
СООРУНДУК (аңтыгып, кубанычы, кайгысы билинбей).

Шумкар?! Кандай шумкар ал!?.

АЛТЫНАЙ (калыбын бузбай).

Билемин, бийлиги күч адам мага
Жар болот. Жазуум ушул бул жалганда.
Караймын тобокел деп тагдырыма,
Жок эми мындан башка эч бир арга.
Эч кимге намысымды алдыртпаймын,
Атаке, сени сөзгө калдыртпаймын.
Мен билем, кандай кылсам калат аман,
Атагың, атым менин жана балам.
Атаке, кайгы чегип жапа тартпа,
Жекеге кызың чыгат, жарак тапта!.

СООРУНДУК (үнү буулуп, коркконунан калтырап).

Жарыгым, жалгызым, түшүнболүм эч нерсеге,
Жүрөгөй, үйгө барып сүйлөшобүз андан көрө,
Аткарам айтканыңды, айтпайм жеме...

(Экөө чыгып кетишет. Үрүлайым жалгыз калып, көзүнөн аккан жашты сүртүп, калтыраганын басалбай, чоголөп отура калат да, ый аралаш жалына сүйлөйт).
ҮРҮЛАЙЫМ (жашык). О Теңир! Бул не деген жазаң сенин?

Сагынган бир шоорду жан эли –жерин,
Кубанчы жашоосунда жалгыз гана,
Кудайлап тилеп алган шул кыз бала.
Энеси ушул үчүн көзүн жумган,

Атасы чабат ага жанын курман.
Аны эми цикеси жок тороду деп,
Айтышар душмандары маскара кеп.
Атасы чыдай албай шылдыцга олот,
Ал бала торолгондо кимге керек?...
(ыйлап жыгылат. Сахна куцурттойт).

## БЕШИНЧИ КӨРҮНҮШ

Аванснага Коңурбай каардуу чыгат. Анын бала кези. Чыкчырылып эч нерсени тоготпогон кебетеси бар. Артынан Азис-Хан шаша келип, жини келгенден аптыгып сүйлөй албай, акыры тартынгандай акырын үн чыгарат.

АЗИС-ХАН. Бул эмне кылганың?... Менин хандыгыма кожоюндук кылууга акың жок, чырагым. Эмне максат менен келгениңди биле албай турамын.

КОҢУРБАЙ (ачуулу). Сага караланып жатам. Карыган кишиге тирек бол деп жиберген атам. Хан ордоңду кара көө басыптыр. Кулдарың адисинен ашыптыр. Мен аларды тескеп койдум.

АЗИС-ХАН (өзүн араң токтотуп). Укчу жарыгым? Сенин атаң менин агам. Алооке Буруттардан тартып алган жерине көчүп кеткенде сен төрөлө элек болчусуң. Ата мурас хан ордосуна карабай, бизди тууган деп санабай, чаан алган жерге кызыгып кете берген. Андан бери кырк жылдан ашуун болгондо, атаң сексен жашка толгондо, Чыйырдыдан ыкыс көргөндө, кайра самсып келгенге милдет кылган жарабайт. Өз калааңарды, айдоо- талааңарды оңдон – түзөп алгыла.

КОҢУРБАЙ (орой). Эмне деп жатасың?! Атам ал жакка эл жерин коргоп барды. Буруттарга кыргын салды. Эл ушундай уулду гана күтмөк! Силердей суу жүрөк болсо, отура бермек өз көчүгүн өзү тиктеп. Андай баатыр элге керек. Демек, ал кийем дегенин кийет, билем дегенин билет! Андан эч нерсеңди аёго акың жок!

АЗИС-ХАН. Жо-ок!... Алтын кеп менин инчиме тиешелүү. Көзүмдүн тирүүсүндө ага эч кимди кожоюн кылбайм.

КОҢУРБАЙ. Эй как баш! Сага эмне жетпейт? Кайсы балаң чөйчөгүңдөн кешик жейт? Мен сага карыганда өбөк болуп, ооруңду колдон, жеңилиңди жерден алайын десем, аягың бар. А мен аны жөн эле тартып алам! (шарт бурулуп чыгып кетет. Азис-Хан жалгыз калып, өзүнчө үнү буулуп алсыз сүйлөйт).

АЗИС-ХАН. Аа-а... Куу баш... Как баш...

Куу баш деп намысыма тийди белем,
Эми мен бир перзенттин камын көрөм.
Алтымыш никелүү аял, сансыз күңдү,
Бири да актабады үмүтүмдү...
Болду! Көөдөнгө кегим толду!
Токтоосуз Улуу ханга жетип барам.
Канкоордуп канкоордугун айгай салам!
Уу жатын ургачыны издеп табам,
Никелеп ал зайыптан тукум алам.

(Ыкчам басып чыгып кетет. Жарык алмашат. Тыным. Сырттан Жарчынын үнү угулат).

ЖАРЧЫНЫН ҮНҮ. Уккула! Улуу кытай журту түгөл уккула

Хэ-Гандын кенже иниси Гуйян-Ганды,
Буруттар Азис дешет терген аны.
Зар болуп ушул күндө бала үнүнө,
Жыйнатып, жарлык берип калкты мүлдө,
Көрсөм дейт, жөн эле бир перзент эмес,
Баланы эрдигине жан тең келбес.
Уу жатын ургачыны издеп табуу,
Никелеп ал зайыптан тукум алуу.
Никеси бар жогуна карабастан,
Зайыптар өткөрүлөт чубатуудан.
Он үчтөн отуз үчтүн арасында,
Калбасын бир да ургачы келбей мында.
Кимде ким хан жардыгын аткарбаса,
Тартылат ошол жерде ал даргага.
Уккула, уккула-а! Улуу кытай журту бүт уккула-а!

(жарчыларның үнү түш тараптан жаңырып, кээси сахнага чыгып айтып, айрымдары залды аралап жар айтып чыгып кетишет.Көшөгө ачылып, сахнага жарык толот.Төрдө, атайын хан тактыда Улуу хан Хэ-Ган. Жанында аярлар, ламалар отурушат. Сыноого келишкен аялдар илкий басышып, авансценадан өтүп кетип жатышат.Аярлар ар бир аялды тикирээ карашып, бирин дагы жактырышпаган түрлөрү бар. Ошпча сахнанын башка жагынан жибек чатыр орнотулган тактаны эки жигит көтөрүп келишип, авансценанын бир четине коюшат. Баары аны карашат. Чубаган аялдардын агымы токтойт. Жибек чатырдын бүркончүсүн жай ачып, ичинен Алтынай чыгат да, Улуу ханды теше тиктеп туруп калат. Хэ Ган аярлар менен тымызын сүйлөшүп, кызга көңүл бурганын билгизет).

УЛУУ АЯР (Алтынайга). Чырагым, датың болсо тартынбай айта бер.

АЛТЫНАЙ (өктөм сүйлөйт). Желдетке жетелетпей өзүм келдим. Улуу хан, өзүңө бар коёр шертим. (отургандар шыбырашып, Улуу хан,аярлардын айтканын туура көргөндөй баш ийкейт).

УЛУУ АЯР. Шертиңди ачык айт, чырагым.

АЛТЫНАЙ (калыбын бузбай). Шартым бул:

Улуу Хэ-Ган келдим сага,
Тороймун силер күткөн эркек бала.
Тең келер эрдигине бул жалганда,
Табылбайт адамдардын арасында.

(Улуу хан аярларга жүзүн буруп, бир нерсе сураган болот. Алар жанталаша шыбырашып, бир нерсени тактай албай жатышкан өңдүү).

УЛУУ АЯР. Ал үчүн сага кандай шарт керек, жарыгым?

АЛТЫНАЙ (өктөм). Жашаймын өзүмчө бир ээн жайда,

Кирүүгө тыюо салып бөтөн жанга.
Жанымда өз күңдөрүм кызмат кылат,
Өзүмдүн сакчыларым сактап турат.
Артымдан тыңчы койсоң атып салам,
Алтыңдан тайган күнү кетип калам.

ХЭ-ГАН (кызыга тиктеп). И-ии... Аярым...

Билемин теңдеши жок сынчы экенин,

Уктуңбу муногу кыз не дегенин?

(Аяр ыкчам баш ийкейт).

Капа айтчы, сөздөрүндө чындык барбы?

Чынбы анын теңдеши жок шер тубары?

(Тыным. Улуу аяр ордунан ыкчам туруп, Алтынайдын жанына басып келип, тулку боюн, бүт мүчөсүн тегерене карап. Улуу ханга жакындап, мукактана сүйлөйт).

УЛУУ АЯР. Айтканыма ишенсеңиз, бул кыздын сөзүндө калет жок, Улуу ханым.

ХЭ-ГАН. И-ии.. Кеңериң билинтирсиң, сезип турам.

Аткарабай анттан тайсаң башың кыям!

(Улуу Аяр үнсүз жүгүнүп, таазим кылат).

Болуптур. Анда эмесе угуп тур!

Далилдейт неси менен, шартын койчу?

Эр уулду шер ургачы тууйт болчу.

Көгөзсүп кыз оноруп, кабыл алам.

Баш тартпайм, койгон шартын бүт аткарам.

УЛУУ АЯР (тынчы кеткендей карбаластап, кайра кыздын жанына келип, көзүнө тикирээ карап, Улуу ханга сыртын салып, күбүрөп сүйлөйт). Тааныдым. Сен Сооруңдуктун кызы Алтынайсың. Энең Наарды мен таңдап, анасы Зээрге кызынын шер төрөй турганын айткам. Бирок эркек төрөлбөй кыз төрөлдү дешкен. Ошол сенсиң. Менден чочулабай күңүлүңдөгүнү жасай бер.

ХЭ –ГАН (шекшинип). Шуй-Ту Аяр!..

УЛУУ АЯР (тез ордуна келип, чоголөй отуруп).

Шертиме бек турамын Улуу ханым,

Сөзүмдөн эч убакта жаңылбаймын.

Аңык шер төрөр зайып мына ушул,

Калп айтсам калк алдында урсун кусур!

Периште чекесинде ойноп турат,

Ажыдаар карегинде сойлоп турат.

ХЭ-ГАН (ыраазы болгондой). И-ии Аярым.

Айтканыңда бир чындык бар өңдөнөт,

Аны кантип муногул кыз далилдемек?

УЛУУ АЯР (Алтынайга). Шердигиңди көрсөтүүдөн тартынба,
Аныктасаң аңыз калат артыңда.
Акталбаса Улуу хандын күткөнү,
Анда кызым, максатыңдын бүткөнү...

(Алтынай үнсүз жай кыймылдап, мурдагы калыбын бузбуай, артындагы жигиттерге колун сунат. Бирөө чатырдын ичине тез энкейип, жебеси менен жаа алып чыгат да, Алтынайга берет. Алтынай аны шаншай алып, жебени тегерете мээлеп келип, Улуу ханга туштап туруп калат. Отургандардын бардыгы жыйрыла түшөт. Улуу хан бир аз тынчы кетип тегерегин карана баштаганда, анын таажысын ыргыта атат. Чурулдаган үндөр угулат. Улуу хан кандайдыр бир нерсени сүйлөмөк болгондо, Алтынай өктөм сүйлөйт).

АЛТЫНАЙ. Далилдеп шердигимди таажыңды аттым,
Ант бузса атам шунтип хандын башын!
Он айда төрөп берем шер баланы,
Болбосо шондо тартам хан жазаны!

(Шарт бурулуп чатырына отурат да, жигиттери көтөрүшүп, чыгып кетишет. Улуу хан жанында таажысын кармап турган Аярга бурулат).

УЛУУ ХАН (таажысын алып, башына кийип). Хи-хи....
Арыстанбы, аялбы? Же сенден өткөн аярбы? ..Муну мүлдө журт көрүштүбү Аярым?

УЛУУ АЯР (сыймыктуу). Көрүштү Улуу ханым!

УЛУУ ХАН (тикирээ карап). Эми шерттин аягына чыганы! Ошондо бул экөөңдү мүлдө журттун алдында бүтүрөм!

(Улуу Аяр башын ийип таазим кылат).

Баргыла! Кыздын камын көргүлө!... (Бардыгы чыга турган болгондо Азис-Ханды токтотот). Гуйян-Ган!... Отур уяңашым... Сөзүңдү кыялбадым,

Уу жатын ургачыны таап бердим.
Эми анын эч кынтыксыз камын көргүн!
Тхайды кечилдерге хан көтөрөм.
Ал баатыр. Төлчиктирин жетелейм...
(Жакасынан булка кармап, шыбырай сүйлөйт)
Экообүз мына ошонун колундабыз.

Шер бала төрөлгөндө жолугабыз.
А кокус төрөлбөсө күткөн бала,
Каран түн түшкөнү шол мага, сага...
(Экөө жалдырай тиктешет. Жарык өчөт).

## АЛТЫНЧЫ СҮРӨТ

Төртүнчү көрүнүштөгү бөлмө. Алтынай ошол кийимчен, ошол отурган калыбында ойлуу. Түн. Жүрөктү эзген муңдуу музыка шоокумданат. Сырттан башка кийим кийинген, жуунуп тазаланган Алмамбет кирип, апасына кайра башын ийип таазим этет. Алтынай акырын туруп барып, уулун бооруна кыса кучактап, маңдайынан өпкө жыттап, мээримин төгө жашык сүйлөйт.

АЛТЫНАЙ . Жалгызым, балалыгың али да бар,
Жүйөө жок сен таарынып ачууланар.
Мен сени Нурпериден төрөгөмүн.
Бул элден диниң бөтөн, болок жериң.

АЛМАМБЕТ (таңыркап). Нурпериден?...

АЛТЫНАЙ (ордунан жай козголуп, ойлуу сүйлөйт.
Төртүнчү көрүнүштөгү музыка ойнолот).
Жашымдан жаратканда тилегемин,
Үмүтү ишке ашпаган ата-энемдин,
Зар болгон караанына тууган элдин,
Бир чымчым турпагына тууган жердин.
Заарлаган тилегине жетишпестен,
Арманда бир нече муун өтүп кеткен.
(тынымдан соң, ый, аралаш).
Акыркы курмандыгы киндик энем,
Ал дагы өмүр бою коксоп келген.
Кайтса деп өз тукуму тууган жерге,
Түбөлүк калып калбай бөтөн жерде.
Элимдин улуу көчү токтобосун,
Ууз хандын тукумдары жок болбосун!

АЛМАМБЕТ (аябай таң калып). Ууз хандын тукумдары...

Мен муну «Койкаптан» уккан элем,
Алтайлык буруттардан уурдап келген,
Айтты эле аяр адам Шибе деген.

АЛТЫНАЙ (кызыгып). Шибе деген?

АЛМАМБЕТ (элестүү). «Бир кечил мени алыстан уурдап келген,
Жеримдин атын билем Алтай деген.
Энчилеп ата-энем койгон атым
Шыгайдын тукумунан Шибежанмын.
Дегенин азыр дагы угуп турам.
Ал мага бир боорундай кызмат кылган.
Качырып мени сыртка болгон курман.

АЛТЫНАЙ (аянычтуу). Бейиши болсун жарыктык... Шыгай деген хан болгонун апам айтчу. Биздин таятабыз Обоз-Хан.

АЛМАМБЕТ (ойлуу). Обоз-Хан

АЛТЫНАЙ. Обоздун кенже уулу Култантегин,
Ал биздин таякебиз-Алтай жериң.
Дал ошол кырк тукумдун бир тукуму,
Ал сенин пириң болот-уккун муну!

АЛМАМБЕТ (апасына жалт карап). Апакс, түшүндүм...
Пир тутканым Култан экен.
Атамчы?
Аны мен кандай кылып элестетем?

АЛТЫНАЙ (туталана түшүп). Айттым го Нурпериден төрөгөм деп,
Жалгызым, арам ойлоп сактаба кек.
Тунтунук аруу, таза тилегимден,
Перилер тартуу кылып сени берген.
Анда мен бар болгону он беште элем,
Алдастап а дегенде үркүп денем,
А бирок кайрат берип Ак кептерим,
Коркуупу андан кийин эч сезбедим.

АЛМАМБЕТ. Ак кептерим?

АЛТЫНАЙ (ойлуу). Ал кезде кептер болуп учуп турчу,
Кээ бирде жылаажындай үнү угулчу.
Болбосо карт думана кейпин кийип,

Сыр айтчу уйку-соодо жылып келип.

АЛМАМБЕТ (элөөрүп). Карт думана?...Карт думана «Койкапта», такай жүрчү жанымда. Уйку-соодо кеңеш берчү, кыйынчылык маалында ... (ойлуу). Кечээ түнү, жан боорума окшошуп, кусаланып, кетти ааламга коштошуп..

АЛТЫНАЙ (акырын шыбырап). Коштошуп кетти дечи?

Демек ошол. Мага берген убадасын аткарды. А мен дагы аркасынан кетериме аз калды...

(Алтынай тескери бурулуп, көз жашын сүртөт. Алмамбет алдастап жалынычтуу апасынын алдына чөгөлөйт. Ушул учурда сырттан Азис-Хан дабышсыз кирет да. Алмамбеттин сөзүн тыңшап калат).

АЛМАМБЕТ. Апаке!... Аткарып тилегиңди мени берген,

Ар дайым аян болуп түшкө кирген,
Ошолбу менин атам-сени аяган,
Наристе көз жашыңды кыя албастан,

АЗИС-ХАН (үнү ачуу чыгат. Экөө жалт карашат. Көздөрүнөн чаар чыгып, сербейген сейрек сакал- муруту бириндеп, колуна ач болотту таптай кармап, каардуу бакырып сүйлөйт).

Куу канчык, куулугуңду сезген элем,
Кызыгып кыз белгиңе кечкен элем.
Жатындан уруп турган ысык илеп,
Билдирген курсагыңда бала бар деп.
Көзүмдү тумандатып байлап келген,
Кошүлткөн койнуңдагы айла менен.
Ал азыр угуп турам-думанадан
Азгырып арам уулду тууп алган.
Өрттөнүп өзөк-жүлүн күйүп барам,
Ачышат туз сепкендей ачык жарам.
Шуркуя! Жатыныңды жарып алам.
Арамдын көтүн кесип ага салам!

(Азис-Хан көз ирмемде Алтынайдын койногунун алдын тилип ачат да, ач албарс менен сая турган болот. Алтынай үн чыгарбай эки колу менен жүзүн басып, кыймылсыз турат. Алмамбет учуп жетип, Азис-

Хандын колундагы ач албарсты жулуп алып, өзүн чаап өлтүрөт.Узака тыным)

АЛТЫНАЙ (акылын жыйнап). Кулунум, убактыбыз өтө эле тар,
Мен сага айтпай калган бир сөзүм бар:
Бул сапар Эгиз-Көлгө барганымда,
Аянды акыркы ирет алганымда,
Түсүндө жылаң аяк думананын,
Атаңа Эгиз-Көлдөн жолуккамын.
Ал айткан сөздүн барын жолдон айтам,
Азыр сен Мажит алып элге кайткын!

АЛМАМБЕТ (кектүү). Качыпбы?!

АЛТЫНАЙ (үнүн өзгөрпөй). Тигилер колун баштап келгичекти,
Кармалбай Таш-Калаадан тез кетели.
Ата-Журт тузу тартса мен да барам.
Жазданып топурагын жай тынч алам.
Топурагы Ата-Журттун буйрубаса,
Жат жерде мен да калам, арга канча!...
(тыным. Сырттан Мажит шаша кирет).

МАЖИТ (энтигип). Алмамбет, жөө тумандай түмөн колчон,
Курчашты Таш Калааны оңду-солдон.

АЛТЫНАЙ (коркконунан үнү өзгөрүп).
Кулунум, Кула-Тору бээни алдыр,
Үстүнө үртүк жаап токум салдыр.
Колума жоо жарагын мен да алайын,
Кошулуп кан майданга бир барайын.
Көздөгөн максатыбыз бирөө гана- Кулундарым!
Кайрылып аман жетүү Ата-Журтка!

МАЖИТ (шашып). Камыналы...

АЛМАМБЕТ. (токтоо, өктөм). Мажит, угуп тур!
Кечөөгү жатындашым дегенди,
Азыр кас душман экенин билели.
Т:ткунга келген кул-күңдөр,
Тууру кайда билишсин.
Шаймандарын колго алып,

Душманга шымаланып киришсин!
Кырк ууз деп ураан чакыргын,
Кечилдерди аябай,
Кырып-жоюп сапыргын!
Мен азыр жай ташымды аламын,
Кыяматты саламын.
Кыжылдаган кытайды,
Кыйырын түшүрө кырамын.
Жоо кийимин кийели,
Душманды артка сүрөлү.

МАЖИТ. Кеттик!

АЛМАМБЕТ. Сен Кула-Торуну токугун. Апамдан алыс кетпей жанында бол!

МАЖИТ. Жарайт!

АЛМАМБЕТ. Жоокерлер үчкө бөлүнсүн. Азбыз дебей, агамдын көзүнө көрүнсүн. Артка качканды, алдастап шашканды аябаймын! Кеттик! (экөө чыгып кетишет. Алтынай жалгыз калат).

АЛТЫНАЙ. О Теңир! Чечилер мезгил келди, жар боло көр?
Кайдасың ата-энем эңсеген жер!?
(шашып).
Эртерээк жоо кийимин кийинейин,
Душманга көк жал болуп көрүнөйүн...

(шашылып ичкери кирип кетет. Жарык алмашат. Сыртта апаат болуп жатканы сезилет. Узакка тыным. Кар жаап жатат. Бороон болуп терезелер ачылат. Чагылган чартылдайт. Аттар кишинеп, иттер улуйт. Жыла басып Коңурбай кирет. Анан ал жойболотун кынынан сууруп, тегерегин карайт. Ичкериден жоо кийимин кийген Алтынай чыгып, Коңурбайды көрөт да, турган ордунда катып калат.

КОҢУРБАЙ (шылдыңдуу жылмайып). Кандайсың жеңе?
Мени көргүң келген жок беле?
(шылдыңдуу күлүп, Алтынайды тегерене басат).
О-о келсең да алтымышка сының укмуш,
Кылыгың кыздай окшойт, жигит чыккыс...
Эриңди эч уялбай жайлап койдуң...

Мени азыр арбап турат ысык койнуң...

(Мазактап күлөт)

АЛТЫНАЙ. Каңырсыган доңуз!.. (капшытта турган найзаны ала коюп, бейкам турган Коңурбайды саят. Коңурбай найзаны ыргыта чабат да. Кабыргасын басып үнсүз туруп калат).

КОҢУРБАЙ (тынымдан соң). Ики-и канчык...

Кабыргамды талкаладың көрүнөт...

(Коңурбай жыгылчуудай бүкчүйүп барып, күтүүсүз айкырып туруп, жойболотун Алтынайга матырып алат. Жойболотун сууруп алып, мизиндеги канды жалайт).

Бах чиркин! Канча адамдын канын ичтим.
Мынчалык таттуу канды ичпептирмин.
(тынымдан соң каардуу).
Эми мен жалгызыңды азыр чабам,
Жатынды тилип туруп башын салам!

(Ушул учурда ызы-чуунун арасынан Алмамбеттин апалап келаткан үнү угулат. Коңурбай жанталашып качып чыгат. Алмамбет шашыла кирет. Жарадар болуп жаткан апасын көрүп, башын кучактап өксүп ыйлайт).

АЛМАМБЕТ. Апа! Апаке! Апакебайым!

Айрылып ай талаада мен калбайын!
Ач көзүңдү, апа-а!?

АЛТЫНАЙ (алсыз). Арманай! Ата-Журтту көрбөй калдым,

Кармалба, бачымыраак элге баргын.
Ата-энем зар тилеген туулган жердин,
Кулунум, турпагынан алып келгин.
Көксөгөн Ата-Журттун топурагын,
Апкелип баарыбызга уучтап чачкын?!
Ата-Журтту-ун...
(мойну оң жакка имерилип үзүлүп кетет).

АЛМАМБЕТ (өксүп). Апа-а!..

(Муңдуу музыка шоокумдайт. Тыным. Жарык түркүн түстө алмашат. Сырттан Мажит баш болгон кул, күңдөр, жигиттер киришип, бирин-бири кучактап ыйлашып, аза күтүшөт).

МАЖИТ. Эмчектеш, кан-жаны бир боордошум,

Эчкирип табалбайбыз, өйдө болгун.

Эненин ак тилегин аткаралы,

Эртерээк Ата-журтка аттаналы.

Жумшактап жай казалы ушул жерден,

Жан досу кетти обого-асыл денден,

Кайрылып биз келгенче мында калсын,

Коёлу «аманат» деп бек сакталсын.

БИРИНЧИ ҮН. Асыл апабыздын жанында биз барбыз!

ЭКИНЧИ ҮН. Көзүбүз өткүчө көз салабыз.

ҮЧҮНЧҮ ҮН. Кашык кан калгычакты кайтарабыз.

САКЧЫ (топ ичинен суурулуп чыгып келип, Алмамбеттин далысына колун коюп кайраттуу сүйлөйт).

Алмамбет, акылыңды жыйынтыкта,

Шер адам бекем болот кыйындыкта...

(Алтынайдын сөөгүн карап).

Тегиздеп жаткан жерин чым тизели,

Тал-терек казып келип жыш тигели.

Кайра ачып жаткан жерин козгошпосун.

Ханшанын асыл денин кордошпосун.

МАЖИТ (тургандарга кайрылып). Апабыздын ариетине туралы, туугандар!.. (Жарык алмашат. Бүлбүл жарыкта көпчүлүк кандайдыр бир ишти аткарып жүрүшкөндөй болот. Муңдуу музыка шоокумданат. Ошол тушта көрүнүш өзгөрөт. Бадал тигилип, алыста ак кардуу чоку, анын үстүндө толгон ай көрүнөт. Декорация алмашып жатканда Сакчы менен Алмамбет авансценага келишет).

САКЧЫ. Алмамбет, акыркы акылымды угуп койгун,

Бүгүнчө сага дилим таза бойдон...

АЛМАМБЕТ (жалт карап). Бүгүнчө?..

САКЧЫ (ага маани бербей). Бүткөрүп береги ишти жайгарган соң,

Эртерээк элди карай кеткениң оң.

Эсенкан түмөн колун кайрып келет,

Түптүү элге алың жетпейт, сени жеңет.

АЛМАМБЕТ (орой). Мени коркутпа!..

САКЧЫ (калыбын бузбай). Коңурбай бул сапар да аман калды,
Ажалдан арачалап Алгарасы.
АЛМАМБЕТ (кыжынып). Азыр артынан жетем!..
САКЧЫ. Адамдык сапатыңды сыйлагандар,
Алпейим адилдигиң кыйбагандар,
Ак дилден кызмат кылып коргошобуз,
Артыңдан куугун салбай жол тособуз.
АЛМАМБЕТ. Кан жутуп турганымда жүрөк күйүп,
Качамбы коркок өңдүү куйрук түйүп.
САКЧЫ. Качуу эмес, бул элине кайтып кетүү,
Кайрылып Ата-Журтка эсен жетүү.
Кол курап кеткен кегиң кууп келгин,
Өч алып душманыңды чындап жеңгин.
(тынымдан соң)
Элиңе кетчүү жолду айтып берем,
Кетесиң жалгыз гана Мажит менен.
Кулдардан ээрчитем деп болбо убара,
Бузулат анда ортодо ант-убада.
МАЖИТ (акырын басып келип, өзүнчө ойлуу сүйлөйт. Экөө аны жалт карашат).
Кош эне, өңдүк эле өзүңүздөн,
Айрылдык акылыбыз, көзүбүздөн.
Неге биз сокур өңдү көрбөй келдик,
Сендеги ачуу арманды билбей келдик.
(Алмамбетти карап, өктөм).
Кана эми, Ата-Журтка аттаналы,
Эненин көксөгөнүн аткаралы!
БИРИНЧИ ҮН. Алмамбет, сени күтөбүз. Кайрылып кел эртерээк.
ЭКИНЧИ ҮН. (жашык). Баш-көзү жок талаада, калабызбы темселеп!
ҮЧҮНЧҮ ҮН. Кана эми, эки баатыр, коштошолу,
Арт жактан куугун салбай жол тосолу.
(Алмамбет менен Мажитти кучакташып, коштошушат. Ый аралаш кобур, музыка шооҷумдап турат. Эл тарай баштайт. Алмамбет, Сакчы, Мажит үчөө айланып, сахнанын төрүндөгү дөңгө чыгышат.

Жарык алмашат. Элдин карааны үзүлүп, үндөр алыстап баратканы сезилет).

АЛМАМБЕТ (алысты теше тиктеп). Силерди унутпаймын, кайтып келем. Ата-Журт топурагын артып келем.

САКЧЫ. Көрдүңбү, Какшаал тоосу биз турган жер,
Мына ушу буруттарга баруучу жол.

АЛМАМБЕТ. Ырахмат, кызматыңды аябадың.
Эми дос, атыңды айтчы, суранамын?

САКЧЫ (тескери карап). Алмамбет атымды сен сурабагын,
Чыктым мен акырына убаданын.
Кек кууган жолубуз бир – анығын бил,
А бирок, каныбыз жат, башкача дил.
Бул жерде достугумду бек сактаймын,
Мына эми, бел ашкан соң душманымсың.

АЛМАМБЕТ (жалт карап). Ал эмне дегениң?

САКЧЫ (укпагандай, толгон айды карап, ойлуу сүйлөйт).
Алмамбет, менин күнүм нечак баткан,
Туш келдик баткан күнгө, белгиң жаман.
Бул чоку- сен көздөгөн бийик максат,
Жаңы эле бут койгондо күнүң батат.
Жеткен соң максатыңа батасың бат.
Артыңда Айдай жарык атың калат!
(ыкчам).
Кош досум! Достугубуз эми бүттү.
Күбөбүз-биз турган жер боору түктүү.
(кол бербей артына кылчайбай жүрүп кетет.
Экөө узата карап турушат. Тыным)

МАЖИТ (акырын күңкүлдөп). Кылчайып карабады биз тарапка,
Билгизип душмандыгын кетти артка.

АЛМАМБЕТ (ойлуу). Алдыда не буйруса шол кылайлык,
Ата-Журт, сени көздөй жол улайлык!

(Экөө сахнанын төрүн карай жүрүп кетишет. Музыка узакка коштоп турат).

КӨШӨГӨ

«Чырагым, сага айткан узун сабак,
Сырымды ичке каткан кылым санап,
Коңүлго бекем түйүп, жакшылап ук,
Сыр чечпе эч бир жанга ылым санап».
(ЖАЙСАҢ)

## БАТМАЗУУРА БАЯНЫ

(эпикалык драманын экинчиси)

Катышкандар:

| | |
|---|---|
| Зулейха | -Журт Энеси. |
| Эштек | - Кыркуудун ханы, Зулейханын уулу. |
| Батмазуура | - Эштектин кызы. |
| Манас | - Жети жашка чейинки курагы. |
| Эрназар | - Калк кадырлаган жигит. |
| Бурул | - Эрназардын апасы. |
| Чыйырды | - |
| Жакып | - хан тукумдары. |
| Бакай | - акылмандын жаш кези |
| Санжи Бек | - Зулейканын тагалары. |
| Думана | - Кытай кечили. |
| Али | - араб элинин аскер башы. |

ЭПИЗОДДУК РОЛДОРДО: жигиттер, үндор, кирип чыккандар катышат.

Окуя алтынчы кылымда, Алтайда жана Алайда.

1997-жыл.
сентябрь

## БИРИНЧИ КӨРҮНҮШ

Боз үйдүн ичи. Жел бешик. Батмазуура аны терметип олтурат. Кандайдыр бир кереметтүү аспаптан ойлуу музыка угулуп, Батмазуура анын кайрыгына кошулуп ырдайт.

БАТМАЗУУРА (кусалуу). Кулунум, ар-намысың баалап өскүн,

Маанисин терең түшүн ар- бир сөздүн.
Кулунум, корогоч бол, бейкам болбо,
Бабаңдын көчү өткөн кыя жолдо.
Урпагың кырк уруу элден кыргын тапкан,
Канкор калк жерин тартып, элин чапкан.
Калдайган кырк уруулу калың калктан,
Калышты бир ууч элиң азап тарткан.
Кетирген кекти куур шер бологор,
Өлүмгө тик караган эр бологор,
Чогултуп чачылганды жыя көргүн,
Улагын үзүлгөнүн шордуу элдин.

(Сырттан Жакып, Бакай, Бурул кирип келе жатышып, эшик алдында ырды тыңшап туруп калышат. Батмазуура көрө сала ыңгайсыздана ордунан турат). Келиңиздер...

БУРУЛ (кейип). Ка-ап, Бакайымдын коонү деп... Бешик ырын үзүп койдук көрүнөт.

БАКАЙ (сөздү үзүп). Тыңып калдыңбы Батмазуура. Перзентиң биттенип атабы?

БАТМАЗУУРА. Шүгүр... Бешиги тар жасалып калган экен, жаңы эле жел бешике салган элем.

БУРУЛ (жактырбай, өктөм). Ошол да... Аны мурда билген жок белең! Олдо жарыгым ай! Сен кагып койбодуңбу кара жинимди. Болбосо ушу Жакыптын сараңдыгы жыгачтан да билинди.

ЖАКЫП (бир аз ыңгайсыз, калп күлүп). Бурул эне, сөз төркүнүн түшүнөм. Ансыз да уялып жүрөм ичимен... (тынымдан соң ойлуу).

Жалгандан туяк көрбой өтөмүн деп,
Ынангам ушул ойго ичимден бек.
Акыркы жылдардагы баштан өткөн,

Аттигин, аны ондоого болбос десең!
Кундуздар... Араздашуу эл-журт менен,
Кайт кылып көңүлүмдү чөгүп кеткем.
Так кесе үмүт үзүп калган кезде,
Көк-Теңир бир бишарат берди бизге...

БУРУЛ (жактырбай). Келаткан ырыскыны ары түртпөсөң, Көк-Теңир берерин мурда эле аямак эмес...

БАКАЙ (пикирди жакшыртыш үчүн сыймыктуу сүйлөйт).

О тиги Ууз хандан бери карай,
Келаткан хан тукумга учук улай,
Туурубуз уюткулуу алтын такка,
Туйгуну конот дешип эми накта,
Эл-журтуң бардыгына ынап турат,
Балага өмүр тилеп кубат кылат...

БАТМАЗУУРА (тынчсызданып).

Силерге айткым келди жашырбастан,
Күн санап кулунумдан чочуп турам:
Алты айга жетип-жетпей басып калды,
Билгендер колун бербей качып калды.
Өткөндө колун кармап Бекайдардын,
Агызды тамчылатып кызыл канын...

БУРУЛ (сөздү бөлүп, тынчсызданып, чочулап сүйлөйт). Жарыгым, ага эмнеге наалыдың? Кымтысаңчы оозунду?!

ЖАКЫП. Жашырсак да тарап кетти эл ичине балабыздын жосуну.

БАКАЙ (чечкиндүү). Жакып хан... Аны мен да угуп келип калдым.

Перзентиң бир башкача жаралганын,
Тегин жан эмессиң да, билип калдың.
Көзүндө калы бардын көзү тийип,
Тилинде сөөлү бардын сөзү тийип.
Баланы мертиндирип алып анан,
Батпайлы ачуу шорго арылбаган...

БУРУЛ (денеси түйүлө зыркырап). И-ий Бакайым, келгенде айтаар сөзүң ушул беле атайын?!.

ЖАКЫП (ойлуу күңкүлдөп). Ушуну ойлоп санаам санга толгонот. Билбедим, кандай кылсак оң болот...

БАКАЙ (чечкиндүү өктөм). Жакып хан! Бурул эне!.. Жеке эле силер эмес, жалпы журт күтүп келди бул баланы. Эми Кыркууздун үмүтзарын аткаралы. Тилимди алсаң, эрте жаз Турпан жака аттаналы?

БАТМАЗУУРА (тынчы кетип). Эрте жаз?.. Ага чейин?..

БУРУЛ (кубанып). Акылына баракелде Бакайым!(Батмазуурага). Ага чейин үйгө киши киргизбей, баланын бар экенин билгизбей өзүм багам. Сарсанаа болбо аган...

БАКАЙ (калыбын жазбай). Кирпиги Бакдөөлөттүн кабаттанып,

Кош бойлуу экендигин турат айтып.
Кош кабат Бакдөөлөттү, элди –жерди,
Калтырып кеталбассың, туура дечи?
Шондуктан Чыйырдыны бала менен,
Сапарга мен коштоюн туура көрсөң?

ЖАКЫП (жагалданып). Бакайым, кандай десең анын баарын,

Эми мен айтканыңдай аткарамын.

БАКАЙ. Даңаза кылбай элге өз ич ара,

Жашыруун жол тарталы түн койнунда.
Антпесек илик салган жат душмандар,
Кай жакка барсак арттан издөө салар.
Алтыга толгучакты бала жашы,
Эл-журттан жашын, атын жашыралы.

БАТМАЗУУРА (ойуу, таңкалып). Ооба, ооба... Түшүмө кирген Зымырык «алтыга толгуча атынан атабагыла» дегени, азыр да кулагыма турат угулуп...

ЖАКЫП (ойлуу). Ал түштү мен дагы көргөм... Ырас эле жашыралы элден.

БАКАЙ. Бул сөздү төртөөбүз гана угалык. Кыш бою жолдун камын кылалык.Анда убакыт болду го кайта турган...

БУРУЛ (олуттуу, токтоо). Сөзүм бар силерге айта турган.

(тынымдан соң) Эрден кем эмесмин деп менменсиген,

Эр мүнөз кыялымды бала күндөн,

Арман ай! Киндик каным тамган жерде,
Кары-жаш текши бары билер эле.

ЖАКЫП. Бурул эне, мени билбейт дебе?..

БУРУЛ (калыбын бузбай). Силерден элим башка, жерим алыс,
Кунсузмун, баркым да жок, болбойт таныш.
Ийбеген жетимиш жыл алтын башты,
Ийдим го сакташ үчүн берген антты.

ЖАКЫП (ыңгайсыз, шашкалактап). Бурул эне...

БУРУЛ (укпагандай). Кайткыча сапар тартып бул жалгандан,
Кам көр деп Чыйырдыга антымды алган,
Аткарып керээз сөзүн Зулейканын,
Эл кылып элинерди жердеп калдым...

ЖАКЫП (ыңгайсыз). Аны билебиз го Бурул эне.Мен деле...

БУРУЛ. Мен үчүн кам жебе. Береги чыканактай Чыйырды, Бакдөөлөттөн кем беле!?. Мейли эми, өтөр иш өттү, кетер иш кетти, кантсе да кыркуулдун ханысың... Баш ийбей өйдө-төмөн сөз айткамын,
Энемин, кечире алсаң кечир ханым?..
(башын ийет. Тыным).

ЖАКЫП (шашкалактап). Болду Бурул эне, уялтпаңыз анчалык. Ырас, койбогомун барк алып. Анын несин айталык...
Айтылган өйдө-төмөн кептин бары,
Эми аны барыбыз тең унуталы.
Энелик башыңызды ийгениңиз,
Эстүүлүк. Эстен кеткис сүйлөдүңүз...

БАКАЙ (кубанып). Узак сапарга көрүп жатып камылга, наристенин жанында, тазаланып алдык. Буйруса, жаңырган жылда, айдын толугунда жолго чыгабыз.

ЖАКЫП (ойлуу бешиктин жанына басып барып, уулун жыттап).
Ойлосом өтө опосуз бул жалганда,
Жашапмын пайда кылбай эч бир жанга.
Бир гана байлык көздөп, калганына,
Бербегем эч бир маани, бул чындык да.
Баланын жытын искеп жаңы гана,

Баамдап билдим жашоо наркы канча...

БУРУЛ (жакасын кармап). Ушул сөздү угузган Теңириме тобо кылдым...

ЖАКЫП (укпагандай). Кайрадан кезигер күн келеринс,
Негедир көзүм жетпейт Бурул эне.
Кең пейил эр мүнөздү асыл жансың,
Кечирип көңүлгө кир сактабассың?
Уулумду, Чыйырдыны бир өзүңө,
Ишенип табыштадым, Теңир күбө!

БАКАЙ (чечкиндүү). Кеп түйүнү чечилди. Бурул эне, Жакып хан астыңыздан өтүндү. Чачылган эл үчүн, чабылган жер үчүн, зардан бүткөн перзентке өмүр тилеп, бир Теңирге жалыналы. Ант куну ыйык. Анда, тымызын жолго камыналы.

ЖАКЫП (жашык). Төбөдө кудуреттүү Көк-Теңири!
Тагдырга не буйруса көрөлү эми.
Ак жолтой, ак канжыга болгун Бакай,
Эсен кайт бүлөм менен элди карай...

БАКАЙ. Ак жол... (Тургандардын бардыгы «Ак жол, ак жол» дешип тооп кылышат). Мен аттанайын... (Жакып аны узатып жөнөйт).

БУРУЛ (Бакайга). Жүз көрүшкөнчө соо бол Бакайым.

БАКАЙ. Бакыбат тургула. (кетишет).

БУРУЛ (Жел бешиктен оролгон баланы алып, жүзүн ачып, оңдоп,Чыйырдыны сынай карап). Чыйрак бол. Эштек хандын канысың да. Аттигин, боштугуң бар бир аз гана...(баланы алып чыгып кетет).

БАТМАЗУУРА (Бурул эненин артынан узата карап, үй ичин тегерене басып, авансценага келет. Мууну бошоп, көзүнө жаш тегеренип, жашык сүйлөйт). Асылым, жандай көргөн Зулейха энем,
Сен дагы уулуңду алып качкан элең.
Ардагым, ачуу жашын мөлтүлдөтө,
Ал күнүн мына минтип айтаар эле:
«Уулумдун кыска өмүр сүрүшүнө,
Нөшөрлүү айсыз түнгө коём күнөө.
Өмүрү кечең күздүн күнүнө окшоп,

Өтө элс кыска болду дечүү боздоп.
Асылым, энекебай!
Качууда максатыбыз айырма жок,
Сактоого хан тукумун... Анан бирок,
Калганы такыр башка... Асыл энем,
Арбагың жандай жүрүп жардам берсең?!

(жүйрө отурган калыбында, бетин басып ыйлайт. Сахна күңүрттөйт.Музыка жүрүп турат. Сахна алмашат).

## ЭКИНЧИ КӨРҮНҮШ

Жомокко окшош жар түбүнө салынган кооз там. Сыртта аттын азанып чамынганы угулат. Аны жоошутууга кылган жумшак эркектин үнү. Чамынган аттын дүбүртү күчөй берет. Зулейха ошол тарапты карап аябай кабатырланып, чочулап, тынчы кетип үнсүз турат.

ЗУЛЕЙХА (тынчы кетип, өзүнчө).

Бейкапар эч нерсени оюна албай,
Уулумдун кубанганын, алда арман ай!
Карасаң жалынганын утур карап,
Жадабай чалпоосуна, жалын тарап.

(Аттын азанаганы дагы күчөйт. Зулейха чочулап, «А-аай» деп кыйкырат. Эштек сырттан колун, кийимин кагынып, күлүп кирет).

ЭШТЕК (кубанып). Сөз жетпейт баа берүүгө жаныбарга,
Мындай мал болгон эмес бул жалганда!
(Тынымдан соң, ойлуу).
Колумда турса эгер-таянган тоом,
Кетирсем-теңдеши жок күч жеткис жоом...

ЗУЛЕЙХА (бир аз ыңгайсыз). Келгенден муну көрүп убайым жейм,
Кара тай сага боюн бербейт го дейм?

ЭШТЕК (жаадырап). Колумдан келишинче камын көрөм,
А бирок жаңылышат пенде деген...
(тынымдан соң).
Саидден таалим алган кезегинде,

Тагамда жалчы жүргөн бир жетимче,
Эр жетип, күчкө толуп жигит болду,
«Эштектин саяпкери» атка конду.
(ыңгайсыз күлүп).
Ал бала тайды багат күндөп – түндөп,
Саиддей жылкы сырын жакшы билет.

ЗУЛЕЙХА (олуттуу). Жалгызым, жакшы атадан калган керээз,
Кураган кыркуузуңа аскар –белес.
Тай үчүн убактыңды коротпогун,
Тынымсыз элдин камын ойлогунуң.
Кам көргүн, тынчыган кез өтүп кетти,
Кабарың Чоң –Бээжинге небак жетти.
Капилет кыжылдаган калмак каптап,
Түшпөсүн курама элге мүшкүл - азап.
Салыкта курал -жарак асыл-зарды,
Жеткирип тоо койнуна каттыралы...

ЭШТЕК (апасын жалт карап, кандайдыр бир сөз айта турган болгондо, сырттан ат кишенейт. Ал жакты караган боюнча катып турат, тынымдан соң). Тигил ким?
Секирип таштан-ташка басып келет,
Турпаты жамандыктан белги берет...

(Зулейха шаша карайт. Ат кишенейт. Сырттан Думана кирет).

ДУМАНА (элпек басып келип, экөөнө үнсүз таңыркай карап, анан сырттагы тайды карап, өзүнчө кооптуу күбүрөйт).
Ураган бул коргонду маанек кылган,
Бул экөө жөнөкөй жандар эмес мында турган.

ЗУЛЕЙХА (өзүнчө). Жарчысы жамандыктын келди белем,
О Теңир! Акыл бергин ченебеген?!

ДУМАНА (Эштекти имере карап). Түспөлүң ханзаадай шер азамат
Турмушуң ээн жерде таң калтырат.

ЭШТЕК (орун көрсөтүп). Азисим, орун алып, дем алыңыз?

ДУМАНА (укпагандай, ыкчам басып сырттагы тайды карап, кайра экөөнү сыдыра тиктейт). О шумдук! Береги тай сейрек келген
Кандайча ушул жерге туш болду экен?

(сыртты, коргон тарапты имере карап, шыпылдай басып, таң калып).

Кунарсыз боп-боз болуп сырт келбети,
Боорунан сызып чыккан суу бермети.
Ушундай кереметтүү жер жердеген,
Өзгөчө жаралгандай пенделерден.
Колдогон мар тукуму эне-бала,
Аттигин! Бөлөксүңөр силер мага...

(акыркы сөздөрүн кыйкырып айтып, анан калтырап- титиреп, акылын жоготкондой жерге сулк жыгылып, чүлүктөй түйүлүп ооналактап, деми кыстыгып, жөөлүгөндөй сүйлөй берет).

Бичикке түшкөн атты издеп чыгып,
Туш болдум торт нерсеге, бул бир укмуш!
Алгара! Мен издеген маңдайымда,
Азгырар дуба сөзүм таңдайымда.

ЗУЛЕЙХА (корkконунан элеңдеп, Эштекке жабышып, шыбырайт).

Кулунум, түшүмдө мына ушуну көргөн элем,
Таш болуп катып барат азыр денем.

ЭШТЕК (кебелбей). Болор иш сөзсүз болот жаным апа,
Ага азыр санаа тартып болбо капа.

ЗУЛЕЙХА (кармана албай, өзүнчө жалынат). Теңирим ай!
Турамын таштай катып, арга таппай!

ДУМАНА (Зулейханы имере карап сүйлөй берет).

Уулунан эрк-кайраты артык белем,
Энесин жаңылбаймын аяр десем.
Ал азыр болор ишти билет барын,
Жакында жалгызынан айрыларын.
Сыр бербей эне-бала бир - бирине,
Чиркинай, элин ойлойт бар дилинде.
(Зулейханын алдына чөгөлөй калып).
Тукумду сактоо үчүн жер үстүндө,
Жаралган жан экенсиң кутту эне!

ЗУЛЕЙХА (сыр бербей, токтоо). Теңир жалгасын.

ДУМАНА (кайра тоголонуп, чебеленип).

Аттиң ай! Өз элимде болгонунда,
Болмокмун дене кулуң энс-бала.
Ажалдан арачалап калат белем,
Береним, уу көтөрбөйт аруу денең.
Жашоомдо биринчи ирет жүрөк канап,
Жоомду бар дилимден турам аяп!

(Думана тил-ооздон калгандай сулк кулады. Эштек башын көтөрүп, колу-бутун ушалап, суу ууртатып, эс алдырат. Зулейха жаздык алып келип жаздайт.

ДУМАНА(тынымдан соң башын көтөрүп, экөөнү тикирээ карап сүйлөйт).

Аттигин, азис жандар, аруу, таза,
Теңириң теңчиликсиз берген жаза.
Тилимди албасыңды билип турам,
Билбедим кантип, кандай жардам кылам.
Аткарар парс милдет бар үчөөбүз тең,
Баалоого акыбыз жок ашык же кем.
Апачык ал милдетти билип туруп,
Айтамын азыр сага айлам куруп,
(тыным).

ЭШТЕК (кебелбей). Айтыңыз азисим?.

ДУМАНА (ынтаа менен жан үрөп).

Азис шер, Алгараны минип алып,
Таазим кыл улуу ханга өзүң барып.
Ошондо чымын жаның аман калат,
Акылга өлчөп көргүн таразалап.
Эгерде эл-жериңди кыйсаң гана,
Жашайсың дагы көп жыл бул жалганда.

(Эштекти тикирээ карап туруп калат. Эштек жооп айтпай сыртка кетет да, көөкөр, даам салынган табак көтөрүп чыгып, дөңгөч үстүнө дасмал жаят).

ЭШТЕК. Даам сызыңыз азисим?

ДУМАНА (дасмалга отуруп жатып, кооптоно). Мени өлтүр же өлтүрбө – бул бары бир, кабардар кас душманың- ушуну бил..

ЭШТЕК (жайдары, октом). Билбеймин кай тараптан не келдиңиз,

Табышмак бойдон калсын эч белгисиз.

Келгенсиз эмне көздөп кай максатта,

Жүрөгүм сезип турат айткын-айтпа.

ДУМАНА (элпек таазим кылып). Азис шерим, көрбөдүм айтканыңдын кемтик жерин.

ЭШТЕК. Жанымды артык коюп элден --жерден, Думанам, айтыңызчы, неге жетем?

Курмандык болуп элге сактап калсам,

Жашоодо бакыт барбы мындан ашкан!

Эл -жердин кордолгонун көрүп туруп,

Арсыз да жашай албайт сайран куруп.

(Думана элпек туруп, үн чыгарбай ийиле таазим кылат).

Думана, сөз тийгизбейм, жол улаңыз,

Төбөдө карап турган Теңир калыс...

(Думана тез бурулуп, шыпылдап чыгып кетет. Зулейха аны артынан узата карайт). Апаке, кабатыр боло бербе анчалык. Биз дагы жатып албай тынч алып, курал-жаракты Алайга көчүрөм. Сардарлар даяр. (Мууну бошоп турган апасынын колунан өөп). Кайраттуу бол, жаным апа!? Муну журт атынан өтүнөм?! (Тез бурулуп чыгып кетет. Зулейха артынан узата карап турат. Сахна күңүрттөп, жарык Зулейхага берилет. Ал авансценадагы доңгочко жөлөнүп, ойлуу турат. Музыка шоокумдайт. Тынымдан соң жашык).

Жактырып кара тайды жакынындай,

Жамандык каалабады, Кулунум ай!

(тынымдан соң).

Мааниси Журт Энеси деген сөздүн,

Алдында жүрүүм керек улуу көчтүн.

Унутуп керт башымдын кайгы –муңун.

Кебелбей көтөрөйүн журттун жүгүн.

(Зулейха өзүн карманып, чыйрак басып чыга турган болгондо, сырттан кобур угулуп, Эштек менен Чыйырды киришет).

ЭШТЕК (жайдары, октом). Акыркы жүк коюлду асыл апам,

Аны сен коштоп кеткин, а мен калам.

ЗУЛЕЙХА (кооптуу). Калам?
ЧЫЙЫРДЫ (жайдары). Арыбаңыз Журт Энеси.
Бек кармап алтын таяк колуңузга,
Көчтү баштаңыз.
Ак инген даяр болду жолуңузга...
ЭШТЕК (ойлуу). Күчүгөн авам айткан: «бул Боз-Коргон,
Кыркууздун уюткусу кут орногон».
Бастырбайм душман бутун тирүү турсам,
Коргоймун мар тукумун достук кылган.
ЗУЛЕЙХА (үнү каргылданып). Мен анда... (тыным).
ЭШТЕК (апасынын көкүрөгүн жыттап, эркелеп).
Бололу ыраазы пейил жаным апа,
Кечиргин балалыктан кылсам капа?
Акылдуу асыл жансың кайратың мол,
Тагдырдын сыноосуна туруктуу бол.
ЗУЛЕЙХА (уулунан четтей басып, өзүнчө, үнү каргылданып).
Жашымды жалгызыма көргөзбөйүн,
Жазууда буйругуңду көтөрөйүн.
Кайрат кыл Журт Энеси, чымыркангын,
Уулуңа айтар сөздү айтып калгын.
ЧЫЙЫРДЫ (сөз нугун бузуп, кабатырлана).
Береги Анжыянга ээлик кылган
Каңгайдын куу түлкүсү Алооке хан,
Бараткан көчтүн сырын билип калып,
Жүрбөсүн капилеттен бүлүк салып.
Андыктан Журт Энесин мен коштосом...
ЭШТЕК (өктөм). Унчукпа!..
Апамдын кайратына көзүм жетет,
Баарына кайыл болуп жүк көтөрөт.
ЗУЛЕЙХА (кайратын жыйып). Эгемден ашык баалап койсом эгер,
Энелик сезимимди журт кечирер.
«Жалганда бир гана ирет келген мал деп,
Жан тарттың Алгарага сактабай кек
ЭШТЕК (сөзүн бөлүп, жайдары). Апаке,

Зарыгып көп күтүп көргөн бала,
Жарашат эркелесе кандай гана!..
Ал дагы дал ошондой эрке талтаң,
Эркелейт эч нерсени байкабастан.

ЗУЛЕЙХА (сүрдүү). Сен дагы бул жалганга бир жарк деп келген
Кутусуң , кыркуузундун-бир төрөлгөн.
Элиңдин башын кошуп бир жакага,
Чогулттуң ай тамгалуу туу астына.
Кызматың Ата Журтка кылган сенин,
Унутпас жашап турса кыркууз элиң.
Карызын эне сүтүн небак жуудуң,
Кайратка бел байлайлы, кош бол уулум!..

(таягын бекем кармап, ээгин бекем тиштеп, шарт бурулуп чыгып кетет. Тыным. Сыртта көчтүн жүрүп жатканын билдирген кобур. Аздан соң музыка шоокумданат. Чыйырды менен Эштек көчтү узата карап, сахнаны айланып, авансценага келишет).

ЭШТЕК (ойлуу). Чыйырды, Кишимжандын кыз төрөрүн,
Айтты эле Саид-Малик так жөнөрдүн
Алдында, Кап тооосуна сапар алып,
Ал эмес атады эле ат ыйгарып.
Мына ушул салык тамды сактап келген,
Жүз жаштан ашып калган Сергил энем,
Укмуштуу сыр түйүнүн айтып берген:

ЧЫЙЫРДЫ (таңыркап). Кандай сыр?..

ЭШТЕК (калыбын жазбай). «Ногойдун Эр-Чыйырды, Жакып деген,
Эки уулу жоо колунан качып келген,
Болушат күйөө балаң экөөбү тең...»

ЧЫЙЫРДЫ (чочуп). Күйө бала?..

ЭШТЕК (укпагандай). Таңым бар, Кишимжаным эгиз төрөп,
Экөөң тең болоорсуңар арка-жөлөк.
Саид да Батма Зуура деген атты
Энчиктеп, апакемден суранганы,
А балким, тегин жерден эмес чыгар,
Кишимжан эгиз төрөп санаам тынар...

ЧЫЙЫРДЫ (тынчы кетип). Ханым, балким биздин балдарыбыз...
ЭШТЕК (өктөм). Уккун, Чыйырды!..

Жарымдын көз жарганын көрбөй калсам,
Бул анда сага берген зор тапшырмам.
Ишенем, төрөлгөн кыз жарың болот,
Көз салып эки энеңе аны торолт....

ЧЫЙЫРДЫ (ыңгайсыз). Ханым, бул сөздү айтуунун азырынча...
ЭШТЕК (өктөм). Чыдап ук, Чыйырды!..

Саналуу күндөр калды- бул жарыктан,
Түбөлүк кең ааламга сапар тартам.
Бул буйрук, тагдыр жазган маңдайыма,
Кылалбайм ага каршы эч бир арга.

ЧЫЙЫРДЫ (чебеленип). Ханым, Сиз али менин жашыма жете элексиз! Акылга сыйбаган сөз эмеспи, бул деги...
ЭШТЕК (укпай, өктөм). Суранам Эр Чыйырды, элди сакта!

Кам көрүү-бул парс милдет урпагыңа.
Жарык жер жашап турса кең ааламда,
Жашасын асыл жерде кыркуузум да!

(жакындап келаткан кыйкырык сүрөөн угулат. Сахнага жаанын огу түшөт.Экөө элейип катып калышат. Чыйырды сыртка чуркап чыгып, кайра кирет).
ЧЫЙЫРДЫ. Душман Боз-Коргонду тегерете курчаптыр, ханым.(Сахнага жаанын октору түшө баштайт. Эштек чоң ташка далдоолонуп кыйкырат).
ЭШТЕК. Бизди Теңир колдойт, Чыйырды!. (Сахна күңүрттөйт. Кыйкырык-сүрөөн күчөйт. Ит улуйт. Төө боздойт. Күн түгулат. Ааламат жүргөндөй тоо – тополоң болот. Аздан соң жым-жырт. Тыным. Муңдуу музыка шоокумданат. Авансценада үңкүйүп ыйлап отурган Чыйырдыга пистолеттин жарыгы түшөт).
ЧЫЙЫРДЫ (жашык). Бардыгын көрүп-билип турган белең,

Буларды азыр эле айткан элең.
Куйкалап көөдөнүмдү ачуу арман,
Кокондо хан ордого азыр барам...
Кандай деймь, кантип айтам суук кабар,

Капыша менсиз деле туйган чыгар...
Бүгүн түн Эштек хандын үй-бүлөсүн,
Билгизбей бөтөн жанга көчүрөйүн.
Душманга хан ордону талаттырбай,
Түнката көчүрөйүн тоону карай.

(ордунан туруп, чыйралып). Айтканың өмүр бою эстен кетпейт. Кош! Кыркуузга бир жаралган кыраан Эштек!.. (кылычын сүйрөп, теңселе басып, сыртка кетет. Музыка коштоп турат).

## ҮЧҮНЧҮ КӨРҮНҮШ

Музыка жүрүп турат. Авансценага күңүрт жарык түшөт. Бир жаштагы уулун жетелеген Батмазуура келип, дөңгөчкө отуруп, уулун эркелетип, ойлуу сүйлөйт.

БАТМАЗУУРА. Кулунум, билип алгын, көңүлүңө түйүп алгын!
Атакем өлөр замат мен төрөлгөм,
О кийин Наби молла мындай деген:
«Жылдызы бийик жанган Эштек хандын,
Жалп өчүп, көрүп турам кулаганын.
Ага удаа ошол замат тик атылган,
Куйруктуу Ак жылдызды көрүп турам.
Кулаган Көк жылдыздын ордун басып,
Куйругу Ак жылдыздын көктү жарып,
Жарыгы сан миңдеген жылдыздарды,
Тунартып көргөзбөстөн басып калды.
Ак жылдыз атасынын ордун баскан,
Ал сенсиң-арманы көп Батмазуурам.
Ал эми аалоолоно из калтырган,
Куйругу Ак жылдыздын көктү жарган,
Ал балаң – аруу тилек нурдан бүткөн,
Асылдар, бир нече муун зарлап күткөн...
(Уулун эркелетип, жыттап, сөзүн улайт).
О Теңир! Тагдырыңдан кайда качам?

Апамдан алты жашта ажырагам...
Жетелеп жетим калган экөөбүздү
Чоң энем азап менен күн өткөрдү.
(тыным).
Шол күндөн ушул күнгө түйшүк менен,
Коп ыйлап, аз кубанып жашап келем...

(Музыка ойнойт.Сахна караңгылайт.Экоо кайдадыр кетишет.Көшөгө ачылат.Боз үйдүн ички көрүнүшү. Ортодо коломто, тулга. Оң капшытта жыгач секиче. Солдо көшөгө. Секелек кыз Батмазуура коломтого от жагып отурат. Сырттан Зулейха менен Бурул киришет. Зулейханын колунда алтын таяк. Сүрдүү, келбеттүү. Ал коломтодо от тутантып отурган Батмазуураны көрүп туруп калат).

ЗУЛЕЙХА (кубанып).Теңирим, Батмазуурам эс тартканын,
Серп салып эмдигиче байкабапмын.
От туганат көнөлөгүм, коломтого,
Май ташта, жыты кетсин көк-обого.
Байкачы, балалыгың өткөн тура,
Бекем бол өз жолуңда Батмазуура!..

БУРУЛ (шашып). Мен май берейин. (ал май алып келип, жардамдашат. От алоолонуп күйөт).

ЗУЛЕЙХА (кубанып). Келгенде жаңы журтка от тутанткан,
Келаткан ата салты бабалардан.
Ырыска шерик-үйдүн куту болгон,
Ургачы тутандырат сыңга толгон.
Оту өчпөй коломтоңдон кут төгүлсүн.
Аткарган ургачы бол журт-эл ишин!

БУРУЛ (колун көтөрүп). Оомийин!

ЗУЛЕЙХА. (таягына сүйөнө калып). Тилегимди кабыл кыл Теңирим! Оомийин!(бата тартышат. От алоолонуп күйөт. Сырттан добуш угулат. Зулейха селт этип).

ЗУЛЕЙХА. Угулат ат дүбүртү тээ алыстан,
Шашылыш биз тарапка келе жаткан.
Бурулум, байкап келчи? Чоочун сезим,
Капырай, жүрөгүмдүн түрсүлдөшүн...

(Бурул үнсүз сыртка кетет. Батмазуура көшөгөгө кирип кетет. Зулейха сөкичеге барып отурат. Сырттан Чыйырды тартына басып кирип,башын ийе салам берет. Тикирээ караган Зулейха үнсүз алик алат. Чыйырдынын адеп үнү чыкканда Зулейха бир дирт этип алып, анан калчылдаганын басат.)

ЧЫЙЫРДЫ. Арыбаңыз Журт Энеси, соо саламат,

Жүрсөңүз эл ичинде бизге кайрат.

(тыным).

ЗУЛЕЙХА. Сөзүңдү улант Чыйырды...

ЧЫЙЫРДЫ (койнунан кичинекей кутучаны алып чыгат да, аны аяр кармап сунат).

Шашылыш келгениме себеп болгон,

Берегги кутучадан сөз козгосом...

ЗУЛЕЙХА (өзүнчө). Теңирим ай! Жаман кабар жок көрүнөт.

ЧЫЙЫРДЫ. Бир кезде Дөөлөткелди абам берген

Кутуну- «карегиңдей сакта» деген,

Тагдырын мындан наркы, өзүңүзгө

Табыштап, өткөргөнү келдим эле...

(Басып барып, кутуну Зулейханын колуна аяр салат. Зулейха алып, сылап, кейиштүү күбүрөйт).

ЗУЛЕЙХА. Бул куту өзүнүн төрөлөөр ээсин дагы канча жыл күтөөр экен?

ЧЫЙЫРДЫ (ойду бузуп). Тагаңыз Таажи-Бекке Санжи –Бектин,

Өткөндө уккандырсыз аш бергенин.

Шол ашта Алоокенин аргымагы,

Коломто-баш байгени жеңип алды.

ЗУЛЕЙХА. Уккамын...

ЧЫЙЫРДЫ (буулугуп).Үртүктүү Алоокенин ал бууданы,

Азгырып эмнегедир тынчымды алды.

Сүйлөшүп саяпкерге жумшак тилде,

Сурандым сунуш кылып кызыл дилде.

Үртүгүн сыйрыттырып, Алгараны

Көргөндө көөнүм айнып, жыгылганы

Аз калдым Журт Энеси, не демекмин,

Ал жерден сыр алдырбай басып кеттим.

ЗУЛЕЙХА (өкүнүчтүү). Алгара Алоокеге тийиптир дечи?!Аттиң айя!..

ЧЫЙЫРДЫ. Бир түнгө зорго чыдап кайра бардым,
Баягы саяпкерди туткунга алдым.

ЗУЛЕЙХА (жалт карап). Аны туткундаганда табарың эмне?

ЧЫЙЫРДЫ (чөгөлөй калып). Алгараны алуум керек, Журт Энеси!
Ал үчүн эч нерсемди аябаймын!..

ЗУЛЕЙХА (айласы кетип). Ушундай дечи... Саяпкер кепке келдиби?

ЧЫЙЫРДЫ (жандуу). Саяпкер чындыкты айтты Журт Энеси.
Көөнүмө уюп турат анын кеңеши.

ЗУЛЕЙХА (кызыгып). Сени ишендирген кандай кеңеш?..

ЧЫЙЫРДЫ. Саяпкер нээти таза араб экен. Тилеги бирдей чыкты мени менен.

ЗУЛЕЙХА. Араб бекен? Демек ал жылкы сырын билери анык.

ЧЫЙЫРДЫ. Ал мага: «Сен аны тартып алып минем дебе,
Ал сага дитин бербейт ансыз деле.
Эр жигит, тилимди алсаң эптеп аны,
Экөөлөп бул жарыктан жок кылалы.
Табына келип калды бул шум кара,
Таптоонун эң акыркы баскычында.
Өпкөдөн сыртка өсөр кош канаты,
Терини тешерине бир аз калды.
Ал атты бир кара нээт канкор минет,
Канкордун төрөлүшүн күтүп жүрөт.
Мына шол бир кара нээт төрөлгөнчө,
Караны жок кылууга болот эле...

ЗУЛЕЙХА (тынчы кетип, өкүнүчтүү). Ушундай дедиби?..

ЧЫЙЫРДЫ. Ушул сөз жүрөгүмө алды түнөп,
Жазмышта не жазылса Теңир билет.
Жетсем деп Алгарага турам тилеп...
(узака тыным)

ЗУЛЕЙХА (ойлуу). Жарыгым, алдын ала өтүнөрүм,
Айтканым кабыл алып макул дегин?

ЧЫЙЫРДЫ (башын ийип). Макулмун Журт Энеси!

ЗУЛЕЙХА (калыбын бузбай). Сөз берип коюптурсуң саяпкерге,
Сени эми Алагарага барба дешке,
Болбосун билип турам, кетип аргам,
(оор дем алып, өкүнүчтүү).
Эми мен экөөңөрдү эмне кылам!?.

ЧЫЙЫРДЫ (сөз маанисин түшүнүп, ыңгайсыз). Журт Энеси, ал менин...

ЗУЛЕЙХА (өктөм). Ардагым, Батмазуура, бери чыкчы?
(Батмазуура акырын басып көшөгөдөн чыгат)
Армандуу чоң энеңдин кебин укчу?

(Чыйырды калтырап, тынчы кетип, олтура калып жалынычтуу шыбырайт).

ЧЫЙЫРДЫ. Ардагым Журт Энеси!..

ЗУЛЕЙХА (укпай). Керээзи Эштегимдин, алтын балам!..
Түшүмдө Зымырык куш берген аян.
Анан да...
Бир кезде Сергил Эне эскерткенин,
Белгиле, аткаруучу кез келгенин.

ЧЫЙЫРДЫ (тизеси менен жылып, Зулейхага жалынычтуу).
Уксаңыз Журт Энеси!

ЗУЛЕЙХА (укпагандай). Чыйырды күйө бала болмок мага,
Чандырбас керээзи бар атаңдын да!

(Батмазуура жалт карап, түшүнбөгөндөй чоң энесин тиктейт. Зулейха андан көзүн ала качат. Таш болуп катып калгандай Чыйырды үңкүйүп кыймылсыз отурат. Түшүнүксүз музыка ойнолот. Батмазуура жыла басып Чыйырдыны, андан соң чоң энесинин жанына барып, бир нерсе сурамак болот).

ЗУЛЕЙХА (өктөм). Экөөңөр кол кармашып карыганча,
Жүрсөңөр тирек болуп кыркуузума,
Теңир ай! Менден башка бактылуу адам,
Болбостур бул жарыкта сен жараткан!..

(Чыйырды олтурган калыбынан козголбойт. Анын далысынан ыйлап жатканы билинет. Батмазуура эч нерсе түшүнбөгөндөй, жагымсыздыкты сезип, сүйлөөгө алы келбей, чоң энесин тикирейе

тиктейт).

ЗУЛЕЙХА (шыбырап, бирок өктөм).

Керезин аткарчу күн Эштегимдин,
Келгенин мына азыр толук билдим.
Маңдайга бакыт жазса бирге батып,
Шор жазса ачуу даамын чогуу татып,
Чырагым, Чыйырдыга колуң бергин,
Сөзүмдү кайра албаймын, жок дебегин!

(Чыйырды менен Батмазуура Зулейханы жалт карашат. Чыйырдынын жүзүн жаш жууган. Кайгылуу музыка акырын угулат. Зулейха ойлуу, жай кадамдап сыртка кетет. Чыйырды менен Батмазуура кадала тиктешет. Сахна күңүрттөйт).

ЧЫЙЫРДЫ (өксүп, Батмазууранын бутуна жыгылат).ЖУРТ-ЭНЕСИ!!!

## ТӨРТҮНЧҮ КӨРҮНҮШ

Манасты жетелеген Батмазуура авансценага келишет. Манас ээрди минип ойноп кирет. Апасы аны карап ойлуу олтурат. Музыка жүрүп турат.

БАТМАЗУУРА. Көк-Теңир, Чыйырдыны эстегенде,

Кыжаалат сезим кыйнайт азыр деле.
Атамдын бары-жогун билдирбестен.
Ал бизге ата ордуна болгон десем,
Анымды жалган дебес бир да пенде,
Анткени, бул карандай чындык эле.
(тынымдан соң).
Чыйырды бар болгону бир нече күн,
Баш кошуп аны менен өмүр сүрдү.
Аттанып кеткен бойдон Алгарага,
Айланып келбей калды үйгө кайра.

МАНАС (чуркап келип апасынын колунан шашкалактай сүйрөп, бир нерсени көрсөтөт). Апа, пош, пош, пош...

БАТМАЗУУРА (таңыркай). Ал эмне? Эмнени айтасың?

Түшүндүрсөң? (Манас апасын колунан тартып «пош» деген боюнча сыртка кетишет. Сахнага толук жарык түшүп, көшөгө ачылганда боз үйдө секичекте чыкыйып олтурган Зулейха көрүнөт. Жанында жумуш жасап жаткан Бурул бар. Музыка ойноп турат. Сырттан жалгыз аттын дүбүртү угулат. Зулейха өзүнчө бир дирт деп алып боюн түзөйт).

ЗУЛЕЙХА. Бурулум, ким келди, сыртты карачы? (Бурул чыгып эле кайра кирет). Ким экен ал?..

БУРУЛ (кооптуу). Эрназар...

ЗУЛЕЙХА. Ал мага кирбейт бекен?

БУРУЛ. Сурабадым, айтайынчы...

ЗУЛЕЙХА (таягын көтөрө өктөм). Тим кой! Жумушу сени менен бүтсө, анысы жакшы. (Көшөгөдөн Батмазуура чыгып, экөөнү шектүү карап калат. Ал бир аз тотуккан түрү бар. Кийими өзгөргөн. Сырттан Эрназар камчысын сүйрөп, үңкүйүп кирип, чөгөлөп таазим кылат). Сүйлө Эрназар!..

ЭРНАЗАР (үнү буулуп). Суук кабар алып келдим Журт Энеси!

БУРУЛ (кыйкырып). Эмне дейт, кокуй!

БАТМАЗУУРА. Чыйырды!.. (Бир кыйкырып алат да, оозун баскан калыбында теңселип туруп калат).

ЭРНАЗАР (чөгөлөгөн калыбында өкүрүп жиберет).

Эсил кайран асылым а кокуй!...

ЗУЛЕЙХА (таягын силке, өктөм шыбырайт). Бас жаагыңды! (тегерете карап). Үнүңөрдү чыгарбагыла! (тынымдан соң чыйрак).

ЭРНАЗАР, Чыйырды жазат тапты деген кабар,

Билгендер азырынча чакан чыгар?
Бирин да калтырбастан билгендерди,
Бул жерге түн жамына алып келчи?!

ЭРНАЗАР (шашып). Журт Энеси... Аларды... Менимче...

ЗУЛЕЙХА (токтоо, өктөм). Канча киши барды эле, канчасы аман калды эле, акыл токтотуп айтып көрчү?

ЭРНАЗАР (өзүн карманып). Саякер, Чыйырды экөөбү тең,

Кечилдердин кийими менен,
Алоокеге кирип кеткен.

Ал жерде алты жүздөй сардар калдык,
Капканы тегерете курчоого алдык.

БУРУЛ (шашып). Деги алар аман калыштыбы?

ЭРНАЗАР (демигип). Аңгыча капкадан чурулдаган добуш чыкты,
Атылып жалгыз караан көккө учту,
Дал ошол желдей сызган көлөкөнүн,
Баарыбыз билбей турдук ат экенин.
Ошондо чубалжыган жалгыз караан,
Ойготуп добуш салды жерди жарган:

БУРУЛ (жакасын кармап). Теңир колдой көр!?

ЭРНАЗАР. «Эрназар! Жебээңди түз таамайлап тарт,
Каратты мээлеп туруп колтукка ат!
Тийет деп бизди такыр аябагын,
Сардарлар, мээлеп баарың жааны тарткын!..»

БУРУЛ. Теңир ай! Ал чубалжыган Чыйырды экен да. Аттын чылбырына сүйрөлүп бараткан экен да э?!

ЭРНАЗАР (укпагандай, ый аралаш). Ширелип жаанын огу капталына, талп этип түштү аргымак чеп капкага. Жебеге калбырланган асыл дени, жанашып эр Чыйырды, саяпкери, капканын сырт жагына түшүп калган.Тагдырдын буйругу шол, канча аргам... (Үңкүйүп жер карап ыйлайт).

ЗУЛЕЙХА (токтоо). Алгара өлүптүрбү?

ЭРНАЗАР (ызалуу). Жок! Өкүнүч дал ошондо Журт Энеси!
Канайым шул мезгилде көз жарыптыр,
Ага удаа кара аргымак сакайыптыр
Алооке кош кубаныч кучагында,
Унутуп болгон ишти, ызааны да,
Төрөлгөн перзентине белек кылат.
Жетелеп Алгараны алып барат.

(тыным. Музыка угулат. Эрназар кетүүгө кам ургандай сыртты карайт.Батмазуура түркүктү кучактаган тейде кыймылсыз).

ЗУЛЕЙХА (өктөм). Чыйырды өлгөндүгүн душман эмес,
Туугандар угушаарын каалабайм эч.
Душманга колтук ачып жаман тууган,

Бөлүнүп, ансыз деле араң турган,

Кыркуузум тукум курут тыйпыл болот,

Түшүнүгүн Эрназар, Шер, баарын жогот!

(ордунан ыкчам туруп, Эрназардын жанына басып келип, аны теше тиктеп, өктөм сүйлөйт). Чыйырды өлгөндүгүн билген жандын,

Бирин да аяп тирүү калтырбагын!

Тазалап алды-артыңды бир жан койбой,

Кайтып кел күн өткөрбөй, түндү болжой!..

(узакка тыным. Музыка шоокумдайт. Эрназар сөз кайрыбай чыгып кетет. Бурул акырын сыртка чыгат да, чоң көк жоолук алып келип, Батмазууранын башына сала турган болот).

Бурулум, Батмазууранын коктүгүнө ашыкпа.

Сөөгүңдү жашытпа... Сен көтөрөөр жүк бар...

БУРУЛ (күнөөлүдөй). Макул анда. Айып этпе... (сыртка чыга турган болот).

ЗУЛЕЙХА (өктөм). Кетпе! Угуп тур Бурулум.

Теңир үчүн кыңк этпестен макул көргүн,

Эл-журтка Эрназарды өлдү дегин!

БУРУЛ (чочуп, үнү бүткөндөй). Ыя!..

ЗУЛЕЙХА (өктөм). Башка сөз айтпа! Аза туу көтөрүлгөнчө коктүгүңдү ырастап кой...А сен көпөлөгүм, көз жашыңды тыйгын. Арты жаман болот ыйдын. Теңирден тилер бир гана үмүт бар, ага ынагын. Ал үчүн бардык азапка чыдагын!..(Батмазуура көшөгөгө кирет. Бурул экинчи тарапка кетет. Тыным. Музыка угулуп турат.Сырткан аттын дүбүртү угулат). Сахна күңүрттөйт.Зулейха ордуна барып отурат.Сырттан Эрназар кирет).

ЭРНАЗАР (күнөөлүдөй башын ийип). Журт Энеси, кечиргин!

Алдыңызда күнөө кетирдим...

Ууз хандын кырк уулунун,

Сүрүшүп түпкү атасын – бирден уулун,

Ээрчитип алдыңызга алып келдим.

Өзүңүзгө айтар кебим:

Баарыбыз ант бергени келдик эле,

Күбөбүз караңгы түн, ыйык эне!..

ЗУЛЕЙХА (жактырбай). Ант?.

ЭРНАЗАР (шашып). Кыргыз деп атак алган кырк тукумдун,

Көрүңүз астыңызда кырк бир уулун?..

(Сахна бир аз күңүрттөп, көлөкө сымал жигиттер бирден чубап чыгышып, таазим кылышып, сахнанын төрүн карай чубап өтүшөт).

Алтайдан Өгөө абамдын Бакай уулу,
Атайлап издеп келген Чыйырдыны.
Үстүнөн калаабанын чыгып калды,
Карегим агызууга кол барбады.

БАКАЙ (чөгөлөй кулдук уруп). Акылыңызга кулдук, Журт Энеси!

ЭРНАЗАР. Кадимки түпкү атабыз Ногой хандан,

Тараган өткүр улан-бул Улаккан.
(Жигит таазим кылып өтөт).
Мунусу Нойгут хандан таза тукум,
Айбаттуу арыстан шер Акбалта уулуң.
(Жигит таазим кылып өтөт).
Береги, түп тагааңыз Таажибектин,
Бул жерге алып келдим Санжи-Бегин!

САНЖИБЕК (кылыя карап, таазим кылат).

Алтын таягыңыз үчүн кулдук...

ЭРНАЗАР. Буларды Журт Энеси, кантип гана,

Кыямын өз колумдан шум ажалга?!

ЗУЛЕЙХА (таягын көтөрө ордунан туруп, өктөм шыбырайт) Болду Эрназар!

ЭРНАЗАР. Өлгөнүн Чыйырдынын бизден башка,

Ант бердик, билдирбейбиз бир да жанга!

ЗУЛЕЙХА (өкүнүчтүү). Олдо Теңир ай!..

ЭРНАЗАР. Ким бузса ыйык антты каны аксын,

Кара жер тең жарылып койнун ачсын!

БААРЫ. Каны аксын! Каны аксын! Каны аксын!

ЭРНАЗАР. Караңгы түндүн пири каар кылсын,

Кутмандуу Журт Энеси-сүтүң урсун!

БААРЫ. Сүтүң урсун! Сүтүң урсун! Сүтүң урсун!

ЗУЛЕЙХА (тынымдан соң, өктөм). Болду! Уккун Эрназар!

Уул болсоң элиң үчүн муну кылгын:
Сен эми мындан ары Чыйырдысың.
Азалуу желек бийик желбиресин,
Эрназар өлгөндүгүн билдиресиң.
Коконго хан отоосун көтөрөлү,
Калк менен не болсо да бир көрөлү.

САНЖИ-БЕК (чыкчырылып ортого чыгат). Кечиргейсиз...
Сөздү учурунда айтпаса атасы өлөт...(бардыгы катып калышат).
Сиз бизге жиентайсыз, Журт Энеси.
А бизди баш ийдирген бийлик ээси:
Алдагы колуңузда алтын таяк,
Болбосо, баш ийгенди ким кааламак?!
Чыныгы алтын тагы Ногой хандын,
Алыскы тууган жери-Кең Алтайын,
Ал сизди күтүп аткан чыгар дейбиз,
Тактыңыз шол жакта го, кандай дейсиз?

(Эрназар кылычын суурул алып, шилтөөгө кам урат).

ЗУЛЕЙХА (таягын көтөрө өктөм). Эсил Журт!
Эштегимдин силер үчүн,
Кылганын тез унутуп ушул бүгүн,
Былык сөз сүйлөгөнгө жол бергениң.
Бул кандай, айткылачы, не дегениң?

БААРЫ. Өлүм! Өлүм! Өлүм!..

ЗУЛЕЙХА. Коконго хан ордону, алтын такты,
Көтөргөн кырк тукумдун эли жалпы.
Ошол эл-Эштегимди хан көтөргөн,
Жаамы журт кырк уузумдун ханы деген.

БААРЫ. Эштек Кыркууздун ханы! Эштек Кыркууздун ханы!

ЗУЛЕЙХА. Келаткан Уузхандан алтын таяк,
Калайык, тааныгыла жакшы карап!..
(таякты өйдө көтөрөт. Тыным).
Энени бул таякты колуна алган,
Эзелтен Журт Энеси деп атаган.

Башкача атоого анын акысы жок,
Ким танса мандайына кадалат ок!

БААРЫ. Кадалсын ок! Кадалсын ок! Кадалсын ок!

Санжы-Бек жерге жата калып корккопунан сойлоп барып Зулейханын бутун кучактайт).

ЗУЛЕЙХА. Жамгырчым такка олтурат, ошондуктан,
Санжи-Бек күнөөң кечтим, калдың аман!..
(Тынымдан соң өктөм шыбырап).
Эрназар, атың өчтү- Чыйырдысың.
Жигиттер аза күтүү камын кылсын!

(жигиттер кетишет. Бурул менен Батмазуура чыгат. Бурул кара кийинип алган. Бир азга тыным. Эрназар апасын карап, анан ишти түшүнгөндөй чөгөлөй калат).

ЭРНАЗАР. Апаке!.. Журт Энеси!.. Батмазуура!..
А көрсө тагдыр шундай жазган тура...

БУРУЛ (кайраттуу). Бекем бол уулум...

ЭРНАЗАР. Чыйырды! Ысымыңды эч булгабайм!
Акыры Алгараны албай тынбайм!
Чыдаймын оор жүктү көтөрүүгө,
Чыгуу үчүн Ата-Журттун өтөлүнө.
Кош апаке! Кош Журт Энеси! Кош болгула!.. (Шарт бурулуп чыгып кетет. Тыным, сахна күңүрттөйт. Музыка ойноп турат).

## БЕШИНЧИ КӨРҮНҮШ

Авансценада (ээн талаада) Батмазуура жалгыз келатат.Чоң көк жоолук салынган. Колундагы көнөктө суу бар. Музыка угулуп турат.Сырттан дүбүрт чыгып, артынан арабча кийинген келбеттүү адам жете келет. Батмазуура чочуп, кыймылдабай туруп калат.

АЛИ (мээримдүү). Чырагым, жигиттерим сууну издеп,
Көгөргөн колот ичин өрдөдүк элек.
Кезикпей жолубуздан бир да адам,
Туюлган жок сыяктуу дегеле жан.
Кайра артка тартмак элек, кайрылыштан

Карекке чалдыкпаса жалгыз караан.
Каргадай секелек жап кара кийген,
Кайгынын каары батып башын ийген,
Көргөндө көңүлүмө дүбүрт салган,
Карегим, кимсиң өзүң, келдиң кайдан?

(Батмазуура сөз кайрый албай, денеси титиреп, карбаластап, акыры көнөгүн кош колуна алып, ийилс Алигс сунат.Али сууну ала коюп, жерге тийгизип, ичипен күбүрөп, коноктон суу ичет. Суусуну канган соң конокту кайра сунуп, тикирейс тиктейт). Теңир жалгасын кызым.(сыртка) Жигиттер, аттан түшүп, булактан суу ичкиле. Бул суу керемет көрүнөт... (Сырттан «ой, ой» деген үндөр угулат).

СЫРТТАН ҮНДӨР. Азирети, булактын көзү толо жылан жатат. Азирети, айланабызды жылан курчап алды. Кудай сакта, ышкырып жатышат.

АЛИ (таңыркап). Чырагым, сен булака бардың беле?
Мына бул сууну кайдан алдың эле?

(Батмазуура сүйлөй албай, булакты жаңдап көрсөтөт). Атың ким? Кай жерликсиң? Биздин салтты, үйрөткөн кандай адам, бачым айтчы?

БАТМАЗУУРА (боюн түзөп, чечкиндүү сүйлөйт).
Жетиммин, анан дагы жесир калдым.
Жстилгем жетегинде чоң апамдын.
Чоң энем араб кызы, бул элге жээн,
Ашыкпай угалсаңыз айтып берем.
Өз атым Батмазуура, Саид койгон,
Ал дагы араб деген элден болгон.
Жети атам таза кандуу хан тукумдан,
Жеткилең Кыркууз эли деп атанган.
(Батмазуура буулугуп, тикирейип карап турган
Алиге жакындап сүйлөйт).
Кыскача дайным ушул Сизге айтар,
Кошууңуз суу ичкен соң сөз уланар...

СЫРТТАН ҮНДӨР: -Булактан тамчы суу чыкпай калды.
-Азирети, тегеректеген жыландар көбөйүп баратат.
-Булар бизди соо койгудай эмес...

АЛИ (жайдары). Чырагым, жигиттердин сөзүн уктуңбу? Алар коркуп калышты. Бул түйүндү сен гана чечесиң, көрүп турам, бешенеңден жанган учкунду...

БАТМАЗУУРА (тез чөгөлөй калып, кош колун асманга сунуп, жалынып, ый аралаш сүйлөйт). О, касиеттүү Көк-Теңирим!

Булактың көзүн аччы азисдерим?
Бул ишим туурабы же туура эмеспи,
Билалбай турам азыр кандай дешти.
Дилдери ак, карабы – аны силер,
Азисдер, менден жакшы билесиңер.
Кабылып күтүүсүздөн не кылсам деп,
Турамын өзүңөрдөн жардам тилеп...

(колун таштап, бетин басып, ыйлап отурат.Сырттан үндөр угулат).

СЫРТТАН ҮНДӨР. - О Алла! Жыландар жар түбүнө кирип кетишти. Булак оргуштап чыкты! Булак акты! Аргымактар дагы ичкиси келип жатышат көрүнөт. Азирети, ичсек болобу?..

АЛИ (сыртка). Ичкиле).. (Жай алып олтуруп, терин аарчып, кызды сынай тиктейт). Олтур кызым... (Батмазуура сыңар тизелей, жүйрө отурат)

Чырагым, ургачы эмес эркек менен,
Эч качан мына ушинтип сүйлөшпөгөм.
Ушундай түркөй элдин арасында,
Учурап биринчи ирет зирек жанга,
Суктанып ыйманыңдын тазасына,
Сурадым дарегиңди, тынчсыздапба?

БАТМАЗУУРА (карбаластап). Жок, жок, мен...

АЛИ (ойлуу). «Кыскача» деген сөзүң толук бойдон,
Карегим, ким экенин айтып койгон.
Сөзүңдү кайра улагың келбей турат,
Мага да керексиздей ал туюлат.
Барысын билдим кызым, айтпасаң да,
Билдирдиң кошуунумду таң калтыра.

БАТМАЗУУРА (ыңгайсыз). Мага таң калгыдай...

АЛИ (жылмайып).Таңданткан мындай укмуш кереметти,

Колунан жөн пенденин келбейт дечи...
Канында дарамет бар Алла берген,
Кайырлуу болот кызым, тобо десең...

БАТМАЗУУРА (дилгир). Эсиме сактайм ава...

АЛИ (мээримдүү). Менин кимдигимди билгиң келди чырагым.

БАТМАЗУУРА (ыңгайсыз). Ооба, ооба, оозум батпай турамын.

АЛИ. Аткарып бир Алланын парз-милдетин,
Ак динге элди тартып жер кесемин.
Бейадеп бек тукумун динден безген,
Белдиктен кан чыгарып баш ийдирем.
Бухара, Анжыяндын, Маргалаңдын,
Элдерин баш ийдирип жолго салдым.

БАТМАЗУУРА (жашык). Силердин келишиңерди менин атам эңсеп күткөн...

АЛИ. Хан өткөн жети атаңды билип турам,
Ал үчүн ак дилимден тилек кылам!
(сыңар тизелеп, сыртка).
Аскерлер! Колуңарды алга сунуп,
Берели ак батаны тилек кылып.

СЫРТТАГЫ ҮНДӨР: -Бата берели Азирети.
-Бул керемет ак батага арзыйт.
-Береги кыз тегин жан эмес азирети.

АЛИ (бата берет). Кыркууз деп сыймыктанган элиң сенин,
Ээлесин жер эненин аруу жерин.
Карытып кылымдарды үзүлбөстөн,
Учугу шол уруунун уланса экен!
Кыркуудун кыраандарын топтоп курар,
Кылымдар аты өчпөгөн бир эл кылар,
Астында жол баштаган сан-миң колдун,
Айбаттуу Айкөл шерге эне болгун!
О Алла! Бир өзүңө ниэт бурдум,
Батасын кул пендеңдин кабыл кылгын!
Оомийин, Аллохи Акбар!

(Сырттагылар дагы уркурап-чуркурап бата кылышат. Батмазуура кубангандан ыйлап, жүзүн басып олтурат. Али ордунан ыкчам туруп сүйлөйт).

Айта жүр эл-журтуңа, бата берген,
Арабдын халифасы Али деген.
Чырагым, кошкун эми бул жалганда,

(Шарт бурулуп чыгып кетет. Тыным. Батмазуура ордунан туруп, артынан узата карайт. Музыка угулуп турат. Аздан соң көнөгүн көтөрүп сыртка кетет.

Көшөгө ачылганда боз үйдүн ичинде көпчүлүк үңкүйүп үнсүз турушат.Зулейха, Бурул, Батмазуура көк кийинишкен. Эл башкарып жүргөн Жакып сырттан шашып кирип, барын тескей сүйлөйт).

ЖАКЫП. Аза туусун жыктык. Элди таркаттык. Эми өз тирилигибизге киришели.

БУРУЛ (өксүп). Ой эгизимден айрылдым а кокуй!

ЖАКЫП. Ыйды токтотолу Бурул эне. Өлгөндүн артынан өлбөгөн соң, жашоо камын көрөлү.

БУРУЛ (укпагандай). Ой теңиримден айрылдым а кокуй!

ЖАКЫП. Түрпөтүн көрүп туруп заманашын,
Чыйырды, Эрназардын коломто ашын,
Өткөрдүк Чыйырдынын кырк ашында,
Кыйындык салбайын деп журт башына.

САНЖИ-БЕК (көтөрүлүп). Журт Энеси! Анжыянды Алоокеден тазаладык! Ал куу түлкү Алгарасын минип, Коңурбайын колтугуна катып жалгыз өзү аман кетти.

ЗУЛЕЙХА (кейиштүү). Тазаладык дейсиңби?

САНЖИ-БЕК (укпагандай). Чыйырды менен Эрназар Алгараны жок кылыша албады. Эми анын изине өзүбүз чөп салабыз...

ЖАКЫП (камырабай). Маңдайга жазганын көрорбүз...

САНЖИ-БЕК (өкүм). Жакып бай, Кокондугу хан ордого,
Кайрылып барам деген болсоң ойдо,
Баш тарткын ал оюндан, биз өзүбүз
Бек болуп, төрүн ээлер өз үйүбүз.
Туугандар арасына жик салбагын,

Тил алгын, Алтайыңа кетип калгын!

ЗУЛЕЙХА (үнү буулгандай кейиштүү). Санжи-Бек, сен өзүңдү – өзүң бек кылгыдай...

ЖАКЫП (сөздү бөлүп). Баары бир эмеспи Журт Энеси. Болор иш болду... (Санжи-Бекке) Ансыз да дал ошондой кылабыз Санжи мырза. Санааңды бузба...

САНЖИ-БЕК (чыкчырылып). Сөзүңө бек тур Жакып бай. Эми өз элибизге өзүбүз бек. Өз жерибизге өзүбүз хандык кылалык. Алыстан көз салышып туралык. Кайттык анда. Кош болгун... (шарт бурулуп чыгып кетет. Зулейха таш тиштегендей үңкүйүп кыймылсыз олтурат).

ЖАКЫП (тынымдан соң). Журт Энеси, Жамгырчы мында калсын, биз Алтайга жылалы күн жылымдап, жаз кылтайса.

ЗУЛЕЙХА (алсыз). Чыйырдыны биротоло өлтүрүпбү?..

ЖАКЫП. Өчпөсүн Чыйырдынын аты дейсиң.

Өзүм да бар дилимден макул деймин.
Жесирин Чыйырдынын мындан ары,
Жалпыбыз Чыйырды деп чакыралы.

ЗУЛЕЙХА (Батмазууран жалт карап, ойлуу, жапык).

Каралдым, чындап эле мындан ары,
Атыңды Чыйырды деп чакыралы...

БУРУЛ (өксүп). Ой, Чыйырдым ай кокуй!..

Ой айрылдым ай кокуй!
Ой каралдым ай кокуй!
Ой жалгызым ай кокуй!

ЖАКЫП. Бурул эне, баш-аягыбызды жыйынтыктайлы...

Мен эртең Турпанга аттанайын.
Ордумду Жамгырчыга тапшырайын...
(тынымдан соң).
Сары-Ногой Байдөөлөттүн кызын алгам,
Быйыл жаз кайтыш болуп жесил калгам.
Бир топ жыл жашасам да аны менен,
Бечара, бой көтөрүп төрөбөгөн...
Сөзүмдү туура көрсөң Журт Энеси,
Жесирге башын байлайт сөөк ээси...

(Зулейхадан башкасы жалт карашат. Батмазуура эчкирип ыйлап жиберип, оозун басат. Тыным. Зулейха акырын ордунан туруп, Батмазууранын жанына басып келип, далысынан акырын сылап, анан күтүлбөгөндөй таягын серпип өктөм сүйлөйт).

ЗУЛЕЙХА. Балдарым, кам коргүлө, заар менен,

Жөнөйбүз Боз-Коргонго барыбыз тең.
Улаккан! Сардалдарың жаныңа алгын,
Бизди сен Таш-Мазарга коштоп баргын.
Балама барбай туруп кантип гана,
Барамын беренимдин Алтайына!
Баласы жаткан жайдын топурагын,
Атасы жаткан жерге алпарамын!
Асылдар жай алышкан ыйык жерге,
Аттанам, камынгыла, жөнөйлү эрте!..

(Бардыгы үнсүз, акырын жылып сыртка кетишет. Зулейха жалгыз калып, кейиштүү сүйлөйт). Аталдым Журт Энеси, бийлик ээси,

Ал мага арман кайгы алып келди.
Бийликтин, көр байлыктын кумары ай!
Тушума «апакелеп» уулум турбай,
Ботолоп боздоп андан артта калдым,
Эми аны, тукумум кайталоону калабаймын!
Шондуктан бул таякты келиндерге,
Мураска калтыруунун кереги не...

(жердин тешигин таап, төмөн карай салып жиберет).

Жалгызым, жашадым аруу тутуп ата арбагын.
Эми мен, жанымдан түбөлүккө жай аламын...

(тыным. Музыка угулат.Алысты караган Зулейханын козүнөн жаш куюлуп турат.Жарык өчөт).

## АЛТЫНЧЫ КӨРҮНҮШ

Арадан алты жыл өткөн. Батмазуура сырттан кирип, ойлуу турат.

БАТМАЗУУРА (өзүнчө). Алты жыл азап менен өтүп кетти,

Манасым бачым эле бойго жетти.

Кулунум, эр –азамат болуп калды,
Жигиттик курагына толуп калды.
Акылы, бой келбети бир деңгээлде,
Ай эмес, күндү санап өскон эле.
(тыным)
Чыйырды, Зулейха эне, арбагыңар
Көз салып кыймылыма турасыңар!
Силердин аманатты аткарайын,
Азыр мен мурастарды тапшырайын.
(тыным).
Энеке, асыл эне, кечир мени,
Карачы, кайратсызмын тартпай сени.
Эртеңим эмне апкелет дегенимде,
Жүргөндөй кумурскалар бүт денемде,
Чымырап тыз-тыз этип муздап чыгат,
Жыгылбай туруп калып араң чыдап.
Ичимде от-жалынды күйүп турган,
Акылга салып дайым муздаттырам.
Азыр да алоолонгон от ичинде,
Аёсуз күйүп турам асыл эне!..

(Сырттан Бакай менен Манас киришет. Манас апасына таазим этип саламдашат).

МАНАС. Бир жериңиз ооруп турабы, апаке?!

(Батмазуура сүйлөөгө алы келбей, чекесинен өөп, көз жашын сүртөт)

БАКАЙ. Батмазуура, бул жерге кармалбайлы. Алдыда күтүп турган кон иштер бар. Манаска айтаар сөздү бүт айталы.

БАТМАЗУУРА (карманып). Баштай бер Бакайым...

БАКАЙ. Баатырым, эресеге жеттиң эми,
Ушул күн зарыктырып араң келди.
Канча жан зарлап күтүп көрбөй кетти,
Көргөндөр Кок-Теңирге шүгүр дейли...

БАТМАЗУУРА. Теңирдин сүйгон кулу Эр Күчүгөн,
Эң алгач торолоруң билип, күткон.
Сен жерге түшкон күнү Аккуланы,

Анан да мына мобул кутудагы,
Ак албарс ач болотту алып келген,
Теңирдин белеги экен сага берген.

(кичинекей кооз кутуну берет. Манас аны алып, ачып карайт).

БАКАЙ (төрдөгү сыр найзаны көрсөтүп). Береги сыр найзанын сыры терең. Ыйыгы буюмдардын сага деген.

Кылымдан ашык мезгил күтүп келди,
Керези Култегиндин – күткөн Шерди.

БАТМАЗУУРА. Кийгиздим таятаңдын ак олпогун,
Кададым жакасына Үч-Тогоолдун
Касиеттүү жалгыз огун.

БАКАЙ. Эштек хан кырк тукумга хан аталган,
Ордонун чамгарагын алтындаган.
Анан да хан олтурар алтын тагын,
Аманат кылган экен анын барын.

БАТМАЗУУРА. Эл-журтуң аманатты так аткарды,
Жоготпой, бүлдүрбөстөн бек сактады.
(тыным)
Кулунум, Көкөтөйдүн желмаяны,
Акжолтой Аккуланын Кумайыгы,
Кылычы таятаңдын, акканкы ээр,
Каалаган кызматыңа жарап берер...

БАКАЙ. Ордону Чоң Алайга көтөрсөк деп,
Күтүүдө эр Көкөтөй бүт белендеп.
Болбосо Ат-Башыга сепил салган,
Барысын берейин дейт Кошой балбан.
Баатырым, кай жагына барам десең,
Барыбыз бир болобуз өзүң менен.

МАНАС (тынымдан соң, ойлуу). Ойлобой керт башыңды бирингер да,
Кам уруп турасыңар жалгыз мага.
А балким жетине албай кубанмакмын,
Антүүгө азыр менин түк жок акым.
Кам көргөн өлүү-тирүү барыңарга,
Алым жок ылайыктуу сөз табууга.

Атамдын өңү-түсүн даана билбейм,
Ал азыр кусаланып жүргөндүр дейм?

БАКАЙ. Ооба, алты жылдан соң кездешүүгө сөз кылганбыз...

МАНАС. Кыргыздын ханы аталып атам турса,
Астынан өтпөй туруп мен бул жакта,
Көтөрсөм таятамдын хан ордосун,
Калайык – калкка кантип туура болсун?

БАКАЙ. Биз аны убактылуу гана...

МАНАС (сөздү бузуп). Апаке, чочуп турам айтуудан кеп,
Оорутуп көңүлүңдү аламбы деп.
А бирок айтуум керек учурунда,
Кечирим сурап турам алдын ала.

БАТМАЗУУРА (чочулап). Айтагой кулунум...

МАНАС. Жакпаса ал сөзүмдү өзүмө алам,
Тактынын мураскору – Жамгырчы тагам...
(тынымдан соң).
Астынан өтпөй туруп ал экөөнүн,
Эч качан хан болууну эп көрбөймүн...
Ал азыр көңүлүңөр туура тапса,
Аттансак багыт алып Алтайыма.

БАКАЙ. Бар болгун, баатырым! (шарт бурулуп жол баштайт. Манас анын артынан кетет).

БАТМАЗУУРА (өзүнчө, ойлуу). Милдети тирүүлүктүн талап кылып,
Ыйык жер кетип барам араң кыйып.
Кошкула асылдарым! Арбагыңар,
Жар болуп жалгызымды сактасаңар?!
(жарык өчөт).

КӨШӨГӨ

Бакыт деген тоголок,
Жалпак болот мээнетин.
Бир куюлса токтобойт,
Суу сыяктуу дөөлөтүң.
Көңдой терек оңдонот,
Кур көкүрөк соолотуң.
Атак-даңкың чыгарат,
Адал ак иш, мээнетиң.
(накыл сөз).

## АЙКӨЛ БАЯНЫ

(эпикалык драманын үчүнчүсү)

Катышкандар: МАНАС - бир мүчөл курагы.
БАТМАЗУУРА - анын апасы.
ЖАКЫП - атасы.
АБЫКЕ - иниси.
ШОЙБО - кытай элинин Улуу-Аяры.
НЕСКАРА (Гань-Тянь)-кытай элинин баатыры.
БАКАЙ - акылман адам.
КОШОЙ - кыргыз балбаны.
АКБАЛТА - бир уруунун ханы.

Булардан башка: Көпөс, Мурду кесик, Сакчы,
Кирип чыккандар, үндөр катышат.
Окуя VII - кылымдын аяк чепинде Алтайда өтөт.

1998-жыл.

## БИРИНЧИ КӨРҮНҮШ

(Музыка шоокумданат. Авансценада Көпөс менен Шойбо бетме-бет чыгышат. Көпөс өтө бергенде Шойбо анын артынан барып токтотот.

ШОЙБО (эки жакты карап, шыбырап). Жалгыздап жан адамга кошулбастан, жээгине дарыянын кечте барсаң, жаңылбай айтканымды так аткарсаң, жазылган бал китепте сырыңды ачам.

КОПОС (чочулап, кекечтенип). Ыя? Кандай сыр?..

ШОЙБО. Күүгүмдө суу жээгинен күтөм сени, (шыпылдай басып чыгып кетет. Көпөс артынан узата карап, бир нерсе айтмак болуп, кыжаалаттана экинчи тарапка кетет. Жанагы музыка угулуп турат. Жарык алмашат. Акырын жылып көшөгө ачылат. Сахнада чоң жибек чатыр. Чатыр ичиндеги тактыда кебетеси суук, бир моюн Гань-Тань бир жерди теше тиктеп түнөрүп үнсүз. Эки жагында эки жигит дирилдешип, аскербашыны карап турушат).

МУРДУ КЕСИК (өзүнчө). Түбөлүк коштошууну жарык менен,

Түгөнгүр, кимибизге буйруду экен!?.

(тыным. Музыка кыжаалаттуу угулат)

НЕСКАРА (чыйылдаган үнү менен катуу чыңырат). Та-аап!..

(Эки жигит эч нерсе түшүнүшпөй, жер кучактап жата калышат.

Нескара аларга жийиркене карап, ордунан атып туруп, экөөнө жакын барып карайт). Койнунан эр карматкан катындардай,

Коркоктор! Тургула бат калтырабай!

(жигиттер орундарынан турушат).

Бөлүнүп төрт бөлүкө төрт тарапка,

Токтоосуз азыр баарың жол тарткыла.

МУРДУ КЕСИК. (карбаластап). Кайда таксырым?..

НЕСКАРА (укпай). Эмненин богун жешип жүрүштү экен,

Алиги Чоң-Бээжинде Аяр деген?

Буруттун өчкөн отун тутандырган,

Баланы эмнеликтен жок кылбаган?

Ал азыр күчкө толуп калды дешет,

Анда биз уттурупбуз, уктуңбу, эшпе-ек!..

МУРДУ КЕСИК (калтырап). Уктум, таксырым...

НЕСКАРА (кыжына шыбырап). Алиги Улуу Аярды Шойбо деген,
Акыры ууга кактап өлтүрттүрөм!
(кыйкырып). Түн бою жылдыздарды түголдөшкөн,
Түйүндүү сырларды бүт билем дешкен,
Төлгөчү, балчылардын барысын тең,
Токтоосуз апкелүүгө буйрук берем!

МУРДУ КЕСИК (шердене түшүп). Куп болот таксырым! Аны аткарарыма өзүңүздөй ишениңиз. Сиз үчүн кара башымды аябаймын!..

(Нескара үнсүз колун шилтейт. Экөө чыгып кетишет).

НЕСКАРА (өзүнчө). Кандайча каргыш тийген буруттадын,
Кашайып көрбөдү экен Шер баласын?
Болбосо билип туруп ичке каткан,
Анда бар эл саткыны аярлардан.
А балким баарысынан туурарагы,
Жар болуп буруттардын чоң кудайы,
Көздөрүн ныл бастырып аярлардын,
Көргөзбөй сактаган бейм Шер баласын?
(Мурду кесик шашып кирет).
Жалдырабай сүйлө!?

МУРДУ КЕСИК. Алдыңызга кирүүгө суранып турат Улуу Аяр Шойбо...

НЕСКАРА. Шойбо?.. Шойбобу? (тынымдан соң киргиз дегендей ишаарат кылат. Мурду кесик чыгып баратып кайра токтойт).

МУРДУ КЕСИК. Таксырым, айтканымды туура тапсаң,
Сөздөрүн угуп көргүн Шойбо айткан.
Айбаттуу арыстаным, табар арга,
Али да бар көрүнөт туюмумда...

(Экөө үнсүз тиктешет. Мурду кесик чыгып кетет. Нескара ордуна барып отурат. Музыка угулат. Жарык алмашат. Сырттан асман түспөлдүү, көк матадан узун кемсел кийген, каректери көптү билген Шойбо менменсине кирет. Башында көк такыя, колунда китеп).

ШОЙБО (үнсүз учурашып, каадалуу отуруп, жай сүйлөйт).
Буркандын буйруганы, Нескара дөө,

Буга сен бизди айыптап күноолобо.

(Нескара жалт карап, үндөбөйт).

Бичике анын аты жазылыптыр.

Анын сыры да ачылыптыр. Баарыбыз кабардарбыз.

НЕСКАРА (жек көрө карап). Кабардарбыз?

ШОЙБО (калыбын жазбай). А сен угуп тур...

Ал түшкөн жерге көктөн нур чагылып,

Чагылган чакмак ойноп, сел агылып,

Түшкөндө энесинин курсагынан,

Түйүлмөк муштумунда уюган кан.

Түн түшүп, кайра жаңы сүрүлмөк таң,

Тободо күйүп турмак тогуз ак шам.

Бурканддын бул белгиси болгон жерге,

Аярлар учурунда барган эле.

НЕСКАРА (тынчы кетип). Барган эле дейсиңби?..

ШОЙБО (кебелбей). Барды да, Улуу хандын буйругунан,

Аярлар Таш-Калаага кире албаган.

НЕСКАРА (чыдамы кетип). Буруттарга Улуу хандын кандай тийешсси бар?

ШОЙБО (кебелбей). Чыдап ук алдаяр?.. (тынымдан соң).

Эң кенже бир тууганы Улуу хандын,

Азиз хан тандаттырып жар алганын;

Урматтуу Нескара дөө, уккандырсың?

Убада – шерт кылганын Улуу хандын.

НЕСКАРА (жактырбай). Уккамын.

ШОЙБО (калыбын жазбай). Шартында: Ханайымдын тынчын алган,

Айрылмак жебе тийип чымын жандан.

Чагылган чакмак уруп, сел акканда,

Аярлар батына албай шерт бузганга;

Уруксат алып туруп Улуу хандан,

Убакыт – саат өткөн соң араң барган.

Боюнан бошоно элек ханайымдан,

Алты аяр жан соогалап араң калган.

Арадан үч ай өтүп анан гана,

Торолгон сүноттолгон эркек бала.

НЕСКАРА (ордунан атып туруп). Шойбо аяр! Шоруң катканы турат ээ патчагар! Мен кытайдын Алмамбстин эмес, буруттардын Манасын сурап жатам го, аяр?! (Мурду кесик кылычын суурун кирип келет.Нескара колун шилтегенде кайра кетет)

ШОЙБО (кебелбей).

Ага жообум даяр, Нескара дөө.
Дал ошол кытай күткөн алп Алмамбет,
Бичике аты түшкөн ал «Манас» деп.
Баш болуп Улуу лама, бардык аалым,
Чечишкен сөз маанисин, иштин жайын.
Кошумча Алмамбеттин аты дешип,
Кеп бүткөн ушул ойго бары бекип.

НЕСКАРА (өкүнүчтүү күрсүнүп). Ии-и Шойбо аяр, ширээлүү кебиң мени арбап койду. Эмне үчүн Алмамбеттин кошумча аты Манас болду?

ШОЙБО (калыбын бузбай). «Манастын» мааниси бул: ан-сезимдүү

Адамдын жаны болот түбөлүктүү.
Эл-жерин өз жанынан кымбат көрөт,
Калкалап жанын кыйнап жүрө берет.
Мындай жан эзелтеден чанда гана,
Жаралат жер эненин тагдырына.

НЕСКАРА (ойлуу). Демек ал-Алмамбет дечи?

ШОЙБО. Дал ошондой Нескара дөө. Кыямат кайым күнү келгичекти, калкалар алыпейим Шерибизди, биз билген илим сырын толук бойдон, балага үйрөтүүнү чечип койгон. Ошентип ушул күндө ал балабыз, Көйкапта жүргөнүнөн кабардарбыз.

НЕСКАРА (тынымдан соң чыңырып). Анда буруттардын Манасы кайдан чыга калды, кашайгыр!?

ШОЙБО (кебелбей). Ал буйрук Нескара дөө. Экөөбүз Улуу Бурканга теңаталык кылбайлы. Азыр төбөбүздө карап турбайбы... (тыным)

Угупсуң Шер баласын буруттардын,
Чын эле аты Манас аталарын.
Бул демек Көк-Теңири тигилерден,

Баладай Бурканыбыз бизге берген,
Керемет ырыскысын аябаптыр,
Кантебиз, колдон келбейт, түшүн баатыр...

НЕСКАРА (кыжынып). Чайнагым келет!..

ШОЙБО (кебелебй). Өрттөп ий барыбызды, бирок андан,
Өзүң бил, канча экенин табар пайдаң.
А эгер кенеш сурап кеп сурасаң,
Анда мен арга табар акыл айтам.

НЕСКАРА (аярды теше тиктеп, тынымдан соң).
Аярым, тең аталык кылганыңа,
Аргасыз баш ийдирген өнөрүң да...

ШОЙБО. Тең ата кылуу келбейт түк оюма,
Теңирдин жасаганын айттым сага.

НЕСКАРА (ойлуу). Сөздүн тууралыгын туюмумда,
Сезгемин өзүм деле сенден мурда.
Туура айттың, чоң Кудайы өзү баштап,
Колдогон Пири аны келди сактап.
(тынымдан соң дилгир сүйлөйт).
Өтүнөм азыр сенден Шойбо аярым,
Не билсең ал жөнүндө барын айткын?!

ШОЙБО (өзүнчө, жалынычтуу). Кетирсем пенделикти Улуу Тоодо,
Бурканым, кечире көр, кылдым тобо?!

НЕСКАРА (шекшип). Жашырба, Шойбо аяр?!

ШОЙБО (ойлуу). Баатырым, эл-жер үчүн талап кылдың,
Бул сырды өзүмдөн да жашыргамын.

НЕСКАРА (дилгир). Кандай сыр?

ШОЙБО. Тайынып, тазалануу максат менен,
Жалжалгыз Улуу Тоого барган элем.
Ошондо Көк-Жылдызым сыр чечишкен,
Ободон нурун төгүп мындай деген:
(Экөө тиктешет. Тыным).

НЕСКАРА (шыбырап). Аярым, сырга бекеммин.

ШОЙБО (үнүн кубулжутуп). «Жетпеген бир ирмемдик убакытка,
Жериңе бүлүк салар ушул тапта,

Бир Шердин төрөлгөнүн сөзбединер,
Жыл эмес, күндү санап күчкө кирер.
Тоодогу кереметтүү ыйык жайда,
Бир адам билим берет Шер балага.
Жар болуп Жаратканы Пири колдойт,
Жеткиче тилегине тоскоол болбойт.
Жок кылуу нурдан бүткөн ал баланы.
Жараным, колуңардан келбей калды»

НЕСКАРА (тынымдан соң). Айла барбы аярым?

ШОЙБО (жалынычтуу). Пенделигимди кечир, Улуу Буркан?

(Үңкүйүп отурган калыбында жерге чекесин тийгизип жатып калат. Нескара элпек туруп барып башын ойдо көтөрөт. Шойбо шыбырап, аптыгып бат-бат сүйлөйт).

Кемтиги Шер баланын зардан бүткөн,
Ай, жылдыз шире-нурун көктөн төккөн.
Тепшиге ал ширени тосуп алып,
Чайкаган киндик эне ага салып.
Сол колдун оту турган ай далыга,
Билбеди шире тийбей калганына.
Жалынган учурунда бир Теңир деп,
Жан эти коргошундай эрип кетет.

(Айтып бүтүп, ордунан бүжүрөй туруп, денеси титиреп, четке басат).

Күнөө кылдым жараткан!..

НЕСКАРА (өзүнчө күүлөнүп). Анын оң далысы - ажалы!

ШОЙБО (жалт карап). Ааламдын сырын ачуу кечкис күнөө,
Аргасыз моюнга алдым аны, мен ДӨӨ!
Акылым эң акыркы сага кошор,
Аракет кылып көргүн, балким болор...

НЕСКАРА (демөөр алып). Эмне кыл десең азыр Шойбо Аяр,
Эрениң бардыгына турат даяр.
Аягы эмне менен бүтсө дагы,
Жоопту эл алдында бир тарталы.
Акылды өзүң кошкун. Күчтү мага
Ишенгин, мен ишенсем кандай сага.

Жеңилсем бирге артып Эр уятын,
Жеңсем сен жеңиш даамын бирге таткын.

ШОЙБО (өзүнчө). Аттигин, аруу, баё, Айкөл – Эрен,
Кусуруң мени чындап урат белем?!

НЕСКАРА (күүлөнүп). Камыналы Улуу-Аярым!?

ШОЙБО (тынымдан соң, көзүнө тике карап).
Болуптур, бар дилиңден аскербашым,
Күнөөсүн тарткың келсе Шер – Манастын:
Даярмын. Эки дүйнө жыргалынан,
Дегеле кейибестен башым тартам.
Кылымды жашап бүтүп, жети жаштын,
Быйыл жай босогосун аттагамын.
Дүйнөгө түркүк болбойм ансыз деле,
Сапарым арып калган курак эле.
Макулмун, өзүңө оордук кылган жүктү,
Кааласаң бир чал менен бөлүшүүнү.
А бирок арстан жүрөк аскербашым,
Атайын кадыр салып бар сурарым.

НЕСКАРА (шектүү карап). И, сура?..

ШОЙБО (аргасыз өтүнүп). Жер алыс, анан дагы жооң күчтүү,
Жаш бала-Жараткандын сүйүктүүсү.
Жеңилсең ушул сапар ал баладан,
Жоолашпа аны менен сен эч качан?
Турам деп убадага берсең антты,
Туурасын айтам качан аттанаарды.

(Узакка тыным. Кыжаалат музыка угулуп турат. Нескара Шойбону шектүү карап ордунан турат. Өзүнчө түнөрүп четтей басат).

НЕСКАРА(тынымдан соң, октом). Талабыңды аткарам, Шойбо –Аяр.

(Экөө тиктешип үнсүз. Музыка жүрүп турат. Жарык өчөт).

## ЭКИНЧИ КӨРҮНҮШ

Авансценада Шойбо отурат. Айдын шооласы ошого түшөт. Анын кийингени куу. Алдына согулган бойро төшөнүп, алдына китеп коюп отурат. Терсбел бейкам. Суунун шарпылдаганы. Кыжаалат музыка күчөйт.Сырттан Көпөс чочулай кирип, Аярды таанып бай, бүжүрөп туруп калат.

ШОЙБО (башын көтөрбогөн тейде). Демиңди бас жарыгым.

КӨПӨС (селт эте чочуп, аптыгып). А-а, Сиз экенсиз, тааныдым.

ШОЙБО. Шашылба жарыгым.

КӨПӨС. Неге чакырдыңыз эле?

ШОЙБО (калыбын жазбай). Анчалык кайгы жебе...

КӨПӨС (аптыгып, шашып). Бычпырдай кайнаган эл арасынан,

Пейлиңиз түшкөнүнө тобо кылам!

ШОЙБО. Ал жазууң, жарыгым.

КӨПӨС (чочуп). А, жазууң?.. Кулачым анча деле кең жая элек,

Көпөсмүн ушул ишти кылган эрмек.

Максатым жер кыдырып, элди таануу,

Ал элдин өскөнүнөн өрнөк алуу.

ШОЙБО (кебелбей). Ал ишиңди билбесем, чакырбайт элем жарыгым.

КӨПӨС (таңкалып). А, кайдан билдиңиз анығын?

(тынымдан соң) Жеринен жеңилирек өздөштүргөн,

Буюмду эл-жеримде кезлешпеген,

Арзанга сатып алып элге барам,

Анымдан куру калбай пайда табам.

Жараткан күнөөлөсө ошол үчүн,

Жарлыгын уга турган күнбү бүгүн? А...

ШОЙБО (калыбын бузбай). Теңирдин буйругуна тобо дегин?

КӨПӨС. А, тобо... Азыр мен таңданганым-кайдан жүрүп,

Алгансыз мен сүйлөгөн тилди билип?

ШОЙБО (китептен башын көтөрүп). Теңирдин тили бирөө. Аны пенделер каалаганындай бузуп айтышат.

КӨПӨС. А, Теңирдин тили?..

ШОЙБО (сөздү бөлүп). Жарыгым, азан-казан эл ичинен,

Жайы бар кайрылганым эмнеликтен.

Жылдызды бешенеңде жанып турган,

(китепти көрсөтүп) Муногу жылдыз менен салыштыргам.

Жылдызың бул жылдызга бирдей келди,

Жыйынтык чыгарууга түрткү берди.

Жер кесип көптөн бери издеп жүргөн,

Жигитти тапканыма кылбайм күмөн.

КӨПӨС (таң калуусу күчөп). Издеп? Мениби?

ШОЙБО (маани бербей). Жалганда өтө сейрек аң терини,

Жарыгым, алган жериң эсиңдеби?

КӨПӨС (селт этип). Ыя? Качан?..

ШОЙБО. Тоголок жетим элең ошол кезде,

Топ менен иш баштаган кезиң эле.

Боорукер бир ургачы сени аяган,

Бир сырдуу аң терини тартуу кылган.

Дал ошол аң теринин арты менен,

Сен ушул даражага жеткен элең.

КӨПӨС (карбаластап). Ооба, ооба, эсимде, эстедим...

ШОЙБО (калыбын бузбай). А бирок ошол бойдон сен ал жака,

Кайрылып экинчи ирет барбадың да?

КӨПӨС (шашып). Жок, барган жокмун...

ШОЙБО. Татым туз, же болбосо бир тамчы суу,

Жашоодо эгер билсең-адам куну.

КӨПӨС (чочуп). Я, адам куну?..

ШОЙБО. Ал аял сага берген байлык кунун,

Мойнуна жүк кылышат бүт тукумуң.

Урпагың карыз кылбай ошондуктан,

Жүгүңдөн кутултаар бир арга табам.

КӨПӨС. Ыя, арга? Кандай?

ШОЙБО. Берметтүү кундуз тери берген жандын,

Баласын бир кырсыктан сактап калгын?!

КӨПӨС (ойлуу) Баласын?..

ШОЙБО. Мына ошол сен да кошо тилек кылган,
Перзентти ошол аял төрөп алган.
Баланын аты Манас, жери Алтай,
Жатпаган чыгар деймин ал деле жай.
Шонтсе да сени аяган ханайымдын,
Алдында милдетиңди эсиңе алгын.
Келерки жай толугу кан мандайда,
Кездешет уулу менен дөө Нескара.

КӨПӨС. Нескара?..

ШОЙБО (катуу зекип). Оозуңдан жел чыкпасын. Бар болгону,
Милдетиң ханайымга айтып коюу.

КӨПӨС (тынымдан соң, жалынычтуу). О Теңир!
Тынчымды алып көп жыл бою,
Көтөргөн жүгүм менин ушул болчу.
Эгерде ушул күндө чындап эле,
Жардамым керек болсо шол энеге;
Кандай күн туш келсе да баш тартпастан,
Талапты аткарууга тике барам.

ШОЙБО. Азыркы уканыңды башка жанга,
Айтууга ой жүгүртүп болбо убара.
Анткени-ойгоңдо эмес-уктаганда,
Артыңдан аңдытаарым эске сакта.

КӨПӨС (коркуп). Жо-жок, айтпай калайын!

ШОЙБО. Таң заардан кербениңди жолго камда,
Жүрүп кет шек туудурбай бир да жанга.

КӨПӨС. Жарайт, азиретим...

ШОЙБО. Жолуң болсун, жарыгым... (экөө коштошот. Жарык алмашат. Музыка угулуп турат. Көшөгө ачылганда кыргыз асабасы илинген талаа. Сахнада Батмазуура сыртты карап ойлуу отурат. Сыртта: «таамай ат, чокмор менен, найзаны көзүнө бетте, кылычты сол кол менен шилте» деген сыяктуу жигиттердин машыгып жаткан үндөрү, добуштар угулуп турат. Батмазуура ыраазы боло карап, сүйүнүп, ойлуу ошол жакты тиктеген тейде, кулагына өзүнүн бешик ыры угулат).

БЕШИК ЫРЫ. Кулунум, ар-намысың баалап өскүн,
Маанисин терең түшүн ар –бир сөздүн.
Кулунум, көрөгөч бол, бейкам болбо,
Бабаңдын көчү өткөн кыя жолдо.
Урпаксың кырк уруу элден кыргын тапкан,
Канкор калк жерин тартып, элин чапкан.
Калдайган кырк уруулу калың калктан,
Калышты бир ууч элиң азап тарткан.
Кетирген кекти куур Шер боло көр,
Өлүмгө тик караган эр боло көр.
Чогултуп чачылганын жыя көргүн,
Улагын үзүлгөнүн шордуу элдин.

(Сырттан Манас кирет. Ал маңыгып жатып, тердеп, көңүлү куунак эле).

МАНАС (апасын тамашалап, эркелейт). О, көргөнүмө кубанам!
Келиңиз Эштек-Баатыр кайталанган,
Жагабы аскер иши мен алпарган?

БАТМАЗУУРА (ыңгайсыз сезип). И, ушунуңа кубанып, бир Теңирден сұранып, келип жүрөм каралдым. Сен бешикте кезиңден:
Кулунум, көрөгөч бол, бейкам болбо,
Бабаңдын көчү өткөн кыя жолдо,
Элиңдин чачылганын жыя көргүн,
Үмүтүн аткара көр шоордуу элдин деп, тилегемин өзүңдөн.

МАНАС (күлүп, тамашалап). Көңүлү өз жайында сардарлардын,
Билерсиз өлүмгө да тик карарын?

БАТМАЗУУРА (ыңгайсыз). Билмек турсун ишенем. Сен менин көңүлүмдөгүнү козгодуң. Калкыңа тирек болчу туйгундарды топтодуң.

МАНАС (андан аша тамашалап). Анда эмесе, салыкта зарыңыздан жоокерлерге, сарамжал мардын досу, берерсиз ээ?

БАТМАЗУУРА (тетири басып. Тынымдан соң ойлуу).
Түгөнгөн каңгайлардын аярлары,
Түшүрүп те түпкүргө марды-зарды.
Түбүнө Эштек-хандын жеттик дешкен,

Түйтөйгөн мен байкушту эстешпестен.
МАНАС (эсине келгендей). Апа!..
БАТМАЗУУРА (кпай). Теңирдин калыстыгы-таятаңдын,
Тактысын кур калтырбас уул таптым.
Ата-энем, армандуу өткөн асылдардын,
Аттарын өчүрбөгөн өзүң барсың.
Мен эмес жалпы кыргыз элиң үчүн,
Сан жеткис зор алтыны-мал-мүлкүсүң!
МАНАС (ыңгайсыз). Апаке...
БАТМАЗУУРА (өктөм). Билемин, сардалдарың сыймык менен,
Сезерин не байлыкка ээ экенин.
Колуңда турса байлык кол жетпеген,
Көр дүйнө аскериңе керек дебейм.
Кызыгып көр дүйнөгө бир кезекте,
Кыз-Көлдүн түбүнө атаң жеткен эле!..
(Манас ок тийгендей онтоп, тетири бурулат. Тынымдан соң жашык).
Жарыгым, жашоомдогу медер туткан,
Жалынып бир өзүңдөн сурай турган;
Жапжалгыз өтүнүчүм четке какпа,
Жалгандан өткүчөктү эске сакта?
Карегим, кулу болбой көр –дүйнөнүн,
Караламан калкыңдын камын көргүн?!
МАНАС (тынымдан соң өзүнчө).Аттигиң, эми канттим?
Жөнү жок тамашаны неге айттым?
Орунсуз тамашамдын жыйынтыгы,
Апамдын көңүлүнө так калтырды.
Ант берем өзүмө-өзүм, мындан ары,
Көңүлүн апакемдин оорутпоону.
Кызыгып көр дүйнөгө көз артпаймын,
Апамдын ушул сөзүн бек сактаймын!..
(Сырттан Бакай кирет).
БАКАЙ. Олдо жарыгым ай. Манасты издеп жүрөм мен табалбай.
Чыйырды, арыбагын, алың кандай?
БАТМАЗУУРА (өзүн карманып). Шүгүр...

БАКАЙ. Инииве Манасыңдын жетине албай,
Кубанып турган кезиң кут болсун деп,
Кудайдан бар дилимден турам тилеп.
БАТМАЗУУРА. Теңир жалгасын, Бакай.
БАКАЙ. Эреним эресеге эсен жетип,
Элине кам коргону мына минтип,
Көөдөндө көп санаадан арылтса да,
Коңүлдү мүмкүн эмес тынчытууга.
БАТМАЗУУРА (коонтуу). Мен дагы кабатырмын, Бакай.
БАКАЙ. Бир ойду Манасыма билдиргени
Келгемин, Батмазуура, кеңешели.
БАТМАЗУУРА (ыңгайсыз). Мейлиңер... (кете турган болот)
БАКАЙ. Кайда? Сенин кеңешиң керек. Бизге акыл кош андан көрөк.(Эки жакты карап, кайра келип жайланып отурат).
Жердин да кулагы бар, ошондуктан
Жетесиз бирөө-жарым арабыздан,
Коралбай Байтородой кечеки эле,
Кылбасын чыккынчылык Эрениме.
БАТМАЗУУРА (өзүнчө). Теңир ай! Жалгызымдын жамандыгын көрсөтө көрбө?!
БАКАЙ. Капыстан каңгайларга каңшар кетип,
Борбоюн көтөртбөстөн түпкө жетип,
Койбосун коралбаган кас душман деп,
Күн-түнү санаам тынбай тынчым кетет.
МАНАС (көңүлсүз). Аба, кандай кеңеш айткыңыз келет мага?
БАКАЙ. Мерчемдүү жер-жерлерге аскерлерден,
Малчылар-дагчылардын кейпин кийген,
Караалды койдуралык тынчып калбай,
Кабарды берип турсун тыным албай.
(Сырттан Сакчы шашып кирет).
САКЧЫ (шашкалактап). Баатырым! Баатырым!..
БАКАЙ. Акырын!..

САКЧЫ. Баатырым, шектүү киши кармалды. Өзү оору, абалы начар. Канайымга айтамын дейт калганды... (тургандар бири-бирин карашат).

МАНАС. Кайда ал?

САКЧЫ. Мына бул жерде Баатырым. (Манас Бакайды карайт).

БАКАЙ. Жалгыз өзүн көрөлүк.Айтканын угуп, анан бир акылга келелик.

МАНАС (сакчыга). Өзүн жалгыз киргизгиле. (Сакчы шашып чыгат. Бир азга тыным).

БАТМАЗУУРА (өзүнчө). Теңир ай, кечире кор жамандыгым?

Тилеймин жалгызымдын амандыгын?!

(Сырттан араң басып Көпөс кирет. Батмазуура кооптоно карап, четке басат. Манас аны тосуп алат).

МАНАС (көпөстү аяп). Сизге табып чакыртайынбы?

КӨПӨС (үчөөнү алмак-термек карап, Манаска карап алсыз сүйлөйт). Эгерде жаңылбасам, кыясы сен, Эреним Манассыңбы мен издеген. Садагам, чындап эле таанып турсам, сөзүм бар ханайымга айта турган.

МАНАС. Апамбы?.. (тыным. Көпөс деми кысылып онтойт. Батмазуура шектүү басып келип, Көпөстү тигиле карайт).

БАКАЙ. Кесели ашынып кетиптир...

КӨПӨС (көзүн ачалбай жатып). Айтууга аманатты үлгүрөйүн,

Андан соң тагдырыма тобо дейин.

БАТМАЗУУРА. Мына мен угуп турам. Айта бер аманатыңды.

КӨПӨС (көзүн ачып, Батмазуураны көрүп жандана түшөт. Колдорун бооруна алып, кыйналып жатып чөгөлөйт да, жалынычтуу сүйлөйт).

Апаке, эсенсизби?

БАТМАЗУУРА. Шүгүр...

КӨПӨС. Сиз бир кезде, аяган жетимчеңиз барбы эсте?

(Батмазуура боолгой карап, аягандай эңкейет. Көпөс анын колун кармап, чекесине тийгизип тооп кылып жылмаят).

Дал ушул аруу, назик колуңуздан,

Эң кымбат аң терисин тартууга алгам.

БАТМАЗУУРА (эстеп). Билем.

КӨПӨС. Боорумду тилеп алган Көк-Теңирден,
Кырсыктан сактаганы келген элем.
Каңгайдын Нескарасы эмки жайда,
Камданып жатат кандуу кол салууга.

БАТМАЗУУРА (коркуп). Нескара?..

КӨПӨС (Дем алуусу күчөп). Калы бар оң көзүндө балчы адам,
Кастарлап аманат деп ушуну айткан.
Мен ага... (Дем алуусу күчөп, эсин жоготот).

БАКАЙ. Муну үйгө алып баралы, жигиттер!?.

(Жигиттер киришип, көтөрүп жөнөшөт. Сахна күңүрттөйт. Музыка угулуп турат. Баары сыртка жөнөшөт).

## ҮЧҮНЧҮ КӨРҮНҮШ

Түн. Авансценада Сакчы турат. Кыжаалат музыка угулуп турат. Шыбырт угулуп, Сакчы эки жакка серп салып карайт. Аңгыча киши келе жатканын көрүп, жаа тарта турган болот.

ШОЙБО (өктөм). Токто! (тыным. Сакчы жаасын түшүрбөй мээлеп турат. Шойбо аны тегерете карап, жай). Жазыксыз бир да жанга жаа сунбагын. Чочубай мерген жигит, сөз тыңдагын.

САКЧЫ (кекетип). Сен кимсиң?

ШОЙБО. Жарыгым, сага берер да бир кеңеш,
Мен киммин, аны билүү зарыл эмес.

САКЧЫ Токто!

ШОЙБО (кенебей). Жаш жигит, убакыт тар, ошондуктан,
Сөзүм бар жалгыз сага айта турган.

САКЧЫ. Магабы?

ШОЙБО. Эч кандай суроо бербей мени уккун,
Унутпай көңүлүңө бекем туткун.

САКЧЫ (кызыгып). Кана, айт?..

ШОЙБО (ойлуу). Жаралган ар пенденин Жылдызы бар,
Жалгандан узаганда жаны барар.
Жар салып жер энеге түшкөн кезде,
Жылдызы Ай толгонго тушташ келсе,

Анан да калган болсо таң агарып,
Астынан тоссо эгер куш үн салып,
Оронот касиеттүү аппак нурга,
Орун жок түк каралык андай жанга.

САКЧЫ (таңыркап). О-оо...

ШОЙБО (аны укпай). Туш келсе эгер Айдын караңгысы,
Төрөлөт бул мүнөздүн дал каршысы.
Эгедер эркке, күчкө акылга да,
Эгерим агарбаган дили кара.
Ушундай эки адамдын камын көргөн,
Жарыгым, пенделербиз экөөбүз тең.

САКЧЫ (таңыркап). А-аа?..

ШОЙБО (калыбын жазбай). Ата-Журт ар-намысын ыйык туткан,
Артыкча жаралган Шер адамдардан,
Ал сенин Айкөл – Шериң кызмат кылган,
Чабуудан аянбайсың жаның курман.

САКЧЫ (ыкчам). Ыя? Ооба, аябайм!..

ШОЙБО. Айбаттуу арстандай Айкөл-Шерге,
Тең келер эрдигине жок пендеде.
Кемтиги денесинде талуу жери,
Жүрөгү, мээси жана каректери.
Артыкча аруу, таза Айкөл-Эрен,
Аттигин, ажалы шол айкөлдүктөн.

САКЧЫ (чочуп). Ыя?..

ШОЙБО. Шериңдин тамырынан кыйыш үчүн,
Шерт кылып, топтоп жыйып курал күчүн;
Нескара жолго чыкты колун баштап,
Чыккынчы деп ойлобо элиме жат.

САКЧЫ (коркуп). Жолго чыкты?

ШОЙБО. Өткөн түн Уулу-Төрдө түнөк алды.
Уу чөп жеп Шүдүңгүтү өлүп калды.

САКЧЫ. Шүдүңгүтү?

ШОЙБО (шашып). Жарыгым, Нескаранын талуу жери,
Желкеде ДА-ЧЖУЙ деген чекитчени,

Найзанын учун түздөп тийгизсе эле,
Алп дөөнүн ажалы чын жетерине.

САКЧЫ (таң калып). Желкесинде?

ШОЙБО (шашып). Жарыгым, токтолбостон кайт элиңе,
Жеткиргин укканыңды Айкөлүңө?!

(Тез-тез басып чыгып кетет. Сакчы эмне кыларын билбей туруп калат. Музыка угулат. Жарык алмашат. Сакчы шашып чыгат. Көшөгө ачылганда Манас алыска дүрбү салып турат. Жоо келе жатканын билдирген дүрбөлөңдүү музыка угулат. Бакай шашып кирет).

БАКАЙ. Баатырым, камышын каман түрткөн жерге окшоп,
Чытырман чер токойду балта-чоттоп,
Каңгайдын түмөн колу каптаганда,
Калың чер талкаланып болду талаа.
Жыбырап жер жайнаган кумурскадай,
жылмалап Ойрот-Белден бери карай,
Тоскоолду тоотпогон селдей каптап,
Түзөлтүп ой-чуңкурду келе жатат.

МАНАС (турнабайын көзүнөн албай, кенебеген үн менен)
Көрүп турам аба. Алардын көптүгүнөн баш адашат.

БАКАЙ. Куралсыз миң деген кол жөө астыда,
Куралдуу аскерине жол салууда.
Киши эмес шагыл жылып келаткансыйт,
Кас-катар каптаган жоо ирээт бузбайт.

МАНАС. Аскердик тартипти бек сактаганын,
Абаке, ак дилимден бааладым!
Анда биз карап турбай буктурмада,
Алдынан ат коёлук каршы ала.

(Экөө чыгып кетишет. Сахна күңүрттөйт. Музыка күчөйт. Бир аз ээн. Сырттан шашкалактап Сакчы чуркап кирет).

САКЧЫ (эки жакты карап). Жүрүп кетишиптир э Теңирим! Эми канттим?Айкөлгө аярдын аманатын кантип билдирем? Кой, артынан безейин. Жок дегенде Бакай абама жетейин. (шашып чыгып кетет. Музыка уланат. Сахна күңүрттөйт. Алыстан айгайлаган чуу угулат. Кылычтын чакылдагы, онтогон үндөр. Доолдор... Сахнага арбактар

чыгышат. Алар ак жана кара кепин жамнышкан. Арасында ойлуу басып Шойбо жүрөт. Арбактар «Чабуул» бийин бийлешип, ырдашат).

ШОЙБО (өзүнчө шыбырап). Азуусун Айга жанган Нескара-Бек,

Айкөлдү ойлоду эле апыртма деп.

Күчүнө, акылына, түмөн колго,

Ишенип жеңерине чыккан жолго.

(Шойбонун сөздөрүн Арбактар кайталап ырдашат. Бийлешет).

ШОЙБО. Кыраандай Манас-Баатыр кыргын кылды,

Күтүүсүз камчы тийип, шагы сынды.

Душмандын акыл-эсин жыйдырбады,

Сан миң кол түмөн колго кыргын салды.

Өлүмгө тике карап «ай-гай» салып,

Өрөөнгө өлүк толуп, кан жин агып,

Беттешип бир чекитте күн менен түн,

Баткандай болду канга дүйнө бүгүн.

Аттиң десең!

Айкөл-Эрен билер бекен?

Коргогон-тууган эли, ыйык жери,

Жана да кудуреттин иши экени?..

(Сахна күңүрттөйт. Арбактар кетип, Шойбо жалгыз калат. Пистолеттин жарыгы жалгыз Шойбого түшөт. Ал Бурканга жалынып).

О, Улуу Буркан!

Тагдыр буйрук,

Жазыптыр маңдайыма шуну буйруп.

Билемин, кетер кезим чукул калды,

Сөзүмдү макул көрүп, кабыл алчы?!

Сөөгүмдү мен жалгандан узаган соң,

Калтырып ушул жерге кеткеним оң.

Шерттешип жеңилүүнүн уусун бирге,

Нескара тең таталы деген эле.

Мен эми жалаң элдик жек көрүүдөн,

Туруштук бере албаймын ал ууга мен.

(Сырттан Бакай менен Манас киришет. Алардын кыймылында жеңиштин белгиси бар).

БАКАЙ (кубанып). Баатырым, чаң-тополоң арасында,

Көз албай али мүчөңдү көрдүм даана.
Кай жакка бет албагын-бардык жерде,
Кыйрашын жан бериши өздөрү эле.
Жап-жашыл гүлгө оронгон ойдуң-талаа,
Тос чыгып жуурулушту кызыл канга.
Ой-чуңкур тегизделип өлүк толду,
Өзгөрүп бир өзүнчө дөңсөө болду.

МАНАС. Ага анча маани бербей адегенде,

Кубандым жоого колум теңелгенге.

АКБАЛТА (шашып кирип). Баатырым, алсырап душман колу шайы кетти. Ак туусун элчиликтин желбиретти. Кеп сөзгө келелик деп белги берип, кептелди бел түбүнө колду имерип.

БАКАЙ. Киши келдиби?

АКБАЛТА. Келди. Намысын бекем кармап көкөлөгөн, Нескара сөз айтыптыр мындай деген:

«Кыргынга учуратпай аскерлерди,
Кыраны чыксын жалгыз беттешели?!

БАКАЙ (чочуп). Жекеме-жекегеби?!

МАНАС. Жекеме-жеке деген чакырыкка,

Мен дагы макул болуп турам, аба.

БАКАЙ (абдан чочулап). Макул болуп?!..

АКБАЛТА. Анда Аккуланы алдырайын? (чыга турган болот)

МАНАС. Жок. Ансыз да Теңир берип өз жазасын,

Ажырап шүдүңгүттөн жөө калганын,
Уккамын. Демөөрү бийик эрдин шагы сынып,
Туура эмес, тургансыңым таба кылып.
Жөө чыкса Нескара дөө, анда мен да,
Ант берем Аккулага аттанбаска.

БАКАЙ (чочуп). Береним, ал эмине дегениң?

Курагы акыл тоңтоп калган чакта,
Күчү да Нескаранын көп ашыкча.

Айкөлүм, Аккулага аттанбасаң,

Жекеге чыгышыңдан чочуп турам.

МАНАС (ойлуу). Жазылган маңдайларга тагдыр-буйрук,

Ажалды кимибизге турса буйруп,

Аны биз аттап өтүп кете албайбыз,

А демек ага мага бирдей намыс.

(Сырттан доолбастын үнү угулат).

АКБАЛТА (чочулап). Доолдор кагылды...

МАНАС (ойлуу). Урулду доолбастар. Эрөөл талаа

Ушу азыр бирибиздин канбызга,

Жүзүн жууп, денебизди бооруна алар,

Жашоону буйруганы аман калар...

БАКАЙ (найзаны берип). Түпөктүү Култегиндин сыр найзасын, тизелеп таазим кылып колуңа алгын!..

(Манас тизелеп, таазим кылып, найзаны колуна алат. Бакай жалынычтуу сүйлөйт). Көкө-Теңир! Касиеттүү эне ыйык жер!

Кудурет, Айкөлүмө жар боло көр?!

(Бардыгы бата тартышат. Ага сыртта тургандар да кошулат. Манас чыга турган болгондо). Баатырым, талуу жерин Нескаранын,

Түк эсиңден чыгарбагын?!

(Манас эрөөл талаага чыгып кетет. Аны коштоп баары чыгышат. Жарык алмашат. Доолдор күчөп урулат. Чурулдаган сырттагы үндөр)

АКБАЛТА (алысты карап). Карасаң, касиеттүү таш Бурканга, Нескара тайынды бейм өз салтында.

БАКАЙ (ошол тарапты карап). Э Теңир! Түбүнөн жулуп ойноп чоң теректи, түз эле сез кылгандай туюм берди.

АКБАЛТА (жакасын кармап). Карачы, колунун учу менен койдой ташты, корголдой топташ ойноп келе жатты.

БАКАЙ (шашып). Жүр, сырт тарапка чыгалык.

АКБАЛТА. Мейли, тигил дөңдөн карап туралык.

(кетишет. Жарык алмашат. Музыка күчөйт. Сахнанын төр жагынан Нескаранын карааны көрүнөт. Манас авансцена тараптан-алдынан чыгат. Экөө тиктешип туруп калышат. Нескара бир нерседен чочугандай, эңкее калып, чакчая карайт. Манас кебелбейт. Нескара

колундагы таш менен Манасты уруп жиберет.Манас аны тосуп алып, акырын таштап коёт).

СЫРТТАГЫ ҮНДӨР. Эроолдук эрежени бузбагын!

-Эреже бузулду!

-Нескаранын женилгени ошол!

-Эрежени буздун Нескара!

(Нескара Манасты айлана басып, найзасын ай далыга урмакка аракет жасайт. Манас түк кебелбейт).

СЫРТТАГЫ ҮНДӨР. Катыгүн! Кокуй Манас, кыймылда!

-Желкесине жете көр!?

(ушул тушта Нескара үн чыккан жакты жалт карайт. Манас найзаны Нескаранын желкесине урат).

НЕСКАРА (өгүздөй өкүрүп). Өө-ө (теңселе түшүп). Аа-а! (Манаска карай жүткүнүп). Аа-аах! (анан артына жалт бурулуп качып чыгат. Сырттан качты деген үндөр угулат. Көпчүлүк киришип, Манасты тегеректешет).

АКБАЛТА (алысты карап). Алп дөөнүн атырылды кызыл каны,

Арынан кымбат экен кара жаны.

Тебелеп аскерлерин качып барат,

Карабай арт жагына шашып барат,

САКЧЫ (күлүп). Алп дөөсү акыл-эстен айрылгандай,

Алактап арка жагын бир карабай,

Бет алды желдей сызып келген жагын,

Унутуп аскеринин кырылганын.

(бары күлүшөт).Артынан кууп талкалайлы.

МАНАС. Жок! Өлгөндүн үстүнө көмгөн кылбайлы.

Эр адамга ушул жетишет.

БАКАЙ (үнүн бийик чыгарып). О Журт! Уккулачы?!

Эгерде Манас-Баатыр болбогондо,

Каяктан ата-конуш тиймек колго.

Андыктан ар уруудан турбай эми,

Манасты хан көтөрүп баш ийели.

Ар уруу хандыктарын сактап калсын,

А бирок, баарыбызды Манас башкарсын!

ҮНДӨР. –Туура.

-Абыдан туура!

Манасты хан көтөрөлүк!

-Бир гана Манаска баш ийелик!

БАКАЙ. Эмесе, хан тоюна камыналы, калайык!..

(баары кубанычтуу тарашат. Музыка салтанаттуу угулуп турат. Жарык алмашат).

## ТӨРТҮНЧҮ КӨРҮНҮШ

Авансценада Манас ойлуу олтурат. Музыка угулуп турат.

МАНАС (өзүнчө). Каныма жат душман деп эсептеген,

Каңгайдын Улуу-Ляры эмнеликтен;

Акыркы дем тартканча ойлоп мени,

Табышмак бойдон калды кам көргөнү.

Жүздөшпөй бир да жолу бул жалганда,

Жан үрөп, жакын сезген атамдан да;

Арбагың Улуу адам ушул тапта,

Айтууда калыстыкты ким тарапка?..

(Сырттан Абыке кирет да, унчукпай туруп калат. Манас Абыкени көрүп, ордунан туруп барып, башынан сылап, мурдун чертип эркелетет).

МАНАС (эркелеткен үн менен). Эмне жасап жүрөсүң?

АБЫКЕ (ызаалуу үн менен). Аныңды өзүң жакшы билесиң...

МАНАС (шектүү карап). Билесиң? Эмнени?..

АБЫКЕ. Абаке, айырмабыз бир аз гана,

А сен мени дайым эле жаш балача;

Төбөмдөн төмөн басып, мурдум чертип,

Туямын турганыңды кемсинткенсип.

МАНАС. Кемсинткенсип?..

АБЫКЕ. Чын дечи ай болсо да улуу экениң,

Анан да баласымын кичүү эненин.

Атам да, сен да бизди кемсинткениң,

Акыркы айларда аны даана сездим.

МАНАС (таңдана). Абыке, эмнени сездиң?

АБЫКЕ. Антпесе бул жердеги алтын такка,
Атабыз олтургузмак мени гана.
Ордого киндик каным тамган күндөн,
Орунсуз жер кыдырып тентибегем.
Төрөлгөм түпкү атамдын конушунда,
Таятам жер ообаган бөтөн жакка.
Андыктан ата-конуш мага гана,
Ак дилден арналарын танбайсыз да?

МАНАС (ыңгайсыз). Абыке, айтканыңдын жүйөсү бар, а бирок.

АБЫКЕ (сөздү бөлүп). Ойлосоң болмок...
Ал тиги таятаңдын аманаты,
Арналган бир сен үчүн алтын тагы,
Алайда тургандыгын уккан элем,
Абаке, аны дагы танбассың дейм?

МАНАС. Айтып жүрүшөт. Бирок мен...

АБЫКЕ (күчөп). Демек, чындык экен...
Эл сени айкөл дешет, чын болсо анда,
Эмне үчүн ээ болгуң бар эки такка?
Эгерде ырас болсо айкөлдүгүң,
Эмесе айтканымды туура көргүн.
Алтайды толук бойдон мага бергин,
Атамдын ордун басып мен бийлеймин!

МАНАС (ызалуу күлүп). Эр жетипсиң Абыке...

АБЫКЕ (күчөп). Алайга кеткениң оң бачымыраак,
Ал жерде алтын тагың күтүп турат.

МАНАС (өзүнчө). Чын эле ушул сөздү айтып жаткан,
Береги боордошумбу болбураган?..
(Абыке кете турган болот)
Токтогун... Абыке, байкоос албай эр жеткениң,
Боорум деп кичүүсүнтүп эркелеттим.
Аңдабай энөөлүктү кетиришмин,
Аны сен оюңа албай кечиргиниң?

АБЫКЕ (томон карап). Макул...

МАНАС. Айтуунун ачуу сөздү кажети жок,

Ал билсең как жүрөккө кадалган ок.

Алтын так, бийлик деген эгер билсең,

Ал сенин көлөкөңө келбестир тең.

Жалганда бир тууганга тендеш жогун,

Жадыңа бекем сактап жүргүн боорум?

АБЫКЕ. Билем, билбегенде эмне...

МАНАС. Жайынча түшүндүрүп калайыкка,

Жан боорум, олтургунуң ошол такка.

Ал эми мага деген байлык, бийлик,

Анчалык зарыл эмес, жүргүн билип!?

АБЫКЕ (кексе күлүп). «Зарыл эмес?..» Зарыл болбосо, эмнеге?..

(Экөө узакка үнсүз тиктешип, Манас сыртка басат).

МАНАС (өзүнчө). Бул сөздү башка бирөө айттырыптыр,

Атайлап Абыкени тукуруптур.

Жайынча түшүндүрүп таарынбастан,

Жашырбай уккан сөздү баарына айтам.

Журт уксун, кесир кылбай жатканымды,

Билдирем хандыктан баш тартканымды.

(Абыкеге) Туура сен айткандай болот. Жүрү... (Экөө чыгып кетишет. Музыка угулат. Көшөгө ачылат. Жарык алмашат. Батмазууранын өргөсү. Үйдө Батмазуура, Кошой, Бакай, Акбалта, Жакып, ж.б. жигиттер, кыз-келиндер. Кошой, жаңы келип, учурашып, бакылдашып жатышкан).

КОШОЙ (эки жакты карап). Капырай, кайда Манас-Береним?

БАТМАЗУУРА. Жанараак уктум эле, суу тарапка барыпкелем дегенин.

КОШОЙ. Карачы, канча жыл сызды, карааны көзүмдөн учту. Жатсам –турсам Эреним, эсимден түк чыгаралбай келемин. Санаам тынчыбай койду. Ат-Башыдан аттанганыма үч айдын жүзү толду.

БАКАЙ. Баатырды карагылачы жигиттер!?

(Манас менен Абыке киришет. Кошой селт эте карап, кубанычтан аптыгып, кучагын жаят).

МАНАС (кубанычтуу). Аба-а! (Экөө кучакташып, алкымдан жытташып бүткөн соң). Кошой абам, адамдан өзгөчө жаралган жан! Жан абам!

(Кошой кубанычтан көз жашын сүртөт).
Ак мөңгү аска-зоодой арка туткан,
Арыбай келдиңизби асыл абам!
Жалпы журт, жаш карысы кырсыктан тыш,
Жар болуп Көк-Теңири жатабы тынч?
Журтумдун уюткусу Көкө абам,
Жүрөбү эл ичинде эсен –аман?
Жамгырчы- жалгыз тагам медер туткан,
Жеримди баспасын деп касташ душман,
Жердеген жердин чеги Үч-Турпанды,
Абаке, ал кишиден кабар барбы?

КОШОЙ. Баарынан ысык дубай салам алып келдим, баатырым.

МАНАС (өтө кубанып). Оо, Жердеген түпкү атабыз түпкүлүктүү,
Жериме кусалыгым отө күчтүү!

КОШОЙ. Жериңди сагындыңбы Эреним!?

МАНАС. Түн уйкумдан кетпей эзилип келемин!

БАТМАЗУУРА (Манаска акырын шыбырап). Абаңды отургузсаң, кулунум?

МАНАС (ыңгайсыз). Ой, Чаалыгып келгениңиз эске албастан,
Чаржайыт үстү-үстүнө суроо салган,
Аңдабас Манасыңды алабарман,
Абаке, кечириңиз ойго албастан?

ЖАКЫП. Бала деген бала да, Кошой балбан. Мына бул жерге олтурчу? (Батмазуура кастарлап салган орунга олтурат).

БАКАЙ. Манас баланын сөзүн айткан жок. Ал ой барыбыздын жүрөгүбүзгө кадалган ок!

КОШОЙ (жайланып олтурган соң). Эр жетип, элге тарап атак-даңкың, эсиңе ал эл-журтуңдун кубанганын. Карманган туубуз деп колубузда, калайык бир өзүңдү тутат арка. Кадырлуу Көкөтөй-эр баш болушкан, кырааным, эл-жериңден дубай салам!

ОЛТУРГАНДАР. Саламат болушсун.

- Э теңир, эсен-аман жүздөшөр бекенбиз?!

- Өзгөчө жердин алысы кыйын экен.

КОШОЙ (ойлуу). Ылайык элдин ичи тынч деп айтсам,

Ыраасы-жердин көбүн каңгай баскан.

Анжыян, Кокон менен Маргаланды,

Анан да бир топ эле майда шаарды,

Каңгайлар өз үйүндөй баса олтурган,

Калкына кадимкидей бийлик кылган...

ОЛТУРГАНДАР ( шыпшынышып). Кайран жер ай!

-Кайран эл ай!

-Кайтарып алар күн болор бекен?!

-Туурубузга бакыт кушу конор бекен?!

КОШОЙ (ошол калыбында). Элиң бар, ээси жоктук кылып атат,

Ээсизди ээлеймин деп душман басат.

Уздун уюткулуу алтын тагы,

Укумдан –тукум улап келатканы,

Жашыруун эмес-элдин баары билет,

Жолборсум, журтуң, тагың сени күтөт!

(Отургандар жапырт үнсүз. Кошой үнүн бийик чыгарып).

Аңызың элге тарап, өзүң барбай,

«Алтайда качып жүрөт» дешет каңгай.

(Манас жалт карайт. Кошой кайра жер карап, акырын).

Ар кандай сөзгө өзөк болбосун деп,

Алгырым, абаң минтип келди издеп...

ЖАКЫП. Аа, издеп келгениңе ыракмат, Кошой балбан. Боор түтмөк беле...

АКБАЛТА. Санааркап жүрөбүз өзүбүз деле...

БАКАЙ. Акбалта, чыдап уккун. Хан-Кошой кебинин аягына чыксын.

КОШОЙ (үнүн көтөрүп). Бул жакта ага-тууган туура тапса,

Береним, Жакып ханым берсе бата,

Күттүрбөй кыраан Шерим, түпкү атаңдын,

Күн жети ээлей турган алтын тагын.

Айкөлүм, акылдашып, көнсө элиң,

Абаңа көп күттүрбөй жооп бергин?!

(Тыным. Олтургандар өз ара шыбырашат).

МАНАС (өзүнчө). Үстүмдөгү Абыкенин оор жүгүн,

Алп абам, из калтырбай так бүтүрдүң...

БАТМАЗУУРА (Бакайга). Манастын көңүлү тынч беле?

БАКАЙ (күңгүрөнө). Билбей турам мен деле. Сырттан өңү бузулуп кирди эле.

МАНАС (өзүнчө). Хандыктын уюткусу бул үй-бүлө,

Кичине уюткудан шек кетсе эле,

Эгерде элди сүт деп эсептесек,

Ээ бербей чекесинен ирип кетет.

Алп абам мына ошол кумалакты,

Ачтырбай жан кишиге алып салды.

БАКАЙ. Кабатырланбай, оюңдагыны ачык айт, баатырым.

МАНАС (жал карап). Атаке, Кошой абам салган кепке,

Айтайын өз оюмду туура келсе?

ЖАКЫП. Айт. Оюңду айтууң керек.

АКБАЛТА (Кошойго). Биз мында Манасты хан көтөрүп, хан тоюна камынып жатканбыз.

КӨЙКӨР КӨТӨРГӨН КЫЗ.

Айкөл биздин ханыбыз,

Кутту болсун тагыңыз.

Аппак тилек тилейбиз,

Ачылар деп багыбыз.

(Кошойго кымыз сунат).

БАТМАЗУУРА. Шүк!.. Тентегин кантесиң...

АБЫКЕ. Азыр эмне, айла жок, киши сырын киши укпайт.

Айкөл абам анчалык, хан тагына кызыкпайт.

АКБАЛТА. Кантесиң Абыке?!

АБЫКЕ (күчөп). Эмне? Тыю салба кебиме! Айтканымдын эби бар. Абамдын мага айткан кеби бар...

МАНАС (сөздү бөлүп). Атайы ат арытып алыс жактан,

Астымдан өтүп келсе Кошой абам,

Болом деп алакандай Алтайга хан,

Болбостур түпкү журтган башым тартсам.

АКБАЛТА. Ооба, ооба, ал жер биздин түпкү жерибиз экени ырас.

ЖАКЫП. Кошойдун сөзү жөндүү, уулум...

МАНАС. Элимдин чачылганын жыйнасын деп,
Эгемден кылыпсыңар барың тилек.
Кыдырып эл кадырын сурар убак,
Келгенин Кошой абам айтып турат.
Алтайда качып жатат дедирбестен,
Аттанып конушума жол тартсам дейм?

БАКАЙ. Баракелде, Баатырым!

МАНАС. Атаке, Чыйырдынын жолун улап,
Алгамын кырк уруудан жигит курап.
Мына ошол кырк чоромдон башкаларын,
Ээрчитем өзү гана каалаганын.

ЖАКЫП. Көңүлүңө жакканын жасай бер...

МАНАС. Үзүлгөн үмүттөрдү улай турган,
Чачылган эл-журтумду курай турган,
Убакыт жеткендигин көрүп турам,
Улуулар ушул жерде сөзүмдү уккан,
Ар бириң ак жол тилеп берсең бата,
Аттансак токтолбостон Ата-Журтка!

КОШОЙ (ордунан тура калып). Санаамды тындырдың, кыраанным! (Экөө кучакташат).

АКБАЛТА. Каап, хан тоюна кылган камыбыз текке кетти ээ.

БАТМАЗУУРА. Кейибе Акбалта. Эл өз ырыскысын өздөрү жешет. Талаага чачылбасын де!

АКБАЛТА (ыңгайсыз). Ырас айтасың Чыйырды, ырас...

БАКАЙ (ортого чыгып). Жеткиче Баатыр-Манас эрессге,
Жер кесип аны менен кеттим эле.
Өлгүчө чогуу жүрөм мен жанында,
Агаин, көңүлүңө албагыла.
Антташып кыяматтык дос болгонбуз,
Аллага ажырымсыз жаш ортобуз.
Аткарып анттын шартын ошондуктан,

Эр-Манас кайда барса мен да барам.

АКБАЛТА (карбаластап). Я Бакай, Бакайым, анда биз кимге таянып калабыз? Чогуу эле көчөлүк андан көрө.

ЖАКЫП (жактырбай). Анчалык бүлүнбө Акбалта. Эл бар, эл ичинде болосуң...

БАКАЙ. Жерлерди түпкү атабыз ээлик кылган,
Жалпыбыз тазаласак кас душмандан,
Биригип жалпы кыргыз бир ордого,
Башчыбыз болсун Манас дал ошондо!

КОШОЙ. Сөз эмес бекен!

БАТМАЗУУРА. Айтканың келсин, Бакай.

БАКАЙ. Омийин! Тилегибизди кабыл кылсын Теңирим!?

(Бары бата тартышат. Сахна караңгылайт. Музыка).

## БЕШИНЧИ КӨРҮНҮШ

Авансценага Батмазуура жай басып келип, үнсүз олтурат да, Чөгөлөй калып, колун созуп, Теңирге жалынат.

БАТМАЗУУРА. Жараткан кудуреттүү Көк- Теңирим,
Жүрөккө каткан кебим, күнөөм менин.
Канча муун зарлап-какшап тилеп келген,
Перзентти өзүң буйруп араң көргөн.
Пенделик кылганымды билдим көрсө,
Карачы, унутулуп канча нерсе.
Кыркуздун кармангады бул жалганда,
Карегим, жандан кымбат жалгызыма,
«Какшыктап сөз айтканы эмнеси деп,
Канча жыл кечире албай жүрөм зилдеп.
Алыстап жалгызымдан бараткавым,
Ал менин күнөөм экен, моюнга алдым.
Култегин, Тул-Бийкенин, чоң атамдын,
Кейитип алган экем арбактарын.
Кең пейил асыл жандар, кечиргиле?
Кесирим келтирбесин залал нерсе.

Мен дагы ар-намысты ыйык көргон,
Аруу дил ата-эненин перзенти элем.
Алардын арбагына шек келтирсем.
Андабас эссиз кызын кечирсе экен?!
Манасым зарлап күткөн бар дилимде,
Жараткан, жалгыз ыйык тилек эле.
Эл уулу-эл ичинде жүрсө аман,
Энеге бакыт барбы мындан ашкан!
Азыр да акым болсо тилей турган,
Алладан шул тилекти тилек кылам!?

(Көз жашын сүртүп, ордунан туруп, өзүн карманып, алысты тиктеп турат.Музыка угулат. Сырттан Манас ыңгайсыз абалда кирет да, апасын өөп, үнсүз кучактайт).

Кулунум, күн кечендеп кеткендиктен,
Кош жакка барсамбы деп турган элем.

МАНАС (ыңгайсыз). Убакыт жок. Кол бошобой... Өзүм деле...

БАТМАЗУУРА (сөзүн үзүп). Кармабаймын мен деле...

Алыска аттанасың, ошондуктан,
Камынгам даам татса деп өз колумдан.
Жаныңа келишет деп чогуу --чараң,
Жигиттер, Бакай менен Кошой абаң.
Дайындап аш-даамымды күтүп турам.
Даамымды баарың келип чогуу татсаң?
Артыңдан алар дагы келер бекен?..

МАНАС (апасынын саамайынан сылап, ыңгайсыз).

Олдоксон бир тамашам, жаным апа,
Оорутту жүрөгүңдү жанга бата.
Өзүңдөн кечиргин деп сураш үчүн,
Өтүнүп, ишенгиниң, даабай жүрдүм.
Жаратты байкабастан салып алган,
Жан апа, кандай кылып айыктырам?

(Манас чөгөлөй калып ыйлап жиберет. Батмазуура уулун кучактап ыйлайт).

Апаке, аш ичсем да ошол күндөн,

Ач өзөк калган сымал тойбой жүрөм.
Анткени акыл гана тойгузарын,
Айтчу эле Наби устатым ар күн сайын.
Кесеңди акыл куйган байкабастан,
Кечиргин, кесир кылып чайпап алсам?!

БАТМАЗУУРА (ый аралаш). Болду каралдым. Түшүнөм...

МАНАС. Бул жерде медер туткан менден башка,
Бир да жан жок экенин билем апа,
Апаке, макул десең өзүм менен,
Ата-Журт конушуңа ала кетем.

БАТМАЗУУРА (өзүн карманып, жашын сүртүп, тынымдан соң, жай).
Тура гой уулум... Жарыгым,
Келишсе чоролоруң, абаларың,
Кешикти алар менен чогуу таткын.

МАНАС. Жарайт апаке... (Экөө ээрчишип чыгышат. Жарык алмашат. Музыка жүрүп турат. Көшөгө ачылганда Сыртта көчүп жаткан элдин кобуру угулуп турат. Сахнада Жакып менен Абыке сүйлөшүп турушат).

ЖАКЫП. Кейибе уулум, энчимдин көбүн сага беремин.

АБЫКЕ. Билбедим, көчкөнүңдүн себебин. Оордо үйдү чечтирбей, бизге караштуу элди көчтүрбөй, бул жерде калсак болот эле го?

ЖАКЫП. Мен сага билип туруп айтамын. Элдин түрүн байкагын. Алар Манас тарапта.

АБЫКЕ (ызаалуу). Атаке, бул жерде калсак, ээн-эркин бийлик кылмакпыс.Сагынып баратсаң катташып турмакпыс.

ЖАКЫП (айласы кетендей). Кайдагы сагынганды айтасың. Болбой калды чырагым. Колумдан келбесе кандай кыламын. Өзүм да өрттөнүп турамын. (тынымдан соң) Кейибе дебедимби. Байлыктын барын сага берем. Колунда мыдыры жок, Манас кайсынысына коржоңдойт, ушуну билбейт белең?

АБЫКЕ. Билем, билбегенде эмне...

ЖАКЫП. Анда жакшы. Малды экөөлөп айдайбыз. Сен жанымда болосуң. Жарайбы?

АБЫКЕ. Жанында болом да, болбогондо эмне...

ЖАКЫП. Жүр эмесе, жүктү коелук... (экоо чыгышат. Сахнанын төр жагынан Батмазуура менен Манас сүйлөшүп киришет).

БАТМАЗУУРА. Жарыгым, ак оргөнү караманча,
Бүккөнүң жакты бекен хан атаңа?

МАНАС. Билбедим...

БАТМАЗУУРА. Ээрчиген сан-миңдеген элиң менен,
Ээлсчү барбы сенин жериң кенен?
Элиңди сыйдыра албай барган жерге,
Эреним, кепке – сөзгө калып жүрбө?

МАНАС. Апаке, туталанып айттың неге?

БАТМАЗУУРА. Эскертип жатканыма болбо капа.
Эртеңиң бүгүнкүңдөн кымбат мага.
Абыке Көбош экөө ак оргөнү,
Алтайдан көчүрбөйбүз деген оңдү...
Алардын оюн угуп анан гана,
Киришсең болмок эле жүк артканга.
Жалгызым, азыр деле кеч эместир,
Жооптош, каршы болсо жүктү чечтир?!

МАНАС (ойлуу). Кыясы мына ушуну тагдыр буйрук,
Кылгын деп жазган чыгар мага буйруп.
Кечиргин жаным апа, айтканыңды,
Аткаруу деги мүмкүн болбой калды.

БАТМАЗУУРА (ойлуу). Өзүң бил...

МАНАС. Тилимди албады деп болбой капа,
Сөзүмө кулак салчы жаным апа?
Көч алга кете берсин, макул дечиз?
Жайына Култегиндин кайрылбастан,
Жакпас дейм жаратканга сапар тартсам?

БАТМАЗУУРА (ойлуу). Макулмун уулум.

МАНАС. Анан да өтүнөрүм жаным апа,
Ал жерге атам дагы чогуу барса?
Анын да көөдөнүндө бекем түйгөн,
Армандуу сыры бардыр айтпай жүргөн.
Агарган жан дүйнөсүн ыйык жерде,

Арылтып дил жүгүнөн анан кетсе.
Атанын алдындагы милдетимден,
Азырак кутулгандай сезет элем.
Ант – шертке эч залалы тийбесе эгер,
Абамдар, арбактар да туура көрөр.

БАТМАЗУУРА (ойлуу). Айтып көр кулунум...

МАНАС. Анда мен... (Батмазуура сөздү аягына чейин укпай чыгып кетет. Сырттан калдандай баскан Жакып кирет).

ЖАКЫП (Манасты теше тиктеп). Кайда энең?

МАНАС. Өргөсүнө басты белем. (Жакып ошол тарапка чыга турган болот). Ата, бир сөз айтайын дегем...

ЖАКЫП (жактырбай). Айт!?.

МАНАС. Култегиндин кабарына биз менен,
Сизди дагы кошо барса деген элем.

ЖАКЫП (Манаска тике басып келип, кекете сүйлөйт).
Барыбыз бакшы болуп кетип калсак,
Бул көчтү айтчы балам, ким башкарат?
(тынымдан соң)
Кызыл май кылып малды кырып алсак,
Кыргызга кай байлыгың хан атантат?!

МАНАС (үнү буулуп). Ата...

ЖАКЫП (укпай). Мал-жанды чөлгө салбай сыртка салып,
Мен өзүм айдашамын көч башкарып.
Ал жерге Бакай, Кошой, энеңди алып,
Аябай тайынганың өзүң барып.
(Манас чыга турган болот).
Токтогун! Тийиштүү энчиңерди ар-бириңе,
Тең бөлөр күн келиптир, антпегенде,
Каның бир үчөөңөрдүн уяң бөлөк,
Күндөштүн кулу жоо дейт, анда демек,
Өзү эмес күлдөрү жоо күндөштөрдүн,
Бир үйдөн оту күйүп чыкпайт түтүн.

МАНАС (эрки жетпей). Түшүндүм ата... (кете турган болот).

ЖАКЫП (алдына чыгып). Угуп тур! Сен тиги Кобош менен Абыкеми, турасың бүт барынан четтеткени. Өзүнө тиешелүү мал мүлкүңдү, көчүрүп же болбосо өрттөйсүңбү, ага мен кийлигишпейм, өз милдетиң. Абыке, Көбөшүмө тийишпегин!

МАНАС (араң чыдап). Болуптур ата...

ЖАКЫП (күчөп). Ээрчитип алсаң эле өз жаныңа,
Ээ болом деп ойлобо бүт баарына!

МАНАС (ачуулу). Жетишет! Ата-бала каар кептен,
Жөнү жок сөз айтпайлы жан кейиткен.
Кезинде көр байлык деп кундуздардын,
Калыпсың каргышына, унутпагын!

ЖАКЫП (кекетип). Ал байлыктын сага зыяны тийген жок!

МАНАС. Энчи албайм. Эч нерсеңдин кереги жок.
Эл-жерим эсентурса пейилим ток.

ЖАКЫП. Байлыксыз бийлик болбойт, билип алгын. (кетет).

(Манас теңселе басып туруп калат. Музыка угулуп турат).

МАНАС (тынымдан соң, өзүнчө).Адамдын көөдөнүндө эмне барын, аттигин, мен эч качан биле албадым. Болбосо башка эмес өз атамдын, билбепмин али күнчө не каалары н...Асылым Тул-Бийке эне! «Кыркууз барда атыбыз аталат» деп айтканыңа, кечиргин, бирок күмөн санап турам, Кыркууз жок! Чымчым орчун кыргыз калган. Орчундун арасында Култегинди билгендер бар болушса бирин-эки. Экинин бири дагы атама окшоп, элди эмес-көр дүйнөсүн калса ойлоп, эсинен чыгарышып коёбу деп, эзилип турган кезим убайым жеп!..

(Сырттан Батмазуура шашып келип, уулун кучактайт).

БАТМАЗУУРА (ый аралаш). Барын уктум жарыгым. Кандай арга кыламын! Азыр мен айла таппай турамын. (ыйлайт. Сырттан Акбалта шашып кирет. Анын өңү бузулган).

АКБАЛТА. Чыйырды, иши оңолбос Акбалтанын,
Жүгү ооду, кайра дагы жардамдашкын?!

МАНАС (чочулап). Анчалык эмне болду абаке?

АКБАЛТА (терин сүртүп, ыйламсырап). Чубагым! Олдо кокуй чунагым ай!..

БАТМАЗУУРА. Капырай, кеп айтпачы кичине баладай!?

АКБАЛТА. Анан кантем Кудай ай!

«Сапарга мен да атганам дегенинен,
Садагам, баласың деп койгон элем.
Унутуп ошол бойдон сүйлөшкөнүм,
Уу-дуга элге аралаш жүрө бердим.

МАНАС. Чубак быйыл канчада?

АКБАЛТА. Алтыда... Көбөш экөө бир жылкы да...

БАТМАЗУУРА. Аны койчу Акбалта!..

АКБАЛТА. Кемпирим жигиттерден бир нече ирет,
Келсин деп чакыртканын койбой кенеп,
Ал турмак ачуум келип, бирок ичтен,
«Ай сенин шишиң толгон» экен дегем.
Ачууму тургандардан жашырсам деп,
Айтканым Улакканга тамаша кеп.

МАНАС. Акбалта аба...

АКБАЛТА. Уксаң, Батмазуура...

БАТМАЗУУРА. Билип турам Акбалта...

АКБАЛТА (ага жакын барып). Чакыртып чабаганчы кайра-кайра, кеп бар го чакырттырып жатканында. Жеңеңе зарыл болуп калсам демек, жашартчу дары таап алса керек...

БАТМАЗУУРА. Кебиңди бурбачы тамашага!

АКБАЛТА (ыңгайсыз). Тамашалабай калайын...

МАНАС. Аба, ага мен барайын.

АКАБАЛТА. Уксаң, Баатырым. Ал көрсө ошол күндөн сүйлөбөптүр, Чубагым бир да бүдүр ирмебептир. Сүрмүйүп сулу гана калган Чубак, сүйлөбөй жатып алды тетири карап.

БАТМАЗУУРА (өктөм). Акбалта, алактабай андан көрө,
Коштогу Бакай ханга бачым жөнө!
Башкача жаралганын эске албастан,
Баланын көңүлүнө булук салсаң;
Ал анын эмпесине кубанмакчы,
Абыдан туура сени жазалашы.
Балким сен байкабассың жеткиликтүү,
Болбосо атка минер жашка жетти.

АКБАЛТА (шашып). Анда кандай кылсам?!
БАТМАЗУУРА. Чыдап уксаң?! Бакай хан шашып келип сырттан гана, бакылдап кетип калсын кайра артына.
АКБАЛТА. Эмне деп?
БАТМАЗУУРА. «Заарда аттанганы шашып жатсак,
Көрүнбөй кайда жүрөт эссиз Чубак?
Акбалта, Чубакты тап! Кошко келсин,
Манастын жини келип жатат» десин.
МАНАС. Уулуңдун бул жосуну жакпай турат аба.
Болуптур, таарыныптыр атасына,
Балага неден жазды Суусар апа?
Энеси коркконунан өлө жаздап,
Эчен күн кыйналганын көрүп жатат.
АКБАЛТА. Ооба баатырым, кемпиримдин боздогону жандан өттү, кейисе менин дагы аргам кетти.
МАНАС. Чыгарчу эрдин көркүн көктүк эмес,
Чынында жасайт муну таш боор мерез.
Эгерде таштабаса бул кыялын,
Эскертем, чоролукка жарабасын.
Ойлогон өз керт башын жоокер болбойт,
Ооматы оосо элин сатып кордойт.
Чын дилден чоро болом десе мага,
Чыдасын бардык койгон талабыма!
АКБАЛТА (айласы түгөнгөндөй). Анда кандай кылсам?
БАТМАЗУУРА. Акбалта, капаланба.
Ал бала азыр эле ыргып турат.
Бакайдан бачымырак кошко барат.
Чоролор күтүп аткан болуп аны,
Келишсин чогулушуп мында бары.
Ал өзүң кошко барып Кошой менен,
Аларга айтып коюп бачым келгин.
АКБАЛТА. (кубанып). Жарайт. (жөнөй турган болот).
БАТМАЗУУРА. Чубагын кандай тескеп алам десе,
Манастын кылганына кийлигишпе.

АКБАЛТА. Кийлигишпей калайын... (кетет. Тыным).

БАТМАЗУУРА. Көрүп турамын. Кулунум, бийлеп койду деп таарынгандай сыягын. Кези келгенде тирек болот Чубагың.

МАНАС (жайдары). Айтканыңа ишенемин, апаке!..

(экөө жакындашат. Жарык алмашат. Музыка жүрүп турат).

## АЛТЫНЧЫ КӨРҮНҮШ

Музыка муңканып угулат. Көшөгө ачылганда төртөө Кутегиндин бейитинин жанында үнсүз турушат.

БАКАЙ (тынымдан соң). Чыйырды, төртөөбүз тең ыйык жерде,

Шерт ушул-сыр катпайлы ичибизге.
Жашырган өзгө эмес өзүңдөн да,
Жан сырың ачык айткын Батмазуура.
Жүгүңдү жүрөгүңө көтөртпөстөн,
Жеңилдеп ушул жерге таштап кеткин.

(Араң турган Чыйырды башы тегеренип, жыгыла турган болгондо, Манас кармап калат. Бир аз тыным).

БАТМАЗУУРА. Аттигин! Чабалдыгым көргөздүм ээ!

Аталар, Тул-Бийке эне, кечиргиле?
Аткарып берген антты Күчүгөнгө,
Манасты алып келдик биз силерге.
Өлүм парс, бирок кантип, кандай шартта?
Теңирдин жазганыдыр маңдайыңа.
Кунарсыз өмүр кечпей бул жалганда,
Тирүүлөй көмүлүпсүң дал жанына.
Чоң атам кеткен бойдон кайрылбаптыр,
Жанынан Култегиндин жай алыптыр.
Азыр мен берген антты чоң энеме,
Аткарам алдыңарда, Тул-Бийке эне!
Барыңар күткөн перзент алдыңарда,
Баш ийип, таазим кылып турат мына.

(кисесиндеги топуракты алып, бейиттердин үстүнө аяр чачат).

Көк-Теңир! Бир өзүңө нээт койдум,

Жазданган топурактары торко болсун!
Үстүнө чачкан ушул жаткан жайдын.
Топону арбактарга багыштадым...

(Ыйлап туруп калат. Кошой тынымдан соң, жашык сүйлөйт).

КОШОЙ. Бул жерди биринчи ирет көргөнүмдө,
Тогузга жашым жаңы толгон эле.
Ал кезде Чыйырды, Эштек, Эрназарлар,
Бел туткан берендердин барысы бар.
Эштек хан жаңы үйлөнүп, Эр-Күчүгөн,
Кетүүгө Кап тоосуна камын көргөн.
«Заарда мени менен атганасың,
Эч кимге көрүнбөстөн күтүп алгын»
Деп айтып төмөнүрөөк Боз-Коргондон,
Кербендер өтчү жолго таштап койгон.
Анда мен жаш экемин, эмнеликтен,
Жанына мени кошуп алды деген,
Оюма суроо келбей, ошончо эрден,
Ал мени тандаганга дердектегем.
А көрсө барысынын эң артында,
Күчүгөн каларымды билген тура!..

(Тамагы буулуп, тетири бурулуп, ыйлайт. Тыным).

БАКАЙ. Бакытты берсең экен элге-жерге,
Береним жүрсүн эсен эл ичинде.
Ууздун киндик каны тамган жерден,
Улансын таза тукум чыгып элден.
Учугу кыргызымдын үзүлбөсүн,
Урпагы Кең Алайды мекендесин!
Кудурет, ачар сырым, тилегим да,
Күткөнүм бир өзүңдөн ушул гана.

(Узака тыным. Музыка жүрөк сыздатат. Манас үнү буулуп араң сүйлөйт).

МАНАС. Култегин, Теке-Баатыр, Тул-Бийке деп,
Өз гана атыңардан атоом керек.
Силердин бийиктикти билгизгидей.

Турамын ылайыктуу сөздү билбей.
Күлтегин! Аруу дилдүү асыл Эрен!
Арылгыз арманыңды ичке түйгөн,
Кеткен кек, алынбаган душмандан оч,
Сен тарткан муң- кайгыны унутпайм эч.
Чачылган эл журтуңдун башын курап,
Көтөрөм чамгарактын уугун улап.
Тагдырлаш болуп сага өчүңдү алам,
Тукуму калса Зээрден издеп табам.
Чөгөлөп тизе бүгөм асыл Шерим,
Кол коюп кабарыңа ант беремин!

(Баары тизелеп, баш ийип таазим кылышат).

БАКАЙ. Көк-Теңир! Баатырдын тилегин кабыл кыл! Омийин!

Көшөгө

«Кандай күн алдыбызда күтсө дагы,
Калайык так чындыкты билген жакшы»
(Бакай)

# КӨКӨТӨЙДҮН КЕРЭЭЗИ

(эпикалык драманын төртүнчүсү)

Катышкандар:

| | |
|---|---|
| КӨКӨТӨЙ | -токсондон ашкан оорулу карыя. |
| БААЛЫ | -байбичеси. |
| БОКМУРУН | -уулу, он эки жашта. |
| КӨКЧӨ | -бир уруунун ханы. |
| САНЖИ | -бир уруунун ханы. |
| КОШОЙ | -бир уруунун ханы. |
| АККОЖО | -араб элинин дин өкүлү. |
| ТӨШТҮК | -Көкөтөйдүн иниси. |
| МАНАС | -кыргыз элинин ханы. |
| ЧЫЙЫРДЫ | -Манастын энеси. |
| КАНЫКЕЙ | -Манастын аялы. |
| БАКАЙ | -бир уурунун ханы. |
| АЙДАР | -жетим бала. |
| КЕНЖЕКАН | -Төштүктүн аялы. |

Эпизоддо: селдечен киши, кабарчы жигит, кирип чыккан жигиттер, эл, хор катышат.
Окуя 720-жылдарда Алайда, Каркырада,Таласта өтөт.

1999-жыл.
Ноябрь-декабрь.

## БИРИНЧИ КӨРҮНҮШ

Кабатыр музыка хорго алмашат. Бүлбүл жарык. Авнасценада Каныкей жалгыз.

ХОР. Арман ай! Теңир ай!
«Алдырарда жаздырар» деп,
Тек жерден айтылбаган бул ыйык кеп.

(бир аз тыным).

КАНЫКЕЙ (ойлуу). Арман ай, Көкөм ооруп жаткан кезде,
Аны укпай аттанганбыз төркүнүмө.
Жер кесип, элдер менен баардашып,
Жүргөндө Айкөл-Берен сапар артып;
Абамды айыкпаган кесел чалып,
Акыры тынган экен ажал алып.

ХОР. Кесел чалып! Ажал алып!
Айкөл-Берен укпай калып...

КАНЫКЕЙ. Касташкан душман эмес-өзүбүздөн,
Кастарын тиккен тууган чыккан экен!..

ХОР. Өздөн чыккан жат жаман!
Өзөктөн чыккан өрт жаман!

КАНЫКЕЙ. Кабар келбей кашайып,
Кайратыбыз азайып,
Кыйноого салган күн өттү.

ХОР. Кабар келбей кашайып,
Кайратыбыз азайып,
Кыйноого салган күн өттү...

(Каныкей кетет. Музыка күчөйт. Жарык алмашат. Көшөгө ачылганда боз үйдүн ичи көрүнөт. Төшөктө Көкөтөй кыймылсыз жатат. Баалы менен Бокмурун үңкүйүшүп ойлуу. Алыстан аттын дүбүртү угулат. Көкөтой акырын кыймылдайт).

БААЛЫ (Бокмурунга). Карачы?! (Бокмурун чыгып, кайра кирет) Ким?

БОКМУРУН (аргасыз). Айдаркан.

БААЛЫ. Тим кой... (тыным. музыка.Ат дүбүртү кайра угулат. Бокмурунга) Карачы?! (Бокмурун бат чыгып, бат кирет). Ким экен ал?

БОКМУРУН. Көкчө...

БААЛЫ. Олтура турушсун... (Тыным. Музыка шоокумдайт. Ат дүбүртү кайрадан угулат. Көкөтөй башын кыйналып жатып көтөрөт).

КӨКӨТӨЙ (алсыз). Ким келди, карачы? (Бокмурун тез чыгып кармалат. Көкөтөй сыртты чыдамсыздана карап турат. Баалы башын көтөрүп, эшикти телмире тиктейт.Бокмурун акырын басып кирет). Ким экен?..

БОКМУРУН (араң айтат). Санжыбек. (Көкөтөй шалак жатат).

ХОР. Арман! Арман!

Теңирим берчи жардам?!
Айкөлүм келесиң качан?
Канымдан бүткөн перзентимдей күтүп жатам!..

БААЛЫ (чочулап). Суу ууртайсыңбы?

КӨКӨТӨЙ (алсыз). Баалы...

БААЛЫ (Дилгир). Угуп турам, Тоодоюм!

КӨКӨТӨЙ (жашык). Жашадык бул жалганда өтө узак.
Жарыктан баратамын, Өзүңдөн мурда узап.

БААЛЫ. Тоодоюм! Антип айтпачы? Айкөлүң келип калса!

КӨКӨТӨЙ (сөздү үзүп). Теңирим буйрук этсе түбөлүктөн
Тең курбум! Астың тосуп утур күтөм...

БОКМУРУН (бырылдап). Атаке!!!

КӨКӨТӨЙ (көңүл бурбай). Ал азыр акыркы ирет бул жалганда,
Асылым! Берем сага зор тапшырма.

БААЛЫ (жашык). Тоодоюм, менин колумдан эмне келет?!

КӨКӨТӨЙ. Колуңдан келишинче аракеттен,
Болбосо, буйрук ошол, кантмек элең!

БОКМУРУН (бышактап). Атакебай...

КӨКӨТӨЙ (укпай). Аттигин, арманым жок жалганда деп,
Аллага ашык сүйлөп койсом керек.
Акыркы сапарыма аттанаарда,
Айкөлүм өзү узатып койсо кана!?

БААЛЫ (ый аралаш). Келип калар, келет...

КӨКӨТӨЙ (чыйралып). Карачы кыйчалышты, үлгүрөр деп,

Караанын Айкөлүмдүн күттүм дегдеп.
Ал эми болбой калды. Арты мунун,
Арман ай! Уюткусу болор чуунун!

БААЛЫ (тынчы кетип). Тоодоюм, Каныкей аярлуу келин эмеспи, туюп калар, келип калаар...

БОКМУРУН (ыйлап). Коркутпачы, атакебай?..

КӨКӨТӨЙ (Бокмурунду жаңсап чакырып, башынан сылап).

Уулум, бекем болгун!?
Кайтты деп Көкөтойдү бул жалгандан,
Кабарлап туш-тарапка чуу салбастан;
Алайлык ага-тууган өздөрү эле,
Акыркы сапарына узатсын де?!..

БОКМУРУН. Менин кебимди ким угат, атакебай?

КӨКӨТӨЙ (ордунан чыйрак баш көтөрүп, жаздыка чыканактап,ачулуу). Чогуу уксун калган кепти сырттагылар,чакырчы, кирсин мында турушкандар! (Бокмурун чыгып кетет).

БААЛЫ (өзүнчө). Теңирим, Тоодоюм оңоло түштү!.. (өлүү тынчтык. Сырттан акырын басып, үңкүйүп келаткан кишилер көрүнөт. Алдыда Көкчө, Санжыбек, Бокмурун жана башкалар).

КӨКЧӨ (Көкөтөйдүн аягына чөгөлөй калып, колун куушуруп).

Журт-Атасы! Алыңыз дуруспу? Сиздин соо болушуңуз, жалпы кыргызга ырыскы!

КӨКӨТӨЙ (сөзүн үзүп, чыйрак). Жакшымын чырагым... Азыр жүздөн ашкан курагым. Өзүмдү эмес, ошол кыргыз элимдин келечегин билбей турамын... А сен алымды кечинде келип сурадың...

САНЖЫБЕК (жагалданып). Теңир үчүн кечириңиз Журт-Атасы? Баарыбыз бирдей жарышып, кэрээлден кечкс кам-кашек менен алышып, Күндүн кеч киргенин байкабапсыз. (капа күлгөн болот).

КӨКӨТӨЙ. Кам-кашек?...

КӨКЧӨ (ыңгайсыз). Атамды камынып кел деп айылга жибердим эле. Ошону...

КӨКӨТӨЙ. Камыңар бүттүбү?

КӨКЧӨ. Бүткөрөбүз Журт-Атасы?

КӨКӨТӨЙ. Мен үчүн анчалык бүлүнбөгүлө?!

САНЖЫБЕК. Сизге кызмат кылуу парзыбыз, Журт-Атасы.

КӨКӨТӨЙ. Байлыкты эсептебейм, Теңир берген,
Балдарым, калтырамын барыңа тең.
А бирок жетеленип ачкоздүкө,
Ага-ини араздаша көрбөгүлө?

КӨКЧӨ. Андайдан Кудайым сактасын.

КӨКӨТӨЙ. Эскертип айтар сөзүм ошондуктан,
Эсиңе ар-бириңер түйө турган,
Эсепсиз сансыз байлык болбой талаш,
Эгедер болуп, бийлик кылсын Манас?!

САНЖИ (кытмыр). Мураскоруңуз турбайбы, Журт-Атасы?

КӨКӨТӨЙ (аны укпай). Бир гана өкүнүчүм, барыңардын
Башыңды бириктирген Манас-Хандын;
Кагылып караанына миң мертебе,
Кайыр сөз айтпай барам арман дүйнө!

(Жашып кетип, сулк жатып калат. Баары кызыга карашат).

БАЛДАРДЫН ХОРУ. Үмүт менен, күткөн элем, Айкөл-Берен! Кагылып караанына миң мертебе, кайыр сөз айтпай барам, Арман дүйнө-ө! (тыным).

БААЛЫ (чебеленип). Сабыр кылчы Тоодоюм?
Келип калаар беренин...

БОКМУРУН (бышактап). Атаке...

САНЖИБЕК (өзүнчө). Арам сийдиктин отурганың карасаң!

КӨКӨТӨЙ. Кантмекмин, үлгүрбөдү Айкөл-Шерим.
(тынымдан соң үнүн катуураак чыгарып). Карашым сен тейлегин Көкчө Бегим!(Көкчө жалт карап унчукпайт. Тыным).

САНЖИБЕК (өзүнчө). Какбаштын бөлүп турганын көрчү...

КӨКӨТӨЙ (кыйналып). Эсиң аз, эрдигиң бар, серт көөдөнсүң.
Ээленип, эрдемсинип эл бөлбөгүн!?

САНЖИБЕК (өзүнчө). Хи, туптуура айтты. Анан ушул серт көөдөндүн колунан бир нерсе келеби?..

КӨКӨТӨЙ (алсыз). Арман ай, айтканымды кылбай силер,

Алдырып ач коздүккө ар-бириңер,
Кереэзим кечпей сууну калат го деп,
Кейишке батып барам убайым жеп!..

ЭРКЕКТЕРДИН ХОРУ. Кэрээзим кечпес бекен!
Калкыма жетпес бекен!
Кебиңди суу кечирбей,
Калың журт түгөл билбей,
Хан-Манас укпайбы деп,
Кейиште кетип барам убайым жеп!

КӨКЧӨ (чөгөлөй калып). Көкө, Сиздин айтканыңыз эки болбогон. Ондан соң мына былай ойлоном: айткан кебиңиз, акыркы демиңиз биз менен кара жерге чогуу жатат. Сизге кыянат айтууга кимдин оозу батат!?

КӨКӨТӨЙ (энтигип). Билемин, барыңарда сыймыктанар,
Бабадан келе жаткан жоомарттык бар.
Эр жүрөк эрктүүлөр көп, Так ажалдан
Эч качан башын тартпай тик караган.
А бирок, кут токтотоор Айкөлдүкө,
Агаиң, жалгыз гана Хан-Манас ээ!

САНЖИБЕК (өзүнчө кыжынып). Ох, көрүңдө өкүргүрдүн айтканын көрчү! Манастан башкалар эшектин мээсин жептирби!

КӨКӨТӨЙ (кайраттуу башын көтөрүп). Ал эгер аткарбастан аманатым, Айкөлдү четтетүүнүн көрсөң камын, бүгүнкүң не болуптур, урпактардын, билип кой, көтөрөсүң бүт убалын! (тынымдан соң, катуу).
Көзүмдү жумар замат билем барын,
Калат ээ унут болуп бул айтканым!

ЭРКЕКТЕРДИН ХОРУ. Билип турам, угуп турам, туюп турам, о Жараткан! Көзүмдү жумар замат, унут калат бул айтканым!

БААЛЫ (чебеленип). Бир аз сабыр кылып, эс алчы? Кара тер куюлуп кетти...

БОКМУРУН (өпкөлөп). Атакебайым...

КӨКӨТӨЙ (кайра башын көтөрүп).Кайталайм,
Көкчө, Санжы кулак салгын!

Ар бириң айтканыңды эсиңе алгын!
Шул азыр узар замат араңардан,
Шашылар  чабармандар кабар салган.
Өлүүнүн жүзү нары кылбагыла!
Өтүнөм, тилимди алып ири алдыда,
Кабарды журттун ээси Айкөл-Шерге,
Кармабай тез арада жибергиле!?

КӨКЧӨ (ыңгайсыз). Көкө, Айкөлүңүз алыңызды сурап алты айда бир келбегенине таарынып турам. Бирок мен  айтканыңызды кылам.

САНЖИБЕК (өзүнчө). Ики, арам акказ, кайсы арыңа каркылдар экенсиң. Кылдырам сени...

КӨКӨТӨЙ. Белгисиңе Теңиримдин канчалык мен,
Бел байлап сооронoюн деген менен;
Эл-жердин эртеңинен тынбай санаам,
Эч арга табалбастан узап барам.
(Тынымдан соң, ачуу).
Арман ай! Ар кошкон журт өтсө көзүм,
Арада калып калар айткан сөзүм!

ЭРКЕКТЕРДИН ХОРУ. Арман ай! Жалган ай!
Кетип барат дарман ай!
Хан-Манас келбей калды,
Көзүмдү көрбөй калды!
Ар  кошкон журт өтсө көзүм,
Арада калып  калар айткан сөзүм!

БААЛЫ (чебеленип). Тоодоюм! Медерим! Кантесиң, кайрат кылчы?!

БОКМУРУН (әчкирип). Айланайын атаке!.. (аттын дүбүртү угулат. Көкөтөй башын үмүттү көтөрөт. Бокмурун сыртка шашып чыгып, кайра кирет).

КӨКӨТӨЙ (алсыз шыбырап). Ким?..

БОКМУРУН (аргасыз). Мааникер... Үйдүн тушуна келип тыбырап турат.

КӨКӨТӨЙ (жашык шыбырап). Мааникер, жаныбарым. Сен гана түшүндүң көңүлүмдөгүнү...

САНЖЫБЕК(өзүнчө ичинен күлүп). Мааникериң карашыңа союлат...

КӨКӨТӨЙ (башын көтөрүп, алысты теше тиктеп). Арман ай!

Теңир ай! Талдырып карегимди күткөндөрдүн,
Таптакыр жолун бууп келтирбедиң!
Карааның көздөн учту Айкөл-Шерим,
Канчалык күтсөм дагы үлгүрбөдүң!

ЭРКЕКТЕРДИН ХОРУ. Айталбай соңку кепти,

Арманым ичке кетти.
Карааның көздөн учту Айкөл – Шерим,
Канчалык күтсөм дагы үлгүрбөдүң!

КӨКӨТӨЙ. Бел туткан берен Төштүк перилерге

Бекерден тийиштиги да көнбөй тилге!
Тушумда туруп кызмат кыла турган,
Төштүктүн милдети эле жалпы тууган.

ЭРКЕКТЕРДИН ХОРУ. Бел туткан Төштүгүм жок,

Эртеңим кандай болмок?!
Тушумда кызмат кылган,
Төштүгүм турса эмне, аттиң арман!

САНЖИБЕК (өзүнчө кыт-кыт күлүп). Жинди болгон Төштүгүн киши көрөт. Какбаштын күнү бүттү, азыр өлөт...

КӨКӨТӨЙ. Бел туткан да бир берен-Кошой балбан,

Бир кыйла болуп калды, келип кайткан.
Кармалбай кайра келмек, бирок тагдыр,
Карачы, коштошууну буйрубаптыр.

САНЖЫБЕК (өзүнчө). Ал үксүйгөн аюдан акыл чыгабы?

Жакынсынганыңды жолотпосмун...

КӨКӨТӨЙ (акыркы күчү менен, каардуу). Санжыбек!

Бүт бардыгын туюп турам. Азыр мен узар замат,
Кылыктуу катынга окшош кызыталак,
Кызыкты сен баштагың келип турат!
(Санжыбек жалт карайт).
Аяба өз байлыгын өзүнөн деп,
Абыдан күйүп турган жандай сүйлөп,
Бул жерди ээлеш үчүн ээн-эркин,
Болбурак Бокмурунду көкүтөсүң!

(Көкөтөй сулк жатып калат. Көкчө жетип келип башын көтөрөт).

Эр-Көкчө! Аруу дил, айколдугүн Хан-Манастын,

Айдаркан атан экөөң жактырбайсың.

Ачкөздүк, арамдыгы болбогон жан,

Андайды алыстатат коралбаган.

БОКМУРУН (кучактап). Атаксбайым, мен али жаш элем да.

КӨКӨТӨЙ (уулунун чачынан жыттап). Ал буйрук. Тагдырыңа ызаланба. (Баалынын жүзүн аяр сылап) Жан биргем, айтканымды аяр уккун. Жакшылап көңүлүңө бекем туткун. Адам жок сөзүңдү үзөт кыла турган, ага сен ачуу ызаага алдырбастан, эссиздик кылбай, эркинди бүт, Эрсниң келгичекти кебелбей күт. Эскерткин ага, көңүлүбүз сүттөй таза... (дирт этип узап кетет).

БААЛЫ (чыңырып). Тоодоюм! Таштаба?!

БОКМУРУН (эчкирип). Атакс-е!

КӨКЧӨ (Көкөтөйдүн боюн түзөп, жүзүн жаап). Кош, Көкө...

САНЖИБЕК (өзүнчө). Өлдү какбаш! Кызыкты эми кылам!

Эзелки кегимди алып тынам! Жамгырчы, Кошой, Манаска кабар бардырбай, жолду бубам! Бийликти өзүм кылам! Ушул сапар максатымдын аягына чыгам! (Шарт чыгып кетет).

ХОР. Журт-Атасы Көкөтөй! Элдин куту Көкөтөй! Жердин куту Көкөтөй!

ЖЕКЕ ЫР. Көкөтөй кыргызымдын куту болчу.

Көп журту ичкен аштын тузу болчу.

Кыраан алп шерлеринин курчу болчу.

Кызытып демоор берген мурчу болчу.

ХОР. Журт-Атасы Көкөтөй! Элдин куту Көкөтөй! Жердин куту Көкөтөй!

ЖЕКЕ ЫР. Көкөтөй бийик учкан кушу болчу.

Кырк уруу башын кошкон туусу болчу!

Куту болчу, тузу болчу, курчу болчу, мурчу болчу.

Кырк уруу башын кошкон туусу болчу.

ХОР. Куту болчу! Тузу болчу! Курчу болчу! Мурчу болчу!

Журт-Атасы Көкөтөй!

## ЭКИНЧИ КӨРҮНҮШ

Музыканын коштоосунда кошок ыр угулуп турат. Авансценада Баалы жалгыз, ойлуу.

ЖАЛГЫЗ ЫР. Канаты талып көктөн куусу түшүп,
Калайык мөгдөп турат туусун бүгүп.

ХОР. Көк асаба бүгүлдү кокуй!
Калкымдын куту төгүлдү кокуй!

ЖАЛГЫЗ ЫР. Абакем, алгыры элең шумкардын,
Абакем, асылы элең тулпардын!

ХОР. Шумкар жок! Тулпар жок!

БААЛЫ (жашык). Абаңар узаган соң не болгонун,
Азыр мен жашырбастан айтмай болдум.
Керсзин билермандар угушту эле,
Кеңешке кошушпады бирөө деле.
Жаамы журт тилеп берген Бокмурунду,
Жамандап айталбаймын кептин чыны.
«Жамандын бир аты жоош» деген кепти,
Жар салып калайыкка көрсөтүштү.
«Калдайган Журт-Атасын каада менен,
Койбосок кеп болобуз элге» деген,
Кеп айтып билермандар,эң ириде
Кабырын каздырууга киришти эле.
Санжи-Хан Кокон менен Анжыяндан,
Алдырып чеберлерди жай каздырган.
Кең оюп,кыштан тизип казанагын,
Көлөмүн жайлуу кылып жайканасын,
Турсун деп күндүр-түндүр жарык чачып,
Тизишип асыл таштан,кахар,жакут,
Көкөңөр оору менен жатса алышып,
Көпчүлүк коюшуптур жайын казып.

(Кошок уланат. Балким кошок күү ойнолот.Жарык алмашат.Көшөгө ачылганда аза туунун алдында ыйлап олтурган Бокмурун көрүнөт.Ар ким кайрат айтышып,акырында Санжыбек эркелетип соротот ).

САНЖЫБЕК (Аянычтуу,жашып ).Сабыр кыл садагасы, сабыр кыл. Ый менен эч нерсе бүтпөйт. Өзүңдү колуңа алгын. Мындан кийинки жасар ишти айтып, элге жарлык салгын. Ишенгин мага. Тирек болом сага. Эч кимдин сөзүн укпа. Тилимден чыкпа?Баары кетишет анан, жанында мен калам.

БОКМУРУН (ыйын токтотуп).Санжы ага, абал мурун чабармандарды чаптырайын. Андан кийин акылдашып иш кылайын.

САНЖЫБЕК (орой). Токтогун!. (Кытмыр).

Көргөзүп өгөйлүгүн Көкөм сага,
Көрдүңбү, ишенбеди узарында.
(бокмурун жалт карайт).
Канынан бүткөн перзент болсоң неге,
Калтырат бүт байлыгын Айкөл-Шерге?

БОКМУРУН. Ал деген...

САНЖЫБЕК. Унчукпа! Мен билем... Бокмурун!

Сен турганда бир дагы жан,
Бийликти талаша албайт мурасчыдан.

БОКМУРУН. Мен бийлик кылганда...

САНЖЫБЕК. Көрүнүп кал, кезеги келип турганда!

Эмине? Көкжалың тирүүсүндө басып келип,
Койдубу жок дегенде алын көрүп?

БОКМУРУН. Ал туура дечи... Бирок атам...

САНЖЫБЕК (орой). Токтоткун деп жатам!

Кыраан деп көкөлөтүп койсок эле,
Коёбу калайыкты албай теңге?!

БОКМУРУН. Санжы аба, уксаңыз? Атамдын керээзи бар мага айткан...

САНЖЫБЕК. Билип жатам!.. (орой)

Атакең алты ай ооруп жаткан кезде,
Атайын алын сурап бир келбесе,
«Кел эми, сөөк ээси болгунуң» деп,
Коё албай калуучудай кабар берсек,
Сүбөсүн керип Манас дардалактап,
Сөз укпай бар байлыкты басып алат.

БОКМУРУН. Байлыкты басып алгыдай...

САНЖЫБЕК. Сөзүмдү уккун алжыбай!? (Сырттан убап-чубап эл кирет. Күчөп сүйлөйт). Карайлап калган жан жок, камдын бары, Калайык, Күбөсүңөр, бүтүп калды.

Түбөлүк жатар жайын Көкөтөйдүн,
Туу туткан эрендериң барып көргүн!
Алдырып алты жүз кул чебер колду,
Атайын жай каздырдык аңыз болчу!

ҮН. Э кудай, алты жүз кул казган жайга жалгыз Көкөмдү коёбузбу?..

САНЖЫБЕК (күчөп). Кырк жигит жайканага кирип кенен,
Сунганда найзалардын учу тийген.

ҮН. О Жараткан! Ал эмне болгон көрүстөн. Эмне хан сарай курулабы?

САНЖИБЕК (окүм). Байлыгын баалап кызыл дилде менен,
Барысын коюш керек жайга кенен.
Баш кылып Мааникерди ыйык делген,
Малдарга күң-кул кошуп барысын тең,
Кызматын о жайда да ак өтөшсүн,
Көкөмдүн сөөгү менен кошо көмгүн!

ҮНДӨР. –Жараткан, өзүң сакта?
-Ушундай укмуш болобу?
-Шорубуз катат көрүнөт э?

САНЖЫБЕК. Бокмурун, борбоюң катып, бойго жетип калдың,
Болор иш, сен жасайсың мунун барын!

БОКМУРУН (чыйралып). Атам үчүн аянбаймын!

САНЖИБЕК. Эрбейтип жалгыз койбойт, эл-журтуң бар.
Эреним, эстүүлөргө жибер кабар.
Мурасчы, сөөк ээси сен турганда,
Манаска бийлеттирсең, душмандарга
Көкөмдү табалатып, «тукумсуз» деп,
Кордотуп коёруңду билүүң керек.

ҮН. Бокмурун өзүнүн эле тукуму!

САНЖЫБЕК. Кана эми, өз тукуму болсоң эгер,
Караштын камын кылып, буйругуң бер?!

(Тыным. Ар ким өздөрүнчө шыбырашат).
БОКМУРУН (үнүн бийик чыгарып). Агаин!..

Башыма мүшкүл түшүп турган кезде,
Бел болуп, акыл кошуп айткан кепке,
Айтууга каяшаны эп көрбөймүн,
Агалар эмне десе макул деймин

САНЖИБЕК (кубаттап). А баракелде!
БОКМУРУН (күчөп). Атамдын саң жетпеген зар-алтынын,

Аябайм, аны өзүнө зарп кыламын.
Улуу элби, жармач элби-жер үстүндө,
Укпаган атакемди жоктур элде.
Шондуктан төгөрөктүн төрт бурчуна,
Шашылыш кабар айтып аттангыла!

САНЖИБЕК. Түштүк тарапка кабар эчак кеткен.
КӨКЧӨ (коопту). Кабар кеткен дейсиңби?
САНЖЫБЕК (мактанып). Силер уктап жатканда биз кирпик какпадык. Бел чечип жатпадык. Күн-түнү Көкөмдүн камын көрдүк. Туш-тараптан керектүүлөрдү алып келдик. Ушуну кылат тууган деген! Азыр баары белен!
БОКМУРУН (кооптуу). Туугандар, уккулачы мени? Кулагыма угулуп жатат атамдын акыркы кеби... Керээзин үзөт кылбай атасынын, койду деп апам мага таарынбасын, эгерде туура көрсө абаларым, апама турат азыр кеңеш салгым?
САНЖЫБЕК (ачуулу). Эстүү сөз сүйлөп барып айнып кеткен,

Эр жигит кылар ишпи, катын белең?
Сөөкө катын ээлик кылат деген,
Сөздү сен кана, кимден эшитти элең?

БОКМУРУН (ызалуу). Санжы аба, абал мурда...
САНЖИБЕК (орой). Акылыңды жыйна! Баарыбыз басып кетсек азыр тарап, бачагар, каңгай келип кетсин талап!
БОКМУРУН (бир аз чечкиндүү). Хан-Ордого кабар бербесек, атамдын керээз сөзүнө көнбөсөк...
САНЖЫБЕК (сөөмөйүн кесеп). Эй айбан!

Манасты Манас кылган билсең наадан,

Муногу калайык журт, болбосо айбан,
Колунан бир кишинин келет эмне?
Корккудай ал – көктөгү Теңир беле!?

ЖАЛГЫЗ АЯЛДЫН ЫРЫ. Кокуй күн! Налат күн! Арман күн! Кордолуп Тоодоюмдун асыл дени, капыстан чатак чыгып кетеби эми?!

САНЖЫБЕК (күчөп). Акылсыз энең «Манас келсин» десе,
Ага сен кабар бергиң келетби иэ?

ЖАЛГЫЗ АЯЛДЫН ЫРЫ. Сактай көр кырсыгыңдан,
Теңирим жаным курман!
Кокустан сөз сүйлөсөм араң турган
Камдалуу куу отунга жалын чачам!

ХОР. Аяр балам Каныкей,
Абалымды билсе экен?
Кошой балбан тезирээк,
Ат-Башыдан келсе экен?
Эштек хандын Жамгырчы,
Теңирим эрте алдырчы?!

САНЖЫБЕК (туталанып). Эгерде хан ордого кабар берсең,
Эсиңе ал, ушул жерде барыбыз тең,
Каңгайлар тарабына өтөбүз да,
Казынаң «кан таламай» болот анда.
Бокмурун, былжырабай кыл айтканым,
Болбосо сөөк койдурбай чыр саламын!
(узака тыным. Эл эси ооп карап турушат).

БОКМУРУН (чыйралып). Түшүндүм, чаар чапан Санжы ханым,
Түсүндө кийимиңдин эмне барын.
Анжыян, Кокондогу ала чапан,
Аскериң келген болуп ал сураган,
Жорудай топтолушуп тарп аңдыган,
Жолдорду тышка кетчү тосуп алган.
Түшүндүм амалыңды арам тууган!

САНЖЫБЕК (чыңырып). Анын баары сага көрүлгөн кам! Наадан!..

БОКМУРУН (калыбын жазбай). Атайын максат көздөп жүргөнүңдү, атакем билген тура, а мен жинди... Койнуңа котур ташың катып, көрсө, кокуйду салгың келип турат элге.
САНЖЫБЕК. Элдин балакетин аласыңбы, арам сийдик!
БОКМУРУН (ойлуу). Арамбы, адалмынбы ага жалгыз

Асманда карап турган Теңир калыс.
Ал азыр аялдардан мурун, хандын
Айгактык кылгандыгын уктуң барың.
Тууган ким, туудурган ким-аны азыр,
Теришер учур эмес Санжы баатыр.
Жамы журт, жакын, ыраак баарың уккун,
Жалгызы Кокотойдун - Бокмурунмун!

ҮНДӨР. –Ырас айтат.
-Көкөтөйдүн эле баласы.
-Жаш да бечара, анан кантсин.
БОКМУРУН (чөгөлөй калып). Атаке, арбагыңа ант беремин,

Өзү келсе Айкөлүңдүн
Астынан эмне десе кыя өтпөймүн.
А бирок ат чаптырып кабар салуу
Алым чак, ал колумдан келбей калды.

КӨКӨТӨЙДҮН ҮНҮ. Уулум, бекем болгун!?
БОКМУРУН (туруп, кайраттуу). Катарлап карашына күлүк чабам. Карага кошуп, дилде байге саям.
САНЖИБЕК (кубаттап). И, мына ушинтип сүйлө.
БОКМУРУН. Жараткан узак өмүр, доолот берген,

Жашоодо журттун ээси, куту делген.
Атамдын кийген кийимин ошондуктан,
Алышат кандаштары өз уруудан.

ҮН. Албай анан! Тумар кылып тагынабыз. Ал кишинин эти тийген кийими ыйык.
БОКМУРУН. Сый туугандар алышсын, бөлүп бергин Санжы мырза. Багдаддын баданалуу чепкендерин, ар урууга жүздөн бергин. Алдырган маталарды түрмөктөлгөн, тараткын таңылчагын болдүрбөстөн.

ҮН. Ай-ий, ушунун баары камдалган экен ээ...

БОКМУРУН. Дооранга тогуз башка кара койдум.
Тогуздун ар бир түрү миңден болсун!
Алты миң калы килем жапкан нарды,
Алышсын жаназага тургандары.

ҮН. Баракелде! Байлык деп ушуну айт!

БОКМУРУН.Жетпеген жетим, жесир, мискин, карып
Жетиден кара малдан кетсин алып.

ҮН Арбагыңдан айланайын Көкө! Өлгөндөн кийин дагы эл бага турган болдуң!

БОКМУРУН. Жамы журт! Барыңардан өтүнөрүм,
Жакшылап айтканыма көңүл бөлгүн?!

ҮНДӨР. –Угалы.
-Айт айланайын...

БОКМУРУН. Айлантып арткан мүлкүн зар алтынга,
Атама кошуп барын жатчу жайга,
Коём дейт Санжы мырза, максаты не,
Катпастан көөдөнүнө айтсын элге?
Анан да жакындарын атам менен,
Ак сөзүм, көмдүрүүгө каршымын мен!

ҮН. Мындай салтты акылмандар айтпаса...

БОКМУРУН. Санжы хан, зар алтындын көмүлгөнүн,
Самсыган кас душмандар көрөт бүтүн.
Алардын арасында, нээттери бузуктары
Келип кайра, ачтырат жаткан жайын атакемдин.
Ачык айт! Алаамат салдырууну көздөптүрсүң!

САНЖЫБЕК (ачуулу). Оозуңа келгенди оттоп, жинге тийип,
Олуя боло бербе арам сийдик!

ҮН. Уруштун сөзүн сүйлөбө, Санжыбек?..

САНЖЫБЕК (укпай). Жалганда жакшылыкты жалаң гана,
Буйруса Көкөтөйгө, Манасыңа,
Башкалар пенде болуп анда неге,
Бекерге келдик экен бул дүйнөгө?
Көкөтөй төрөлгөндө дүйнө бүтүп,

Калабы ал өлгөндө түбү түшүп?
Көкөтөй, Мааникерге, Манасына,
Кыргызды түлөө кылгың келеби, ыя?!

БОКМУРУН. Мааникер ыйык мал. Аны кор тутсак, кусурга калабыз.

САНЖЫБЕК (чыңырып). Келжирек! Салт билбесең билип алгын! Кылышкан түпкү аталар мунун барын. Сактардын, буруттардын жасашканын, салт улап бар болгону кайталадым.

ҮН. Ал кезде болсо болгондур дечи, азыр...

САНЖЫБЕК (укпай). Көкөтөй байлыкка ээ болгон менен,
Калк билет, мурасчы жок өз денинен.
Андыктан андай жанды те илгертен,
Ааламга узаган соң өзү менен
Жайына: алтын зарын, минген атын,
Жарагын, кулу, күңүн, туубас катын,
Таштабай ээлери жок болгондон соң,
Түбөлүк жатчу жайга бирге койгон.
Сен демек бүтпөгөн соң өз канынан,
Салтты биз колдонобуз келе жаткан!

КӨКЧӨ (айкырып). Акма-ак!... (жетип барып, Санжыбекти муунта кармап, кайра түртүп жиберип, жерге түкүрөт). Тү-ү! Жүзүң курусун! (тынымдан соң). Билчүүмүн Санжы хандын акмактыгын, бирок мен мынчалыгын аңдабапмын!

ҮН. Туура айтат Көкчө баатыр.

КӨКЧӨ. Кара жер каның тилеп турат ханым,
Кантейин, калаабаны сала албаймын.

ҮН. Көкөм эгерим элди экиге бөлгөн эмес.

КӨКЧӨ. Ооба. Көзүнүн тирүүсүндө бир келбейт деп,
Көңүлүм Хан-Манастан турат кирдеп.

ҮН. Ал ырас дечи...

КӨКЧӨ. А бирок тукумсуз деп Көкө абамды,
Айтууга тилиң акмак, кантип барды?

ҮН. Санжы хан чеки сүйлөдү.

КӨКЧӨ. Сага да, мага дагы, Манаска да, Санжыбек, Көкөм болчу бирдей ата.

Көкөмдү айткан тилиң тукумсуз деп,
Күрмөлбөй катып калсын болуп сенек.

ҮН.Бокмурун Көкөмдүн эле баласы, ботом.

БОКМУРУН (аза туунун сабын кучактап өкүрөт). Эсил кайран атакем о-ой, мени кайда таштадың?!

КӨКӨТӨЙДҮН ҮНҮ. Уулум, бекем болгун!

БОКМУРУН (тынымдан соң, ордунан жай туруп). Туугандар! Билемин мени кимге теңириңе, Бокмурун сүйлөп жатат дебегиле? Билбеймин,сырдуу күчтүн үнү экенин, болбосо арбагыдыр атакемдин. Угулуп жаткан үндү кулагыма, уксун деп айтып бердим барыңарга.

ҮН. Тобо-о, Жараткан жалгай кор?!

КӨКЧӨ. Бокмурун, кулагыңа угулган үн,
Эмне айтса дал ошондой бүткөргүнүң.
Сөөктү кандай коюп келген болсок,
Сага биз көнгөнүбүз туура болот.

ҮН. Ооба да!..

КӨКЧӨ. Атаңдын тушундагы аза туунун,
Астында парс милдетиң-жоктоп тургун.
Калктарга Көкөм кылган карым-катыш,
Кабарды башка ат менен айттырабыз.
Тул тартып Мааникерди кошуп өзүң,
Тургула азасына Көкөтөйдүн.

ҮН. Ансыз да Мааникер адамдай аза күтүп турат, жаныбар.

КӨКЧӨ. Айтылуу Саны-Чечен нойгуттардан,
Алдырсын жалгыз кызын кошок айткан.
Гүлайым атасынын ким экенин,
Караштан-чоң ашына айтып берсин.

ҮН. Туура. Бул акыл сөз.

КӨКЧӨ. Баалы апам карып калды, жашы жеткен,
Бел байлап тул олтурар кезден өткөн.
Андыктан акыл салсак кеңеш айтып
Арада олтурбастан жүрсүн басып.

ҮНДӨР. –Баракелде! Кеп эми чечилди.

-Азамат, ата уулунун кебин сүйлөдү.

-Ушул акыл туура.

КӨКЧӨ. Туугандар, анда абабыздын ызаатына туралык.

(Эл тарай баштайт. Жарык алмашат. Кошок ыр угулат).

## ҮЧҮНЧҮ КӨРҮНҮШ

Кошок ыр угулуп турат. Авансценада Баалы жалгыз.

БААЛЫ (ойлуу). Ошентип, узатуунун сый-сыпаты,
Айтканы Бокмуруидун бүт жасалды.
Соол иш, Көкөтөйгө тийсин дешип,
Союшту жандык, бодо эч ченемсиз.
Боздотуп ботолорун каймал жарды,
Чыңырып желелерде кулун калды.
Сайкашка күлүктөрдөн бирдей кылка,
Миңдейди токумдашты бурак атка.
Сан жеткис мата, чепкен небак эле,
Санжы хан алдырыптыр соодагерге.
Санатып кызыл дилде пулун алып,
Сарпайды жуучуларга бүт тараттык...
(тынымдан соң жашык).
Көз жеткис, кулак уккус алыс жакта,
Калайык кабар угуп келип жатса,
Ортону айры белес болуп турган,
Ордого угулар сөз шек-шоораттан
Кулагы чалса Манас токтобос деп,
Кулунум экөөбүз тең күттүк дегдеп!

ХОР. Хан Манас келер деген,
Үмүт менен, кулунум экөөбүз тең,
Көөдөндө күдөр үзбөй Манасымдан,
Көралбай койдук элдин арасынан.

БААЛЫ (жашык). Жеңдирип көрсө Манас ачуу ызаага,
Жөлөксүз жесир кемпир, жаш балага,
Анан да аалам салган абасына,
Арман ай! Таарынган соң - ал да бала!

(Баалынын сөзүн хор кайталап ырдайт. Баалы кетет. Жарык алмашат. Кошого ачылганда аза туунун жанында топтолгон эл).

БОКМУРУН (тынчтыкты бузуп). Арка бел жөлөгүбүз Кошой аба, ач өзөк болуп турам акылыңа. Мен эмес кырк уруулу кыргызыңа, Медери, таянычы сенсиң, аба.

САНЖЫБЕК (өзүнчө). Жөлөгүн тапкан экен, наадан!

БОКМУРУН. Көктөгү Жаратканды кылып күбө,
Копчүлүк журтка ант берип койдум эле.
Чакырып тууган-душман дебей баарын,
Чоң ашын берем дегем жан атамдын.

САНЖЫБЕК. Ошол ант баарыбызды ойлонтуп турат. Алыстан келген меймандар аштын болор күнүн угуп кетели дешет.

ҮН. Көкөмдүн ашын бербесе болобу.

САНЖЫБЕК. Кана, өтөр күнүн айталы. Анан эртерек кайталы.

БОКМУРУН. Кошой аба, чоң ашында атакемдин,
Ак туруп өзүң башчы болуп бергин?

ҮН. Ак сөз. Ал ишке бир жараса Кошой балбан жарайт.

КОШОЙ(тынымдан соң ойлуу).Жарыгым, «атасы өлгөн айыпкер» деп.
Абалтан келе жаткан элде бар кеп.
А демек айыптуу жан болсоң анда,
Акың жок билгин балам таарынууга.

БОКМУРУН. Айкөлдүн келбегенине таарындым чын жери.
Анан да Санжы хан ...

КОШОЙ .Карегим, каканчындын калкы менен,
Касташып келатабыз эзелтеден .
Атаңдын ашын берсең анда демек
Аларга сөзсүз кабар айтууң керек.
Айттыргын,айттырбагын алар аш̆та,
Аракет кылат чатак чыгарууга.
Каңгайдын көөдөнүндө кеги калган,
Капырга шылтоо таптың шоорду балам!..

БОКМУРУН (жалтаңдап).Анда кандай кылсак?

КОШОЙ(өкүм).Көкөмдүн ашын берем десең анда,
Кабар айт тилимди алып Хан-Манаска!

БОКМУРУН.Аны сиз чечиңиз.
КОШОЙ.Каргим, аш берем деп Көкөтөйгө,
Кыргыздын убалына кала көрбө.
Башында турса гана Хан-Манасың,
Бокмурун, Көкөтөйдүн бергин ашын!
БОКМУРУН.Анда,аштын болор күнү азыр чечилбейт.
САНЖЫБЕК (чыйрыгып).Кошой хан,ыйык болсо ант кусуру,
Урарын билесиң да Бокмурунду.
Балага болсо эгер дилиң таза,
Калтырбайт элең аны кусуруна.
КӨКЧӨ.Сөз али бүткөн жок да, Санжыбек!
САНЖЫБЕК(кылыктанып).Кебимди аягына чейин айткым келет.(тынымдан соң).
Мындайдын элин, жерин жакындарын,
Акыркы күнгө чейин ант урарын,
Кошой хан билип туруп аш бербе деп,
Кыянат кылышыңды эмне десең?
КӨКЧӨ (кекетип).Санжыбек,Көкөтөйдүн жалгызы,
Көп кыргыздын алдуусу.
Өзүңдү өзүң билип, капшытты жара тилип, Жанды кашайтпасаңчы?!
САНЖЫБЕК (күчөп).Жалгызы Көкөтөйдүн куруп кетсин,
Жазыгы эминеде жалпы элдин?
Кебине тең болбогон жаман арам.
Келжиреп көк алдында ант кармаган.
КӨКЧӨ(чамынып).Токтот сөзүңдү!Антты бузган адам жок.
Кошой хан кеп жүйөсүн өтүңдү.
САНЖЫБЕК(кылыктанып).Барынан орчундуусу дал ошондо,
Ант урат кабар берсе хан ордого.
Келжирек сөзү дебей Санжы хандын,
Кебине Аккожонун кулак салгын?
АККОЖО (каадалуу алдыга басат.Тынымдан соң) .О Алла! Сенин тапшырмаңды так аткарганыма өзүң күбө бол?..
ШЫБЫРАШКАН ҮНДӨР.-Бул киши Каныкейдин атасынын досу дейт.Олуя адам көрүнөт...

АККОЖО (нускалуу). Кимдс – ким ант, шерт бузса куран кармап
Кайырдин жети атасы болуп калмак.
Тукуму кыйналышын күнөө тартат,
Кыямат күнгө чейин шорго батат.
ҮН. Теңирим, өзүң сакта?!.
АККОЖО. Жарандар, түшүнгүло, баарыңа айтам,
Алыс бол жаман жолдон, азгырыктан.
Аллага башын ийип, дин тутпаган.
Адамдын бүт урпагын урат куран!
ҮН. Жараткан ыйманыбыз менен алсын?!
АККОЖО. Жанагы Хан-Манасты каршы деген,
Жакында жаман кабар эшитти элем.
ҮНДӨР. –Эмне дейт Кудай!?
-Катыгү -- үн!
АККОЖО (үнүн бийиктетип). Калайык, ага окшогон дин безерге
Кол берүү кечкис күнөө, түшүнгүлө!
Уялап дилин шайтан алгандыктан ,
Уудан да коркунучтуу сактанбасаң.
ҮНДӨР. –Катыгүн-үн, кайдагы шумдукту айтат бу?
-Эми кимге ишенебиз?
АККОЖО. Өтүшкөн жети атаңдын арбактары,
Өртүнө тозок оттун кабылары,
Артында калган элиң, урпагыңар,
Азапка башын байлап таштайсыңар.
Жарандар, бул сөзүмдү укканыңар,
Жадыңдан чыгарбастан сактасаңар?!
ҮН. Чыгарбай калалы, катыгүн.
АККОЖО. Шайтанга дилин саткан адам үчүн,
Шагыңар сынып турат көбүңөрдүн.
Арбалып жарандарым, азгырыкка,
Агаин ортосунда чатак чыкса,
Зыянга учуратпай бир тал чачын,
Зыңгыран четте калат Хан-Манасың.
А бирок көбүңөрдүн кызыл каның,

Агарын Теңир үчүн эске салдым.
Айтарым, кулпенделер угуп турган,
Алыс бол дини кайыр шондой жандан!?

(Өлүү тынчтык. Аккожо өзүн бир аз ыңгайсыз сезип, өз тобуна барып кошулат).

САНЖЫБЕК (демитип). Айткыла аш болорун же болбосун,
Аттанып кеталбайбыз укпай жообун.

ҮНДӨР. –Көкөмо кантип аш бербей коёлу.
-Анын жообун Кошой балбан айтаар.

КОШОЙ (отурган калыбында). Айланайын кыргызым ай!
Өчтү белем жылдызың ай!

ХОР. Кыргызым ай! Жылдызың ай! Кандай болот турмушуң ай!?

КОШОЙ. Көкөтөй кыргызымдын куту болчу!
Көп журту ичкен аштын тузу болчу!

ХОР. Көкөтөй кыргызымдын куту болчу!
Көп журту ичкен аштын тузу болчу!

КОШОЙ. Кыраан алп шерлеринин курчу болчу!
Кызытып демөөр берген мурчу болчу!

ХОР. Кыраан алп шерлеринин курчу болчу!
Кызытып демөр берген мурчу болчу!

КОШОЙ. Көкөтөй бийик учкан куусу болчу!
Кырк уруу башын кошкон туусу болчу!

ХОР. Көкөтөй бийик учкан куусу болчу!
Кырк уруу башын кошкон туусу болчу

ҮНДӨР. –Көкөмдөй адам жаралбас!
-Кайран Көкөтөй!
-Журт-Атасы өлбөй кал!

ХОР. Кутубуздан айрылдык кокуй! Кош канаттан кайрылдык кокуй!

КОШОЙ (жашык). Канаты талып көктөн куусу түшүп,
Калайык мөгдөп турат туусун бүгүп!

ХОР. Көк асаба бүгүлдү кокуй! Калкымдын куту күбүлдү кокуй! (узака тыным. Жан киши кыймылдабайт).

САНЖЫБЕК. Меймандар жооп күтүп калышты.

КОШОЙ (жай). «Бүлөө алба бүлүнгөндөн» деген элим.

Бул сага тийешелүү Санжыбегим.
Кубанып каз канаты кайрылганга,
Калкыңа чулдук болуп бийлик кылба?!

САНЖЫБЕК (калп күлүп). Бийлик талашкан жокпус. Сиз али аш жөнүн ачык айткан жоксуз. Кокус аш берилсе биз дагы кам көрөлү дейбиз. Кадырлуу Журт-Атасынын камын биз дагы жейбиз.

КОШОЙ. Кадырман Көкөбүзгө калың эли,
Калдайып туруп кантип аш бербейли.
Беребиз, бергенде да дүңгүрөтөт,
Билгизип кадыр-барын бардык элге.

ҮНДӨР. – Мына туура айтат Кошой балбан.
-Аш бербей кантип коелу Көкөмө.
-Атын Алайга, даңкын далайга чыгарабыз.

КОШОЙ. Алайга аш берүүгө болбойт журтум,
Себеби неде экенин барың уккун?
Жайылма, Куюлмадан төмөн жагын,
Алайга тийешелүү жердин барын,
Санжы хан ичтен келген меймандарга,
Сооп деп мүчөлүкө берген тура!
Жаз алды Аккожобуз ал жерлерге,
Жатыптыр курмак болуп медиресе.

ҮНДӨР. –Ыя кокуй, ал эмнеси?
-Бизге тоо-ташы эле калган турбайбы анда!?

КОШОЙ. Ал ашка төгөрөктүн төрт бурчунан,
Агылып элдер келсе жер жайнаган,
Аларды кайсы жерге батырабыз?
Айкашка күлүк кантип чаптырабыз?

ҮНДӨР. –Ооба, күлүк чабар төрүбүз,
күрүч айдар жерибиз калбаптыр да..
-Мүчөлгө жер бергенин укканым ушул, тобоо.

КОЩОЙ. Аш берсек айылына Көкчө хандын,
Айтылуу талаасына Сары-Арканын.
Кеңдиги, түздүгүнө эч талаш жок,
Тоо-коосуз түсүз талаа, анан бирок,

Суусу кем чөлдүү жерде кантип гана,
Сыйлайбыз коноктorду бөлөп чаңга?
КӨКЧӨ (ыкчам). Сары-Арканын ылайыгы жок.
КОШОЙ. Түздүгүн Жети-Суунун кенен десек,
Так ошол кең мейкинге берем десек,
Аргасыз башкартабыз Хан Манаска,
Анткени, тийиштүү жер ал Таласка.
САНЖЫБЕК (ыкчам). Анда шерт бузулат.
КОШОЙ. Тийиштүү кырк урууга көзүм көргөн,
Тең келер Каркырага жер көрбөгөм.
Жомоктой кооз жайлоо Каркырага,
Журтчулук, аш берели эмки жайда.
Кабарды төгөрөктүн төрт бурчуна,
Кам бүтсө айттырабыз учурунда.
ХОР. Эмки жайда. Каркырага.
Хан-Манас келбей коюп кетти айла.
ЖЕКЕ АЯЛДЫН ЫРЫ. Арман ай!
Жарык дүйнө эмнеликтен,
Жалган деп элде айтылып калдың экен?
Азыркы көргөнүмдү таппай анан,
Арман күн, аталдыбы дүйнө жалган?
ХОР. Дүйнө жалган! Арман, арман!
Хан-Манас келбей коюп кетти айлаң!
ЖЕКЕ АЯЛДЫН ЫРЫ. Арман ай!
Калың эл кара кийди аза күтүп,
Кайгырды уугу сынып, туусун бүгүп.
Карабай кабырынын калганына,
Каралуу көч баратат Каркырага.
ХОР. Каркырага. Эмки жайда. Кетти айла!
Жеңдирип көрсө Манас ачуу ызаага,
Жөлөксүз жесир кемпир, жаш балага,
Анан да аалам салган абасына,
Арман күн! Таарынган соң ал да бала!..

## ТӨРТҮНЧҮ КӨРҮНҮШ

Кошок ыр угулуп турат. Жарык алмашат. Самсыган жөө-жалаң эл.Коңгуроонун үндөрү. Баалы авансценада ойлуу турат.

БААЛЫ (өзүнчө). Айтылган Алайдагы анттан коркуп,
Акыры ашты шонтип бермей болдук.
Жаз алды жайыбызды отоголуу,
Жалпы журт таштап коюп көчмөй болду.
Эң кымбат дүнүйө-мүлк, алтын зарды,
Апаппак атандарга сылай артты.
Айчыгы алтындалган ак асаба,
Асмандап аштатылып көч башында.
Азалуу асабанын арт жагында,
Айтылуу Гүлайым кыз үн салууда.
(кошок күчөп угулат).
Тоодоюм бул жалганда узак жашап,
Топуктуу өмүр сүздү элин сактап.
Артылтып камчы салмак түгүл мага,
Айтпаган жаман сөзүн асылыма,
Өтүнсөм тошөгүңдү жаңырткын деп,
Өзүмдү уяткарып, көрбөгөн эп.

(кошок ыр күчөп угулат. Сахнага жарык берилгенде олтурган Баалы көрүнөт. Сырттан Кенжекан кубанычтуу кирип, Баалынын жүзүн сылап, оромолун оңдоп, жыттап, эркелейт.

БААЛЫ (кызыга карап). Ардагым, айтаар сөзүң барбы?

КЕНЖЕКАН (кубанычтуу). Энеке, кабар болот сүйүнүчтүү,
Өзүмө бересизби сүйүнчүнү?!

БААЛЫ (эркелетип). Жарыгым, сүйүнчүңө жаным курман,
Жалганда эч нерсем жок аяй турган.
Кайрылып эсен келип алган жарың,
Кудурет экөөңөрдү тең карытсын!
Ылайым жаман кабар алыс болсун,
Ырыскы, ынтымака орто толсун!
Жараткан! Жарыгымдын сүйүнүчүн кабыл кыл?! Омийин!

(Экөө бата тартышат. Алыстан өкүрүк угулат. «Эсил кайран абакем ой, кайдан көрөйүн!» деген үндү хор коштойт. Экөө элейе тынышайт).

БААЛЫ (шашып). Үйгө кирели жарыгым?.. (кетишет).

ЖАЛГЫЗ ЭРКЕКТИН ҮНҮ. Абакем алгыры элең шумкардын,

Абакем асылы элең тулпардын!

ХОР. Шумкар жок! Тулпар жок!

ЖАЛГЫЗ ҮН. Абаке албай коюп тилинди,

Абаке аябай жаным тилинди!

Азаптуу тордо жатканда,

Абаке асылдыгың билинди.

ХОР. Асылы кеткен элиңдин,

Ажары өчкөн өңүңдүн!

(Сахнага «абакелеген» жалгыз адам кирет. Колунда найза. Жалаң кылыч байланган. Зоот кийимчен. Сахнага эл толуп, күбүр –шыбыр болот. Хор улана берет).

ҮНДӨР. –Бул ким?

-Төштүк көрүнөт.

-Ырас эле Элемандын Төштүгү турбайбы!

ХОР. Эсил кайран Хан атам!

Эми кайдан көрөйүн!

БААЛЫ (чуркап чыгып). Айланам барыңардан каректерим!

Адепсиз айтып турсам кечирерсиң?

Кайрылгыз сапарга кеткен абакеңер,

Калкына тирек болор кутун берер.

Азаны токтоткула? Андан көрө,

Айткыла аксарбашыл Төштүгүмө?!

Кесеге бачымырак кара суудан,

Күл салып бергилечи, ырым кылам!?

(Бир аял суу куюлган кесе берет. Баалы ичинен күбүрөп, сууну Төштүктүн башынан айлантып).

Теңирим, Тоодоюмдун ордун басар,

Төбөсү көрүнүшкөн эстүү балдар,

Тыш болсун бар кырсыктан, тиленерим,

Тынч болсун коогаландан кыргыз элим?!

(кесени алыс чачат. Тынымдан соң).
Каралуу башы менен олтурбай тек,
Какчыңдап салт бузганы эмнеси деп,
Бузуку сөздү катып ичиңерге,
Бей адеп ишти кылбай түшүнгүлө?!

(Баалы үңкүйүп солуктап ыйлап олтурган Төштүктүн жүзүнөн сүйөт. Айрымдар Төштүкө келип үнсүз учурашат. Төштүк олтурган калыбында Баалыны кучактап, кусалуу жыттап, акырын сүйлөйт).

ТӨШТҮК. Энеси эсил журттун, эсенсизби?
Эси жок безип кеткен уулуң келди.
Жазуумбу асыл энем, тагдырымбы,
Же балким азгырыка алдырдымбы?
Кабылып сырдуу күчкө билбейм чыны,
Кармашып каңгып жүрдүм жети жылы.

ҮНДӨР.- Алда бечара айя!
-Укканыбыз чын экен ээ?
-Э десең, тагдырга дабаа жок тура.

ТӨШТҮК (жай туруп). Акыры Теңир, арбак жардам берип,
Аларды толук бойдон келдим жеңип.

ҮНДӨР. – О кудая тобоо!
-Өлгөнүбүз тирилди, Кудай!

ТӨШТҮК. Агаин ишенишсин, ишенбесин,
Алардын айтканына терикпеймин.
А бирок баш көтөргүс сөзгө калдым,
Абама бир ууч топо салалбадым!

ҮНДӨР. – ырас айтат, бечара!
-Э Теңир, эстүүлөрдөн ажыратпа?!

(ичтен Кенжекан чуркап чыгып, Төштүктүн бутун кучактап жыгылат).

ТӨШТҮК (тынымдан соң). Агаин, келиниңер Кенжекандын,
Айтайын барыңардан жашырганын.
Мээнети кош дүйнөлүк асыл жардын,
Жол салып мээримине Жаратканын,
Мендеги азгырыктын торун үзүп,

Турамын араңарда мына минтип.
Кудурет аяр жанды тагдырыма,
Жардамын жасаш үчүн жазган тура.
ҮНДӨР. –И бечара, эмне үчүн сырын ачпайт десе...
-Касиеттүү ургачы турбайбы көрсө.
-Эмгеги кайтты бечаранын.
(Баалы Кенжеканды бошотуп, өзүнө алып кетет).
ТӨШТҮК (ойлуу). Мен антип азгырылсам Жин-Периге,
Шер-Манас азгырылса пенделике,
Кайран эл кабылат деп кандай күнгө,
Калайык, жалпы арбак дүрбөшүүдө!
ҮНДӨР. –Э жараткан колдо-о...
-Ырас, Манас азгырылды...
ТӨШТҮК. Касташкан сөөк өчтү каңгайларга,
Кабарды берипсиңер кемеге ашка.
Талоонго калуу болсо максатыңар,
Туугандар, сөз жок анда менде айтар...
ҮНДӨР. – Эмне дейт Кудай!
-Атайын жасалган ишпи анда бу?
ТӨШТҮК (күчөп). Ал эгер арбак үчүн берилсе аш,
Агаин, келиш керек анда Манас.
ҮН. Манас келиш керек дейби!?
ТӨШТҮК. Эмне сөз болгондутун сөөк үстүндө,
Эл эмес, Перилерден уктум эле.
ҮНДӨР. –Перилерден уктум эле дейби?
-Кудая тобо-о...
ТӨШТҮК (өктөм). Кетирген кемчилдикти ушул бүгүн,
Кеп кылчу учур эмес, барың түшүн.
Ашка деп конок алды келип калды,
А демек, Хан-Манасты алдыралы!
ХОР МЕНЕН ШЫБЫР. –Манас келсе болобу?
Элдин иши оңобу?
Биримдикте бололу!?
ТӨШТҮК. Калайык, куштун дагы тилин билген,

Кабарга жетим Айдар барсабы дейм?
Анткени, Айкөл-Шердин ачуу ызаасын,
Айдарга көзүм жетет таратарын.

ҮН. Ал чечектин колунан келет.

ТӨШТҮК. Айдар!

АЙДАР (ыкчам келип чөгөлөйт). Алдыңыздамын абаке.

ТӨШТҮК (тынымдан соң). Азыр мен ачык айтам Жаш Айдарга,
Ажалга элиң үчүн башың байла!
Тозоттоп мерчем жерден жолуң бөгөйт,
Тартпа оозун Мааникердин, алып өтөт.

АЙДАР. Эсимен чыгарбайм аба.

ТӨШТҮК. Абайла Айколдөн да, ачуу менен,
Ал дагы мертиндирип койбосо экен.

АЙДАР. Эбин табам, аба.

ТӨШТҮК. Мындай де!
Өлтүрсөң Кошой, Көкчө, Төштүктү өлтүр,
Өч алчууң мен эмесмин, жетиммин бир.
Айт деген элдин сөзүн айтып келдим,
Арбагын Көкөтөйдүн кекетпегин.
Жазыксыз элди каңгай чапсын десең,
Жата бер Таалсыңда кенебестен.

АЙДАР. Айтам аба!

ТӨШТҮК. Ачуусу бат басылса чогуу келгин,
Антпесе артка чаап баса бергин.

АЙДАР. Түшүндүм...

ТӨШТҮК (өктөм). Калкымдын тунук акыл карылары,
Кошумча айтар сөздөр барбы дагы?

ХОР менен АЙТЫЛГАН ШЫБЫР. Кудай сакта!
Кудай сакта! Чатак чыгып кетеби?
Түбүбүзгө жетеби?

СЕЛДЕЧЕН КИШИ. Пенделер! (тыным).
Азгырык акыл-эсин ээлеп алган,
Азезил көкүрөгүн уялаган,
Адамдын сөзүн угуп, о калайык,

Алладан калбагыла каргыш алып?

ХОР МЕНЕН АЙТЫЛГАН ШЫБЫР. Кайдасың Парвадигер

Жараткан жар боло көр?

СЕЛДЕЧЕН КИШИ (элди аралап). Калайык, тыңда!?

Кайырдин Манасыңар келсе мында,
Калк калат берген анттын кусуруна.
Алланы ишендирип алып оозго,
Ант-шертти бергенсиңер Аккожого.
Чыгарып койгонуңар эсиңерден,
Чыгарчу чыр башаты болор бекен?
Жазаңар ант бузарлар ушул болот,
Жараткан Каңгайларды колдоп коет.

ХОР МЕНЕН АЙТЫЛГАН ШЫБЫР. Колдоп коет.

Колдоп коет? Кокуй күн алыбыз мне болот?

(Төштүк Селдеченге басып барат да, желкесинен кабыштыра кармап өйдө көтөрөт).

СЕЛДЕЧЕН (чыңырып). Ой-бай, өлдүм! Жан соога!

(Төштүк аны сүйрөлтүп ыргытып таштайт. Эл жымжырт. Тыным).

ТӨШТҮК (каардуу). Жараткан бир Теңирди бетке кармап,

Жалган сөз айткандарга каргыш- наалат!
Канча муун кан агызып жаш ордуна,
Кан какшап зарлап тилеп көргөн бала,
Кандайча дини кайыр болуп калат?
Калп айткан Абдул-Эшен жазаланат!

ХОР МЕНЕН АЙТЫЛГАН ШЫБЫР. Абдул-Эшен жазаланат? Абдул-Эшен жазаланат! Анда чындык кайда калат? Кайран элим кайда барат?

ТӨШТҮК (күчөп). Көтөрүп бал жалааны-кырк уруулу,

Кысталак, кырылдыбы бүт тукуму?
Уусундай кара курттун сөздүн уусу,
Уулаптыр барыңарды Ууз тукуму.

ХОР МЕНЕН АЙТЫЛГАН ШЫБЫР. Уулаптыр барыбызды. Кусурга калабызбы?

ТӨШТҮК. Баш болуп Кошой-Балбан, төшү Көкчө,

Батыныш баралышпай Айкөл-Шерге,
Жер ооган ийри тумшук бир арабга,
Жериңди берип коюп, Каркырага
Душмандын чок ортосу алыс жерге,
Кокмо аш бермекчи болдуңар ээ!!!

ХОР менен АЙТЫЛГАН ШЫБЫР. Батынбай Айкөл-Шерге,
Келдик ээ алыс жерге. Чындыкты айта турган ким бар эле?

ТӨШТҮК. Коломто отсуз калган конуштардан,
Кусуру кыйынбы анттын ойлоп тапкан?!

ХОР МЕНЕН АЙТЫЛГАН ШЫБЫР. Ойлоп тапкан ант болсо. Опол тоодой Хан-Манас, оюна албай тим болсо? Чындык кайда? Чындык кайда? Кетеби айла?

ТӨШТҮК (кыжынып, Санжиге басып барып). А сени кызыталак, Санжы мырза! Аш өтсүн, киргиземин чыккан жайга! Эл алды келип калды, ошол гана, ээликкен жинди тыйып турат Мырза!

ХОР МЕНЕН АЙТЫЛГАН ШЫБЫР. Бузукпу Санжы?
Кызыкты Санжы салабы? Журтубуз аман калабы?

ТӨШТҮК (Бокмурунга). Кошой Хан, Көкчө, Санжы муну кылдың,
Кокуй күн, Бокмурундан сөз айлансын!
Атыңды таап койгон. Боксуң чычкан.
Болбосо аткармаксың керээзди айткан.
Кабарды эптеп берип Айкөл-Шерге,
Касыңдан туура болмок өлгөнүңдө.
(Бокмурун айласыз баш ийип, чөгөлөйт).
Айдар!

АЙДАР. Мен даярын абаке!

ТӨШТҮК. Аттангын Мааникерге! Кабарга бар!

АЙДАР. Ишиңизге жарасам, атым калар абаке!

ТӨШТҮК. Аттан! (Айдар кетет). Араңарда барбы дагы каяша айтар? (Элди тегерете карайт. Жымжырт).
«Кырс» деген добуш чыгып кыр аркадан,
Кыйнабай узатайын бул жалгандан!

ХОР МЕНЕН АЙТЫЛГАН ШЫБЫР. Кокуй Төштүк кыраны, бир балакет кылабы? Кандай айла кылалы?

ТӨШТҮК (туу түбүндө үнсүз үңкүйүп олтурган Кошойго басып барып, башын ийип чөгөлөйт).

Абаке, кечириңиз, ачуум менен,
Оорутуп көңүлүңдү койдум белем.
Сөздөрү бузукунун жанга батып,
Сизге да койдум окшойт катуу айтып.

КОШОЙ (өйдө тургузуп). Ыраазымын жарыгым. Эрдигиң да эсиң да бар ырас, а мен карыдым...

ТӨШТҮК. Андай эмес абаке. Аш башкаруу ишиңизге,
Ант берем, кийлигишпейм эми сизге.
Бирок да конок тосуп узатууда,
Бербеңиз тапшырманы кандай гана,
Аткарам кайталатпай. Анан дагы,
Аткартам кыңк дегизбей башкаларды.

КОШОЙ (үнү буулуп). Кыясы, эки жылдан бери карай,
Кошой Хан корккон унан кабар кылбай,
Азыр мен кыйынымдан Айкөл-Шерге,
Айдарды жибердим деп ойлойсуң ээ?

ТӨШТҮК. Аба...

КОШОЙ (обдулуп). Как башка токсон бешти жашап калган,
Кыпынча кымбат эмес, курусун жан.
Бел туткан Беренибиз жүрсө аман,
Баланы тилебеймин бүткөн кандан!

ХОР. Бел туткан беренибиз жүрсө аман,
Ошол балам, жүрсүн аман!
Баланы тилебеймин бүткөн кандан!

КОШОЙ. Төртөөбүз бир Теңирден сураганбыз.
Тагдырдын жазуусуна чыдаганбыз.
Көкөтөй, Акбалта, Бакай, жана мен.
Айкөлдү балабыз деп, Теңирден өмүрүн тилеген.
Атасы өлүп жатса, арман десең!
Кокуй күн, кабарчыны күтөт бекен?!

ХОР. Атасы өлүп жатса арман десең!
Кокуй күн, кабарчыны күтөт бекен?!

Күтөт бекен? Арман десең?!

(төштүк чөгөлөп таазим кылат).

КОШОЙ. Алладан тилеп алган Айкөл-Шерди,

Ататып Аккожого «динбезери»,

Алдырып пенделике кетсе кемтик,

Аны оңдоп Эр-Төштүгүм, кылдың эрдик.

Айыпты чычалабай моюнга алып,

Айкөлдөн кечиримди бир сурайлык.

ХОР. Айкөл! Айкөл! Журттун ээси Эр-Манас! Шер Манас!

Кыргыз эли бекем туруп темирдей,

Канат керди кас душмандан жеңилбей.

Хан-Манасты калк бузардан коргойлук,

Аккожого «динбезерди» дедирбей.

КОШОЙ. Агаин, ар-бириңден өтүнөрүм,

Ашында Журт-Атасы Көкөтөйдүн,

Айтылып таарынычтар көңүлдөгү

Арылып арам ойдон, биригели?!

ХОР. Журт-Аатсы Көкөтөй! Журт-Атасы Көкөтөй!

Журт-Атасы Көкөтөйдүн ашында,

Жалпы туруп, Кошой балбан башында.

Эрдик кылды Элемандын Төштүгү,

Эр-Манасты кордотпойлу капырга

## БЕШИНЧИ КӨРҮНҮШ

Кабатыр музыкага аралаш кошок хор угулуп турат. Авансценада Каныкей ойлуу турат.

КАНЫКЕЙ (өзүнчө). Айкөлгө ханыбыз деп кабар барбай,

Азалап Көкө абамды биз баралбай,

Арадан өткөн ошол эки жылда,

Айтылган эл ичинде сөздөр канча...

Кокустан тайсам эгер калыстыктан,

Кечиргин пенделигим о Жараткан?

Журтуна таарынычын Айкөл –Шердин,

Жүрөктүн тереңинде туура көрдүм.
Башкасын билбейм, мени барысынан,
Түпөйүл кылган эле Кошой абам.
Олуя-Пир колдогон абакеме,
Оюмду билдирбестен жан кишиге,
Көк-Теңир кечире көр кемчилимди,
Көөнүмдө таарынычым жанбай жүрдү.
Бир келип жок дегенде Айкөлүнө,
Жакшылап тилдеп койсо болот беле!

ЖЕКЕ АЯЛДЫН ҮНҮ. Ка-ла-йык!

АЯЛДАР ХОРУ. Күнөөнү кетирбеген пенделиктен,
Сезденип тооп тиленгин Кудуреттен.
Сактангын алды-артыңды аяр карап,
Теңирим алааматтан сактап калат.
Бир Теңир турат карап. Бир Теңир сактап калат!

ЭРКЕКТЕР ХОРУ. Колдогу кутубузду учурупбуз.
Теңирге теңаталык кылыптырбыз.
Текебердик! Бул кесирдик!
Антсе да артыбызды тилеп турбуз.

ЖАЛГЫЗ АЯЛДЫН ҮНҮ. Теңирге теңаталык кылыптырбыз.
Кесирдик сабак болду унутулгус.

ХОР. Жалганда тирек болчу бир Теңир деп,
Жалтанбай жалгыз элге тилек тилеп.
Кыргызды сактай турган кыраан керек!
Кыраан керек! Кыраан керек!
Ошол Шер жалгыз гана Манас, демек!

КАНЫКЕЙ (чочуп). Укмуш ай, өзгөгө эмес мага деле,
Ушул ой учурунда келбептир ээ?!

(Жарык алмашат. Каныкей кетет. Көшөгө ачылганда Манас, Чыйырды, Бакай, үнсүз турушат).

БАКАЙ (тынчтыкты бузуп). Баатырым, Көкөтөйдүн ашы Каркырага бериле турган болуптур. Жети хандын эли түгөл көчүп барып конуптур. Төгөрөктүн төрт бурчуна эки ай мурун кабар кетип, берилер күн бекип, ашты башкаруу Кошойдун колуна өтүп, саналуу

күндөр калды. Ырасы, бул кабар менин тынчымды алды...(Манас кебелебийт).

ЧЫЙЫРДЫ (өзүнчө). Алат күн, бербей койсо эми кабар,
Мүшкүлдү башыбызга чындап салар!

БАКАЙ. Кокус кабар айтылбаса, эл тилеген Айкөл барбай калса, калк талоонго түшөт. Намыс колдон кетет.

МАНАС (каардуу). Калк ошону каалашса, макул дейлик!

БАКАЙ. Баатырым, эси жокторго өчөшпөй, жолдун камын жейлик?

МАНАС (ойлуу). Көкө абам кеткен менен бул жалгандан,
Түбөлүк тирүү бойдон калчу адам.
Абакем эң акыркы дем тартарда,
Жанында болбогон соң, баарынан да
Кол менен бир ууч топо салбай анан,
Кереги канча эми, неге барам?
Ал эми журтчулука таарынычым ак,
Арбагы абакемдин кабыл алат!..

ЧЫЙЫРДЫ. Антсе да азалабасак болбостур?..

БАКАЙ. Баатырым, өзөгүңдө чок турганда,
Өзгөгө таарынычың өтмөк кайда!?.

(Манас жалт карайт. Бир аз тыным. Сырт тараптан аттын катуу келген дүбүртү угулуп, токтойт. Аздан соң Айдардын үнү угулат).

АЙДАР (сырттан) Абаке, сүйүнчү! Сүйүнчү!..

(Бардыгы кызыга карашат. Бир аз тыным. Айдар кирип, колун бооруна алып тизелей таазим кылып). Сүйүнчү Айкөл ата, сүйүнчүмө, Мен жетим ыраазымын бербеңиз не!

ЧЫЙЫРДЫ (ыкчам). Болсун кагылайын!..

АЙДАР. Жети кат жерге түшүп кетти деген,
Жетигиң берен Төштүк келди эсен!

БАКАЙ (кубанычтуу). Төштүк!? (Сырттан Каныкей шашып кирет).

АЙДАР. Алы чак, астыңызга келе албастан,
«Алып бар» дешип мага кат тапшырган.
Хан-Ата, өлдү деген Берениңдин,
Өзүнүн жазган катын алып келдим.

КАНЫКЕЙ (өзүнчө). Теңирим, жол ача көр?!.

БАКАЙ. Кимдин уулусуң чырагым?

АЙДАР. Зар болуп бир перзентке байкуш атам,

Мен жаңы төрөлгөндө аалам салган.

Кары энем жетимиштен небак ашты,

Кан какшап, «аман кел» деп күтүп калды.

«Калы бар оң көзүндө Хан-Атаңдын,

Каралдым, карегине чалдыкпагын?!

Катыңды Каныкейге берип, өзүң

Кабылбай каарына кайтып келгин?!»

Деп айткан энекемдин сөзүн укпай,

Дилимде ой жорудум мына мындай,

(Койнуна каткан кагазын алып чыгып, аяр сылайт. Тыным).

ЧЫЙЫРДЫ. Кандай ой жорудуң эле?

АЙДАР. Түгөнсө ичер суум, бүтсө күнүм,

Теңирдин ким бузмакчы бул бүтүмүн.

Туш келди жерден ажал тапкычакты,

Тапканым Хан-Атамдан кандай жакшы!

(Манас кыймылдабайт. Баары таң кала карашат).

ЧЫЙЫРДЫ. Капырай де!.. Атың ким? Атыңды айтчы?

АЙДАР. Айдармын. Жаш Айдар дейт апам дагы.

(Манаска). Абаке, айткандарым жарык жагы.(Манас жалт карайт. Айдар ордунан шарт туруп, жүзүн тетири буруп, ыкчам сүйлөйт).

Таң атса бар эмеспи күн батмагы.

Туулса кубануу бар, анан бирок,

Кайышып кайгыруу бар аны жоктоп.

Жаадырап жашыл кийген жай артынан,

Кычырап кыш келмек парс каарын чачкан.

Таттунуун баркын билбес, ачуурткантткан

Тузу өтүк даам татып көрбөгөн жан.

ЧЫЙЫРДЫ (жакасын кармап). Ой тобо!..Сүйлөгөнүн көр!

АЙДАР (ыкчам). А демек ачтын тогу, бардын жогу,

Адамдын багы жана бүтпөс шору.

Болорун ким төгүндөйт макул дебей,

Менин да суук сөзүм бар кыш чилдедей.

КАНЫКЕЙ (өзүнчө). Кабар айтат...
АЙДАР. Абаңыз Журт-Атасы Көкөтөйдүн,
Айткандыр сыдырым жел - көзү өткөнүн?
Ал эми атайылап айтпай кабар,
Койгондун Айкөл-Ата, себеби бар...
ЧЫЙЫРДЫ. Теңирге тобо кылдым...Себебин айтчы?
АЙДАР (Каныкейге). Аккожо-билерсиз дейм Каныш апа?
Ал сизге болот дешет аяш ата.
Кезигүү бул жалганда буйруса эгер,
Өз сөзүн ал өзү эле айтып берер.
ЧЫЙЫРДЫ (теңселип). Теңирим ай!..
АЙДАР. Жатыбыз өздөн чыгып, жол торолду,
Санжы хан көз көрүнө саткын болду.
Каргадай жетим бала, жесир кемпир,
Көкөмдүн көзү өткөн соң кеби өтпөптүр.
ЧЫЙЫРДЫ. Ошол да...
АЙДАР. Эски соз, мунун несин айтмак элем,
Эп болсо азыркыдан кабар берем.
БАКАЙ. Айт садагам?..
АЙДАР. Бокмурун атасынын мал- мүлкүнө,
Бузук эл ээ кылышпайт деген беле?
Арбагы ыраазы-пейил болсун Көкөм,
Ага арнап аш бермекчи болгон экен.
БАКАЙ. Ал бүттү дечи...
АЙДАР. Ооба... Калтырбай каңгай, калмак бөтөн элди,
Кабарлап, Каркырада камын көрдү.
Калың эл калбай көчүп жаңы гана,
Үй тигип, отун камдап, жай алганда.
Жоктогон Көкө абамды жалгыз караан,
Чыкканда калбай баары утурлаган.
Кыйкырган абакелеп бул Эренди,
Капыстан кимдир бирөө Төштүк деди.
ЧЫЙЫРДЫ. Байкушум ай!..
АЙДАР. Эр-Төштүк келер замат Сизди жоктоп,

Эл-журттун бирин койбой барын боктоп,
Кат жазып, кабар айтып өзүңүзгө,
Хан-Ата, мен жетимди жиберди эле.
(Чөгөлөй калып сунат. Манас катты алат)
Эси жок эл-журтуңдун эсиргенин,
Эр үчүн Айкөл-Ата, кечиргиниң?
Журт үчүн жазыктуу деп тапсаң эгер,
Жарасам курмандыка, чалып жибер?!
Аккан кан көөнүңүздү жибите алса,
Анда мен бактылуумун Айкөл-Ата!!!
(Чөгөлөп, мойнун тосот. Тыным).

КАНЫКЕЙ (Өзүнчө). Капырай, кандай бала!?
Өлүмдөн ашып өткөн пенде аттуута,
Өзгөчө коркуу сезим жок чынында.
Береги баланын көр жасаганын,
Миң ирет кулдук сага Жаратканым!

(Бакай Чыйырдыга кашын керип белги берет. Манас менен Айдар былк этпей олтурушат. Манас катты окуп ойлуу. Чыйырды манат бөрк менен кымкап чепкен алып келип, Айдарга жабат).

ЧЫЙЫРДЫ(Айдарды тургузуп). Кулунум, куттуу болсун сүйүнүчүң.
Карматып кай тандаган күлүк мингин.
Ал эми Хан-Атаңдан эмне аларды,
Карегим, жүрөксүбөй өзүң айтчы?

АЙДАР. Энеке, эптүү десе Хан-Атамдан,
«Бериңиз сүйүнчүмдү?» деп дооласам,
Кун жеткис, жер көтөргүс нерсе сурайм,
Кеп айтып койдум эми, чындап сурайм.

ЧЫЙЫРДЫ. Сура, сурай гой чырагым.

АЙДАР. Ызааңыз, таарынчыңыз калкыңызга,
Ырасы жер көтөргүс Айкөл-Ата!
Сураймын сүйүнчүмө ызааны ошол,
Бериңиз Айкөл-Ата болбосо осол?

(Манас жүзүн жууган көз жашын сүртөт да, ордунан акырын туруп, ортонундагы көздүү шакегин чыгарып, балага сунат).

МАНАС (тике карабай). Чырагым, сураганың бердим, анан,
Сактап ал бергени деп Айкөл- Атам.
Кудурет, миң бир тобо. Курама элим,
Көргөздүң эренинен кур эмесин.
Бар болгун эл ичинен күйгөн шамым,
Сага окшош эр уулдар атаар таңым!

(Айдардын чекесине шакегин тийгизип, кайра өзү өөп берет да жерди бир тебет). Жерге сиң!..

БАКАЙ (кубанычтуу). Камыналы Батмазуура.

МАНАС (Айдарга). Сен биз менен кетесиң. Эртелейли...

## АЛТЫНЧЫ КӨРҮНҮШ

Музыка шоокумдайт. Жарык алмашат. Авансценада Каныкей жалгыз.

КАНЫКЕЙ (ойлуу). Ашына Көкө абамдын барыбыз тең,
Даярдык көргөн элек билгизбестен.
Абамдын ашына деп нечен түр даам,
Алдырдык Багдад, Мисир, Басрадан.
Чирибес кургак жемиш, шербет, набат,
Тигилген кап ооздору даяр турат.
Кеңешип апам менен Бакай абам,
Союшка деген малды мурунтадан,
Айдатып Ат-Башынын жайлоосуна,
Аманат табыштаптыр Кошой ханга.
Жабдыгын кырк чоронун ылайыктап,
Жасадык алтын-күмүш аралаш чаап.
Арыбас буудандардын көркүнө көрк,
Айбаттуу жоо көзүнө көрүнсө деп,
Тымызын Айкөл-Шерге шек алдырбай,
Бүтүрдүк аштын камын тыным албай.
Акыры Айдар келип санаа тынды,
Ашка эми жөнөрүбүз айкын болду.
Төштүктүн катынан соң Айкөл-Берен,
Токтолбой жолго чыкты түнү менен.

Бир ирмем тыным албай Каркырага,

Барганбыз үчүнчү күн таң алдында.

(Аялдардын кошок хору угулуп турат. Жарык алмашат. Каныкей кетет. Көшөгө ачылганда жоо кийимчен Манас менен Төштүк кучакташып турушат. Жанында. Бакай үнсүз. Манас Төштүктүн мойнунан кайра-кайра жыттайт. Экөө тең ыйлаган түрлөрү бар).

БАКАЙ. Эрендер, Баалы байбичени күттүрбөйлү.

ТӨШТҮК (Жашын сүртүп). Каптаарда бир алаамат Айкөл-Шерим.

Калк жалпы пейлин бузуп калат беймин.

Өпкөсү көрүнсө да каада күтүп,

Төбөсү турган өңдүү Айга жетип,

Эске албай калаарлыгын куру жалак,

Эсирип колдо барын чачат, танат.

БАКАЙ. Төштүк баатыр, ал адат адам менен кошо жаралган.

ТӨШТҮК (өктөм). Эси жок пенде түгүл эстүүң дагы,

Эсирип кеткени бейм бул сыягы!

БАКАЙ (ыңгайсыз). Пендечиликтен...

ТӨШТҮК (үзүп). Болбосо касты-досту жыйып неге,

Барылап аш беришмек Көкөтөйгө?!

БАКАЙ. Муну өздөрүнчө чечишкен экен...

ТӨШТҮК (күчөп). Башы жок калгылары келишпесе,

Бир адам Ханды алып келет эле!..

БАКАЙ (ыңгайсыз). Ушунчабыз жүрүп, сенчелик баатырдык кыла албадык, Төштүк баатыр...

ТӨШТҮК (өкүм). Кутурса баккан күчүк кабат ээсин,

Каптырып алгандан соң не демексиң?!

Атып сал, бирок сени койду да каап,

Каптырган жерде тиштин тагы калат.

Каап алган күчүгүңө эрегишип,

Кутуңду төгүп алсаң калат өкүт...

БАКАЙ. Баракелде, ак сөз!..

ТӨШТҮК. Айкөлүм, кандай кылган күндө дагы,

Чындык го ашка жоону чакырганы.

Келбейт деп ашка сени ишенишкен,

Каңгайлар чаап алууну көздөп келген...

(тынымдан соң).

Эгерде менден уккан кабарга сен,

Ээлигип душманыңа барып тийсең,

Ансыз да аш ээсисиң, ошондуктан,

Осолдук кетет анда сен тараптан.

(баары үнсүз).

ЖАЛГЫЗ ЭРКЕКТИН ЫРЫ. Тагдырыңа ызааланба.

Анык душман өз каныңда.

Эрегишпе эч биреөнө,

Эл тагдыры өз колуңда.

(Ичкери тараптан Баалы баштаган аялдар чыгышат. Баалынын колунда кесе. Ал өз ырымын жасап, учурашып жатышканда хор угулуп турат.

ЖАЛГЫЗ АЯЛДЫН ЫРЫ. Сактоочу жалгыз сенсиң Көк-Теңири,

Сактай көр өзүң сүйүп берген Шерди?!

ХОР. Сактоочу жалгыз сенсиң Көк-Теңирим,

Сактай көр Эр – Манасты сактай көргүн?!

БААЛЫ (Манастын чекесинен сүйүп, жашык сүйлөйт).

Аскадай арка-белим Тоодоюмду,

Апабыз таарынгандан жоктободу.

Деген ой келбес деймин көөнүңөргө,

Даанасын көрүп турган Теңир күбө...

БАКАЙ. Баалы байбиче, Көкөмдүн арты кайрылуу болсун!

Арты майлуу болсун! Конгон конушуңар жайлуу болсун! Баарын түшүндүк, уктук. Ошондуктан биз дагы жоктободук. Көңүлүбүз сүттөй таза. Антсе да аза деген аза...

БААЛЫ. Аралаш касын-досуң түрүп кулак,

Айкөлүм, аңдып сени турушкан чак.

Атайы Төштүгүңдү ошондуктан,

Астыңдан жол тостуруп утурлаткам.

МАНАС. Баарын угуп ынандык...

БАКАЙ. Ырасы биз араң эле чыдадык...

Айдардын барганына көңүл кири тарап кетти.

Ал бала бир кереке жарап кетти.

БААЛЫ. Ардагым, өксүп жоктоо кеткен жанды,
Арманды жеңилдетчү пенде адаты.
Жарыгым, көңүлүңө кир сактаба?
Жай алып дуба айталы Көкө абаңа.

(Үйдү карай басат. Баары артынан кетишет. Сахна бир аз күңүрттөйт. Музыка шоокумдайт. Сахнага кытай кийимчен жигит кирет. Колундагы камчыга окшош таякчасын тегеретип, эки жакты карап, зоңкулдап сүйлөйт).

ЖИГИТ. Ким бар үйдө? Көр бурут!...
Тирүү жан болсо жооп бергин сөзүмдү угуп!?
(бир аз тыным).

ЖАЛГЫЗ АЯЛДЫН ЫРЫ. Барысы өттү-кетти Айкөл-Шерим,
Бир сөзүн эсиңе тут энекеңдин?

ХОР. Айкөл-Шерим! Айкөл-Шерим!
Ачуута бат жеңдирбегин?!
Кебелбестен көтөрүп кой,
Көксөп келген душман кебин.

ЖИГИТ. Эй, бурут! Конокту күтө биле албаган соң,
Көр бурут, аш берүүнү токтоткон оң!
Күн шашке болгучакты басып барып,
Коюшпайт келген элден кабар алып.
Капилет кыргын тийип, каптап тумоо,
Калганбы буруттарды? Жымжырт го ордо!..

ЖАЛГЫЗ АЯЛДЫН ЫРЫ. Түз айтсам душманыңдан ушул азыр,
Тууганың коркунучтуу Айкөл-Баатыр!

ХОР. Айкөл-Баатыр! Айкөл-Баатыр!
Азапты өз кандашың камдап жатыр!
Өкүнбөгүн, азыр эсте!
Өз колуңду өзүң кеспе!?

ЖИГИТ. А балким Көкөтөйдүн ашын берчүү,
Аттуу-баштуу кишилер өлүшкөнбү?
Калдыкпы ал кырсыкты туюналбай,
Кабарын билип келгин-деп Коңурбай,

Табыштап Хан-Ордого жиберди эле,

Тирүү жан болсо эгер, жооп бергиле?!

ЖАЛГЫЗ АЯЛДЫН ЫРЫ. Тең келбес акыл, күчү бир да жандын,

Тек гана сезимиңе алдырбагын?!

ХОР. Айкөл-Баатыр болсун дайым эсиңде,

Абайлай көр, алдырбагын сезимге?

Акырында өкүнбө, Айкөл-Баатыр!?

(Сахнага толук жарык түшөт. Жымжырт. Жигит элеңдеп эки жагын карап турат. Жоо кийимчен Манас жай басып чыгат.Жигит аны көрүп, коркуп кетип, чөгөлөп отура калат. Кайра туруп кулдук уруп жиберет).

МАНАС (үнүн жумшак чыгарып). Арыба азис мейман, байкабастан

Аз айып кеткен болсо биз тараптан,

Үй ээсин азыр барып жазалатам.

Үнүңдү сабыр кылып пас чыгарсаң?

ЖИГИТ (калтырап). Кечириңиз төрөм?..

МАНАС. Манастан Конурбайга салам айткын!

Ынансын көңүлүнөн чыгарбасын.

ЖИГИТ. (кекечтенип). Манастан?..

МАНАС. Эртелеп кабар албай койгон болсок,

Эптүү сөз, таарынуунун кереги жок.

ЖИГИТ (калтырап). Кереги жок, кереги жок...

МАНАС. Анан да болжоп айткан күндөн мурда,

Ашыгып эрте келип койгон тура.

Бүгүндөн баштап бары эпке келет,

Барып айт Баатырыңа ушундай деп?!

ЖИГИТ (Калтырап). Куп болот төрөм. (Кайра-кайра жүгүнүп кетенчиктейт). Куп болот, куп болот...(кетет).

ЖАЛГЫЗ АЯЛДЫН ЫРЫ. Кабылан, сезимиңе жеңдирбегин,

Кунун бил өтүп кеткен бир ирмемдин.

ХОР. Теңирим акыл бергин Айкөл-Шерге,

Туубузсуң туш болбойлу кандай күнгө.

Эреним эси жокко эрегишпе,

Эсиңе ал эл тагдыры жалгыз сенде!

(Үйдөгүлөрдүн бардыгы сыртка чыгышат).

МАНАС (өктөм). Жигиттер, Аккуланы азыр мага,
Жап-жаңы жабдык менен токугула!
Аралап ар уруунун конгон айлын,
Аларга учурашып ал сурайын.
Андан соң каңгай ханы Коңурбайдын,
Билейин кандай болуп жай алганын!..

(Музыка шоокумдайт. Эл ойлуу турушат. Манас элге таазим кылат).

Көшөгө

# БАРСБЕК БАЯНЫ

(эпикалык трагедиянын бешинчиси)

| | |
|---|---|
| БАРСБЕКТИН ЭЛЕСИ | -Алтай кыргыздарынын ханы |
| АЙКАМКА | -Барсбектин эжеси, элдик дарыгер. |
| БААБИЛ АКАД | -Таш чеккич. |
| ЭГЕЙ-КАГАН | -Улуу Түрк каганы. |
| ГЮЗЕЛ | -Ханыша. Эгейдин кызы. |
| БААБЕК | -Ханзаада. Гюзелдин уулу. |
| БАЙТӨРӨ | -Кол башчы. Гюзелдин күйөсү. |
| МУСАФАР | -Эгейдин кеңешчиси. |
| СЕЙЕДШАХ | -Аскер башы. |

Эпизоддо: Жигиттер, кызматкерлер, кирип-чыккандар, үндөр катышат.
Окуя VIII-кылымдын биринчи жарымында,
Алтайда жана Эгей деңизинин боюнда өтөт.

## БИРИНЧИ БӨЛҮМ

### БИРИНЧИ КӨРҮНҮШ

Кыш. Күүгүм талаш. Шамалдын боздогону, иттин улуган үнү угулат. Ар кайсыл жерден каңырсыган түтүн чыгып жаткансыйт. Теребел сүрдүү, корунучтуу сезилет. Четирээкте жаңы көмүлгөн бейиттин жанында бир адам таш чегип олтурат. Казек-кезек көз жашын сүртүп, үнүн чыгарбай, солуктаганы билинет. Сайсөөктү сыздаткан жалгыз добуштан соң, киркиреп кыйналган, муңдуу, армандуу үн угулат.

БАРСБЕКТИН ЭЛЕСИ. (кекиртегине сайылган найзанын сыныгын сууруп алып).

Кыйышпас асыл ага, жаның тиштеп,
Бар болсо- аман-эсен Айкөлгө жет?!.
А балким, чыккан душман так өзөктөн,
Арман ай! Ал жакты да чапты бекен?

ЗАКЫМ ҮН. О-оой, арман, коку-уй!.. (жаңырыктайт).

БАРСБЕКТИН ЭЛЕСИ. Анткени, Азрейил кандаш мага,
Айтканы жаңырууда кулагыма.

ЗАКЫМ ҮН. О-оой, арман күн!..

БАРСБЕКТИН ЭЛЕСИ (жыгылып, алсыз башын көтөрүп).

Тирукмуш жалын чачып көздөрүнөн,
Тим эле уу тамчылап сөздөрүнөн,
Киркиреп чыккан үнү Байтөрөнүн,
Карачы, кулагымдан кетпегенин:

БАЙТӨРӨНҮН ҮНҮ. Жазасы как баш Уузга жеригендин,
Жалгандан анын атын өчүрөмүн!
Кыркуузду жер үстүнөн жексен кылам,
Түрк уулун түркүк кылып анан тынам!
Улуу Түрк каганатын «АТА» деген,
Урууга өз өмүрүн сыйга берем.
Сага окшош бөлтүрүктөр каршы чыкса,
Сайылып калат сөөгү найза учуна!

(найзалардын кагышкан үндөрү, жарадар адамдын онтогону угулат. Таш чегин олтурган Баабил Акад ташты муштагылап, өксүп-үксүп ыйлап жиберет. Барсбектин элеси жоголуп, кайра башка жерден пайда болот).

БААБИЛ АКАД. Кокжалым ай, Көкжалым!.. (Өксүп ыйлайт. Тыным. Аздан соң кайратына келгендей, алысты тиктеп, буулугуп, жашык сүйлөйт).

Адамдык касиетин Көкжалымдын,
Айтуудан өмүр бою тажабасмын!..

(жайланып олтуруп, күчөнө таш чеге баштайт). Көкжалымдын белги ташын эртерээк бүтүрүүм керек!..

БАРСБЕКТИН ЭЛЕСИ. Аскери Байтөрөнүн курчаганын,
Ажалым жетиптир да!.. Байкабапмын!..

ЗАКЫМ ҮН. О-оой! Кокуй, коку-ууй! (жаңырыктайт).

БАРСБЕКТИН ЭЛЕСИ. Найзасын чуркулдайга уруп калды,
Ныгырып кармап туруп бурап салды.
Өлбөгөн неси калды деген тейде,
Өзүнөн башкаларды кагып четке,
Башымды кыя чаап, найза учуна.
Илүүнү самап келди дал жаныма...

БААБИЛ АКАД (боздоп жиберет. Анын үнүн закым коштойт. Көкүрөгүн койгулап, ый аралаш бакырып сүйлөйт).

Теңирим ай, Теңирим!..
Текебер, теңсинбөөнүн кесепети,
Теңир ай! Көкжалымды мойсоп кетти!
Бел бүтүп, чилде күчкө толгон чакта,
Байтөрө кол саларын күтпөдүк да!
Чаппаса Көкжалымды бейкам кезде,
Чамасы жетпестигин билген эле!..

БАРСБЕКТИН ЭЛЕСИ (алсыз).

Арбагы Ууз атамдын тирүүлүгүн,
Агатай, шол ирмемде даана көрдүм!..

ЗАКЫМ ҮН. Садагам а-аай! (жаңырыктайт).

БАРСБЕКТИН ЭЛЕСИ (алсыз).

Бекиткен ээр кашына сыр найзамды,
Бейтааныш бир карыя сууруп алды.
Таамайлап табарсыгын Байтөрөнүн,
Тарс этип сыр найзанын сынган үнүн
Көрүп да, угуп дагы бир мезгилде,
«Көңүлүм айнып барат» дедим эле.
А бирок, сүрдүү үнүн карыянын,
Аңдадым дал жанымдан угулганын.

(Найзалардын кагышкан үндөрүнө аралаш закым үн жаңырыктап, уулдаган чыңырык чыгып басылат).

КАРЫЯНЫН ҮНҮ. Айтканың Санчы-сынчым, дал келерин,
Арасат болбой эле ишенгемин.
Арман ай! Колум барбай тамчы канга,
Акыры тукумумду кырдырдым да!..

(«Да-аа» деген жаңырыктаган үндү сакым коштоп, узакка боздоп турат).

БАРСБЕКТИН ЭЛЕСИ (алсыз, бир аз жашык).

Акыркы «Д-аа» дегени жаңырыктап,
Алыстап кетпей добуш салып турат.
Арбагы Ууз атанын тирүүлүгүн,
Азыр мен агатайым, даана билдим.
(тынымдан соң, бир аз обдулуп).
Ишенгин айтканыма асыл ага,
Жаныңды бекем тиште, алсызданба?
Азыр мен өлүү-тирүү чекте турам,
Акыркы керээз сөзүм өзүң уккан.
Тукумду тыйпыл кылбай сактап калаар,
Туубуз Айкөл-Шерге бергин кабар?!

(Баабил Акад боздоп жибергенде аны закым үн коштоп, узакка басылбайт. (Тынымдан соң Баабил Акад акылына келип, алысты теше тиктейт).

БААБИЛ АКАД (кайраттуу). Жок!.. Көмүлүп калбоом керек! Анан дагы, аткарам Көкжалымдын каалаганын! Белимди бекем байлап, Таласка, Эр-Манаска баруум керек!

(ошол тушта ит уулуп, бороон кар тозоңун сапырып, түн коюланат. Боздоп кошок кошкон бир караан кирип, бейитти кучактап жыгылат).
АЙКАМКА (Сыздаган үнү жүрөк козөп, айткан сөздөрү жамгырдай төгүлөт). И-иий жан ботом! О-оой Жараткан! Наалат өзүңө!.. Төбөмдөн жазган окшоймун, томсоруп минтип боздоймун!

Эш туткан кыргыз эл калбай,
Элиме тутка Эр калбай.
Эзилет муңду Айкамка,
Эгем, өзүңө айтам миң наала!
(катуу чыңырып, боздоп жиберет).
Аңырап айлым чабылган,
Асаба тууман айрылгам.
Өтөрүң болсо мындан да,
Эми, өзүмдөн Теңир айанба!?

(Жер сабап боздойт. Баабил Акад акырын басып анын жанына келет да, аюудай үксүйгөн тон кийген адамды тургузууга аракет кылат. Ал боздой берет. Ага закым үнү коштоп жаңырат).
БААБИЛ АКАД (тарткылап, айласы куруганда Жинденип).
Болду! Токтоңузчу! Сиз эле жетпей турдуңуз эле мага! Болду! Ансыз деле жаным кашайып турат... Сиз эмес, өзүмдү аягым жок!.. Болду!..
(боздогон үн тып басылып, акырын башын көтөрүп, Баабил Акадды карайт). Капырай!.. Бу сиз кимсиз?.. Ким болосуз?..
АЙКАМКА (шашпай козголуп, жайланып олтуруп, токтоо сүйлөйт).

Жарыгым, аюуга окшош чээнге кирген,
Жапжалгыз чер токойдо өмүр сүргөн.
Армандуу күнүм бүтөр мезгил экен,
Артында көптүн калган Айкамка – Мен...

БААБИЛ АКАД (Чөгөлөй калып, жалынычтуу сүйлөйт). Айкамка апа!.. Сиз мени балаңыздай асырабадыңыз беле!.. Туткун экениме карабай Көкжалым экөөбүздү эгиздей эркелетип баккансыз!.. (Боздоп ыйлап жиберет).
АЙКАМКА (Кайраттуу). Ыйлаба-а жарыгым!.. ыйды мага калтыр. Сен белиңди бошотпо!?.

БААБИЛ АКАД (тез токтоп). Айкамка апа, соо-саламат жүрөсүзбү?.. Биз... Минтип... (Кайрадан ыйлап жиберет).

АЙКАМКА (ордунан туруп барып, Бабил Акаддын күрөө тамырын кармап көрүп, өктөм). Кайратыңа кел, жарыгым!?.Кайыгып баратыпсың.(Отундан чогултуп, от жакканга камынат).

БААБИЛ АКАД (ый аралаш). Жанагы Байтөрө деген азезил кайдан чыккан жан эле?!.

АЙКАМКА(отундарды калап жатып боздоп жиберет). И-иий, өзөгүм өрттөнүп жатат!.. Ал азезилдин кайсыл бирин айтып түгөтөм?!. (кошуп жиберет).

Жаралган адам кейпинде,
Жаналгыч экен Байтөрө.
Аны мен алгач көргөндө,
Адам а-аай! Көзүм жетти эле...

БААБИЛ АКАД (Таң калып). Көрдүңүз беле? Аны Сиз билесизби?..

АЙКАМКА (Муңканып). О-олдо айланайын Жарыгым!.. Менде айтылбай канча сыр жатат. Адам укпас муң жатат... (Эки жакты шектүү карап)Ашыкпа, мен сага бардыгын айтып берем. Ооба, бардыгын айтуум керек!..(отту тутантат. Баабил Акадды ордунан тургузуп келип, дөңгөчкө олтургузат да, аюу тонун чегип үстүнө жабат. Анан Баабил Акадды тикчийе карап, кектүү үнүн чыгарат). Мен сага айтылбас сырдын четин чыгарам. Аны үнүң жеткен жерге чейин айта жүр. Бул сага аманат... Бир гана береги ташка Байтөрөнүн ысымын чекпегин! Ал азезилди жер жутсун!..

БААБИЛ АКАД (кызыгып). Айтсаңыз!.

АЙКАМКА (тынымдан соң, маанилүү). Ууз атабыздын кырк аялы болгон тура. Эң улуусу Зулайка, эң кичүүсү, көрөр көзү перс кызы Лаал-Ханум болгон дейт... Ууздун улуу баласы Ногой, кичүү аялынан төрөлгөн кенжесин – энеси өзү Түрк атап алган дешет. Кырк аялдан төрөлгөн кырк уулун Ууз атабыз Санчы-санчыга сынатканда, Лаал-Ханумдан төрөлгөн кенже баласын узакка карап: «Ушул баландын көзүн эмитен тазалап кой, болбосо, акыры бардык тукумуңдун түбүнө жетип, сенин атыңды өчүрөт» деген экен... Ууз атабыз айкөл жаралган жан тура, канынан жаралган перзентке колу барбай, энеси

экөөнү алып барып, тигил Арал деңизинин боюна ээлик кылат. Ошол эл кийин бизден бөлүнүп, Түрк эли аталып кетти... (Күтүүсүз кошуп жиберет).

Канча жыл мындан илгери,
Ажарга салган төлгөнү.
Айтамын азыр арбактар,
Уккула, улуган мендей пендени...

(Сыздап, көкүрөгүн муштагылап, Теңирге тил тийгизип жиберет).

БААБИЛ АКАД (Сооротусу келип, өзү кошо өпкөлөп ыйлап).

Апа, кайрат кылыңызчы?..

АЙКАМКА ( тып басылып). Ошол Түрктүн тукуму –мына ушул Байтөрө. Бул азезилдин түпкү атасы Эштектин кырк чоросунун бири болгон. Жаштайында жайраган Эштек-кырк уруудан бирден жигит алып, кырк чоро түзгөн.Түрк уруусунан келген алгачкы чоро-ушул Байтөрөнүн чоң атасы. Эки атасынын көзү өтүп, Байтөрө бул жерден эки аял алган. Бир аялы төрөбөй көзү өтүп, экинчиси Акбалтанын карындашы Канымжан сулуу болгон...Бул элге батпай, тагааларынан ажалы жетээрде Эгей-Каган бошотуп калып, өзүнүн сүйүктүү кызы Гюзелди алып берген эмеспи!...О,кагылып кана кетейин Гюзелим!... Ал Байтөрөдөн Баабек жана Барсбек деген эгиз эркек төрөп..(Эчкирип ыйлап жиберет) И-ий, туйгундарым ай!.. Экөө тең Байтөрөнүн колунан өлүшөөрүн башында эле билип, ушул оозумдан чыгып кетпесин деп токойдо тентип жүрбөдүмбү-ү! (Эчкирип ыйлап, кошуп жиберет).Түлөгүм туйгун болду деп,

Түйшүгүң тартпай камың жеп,
Төбөмдөн жазган окшоймун,
Томсоруп миитип боздоймун!..

БААБИЛ АКАД (Таң калыштуу ордунан козголуп). Менин Көкжалым Байтөрөнүн баласыбы?..

АЙКАМКА. Шашпа. Отко жакын отур, жылын. (Тынымдан соң). Ууз атабыз өлгөндөн кийин, кырк аялдан төрөлгөн кырк уулдун ынтымагы кетип,өз ара чабышып, хандыктарга бөлүнүп, ыдырап кеткен. Биримдиги болбогон элди эзелки кеги бар каңгайлар түндүк-түштүктөн чаап, көп жерлерине ээлик кылып алышкан. Кийин Эштек

хан кырк урууну бириктирип, Кырк ууз эли атап, Эштек өлгөндөн кийин кайра бириндеп, Кыркууз эли Кыргыз делинип, биринчи ханы Жакып болгонун билээрсиң. Жакыптын жеңе аялынан төрөлгөн Манас 16 жашында жалпы кыргыз элинин ханы делинип, Ууз атабыздын киндик каны тамган түштүк жергесине оол кетишкенде, биз бул жерде калып калган экенбиз...Арман ай! Чогуу көчүп кеткенде бул азапка кабылбас белек!

БААБИЛ АКАД (Тынымдан соң, кызыгып). Көкжалым мени ошол жакка барып, Айкөл-Манаска кабар айт деп суранбадыбы...

АЙКАМКА (Укпагандай, ойлуу). Башынан ынтымакка келбеген Түрк элин бул жерден ыкыс көрүп кеткен Байтөрө алардын ичин ириндетип,касташкан душманга айланды!.. Коктүркгөр корүнгөн элди басып алышып,хандыгын Каганат аташып, аймагын кеңейтип, күчтөндү. Андай ишке Байтөрө жарашып калды. Анын биринчи душманы Алтайлык кыргыздар болду.(Тынымдан соң, ойлуу). Бул күндө бийлиги күч Түрк атага, Биригип, кошулбады кимдер гана.

Уулу Түрк Каганаты Эгей деген,
Жээн эле эки ата өткөн эжебизден.

БААБИЛ АКАД. Катташып турчу белеңер?

АЙКАМКА. Ооба. Байтөрө болбогондо-ынтымагыбыз бузулбайт эле. Бул азезил Эгейдин көңүлүнөн түнөк тапканын карабайсыңбы!.. Сыягы Улуу Жараткандын буйругу окшобойбу! (өксүп) О-оо, Теңирим!Өзүңдө дагы калыстык калбай калган көрүнөт!.. (Узакка тыным. Иттин улуган үнү угулат).

БААБИЛ АКАД. Сиз ал жакка кантип барып калдыңыз?

АЙКАМКА (Жашык). Ажарым он беш жашка карап жаңы,

Ачылган гүлдөй жайнап турган чагы.
Алыстан Эгей келип тууганчылап,
Ажардын колун сурайт ыйламсырап.
Арбагын эжесинин кыя албастан,
Ажарды Эгей-Ханга берген атам.
Бөлүнүп калбайын деп Ажарымдан,
Бөтөн жер тузу тартып мен да баргам...

БААБИЛ АКАД. Гюзел дегениңиз Ажар эженин кызыбы?

АЙКАМКА. Ажарым ай күнүнөн өтүп араң,

Айдай кыз Гюзелимди төрөп алган...

БААБИЛ АКАД. Анан Байтөрөгө кайдан кабылып жүрөсүз?

АЙКАМКА (каардуу). Анын атын айтпа!.. Ошону жер жутсун!

Жок, анын өлүгүн жер дагы албайт!..

БААБИЛ АКАД. Ооба, ал азезилдин өлүгүн өзүм көрдүм. Анын өлүгүн ит дагы, карга кузгун дагы жеген жок. Өлүгү жаткан жеринен жылып барып, куу жыгачка илинип калыптыр.

АЙКАМКА (боздоп). Ал азезил өзү менен кошо өз тукумун калтырбай, канча асыл адамарды ала кетти!.. (Акылына келгендей) Жок! Анын дагы бир баласы бар!. Ал азыр ошол Айкөл –Манастын ишеничтүү чоросу дешет.

БААБИЛ АКАД (коркунучтуу) Кантип?.

АЙКАМКА. Айттым го, Акбалтанын карындашы Канымжанга үйлөнгөн. Андан балалуу боло электе Жакып хандын ачкөздүгүнөн кундуздан чатак чыгып, Түштүккө көчүп бараткан Катагандардын нарктуу байбичесинин башын ушул Байтөрө кыя чаап, ортодо араздашуу болуп, Жакыптын жардамы менен Байтөрө бул жерден аман кеткен. Кийин Эгейдин көңүлүнөн түнөк таап, Гюзелге үйлөнүп, кол курап, үй-бүлөсүн шылтоолоп Алтайга келгенде, Канымжандын боюнда калган. Анда да мурдагы кегин алыш үчүн тынч жаткан элди чаап киргенде, Оштон келген алты жашар Манас сатрабын бирин калтырбай кырып, Байтөрөнүн кара башын аман кетирген.Биз ошол тушта Барсбекти этек алдынан ала качып, Ажар экөөбүз мында келген элек. Өзүн күнөөлү сезген Канымжан бир жыл элден качып, талаада төрөгөн. Ошол баланын атын Чубак коюп, Акбалта багып алган.

БААБИЛ АКАД.Ал азыр Манастын чоросубу?.

АЙКАМКА.Ооба, ишеничтүү чоросу дейт. Манасты-Айкөл дешет эмеспи. Ал дагы Айкөлдүгүнөн бирди көрөт окшойт. Билесиңби, Эгей-Каган ашкан айкөл эле!.. (Боздоп ыйлап жиберет). Акыры анын айкөлдүгү өзүнүн гана эмес, баарынын түбүнө жетти! Кокуй күн ай! Калыстыкты кайдан табуута болот?!.

БААБИЛ АКАД (Тыным соң). Айкамка апа, айтсаңыз, эмне үчүн ээн токойго кетип калдыңыз? Бул жерде болсоңуз, балким, Көкжалыма.

АЙКАМКА. Мен шордуу ошол Көкжалыңа чындыкты айтып койбойун деп качып жүрбөйүнбү... (Чыңырып алып кошуп жиберет).

Барсбегим, чындык кеп менде,
Барлыңа жеткенде,
Шыбыр сөз кээде болот деп,
Шыбыртың билип коет деп.
Жигимди сенден жашырып,
Токойго кеткем катылып...

БААБИЛ АКАД (Таш чеккенин токтото калып, от жагып олтурган Айкамканы тигиле карайт). Сиз дагы деле жаш экенсиз. Мен бул жерге кул катары сатылып келгенде эле, Сиз улуу көрүнчүсүз. Эмне үчүн турмушка чыкпай койдуңуз?

АЙКАМКА (Чарчаңкы). Э жарыгым, сени биз кул катары көргөн эмеспис. Барсбегимдин бир тууганы деп сездик.Атамдын эки аялы болгон. Уулусу менин апам, кыл табып жан болуптур. Ошол өнөрү менде калды. Кийинки аялын өзү алып берген. Кичүү апамдын тун кызы Ажардын киндигин 7 жашымда кестим. Ошол боюнча дүйнөдөн ак өтүп баратам. Бүбүлүктүн шерти ошондой, жашында жакыныңдын киндигин кессең, турмушка чыкпооң керек. Этегимди тентек желден башка серпкен жок.Гюзелдин, анын балдары Баабек менен Барсбектин киндиктерин өзүм кестим. Барсбекти этек алдынан жашырып, эмчегин эмизбей, жаш төрөгөн төлгөчү келин жол бою эмизип келип, жаш эмчектүү Кунасбегимдин аялы асырап албады беле. Сен дагы ошонун уулу болчусуң. (Кошуп жиберет).

Оң далыда тагы бар,
Оймоктой болгон калы бар.
Эгиздин бири сен элең,
Киндигиң кескен мен элем.
Жан кишиге билгизбей,
Жерине качкан таянең.
И-ий, Барсбегим, артыкча элең пендеден!.

БААБИЛ АКАД (шашып). Ооба, оң далысында калы бар болчу!

АЙКАМКА (Боздоп ыйлап). О, Жараткан Эгем! Бул сырды өзүм менен ала кетем деп ант бербсдим бслс! Азыр мен эмне кылдым? Эмнелерди айттым?!. (Эчкирип ыйлап жиберип,) Жок! Таруудай күнөөм болбой туруп, туйгунумдун артында боздоп калдым.Мен ушунун бактысы үчүм бардык азаптарга чыдадым элс да! Көргөнүм ушулбу!?. Эми сактанаарым кайсыл? Көзүм өткөнчө Барсбегимдин кимдигин үнүм жеткен жерге чейин айтам!. Сен дагы жарыгым, жаныңды тиште!. Отту чоң жагалы. Сага азык камдайын. Дагы көп нерсени айтып берем. (Айкамка отун алып келгени басат. Баабил Акад таш чегип олтурат. Жарык өчөт. Иттин улуганы угулуп турат).

## ЭКИНЧИ КӨРҮНҮШ

Сыздап тынымсыз кишинеген аттын үнүнө добулбастын доошу кошулуп, каарданган эркектердин «бекем таң!», «тарт!», «катуу байла!» деген сөздөрү кошулуп, сахнага жарык берилет. Алыста деңиз. Токтоп турган кемелердин карааны, ортодо жоон топ жигиттер бир кишини мамыга чырмап, колдорун кишендеп, мазактаган балит сөздөрдү башаламан айтып жатышканда, байлоодогу адам күтүүсүз булкунуп ордунан турат да, колундагы үзүлгөн чынжыр менен тегеренгенде, жаалданган жигиттер жерге сулашат. Сырттан кыл чайнап кирген Сейедшах жаалдана кыйкырат.

СЕЙЕДШАХ. Кармагыла! Кармагыла чөп көчүктөр! (Жигиттер кайрадан жабалакташып, колдон-буттан алышып, басып жыгылышат). Эки аягын эки устунга кергиле! Бекем байлагыла! Падчагына казык тыккыла! (Жаалданган жигиттер жалгыз адамды жүндөй тепкилешип, аркан менен эки бутун эки устунга керип жиберишет. Байлоодогу адам ошого моюн бербей каршылык көрсөтөт). Тезирээк, чөп көчүктөр!.Катуу байлагыла! Көчүгүнө темир шиш орноткула! Катуурак тарткыла сурнайды! Бул азезилди салтанаттууу өлтүрөлүк! (Колдору жогору жакка асылып, буттары эки жакка керилген адамды жерден өйдө көтөрүшүп, көчүгүнө туштап, шиш казык коюшат. Сурнай бапылдап тартылып турат. Жалгыз аттын кишинегени тынымсыз угулуп, жан сыздаткансыйт.

Бардыгы даяр болуп, эки устунда эки аркандын учун карман турушкан жигиттер казыкка көчүгү менен отургузуута буйрук күтүп турушат. Бардыгы токтоп, узакка тыным.Жалгыз гана аттын кишинсгени тынчтыкты бузат. Сейедшах байлоодогу туткунга жакын барып, туттугуп турган адамдын көзүнө тике карайт. Ажал оозунда турган адам киркиреген үнүн чыгарат).

БАЙТӨРӨ (Киркиреп). Өкүмүңдү эртерээк бүтүр, Сейедшах!

СЕЙЕДШАХ (Кыл чайнаганын токтотпой, тегерене басып, кекеткендей, токтоо сүйлөйт). А-аа Байтөрө. Бөрү баласы ит болбойт! Бөрүлүгүңдү койбодуң. Жээн эл болбойт. (Жигиттерге өкүм буйрук берет).Шишке отургузгула! (Аркан кармашкан эки жигит акырын бошоткондо, темир шиш көчүгүнө кыйла киргендей болот. Байтөрө үн чыгарбай, көзүн чанагынан чыгара тиктейт). Токтоткула!. (Бапылдаган керней үнү дагы, иш дагы тып токтойт. Жалгыз гана аттын кишинегени басылбайт.) Кыйналып турсун. Сени кыйнап өлтүрөм, Байтөрө!

ЖИГИТ (Сейедшахтын алдына тез келип, чөгөлөй калып суранат). Таксырым, уруксат этиңизчи?Береги аттын башын кыя чаап салайын! Мал ээсин тартат эмеспи!

БАЙТӨРӨ (Ыкчам, киркиреп). Өкүмүңдү бүтүр, Сейедшах!?

СЕЙЕДШАХ(Мыскылдай жылмайып, кыл чайнаган калыбын бузбай). Өкүм бүттү. Аздык кылып турабы?.(Өкүм бакырып) Отургузгула! (Керней бапылдап, Байтөрөнү шишке дагы ылдыйлатышат). Токто!. (Баары тыптынч. Жалгыз аттын гана кишенегени угулат). Таздын көөнү болбосо да кыздын көөнү. Эжебиздин арбагы карап турат. Өлүм алдында чыныңды айтчы, Тагаларыңа кандай таарынычың бар?.

БАЙТӨРӨ (Кыйналганын билдирбей, киркиреп). Мен сага сурак бербейм!. Өкүмүңдү бүтүр, Сейедшах!?

СЕЙЕДШАХ (Кыл чайнаган калыбында каардуу). А-аа, жандими!.Акылыңа келтирем!. Акылыңа келбесең-азабыңды берип өлтүрөм!. Олтургузгула!. (Керней үнү бапылдап, Байтөрөнү дагы отургузушат. Жалгыз ат сыздап кишенейт). Токто!. (Тыным. Баары тыптынч).

ЖИГИТ (Каардуу, кылычын таптап). Ух-хх, ушул атты!. Кишенегени малдан башкача. Уруксат бериңизчи, мууздап салайын!.

БАЙТӨРӨ (Сөздү жулуп, киркиреп). Бок жүрөктүк кылба, Сейедшах! Өкүмүңдү бүтүр!!?

СЕЙЕДШАХ (Олуттуу карап). Элиңе батпай келгениңди билебиз. Бул жерде сени тааныгандар «Азезил» дешет. Кылган ишиңден жийиркенишет. Айтчы, сени кармап турган кайсыл күч, эй, Байтөрө?!

БАЙТӨРӨ (Жиндене обдулуп, каардуу киркиреп сүйлөйт).Сендей бок жүрөк тагалардын тайганын агытыш үчүн жүргөн жокмун!.Тирүү калсам сага ит аягымды жалатам!.

СЕЙЕДШАХ (Жалт карап бакырат). Эки аягын катуу кергиле! Ачасын айрыгыла!(Керней тартылып, доол кагылат. Жигиттер шашылыш кыймылдашып, Байтөрөнүн ачасын керүүгө өтүшөт. Жанагы аттын кишинегени күчөйт. Ушул тушта сахнага кирген Эгей-Ханды эч ким байкабай калышат. Хандын жигиттери шайдоот киришип, тегеректеп турушат).

ЭГЕЙ-КАГАН (Эч нерсеге көңүл бурбай, өзүнчө). Кудурет!.
Издегеним ушул болуп жүрбөсүн!?. (Кайрадан байлоодогу жигитке
кунт кос тиктеп, тургандарга тегерете карап). Сейедшах!.
(Желдеттердин бары башын ийишип, Сейедшах чөгөлөй таазим этет).
Сейедшах!. Ушул Эрди мага соогатка бергин?!.

СЕЙЕДШАХ (Оңдоно чөгөлөп, башын ийет). Буйругуңуз эки болбойт, Улуу-Каган. Антсе да бул азезил...

ЭГЕЙ-КАГАН (Кепке маани бербей, сөзүн бөлүп).Токтотуп жазалоону, байлоодон чеч! Сыйыңа берерим көп, аябайм эч. Канча алсаң, эмне десең азыр берем. Береги бизге келген соодагердин, кааласаң сатып берем кемелерин. Кечиргин бул баатырдын күнөөлөрүн!?.

СЕЙЕДШАХ(Сөз айталбай, мукактанып). Айтканыңыз орундалат Улуу-Каган. Эгерде, уксаңыз...

ЭГЕЙ-КАГАН (Сөзгө маани бербей, делөөрүп). Көңүлүңдү оорутпаймын, Сейедшах. (Сатрабына буйрук берет). Кыясы таптым окшойт издегеним. Кератты коштон чечип алып келгин! Тезирээк, жоо кийимди, курал-жарак, токумдап Кербаланы жигитке

тарт!.(Байтөрө байлоодон бошотулат. Өлүмдөн калган Байторө үнсөзсүз, камырабай боюн түзөп, тургандарга сыдыра көз чаптырып, Сейедшахтын жанына кектүү басып барып, Эгейге ойлуу тигилип, башын ийет. Эгей-Каган анын ийнинен өйдө көтөрүп, суктана карап, сөзүн улайт). Жарыгым, бар кырсыгың баштан кечкен,Жараткан жууп салсын суусу менен. Деңизге кошуп сен да тамчы жашың, денеңден кордук тагын жууп салгын?!. (Узака тыным).

БАЙТӨРӨ (Сейедшахты тооруй карап, киркиреп, кектүү сүйлөйт). Айып этпеңиз Улуу-Каган, эркектин көзүнөн жаш чыкпайт!.

ЭГЕЙ-КАГАН (Ойлоно калып, жактыргандай). Эркектин эркеги бар го Жарым. Сен ошонун өзү окшодуң!.

БАЙТӨРӨ. Кылычтын бардыгы өткүр эмес.

ЭГЕЙ-КАГАН. Аның чын. Ардагым, ажырап аргасыздан Ата-Журттан, армандуу берсн болсоң душман кууган, ат-тонум тартуу өзүңө, азаматым, айланып конушуңду таап баргын.

СЕЙЕДШАХ (шашып). Улуу-Каган, муну биз...

ЭГЕЙ-КАГАН. Сейедшах, бул үчүн каалаганыңды мен беремин. (Байтөрөгө) А сага эркиндик берем, жарыгым.

БАЙТӨРӨ (Тике карап). Ата-Журтумда адашып жүрөм, Улуу-Каган. А бирок, тулпардын туягы жер ылгабай басат эмеспи.

ЭГЕЙ-КАГАН (ыраазы боло). Аның чын жарыгым. Кокустан көөнүң калса өз уяңдан, күнөө эмес-таап алсаң жаттан тууган. Элимди бооруңдай көрүп анда, Эреним, уул болуп бергин мага?!. (Тургандардын бардыгы жалт карашат. Сейедшахтын тынчы кетип, ордунда тегеренип кетет).

СЕЙЕДШАХ (Тынчы кетип). Улуу –Каган, уксаңыз? Менин өтүнүчүм...

ЭГЕЙ-КАГАН (Кайрадан сөзүн бөлүп). Өтүнүчүңдү азыр эле орундатам, ашыгы менен. Көөнүңдү кирдетпейм, Сейедшах. (Узака тыным. Бардыгы элсйишип, Байтөрөнүн оозунан чыгаар сөздү күтүп турушат.Бардыгы тыптынч. Баягы аттын кишенегени дагы угулбай калган. Эгей-Каган бошонгон Эрендин оозунан жылуу сөз чыгышын күтүп, элжиреп тиктеп турат.Байтөрө азыр эле ажалдан калганын

унуткандай, эртеңки күнүн эңсеп, кайгырганын же сүйүнгөнүн билдирбей, Каганга тике карап өктөм сүйлөйт).

БАЙТӨРӨ (Көкүрөгүн керип). Өзүңдөн өтүнөөрүм, Улуу – Каган: өткөнүң айтып бер деп сурабагын. Макулмун эмне десең, жалгыз шартым, мөөнөтү бүткөн кезде сынагандын, кечиргис кегимди алар күн да келер. Кармабай ошол кезде уруксат бер?!. (Оор тыным. Эгей-Каган көзүнө жалт карап, андан жалтангандай, тетири бурулат. Байтөрө чыйрала сөзүн улайт). Анан да сыпаат үчүн өтүнөөрүм, атымды Сейедшахтан алып бергин?

ЖИГИТ (Чөгөлөй калып, жинденип). Ал атты биз...

СЕЙЕДШАХ (жекирс тыйып). Тек!..

БАЙТӨРӨ (Калыбын бузбай). Суранам, сыпаат үчүн деген сөзгө, сынбасын көөнүң ханым, мааниси өтмө: Желкарам-жер үстүндө тирүү жүрсөм, жети жыл өтсө дагы табат, билем!.. (Ойлуу боло калып). А эгер күнүм бүтсө, ошол замат, Ал дагы мага удаа өлүп калат. (Кай бири мыскылдай бырс күлүп, кай бири таң кала карашат).

ЖИГИТ (шылдың аралаш, кекетип). А эгер атың сенден мурун өлсөчү?..

СЕЙЕДШАХ (Жинденип). Жап!..

БАЙТӨРӨ (Кебелбей). Ажалдан азыр мени алып калган –атымдын кишинөөсү жан сыздаткан. Карнайдын үнүн басып кишинөөсү, капилет бурдурганы көңүлүңдү: калп дебей ырастарсың Улуу-Каган, кайрылбай өтмөк элең үндү укпасаң? .. (Эгей-Каган Байтөрөнү жалт карап, анын тикирейген көзүнөн кайра жалтанып, өзүнчө күбүрөйт).

ЭГЕЙ-КАГАН (Өзүнчө). Капырай, мен кимге жолуккамын деги? Бул чындыкты айтып турат. (Анан Сейедшахты карап, кубануусу өчүп, үнү кабатыр чыгат). Сөз бүттү Сейедшах.. Бошотуп зоолулаган атын бергин. Камыкпай айтканымды макул көргүн?!. (Тыным. Сейедшах жигитине «бер» дегендей ишарат кылат).

БАЙТӨРӨ (Жигиттин артынан чыгып баратып, Сейедшахка чукул келип кектүү сүйлөйт). Теңир бир, кезек эки-аскер башы,

Тар жолдо кездешебиз кайра дагы...

(Шарт бурулуп чыгып кетет. Эгей – Каган узата карап, элден четтей басып кабатырлуу кобурайт).

ЭГЕЙ-КАГАН (Өзүнчө). Шул азыр кулпендеңдин кылганына,
Калыс бол Кудуреттүм, өзүң гана?
Куткардым чын ажалдан деген адам,
Кутулбас ажалым бейм өзүм тапкан?
Пендеңдин жанын бөлөр денесинен,
Периштең –Жиберсийил ушул белем?..

(Тургандар өздөрүнчө топтошуп, кандайдыр бир нерсени кызуу талкуулап жакансыйт. Сейедшах абдан кызууланып, Эгейдин жигиттерине бир нерселерди айтып жатат шекилдүү).

Билип турам булардын айтышаарын.
Береги адам болсо эт жүрөктүү,
Байкалмак шум ажалдан коркуу, сезүү.
«Кудурет, бир өлүмдөн калтырдың» деп,
Кулпендең болсо өзүңө «тобо» демек.
«Теңир бир, кезек эки-өч алам» деп,
Тең ата Жаратканга сүйлөдү кеп.
(Тынчы кеткендей, өкүнүчтүү).
Кара чаар уусу кайтпас бул жылаанга,
Кандайча арбалганым билбейм даана?
Чагаарын акыр түбү сезген менен,
Чамам жок баш тартууга, сөзүм бердим.
Бул менден өтүнгөн жок, өзүм келдим!.
(Мууну бошогондой, жашык).
Кудурет, өз буйругуң ушул болсо,
Кулпендең моюн сунат, кылам тобо...

(Сахна күңүрттөйт. Сыздаган жалгыз сыбызгынын үнү угулуп турат).

## ҮЧҮНЧҮ КӨРҮНҮШ

Эгей-Кагандын бөлмөсү. Кечке маал. Каган кеңешчиси Мусафар менен кандайдыр маанилүү ишти сүйлөшүп, бирок аягына чыга албай, экөө тең ойлуу отурушкандай. Сырттан эшик ага кирип баш ийе таазим кылат.

ЭГЕЙ-КАГАН. Эмне кеп, сүйлө?!

ЭШИК АГА. Сыртка Байтөрө келип, Сизге кирүүнү өтүнөт.
ЭГЕЙ-КАГАН (Кубанычтуу). Келип калдыбы?!. Киргиз!..
(Эшек ага тез чыгып кетет. Эгей-Каган менен Мусафар сырттан келер кишини күтүп калышат. Жарашыктуу кийинген Байтөрө жай басып кирип, ийилс таазим кылат). Келип калдыңбы, жарыгым, Ушунча бат...
МУСАФАР (Өзүнчө). Эгей-Каган эч кимге мынчалык эзилип кетчү эмес эле...
БАЙТӨРӨ (Сүйкүмдүү, ишеничтүү карап). Бардыгы Сиз айткандай болду.Кара Ууздардын башчысы Сауд төрө Сизге сагынып салам айтты. Бардыгы Сиз каалагандай бүтөрлүгүн билдирди. Каты мына... (Оролгон кагазды койнунан алып берет. Эгей Каган тез алат да, ордуна олтуруп, көз жүгүртүп, ыраазы болгондой жылмаят).
ЭГЕЙ-КАГАН. Ырахмат!.. Жакшы болгон экен... Жарыгым, чардадың го... Эс ал...
БАЙТӨРӨ. Ата, мага жигиттерден бөлүп берсеңиз, тоого барып, машыксакпы дедим эле.
ЭГЕЙ-КАГАН. Жигиттер? (Ойлоно калып). Эс алсаң кантет?
БАЙТӨРӨ. Сүйгөн ишин жасоодон чарчабайт эмеспи, ата!.. Сиз тапшырган иштердин бардыгы менин көңүлүмө төп келет!.. (Башын ийет).
МУСАФАР (Өзүнчө). Сөздүн ыгын таап сүйлөгөнүн корчү...
ЭГЕЙ-КАГАН (Ыраазы болгондой, башын ийкеп). Өзүңдү карагын... Ашыкча уруна бербе. Жигит алгың келсе, Кол башчыга айтайын. Бүгүнчө күтө тур.
МУСАФАР (Өзүнчө). Эптүү жооп берди.
БАЙТӨРӨ (Туталангандай). Ата!.
ЭГЕЙ-КАГАН (Ойлуу). Сен үчүн маанилүү жумуш бар. Биз ошону макулдашуубуз керек.
БАЙТӨРӨ (Ыкчам). Айтканыңыздай болот, ата!..
ЭГЕЙ-КАГАН (Ыраазылык билдирип). Жакшы. Барагой. Алыс кетпе? Билген чыгаарсың. Өзүм чакыртам.
БАЙТӨРӨ. Мартабаңыз көтөрүлсүн, ата!.. (Башын ийип, чыгып кетет. Экөө үнсүз карап узатышат. Тыным).

МУСАФАР (Өзүнчө). Каган жаңылганы турат бейм...

ЭГЕЙ-КАГАН (Көңүлүндө турган ойду улагысы келип). Мусафар, бул Эрен жөнүндө кандай пикирге келдиң?

МУСАФАР. Бул тегин жан эмес. Көргөнүмө көп күн өтсө да, бир пикирге келе албай жүрөм...

ЭГЕЙ – КАГАН (Ойлуу). Ошондой. Дал ошондой. (Ордунан туруп, алысты тиктеп). Кечөөкү уу токмоктун уусун сезбей, келбетин бекем кармап, бир кебелбей, жумшасам даяр туруп бүт баарына, жумуштун көзүн таап, май чыгара, шамдагай, шыбырты жок кыймыл менен, шыпылдап кызмат өтөйт баарына тең.(Узакка тынып, көңүлү чөккөндөй). Анан да эч ким менен сүйлөшпөстөн, аткарат өзү жалгыз үндөбөстөн. (Мусафарды тике карап,шыбырап сүйлөйт). Бул адам тегин эмес, Мусафарым... Чын айтсам, арбыныраак чочуганым... (Тыным. Экөө тең үнсүз).

МУСАФАР (Маанайы чөгүңкү). Мен дагы ушул ойдомун, Улуу-Каган. Сен менин жүрөгүмдөгүнү айтып турасың.

ЭГЕЙ-КАГАН (Жашык). Тагдырдын буйругу окшойт, Мусафарым, тактымда калар артта жок мурасчым.

МУСАФАР (Чечкиндүү). Кантип?! Гюзелчи!. Кызың төрөлгөндө эле мураскордук шакегиңди бергенсиң!.

ЭГЕЙ-КАГАН (Башын ийкеп, ойлуу). Аның чын, Мусафарым, аның чын. (Көзүн ала качып, кейиштүү). Тогуз кыз-беш аялдан төрөлүштү. Тоңумду бири дагы жибитпеди!..

МУСАФАР. Кантсе да, Ажарыңа арзыгандай болдуң эле...

ЭГЕЙ-КАГАН. Ооба, арзуума чек жок эле!. Ажарым татыктуу жар!. Анын жоктугу мага кыйын болду. (Тынымдан соң, кусалуу). Атайын Эне-Сайга арзып барып, алгамын тагаларга кадыр салып. Төлгөчү, жорумчулар, түш бегим да, төрөйт деп күткөн элек эркек бала!..

МУСАФАР (Дем берип). Бүтүндөй кадырлаштарың күтүшпөдү беле, Урматтуум..,

ЭГЕЙ-КАГАН (ойлуу). Ажардан калбаймын деп бирге келген Айкамка эсиңдедир?.. Ал Ажардын киндик кескен энеси экен.

МУСАФАР. Билем урматтуум, Айкамка касиеттүү жан эле го!

ЭГЕЙ-КАГАН. Ажарым толготкондо, Айкамка бир да жанды жолотподу.

МУСАФАР (Жалт карап). Эмне, ошого шегиң барбы?

ЭГЕЙ-КАГАН (Укпагандай). Баланын үнү угулуп баркыраган, Баарыбыз «Эркек!» дедик бир добуштан. Тээзирээк сүйүнчүлөп чыкпайбы деп, телмирип добуш тыңшайм, эшик тиктеп. (Жашып кетет. Тыным).

МУСАФАР (Ойлуу күбүроп). Ооба, барыбыз узакка күткөнбүз. Күүгүм кирип, көз байланып калган эле.

ЭГЕЙ-КАГАН (Маани бербей). Элесин ошондугу Айкамканын, Эгерим бул жарыкта унутпаймын!. (Жашык). «Кыз экен, Улуу Урматтуу Каганым» деп, кыпкызыл кызыл этти аяр тиктеп, кубарган жүзүн жууган шордуу жашы, колунда наристеге таамп жатты.

МУСАФАР. Ооба, ошол учурду баарыбыз көрбөдүкпү.

ЭГЕЙ-КАГАН (тынымдан соң, жашын сүртүп). Уулду төрөп берсе Ажарым деп, Ушунча үмүт менен күтсө керек. А бирок кыз төрөлүп калганына, айыптуу сезип өзүн турганына, «Кыз» деген сөздү укканда чыйрыкканым, кандайча ысыганын билбей калдым. Өзүнөн бүтпөгөн бир киндик кызга, өмүрүн бүт арнаган Айкамкага, жакут көз шакегимди ортонумдан, шашыла сууруп алып ага сунгам!.

МУСАФАР. Көргөнбүз, Урматтуум, аныңды баарыбыз көргөнбүз.

ЭГЕЙ-КАГАН. Ойлонбой туруп берген ошол шакек, ордодо хан тагына мурас делет!. Ушундайбы, Мусафарым?.

МУСАФАР. Дал ошондой урматтуум, дал ошондой!..

ЭГЕЙ-КАГАН (Кусалуу). Ошондой кылганыма, Мусафарым, он алты жылдан бери таң каламын... Жеңдирип жээрип турган сезимимди, (Өтө кейиштүү). Жакут көз шакегимди ким бердирди?.(Сыртка басып, ойлуу). Муну мен буйрук дебей, не деп айтам?.Мусафар, акылдуусуң, кеңеш салсаң?.

МУСАФАР (Коштоп). Ооба, ал буйрук, Урматтуум, Эгемдин буйругу. Мен аны ошондо эле туйгам.

ЭГЕЙ-КАГАН. А демек, мураскору алтын тактын, бул –Гюзел эскендигин танбас калкым?.

МУСАФАР. Ага эч ким каршы турбайт, Урматтуум. Буга сарсанаа боло бербе.

ЭГЕЙ-КАГАН. А бирок, бир айыбы – ал кыз бала, алдырып коебу дейм азгырыкка.

МУСАФАР (Ишеничтүү). Андай эмес, Урматтуум. Гюзел кыз болгону менен акылдуу. Калган кыздарыңдан өзгөчөлөнүп турат. Апасы Ажар, анын кандаш-киндик энеси Айкамка!. Не деген асыл адамдар! Гюзел татыктуу мураскериң. Ага эч ким каршы турбайт!.

ЭГЕЙ-КАГАН. Антсе да Мусафарым, жарашса алган жары, Гюзелиме, жетчүүдөй туюмум бар тилегиме. (Тыным. Мусафар кылыя тиктеп, сыртка басат).

МУСАФАР (Өзүнчө). Демек, Гюзелге жараша турган жарды таап койгон окшоду. (Эгейге карап, сынай сүйлөйт). Сен, баамымда...

ЭГЕЙ-КАГАН (Оюн тез билдиргиси келип). Ооба, сен аны билип турасың. Гюзелди алып берсем Байтөрөгө, Кудурет буйруп кызым уул төрөсө: каным бар тамырында менин дагы, калк үчүн туура болор баксам аны?!.

МУСАФАР. Калк үчүн дегениң менен...

ЭГЕЙ-КАГАН. Оңду айтчы, туурабы?.

МУСАФАР (Тайсалдап). Урматтуум, сенден ашык татыктуу жол табалбасымды билесиң го... Кантсе да калкка сенин сак-саламат турушуң кымбат...

ЭГЕЙ-КАГАН. Мусафар, Гюзелиме айтчы өзүң, муногу Байтөрөгө макул десин?!(Узакка тыным. Экөө тиктешкен көздөрүн ала качышат.Бөлмө караңгылай баштайт. Кыжаалат музыка шоокумданып турат).

МУСАФАР (Чечкинсиз, күңкүлдөп). Айттым го Улуу-Каган, түшүнбөдүм. Адамбы, жин – шайтанбы-айырмасын, алиге ажыратып биле албадым. (Тынымдан соң тике карап, чечкиндүү сүйлөйт). Кызыгып эрдигине, көктүгүнө, кызыңды кор туттуруп алып жүрбө?! (Оор тыным. Экөө таарынышкандай эки жакты карап турушат. Кыжаалат музыка шоокумданып угулат).

ЭГЕЙ-КАГАН (Тескери караган калыбында буулугуп).

Аныгын мен да билбейм Байтөрөнүн,

МУСАФАР (Шашып). Анда эмнеге?..
ЭГЕЙ-КАГАН. Аламын ант ичирип андан өзүм.

Агызып тамырынан тирүү канын,
Аалымга касам-дуба салдырамын.
Арамдык кылып танса берген анттан,
Ажалын табат акыр өз канынан!..

МУСАФАР (Бир аз шектүү). Андай иштен кайра тартпасачы?
ЭГЕЙ-КАГАН. Кудайдын буйругунан качабызбы, Мусафар?!.
МУСАФАР (Тынымдан соң, ойлуу). Эгерде чындык болсо кеңешкениң, Эгей-Хан, Байтөрөгө мындай дегин: Бой тарткан ушул тапта беш кызың бар, буйруса кимге никс- ошону алар.
ЭГЕЙ –КАГАН. Аларды. Кантип.
МУСАФАР. Байтөрө мураскорду эчак билет.Андыктан шек билгизбей жасоо керек.
ЭГЕЙ-КАГАН. Беш кыздын өңдөрүн көрсөтпөй, буйруганын алууну сунуштоо керек дечи?..
МУСАФАР. Дал ошондой Улуу-Каган! Буйруса эгер Теңир ага чындап, Байтөрө Гюзелди өзү табат! Ушул иш Жараткандын буйругу деп, өзүң да дал ушуну айткың келет.
ЭГЕЙ-КАГАН (Жагалданып). Ыраазымын, Мусафарым, ыраазымын. Дал оюмдагыны айттың!. Эми аялдардын амалын өзүң тап!
МУСАФАР. Анда биз ошол тарапка баралык?..
(Көңүлдүү музыка угулат. Сахнага жарык берилет. Үй кызматкерлери киришип, буюмдарды оңдоп-түзөшүп, айрым нерселерди көркөмдөп жиберишет.Үй кызмат{е}рлери бири-бири менен шыбырашып, өтө көңүлдүү кирип-чыгышат. Кыйладан соң Мусафар төрт аял менен сүйлөшүп, сахнанын бир жагынан экинчи жагына өтүп кеткени көрүнөт. Үй кызматкерлери жумушка шылтоолошуп, көрүнгөн жерден шыкаалашып, шыбырашып, кандайдыр бир кызыктуу нерсени күткөндөй болушат. Сахнага окшош кийинишкен төрт кызды төрт аял жетелеп чыгышып, тизип коюшат. Ошондон кийин Мусафар дагы бир кызды ээрчите кирип, окшош кийинген беш кызды тескери каратып тургузуп коет да, бардыгы сыртка чыгып кетишет. Көңүлдүү музыка күчөп, Сахнага Эгей-Каган менен Байтөрө сүйлөшүп

киришет. Сахнада жалгыз турган Мусафар буйрукту орундатканын билдирип таазим этет).

МУСАФАР. Бардыгы даяр, Урматтуум. (Музыка токтоп, узакка тыным. Окшош кийинишкен беш кыз тескери караган калыбында кыймылсыз турушат).

ЭГЕЙ –КАГАН (Байтөрөгө). Мына эми, айтканымды орундатып, өзүңө айланайын, каалайм бакыт. Береги бойго жеткен беш кызымдын, бирөөсүн тандап алып, турмуш кургун. Өңдөрүн көройүн деп сурабагын, бешөөнүн буйруганы сенин жарың... (Байтөрө турган ордунан кыймылдабай, беш кыздын аркасынан тикирейе тиктейт. Узакка тыным. Эгей-Каган менен Мусафар Байтөрөнүн кыймылын астыртан карашат).

БАЙТӨРӨ (Узактан кийин башын төмөн салып, жагымдуу, назик сүйлөйт). Атаке, ансыз дагы балаңызмын, азыр эми, кош сезим бийлеп турат бүт денемди. Түшүндүм, айтылбаган асыл ойду, аны мен аткарышым анык болду.

МУСАФАР (Кылыя карап, шектүү сурайт). Демек сен мурун эле билдиң беле?.

БАЙТӨРӨ (Аны укпагандай). Баары бир-кайсынысы болсо мага, Багымды ачтыңыз чын! Тартпайм санаа!.. Шул азыр Сиз тилеген тилек үчүн, кошулуп турат окшойт бүт үмүтүм.

ЭГЕЙ-КАГАН (Ыраазы болгондой, ыкчам). Антсе да, өзүң бирин танда, жарыгым!?.

БАЙТӨРӨ (Тынымдан соң, башын көтөрүп, кыздарды артынан сыдыра карайт). Жан ата, өтүндүңүз, сыпаат үчүн, тандадым перилердин үчүнчүсүн. (Узакка тыным. Беш кыздын ортосундагы кыз эки колу менен бетин баскан боюнча туруп калат да, калганы таарынышкандай сыртка кетишет. Мусафар Байтөрө менен Эгей-Каганды таң калыштуу алмак-салмак карап, үнсүз болот. Ордунда калган кыздын ыйлап жатканы солкулдаган далысынан билинип турат. Ал Гюзел болучу. Эгей-Каган ордунан эми козголуп, жалгыз калган кызына барат да, аны кучактайт. Гюзел атасына боюн таштап, солуктап ыйлайт.)

ЭГЕЙ-КАГАН (Өзүнчө). Жараткан! Эми чындап буйругуңа, ишенип, тобо деймин ушунуңа!.. (Кызынын чачынан кумарлана жыттап, негедир, сүйүнгөнүнөн жашыгансыйт. Анан башын көтөрүп, чыйрак сүйлөйт).Ыйлаба, кагылайын ишеничим!.. Мен берген мураскордук шакегиңди, тартынбай ортонуңа кийгин эми!?.

МУСАФАР. Урматтуум!.. Энекесине сүйүнчүлөсөм болор бекен?!.

ЭГЕЙ-КАГАН (Жагалдынып). Сүйүнчүлө!.. Эл-журтка кабар айткыла! Тойго камынуу керек! (Байтөрөгө). Келчи эми,боорума кучактайын бекемирээк, сөөгүмдү бир жылытып алуум керек!.. Байтөрөнү бекем кучактап, чекесинен сүйөт. Байтөрө чөгөлөй калып,Эгейдин этегин өбөт. Мусафар чыгып кетет.(Узакка тыным).

ГЮЗЕЛ (Алысты тиктеп,токтоо өктөм) Ата кебиңе кеп кайрыбай көндүм,демек,мен дагы өз шертимди айтуум керек!... (Экөө жалт карашат. Тыным, Байтөрө Эгейди кыйды карайт).

ЭГЕЙ-КАГАН (Шектүү). И,айт жарыгым, чогуу угалык?...

ГЮЗЕЛ (Калыбын жазбай). Кудурет берген мүнөз суздугума, Күйөңүз терикпестен көнсүн ага. Ишине кийлигишпейм, мага дагы оң болот дал ошондой жасаганы. Жалганда бул мүнөзүм өзгөрүлбөс Жар болсо аргасы жок ага көнбөс! (Тыным. Эгей Байтөрөнү карайт. Байтөрө түк өзгөрүлбөй, макулдугун билдиргендей башын ийет).

ЭГЕЙ-КАГАН (Коштогондой).Эр жигитке Эр мүнөз жар жарашып калар дейм...

ГЮЗЕЛ (Калыбын жазбай).Теңирим буйруса эгер эркек бала,

Толгуча жашы анын балакатка;

Бийликти бир өзүңдөн башка жанга,

Бербеймин дегин азыр-Жаным Ата!?.

ЭГЕЙ-КАГАН (Шашып,бир аз кубанып). Жараткан өмүр берсе, бийлик колумда тураар жарыгым...Анан да, карыдым ... Өзүң баш болуп, колума кол болсоңор, орноткон ордобуз колумда тураарына күмөнүм жок.

ГЮЗЕЛ (Чечкиндүү сөзүн улайт). Баланы кош дүйнөдө меники деп айтпаска антын берсин Байтөрө бек! (Эгей-Каган Байтөрөнү жалт караганда, Байтөрө чөгөлөй калып жалынычтуу сүйлөйт).

БАЙТӨРӨ. Атаке, Сиз турганда мен ансыз деле балам деп айта албайм го...
ГЮЗЕЛ (Эгейди жалдырай карап, аянычтуу сүйлөйт). Жан ата, эң акыркы өтүнөрүм, апам жана киндик энем ар дайым чогуу болсун мени менен?... Анан да сиз дайым жанымда болбосоңуз, өзүмдү жалгыз сезем!... (Бүжүрөп отура калып ыйлап жиберет. Эгей ордунан элпек туруп барып, кызын бооруна сыга кучактап , узакка жыттап, кубанычтуу көз жашы кылат).
ЭГЕЙ КАГАН. Болду эми... Мен өтө кубанып турам. Сенин ушул жакшылыгыңды көргөнүмө Улуу Жаратканга ыраазымын!... Ансыз дагы дал ошондой кылабыз. Ошонубуз туура. Апаң киндик энең болуп менин жанымда чогуу турасыңар. Сен мага жардам бере баштайсың... Өтүнүчүң бүтсө демек, бардыгы ойдогудай болду. Биз сыртка чыгып, элге жолугуп, той камын сүйлөшөлү. Сен өз ишиң менен бол. Апаңа бар... Эми эл дегенди, журт дегенди ойлоно баштооң керек, жарыгым. Мындан ары түндүк ээси болосуң. Андай жоопту милдетти көтөрүү көрүнгөндүн колунан келе бербейт... (Эгей сыртты карай кетет. Байтөрө анын артынан кетет. Гюзел бөлмөнү тегерете карап, атасынын тактысын тегерете басып келип, чөгөлөй калып өксүп ыйлап жиберет).

## ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

### ТӨРТҮНЧҮ КӨРҮНҮШ

Түн. Иттин улуган үнү. Шамал ышкырып, өзүнчө эле бир муңдуу кайрык чыгарат. Алыстан Айкамканын боздоп ыйлаган үнү чыгып, бир колтук отун сүйрөгөн Айкамка авансценадан көрүнөт. Анан ал кошуп жиберет.
АЙКАМКА. Айланган көктө Шумкарым,
Айлам жок боздоп –сыздадым!
Алтындан боону таккамын,
Ажалдан алып калам деп,

Анадан ала качкамын.
Каманга чалдырбайын деп,
Кагандан ала качкамын!..
О, Кокуй-уй!..

(Артынан Баабил-Акад жете келип, ал дагы ый аралаш сүйлөйт).

БААБИЛ-АКАД. Отунду мага бериңизчи?..(Айкамканын тонун өзүнө жаап). Апаке, кийиңизчи? Үшүдүңүз...

АЙКАМКА (Ыйын тып басып, эч нерсе болбогондой олуттуу). Отунду көп алып келип, отту чоң жагалы. Сен жылын. Ташынды чегип бүт. Мен сени тыңытайын.(Тонду кайра Баабил Акадга жаап). Сегиз жыл үңкүрдө өлбөгөн мени Кудай алат дейсиңби! Сен жылын, сен оорубагын! (Баабил Акадды олуттуу карап). Көкжалың сага маанилүү иш тапшырыптыр, аны аткаруун керек! Азыр мен сенин камыңды көрүүм керек. Менде ушул милдет калыптыр. Бас, оордуңа олтуруп, ишиңди жаса!.

БААБИЛ АКАД (Шыбырап). Апа, айтсаңыз, Гюзел эгиз төрөгөнүн балким, билген чыгар?.

АЙКАМКА (Ыкчам). Жок!. Көп күн толгоо тартып, жаны кыйналган Гюзел, чынын айтсам билбей калды. Ооба, ал билбей калды. Кыркылыгын чыгарып чыгарып, бешигине салып, Ажар экөөбүз бул жакка төркүлөгөндү шылтоо кылып жүрүп кеттик.

БААБИЛ АКАД. Балким Байтөрө шек алгандыр. Ошонун айынан, ал азезил.

АЙКАМКА. Жок. Ал жексур мурун эле караанын жоготкон. Ал учурда ал жерде жок болучу.

БААБИЛ АКАД (күйүп-бышып). Байтөрө бул жерге келип, алты жашар Манастан кара башын аман алып кетсе, анан кантип кол кураганга жетишет?.Же, эмне, Эгей-Каган ага кайрадан кол курап бердиби?

АЙКАМКА (Орой). Болду!. Жүр, отун алып барып, отту чоң жагып, сени жылыткандан кийин, калганын айтып берем. (Экөө отунду сүйрөп кетишет. Сахнага жарык берилет. Эгей-Кагандын бөлмөсү. Таң атып калган мезгил. Чепкенин желбегей жамынган эгей-Каган сырттан үңкүйө басып кирип, тактыга барбай, серүүгө мандаш

токунат.Башын төмөн сала үңкүйүп, бир нерсеге кабатыр экени байкалат. Ичкерки бөлмөдөн бакмачыга баласын көтөрткөн Гюзел чыгып, элпек басып келип, ийиле салам берип, кучактап жүзүнөн сүйөт).

ГЮЗЕЛ. Жакшы жаттыңызбы, атаке!?.

ЭГЕЙ-КАГАН (Жагымсыз үн менен). Шүгүр, жарыгым, өзүңөрчү?.

ГЮЗЕЛ (Жагалданып). Жакшыбыз. Сизге учурашканы келдик. (оролгон наристени бакмачыдан алып, атасына сунат. Эгей-Каган кулачын жая бооруна алып, узакка жыттап, үңкүйүп олтурат). Алдыңыз муздады го, олпоктун үстүнө чыксаңыз?.

ЭГЕЙ-КАГАН (Акырын башын көтөрүп, кылгырган көз жашын кызына билдирбей, баланын ороосунун учу менен сүртүп, баланы аярлай кармап, бакмачыга берет).Силер баргыла эми. (Гюзелге). Сен мындай олтурчу?..

ГЮЗЕЛ (Чочулап). Бир жериңиз ооруп турабы, ата?

ЭГЕЙ-КАГАН (Оор үшкүрүп). Оорудан өлсөм –кайгырбагын, жарыгым. Мени кой, сени азапка салганды эми билдим.

ГЮЗЕЛ (Кайраттуу). Өткөн өтпөдүбү, ата! Эртеңкини ойлоп жашабайлыкпы?!.

ЭГЕЙ-КАГАН. Ооба, ошол эртеңкини ойлоп айтып жатам.

ГЮЗЕЛ (Кабатыр). Дагы эмне болду?.

ЭГЕЙ-КАГАН. Кечөөкү Алтайдан аман келишкен Байтөрөнүн эки жигитинин сөздөрү таңды-таң атканча мээмди жеп чыкты!.Мен эми Алтайлык боордошторумдун жүзүн кантип карайм!.Апаң Айкамка экөө кандай абалда калышты десең!?.

ГЮЗЕЛ (Кектүү). Болору болгондон кийин, өкүнүүнүн кереги эмне?!.Андан көрө артын ойлонгон дурус. Ал үчүн Сиздин ден соолугуңуз гана керек!.

ЭГЕЙ-КАГАН (Үңкүйүп). Мен түндө түш көрдүм. Түшүм жаман.

ГЮЗЕЛ (Чочулап). Ал эмне болгон түш?.

ЭГЕЙ-КАГАН (Көзүн ала качып, ойлуу). Бир топ адам жабалактап, бир кушту алоолоп күйгөн отко кактап жатат. Мен аларга ачууланып, аябай алтынымды сатып алып, капаска салып аны аземделген, аябай жанымды үрөп багат экем...

ГЮЗЕЛ (Орой, өкүнүчтүү). Муну сиз өңүңүздө жасагансыз!.

ЭГЕЙ-КАГАН (Аны такыр укпагандай). Акыры ууга салып көрөйүн деп, көлдөгү кууга шилтеп, турдум тиктеп. Көркөмдүү бир ак кууну илип алып, алдыма келип өтүн жарып, тикчийтип мага көзүн кадайт дагы, кузгунга бүт айланып канаттары, төбөмө бек жабышып, көзүмдү оёт, коргоном колдорумду канга боеп. Ордомо жанталашып жетип келсем, бул жайдын түндүгү эчак түшкөн экен!..

ГЮЗЕЛ (Жүзүн басып, өксүп ыйлап жиберет). Мунун баары өткөн иш деңизчи атаке? Мунун баары өткөн! Менин түшүм өтүп кетти деп жоруңузчу, атаке?!.

ЭГЕЙ-КАГАН (Аянычтуу, жашык). Өткөнгө жаңысы кошулуп жатпайбы!..

ГЮЗЕЛ. Дагы эмнени айтканы турасыз?!.

ЭГЕЙ-КАГАН. Жүрөгүм чыкчуудай туйлаганда, койнума колумду салсам, жанагы аккунун эки жумурткасы бар экен! Ошол замат куу-кузгун учуп келип, колумдагы жумурткаларды көрүп, куркуйган мойнун созуп, бирөөсүн жарат чокуп!.. Аңгыча илекилек учуп келип, экинчисин иле качып, көздөн кайым учуп кетет!.. (Эгей узакка чекесин таянып олтурат, сыягы ыйлап жаткандай болот).

ГЮЗЕЛ (Ый аралаш). Ушунун баары өткөн иш! Атаке, бардык балакет Байтөрөнүн башы менен кетсин деп жоруңузчу? Ушундай болот, туурабы, атаке?.

ЭГЕЙ-КАГАН (Укпагандай, жашык). Сыягы бардык азапты өзүм сатып алган өңдөнөм!.. Бул Байтөрө ал кылганы аз келгенсип, Баабекти, сени, мени жайлап туруп, бир кыздын күйөөсүнөн көөнүн буруп, акыры Кагандыкты алат белем. Бул элдин убалына калат белем!?.

ГЮЗЕЛ (Кыйкырып). Жо-ок! Анын бетин ары кылсын!. Бул ойду эмнеге айтасыз, атаке?!. Түштүн мойну ичке дейт го, башкача жорусаңыз болбойт беле?..

ЭГЕЙ-КАГАН (Өзүн карманып, ойлуу сүйлөйт). Бул буйрук көрүнөт, жарыгым. Сыягы тээ түбүбүздөн бир күнөө кеткен көрүнөт. Улуу Кудай аны урпагынан алаары анык чындык делинет!.. Бул

эзелки сөз. Өз колум менен бөпөлөп баккан Байтөрө-ошол күнөөбүз үчүн өч алууга келген Азрейил окшоду!..

ГЮЗЕЛ (Кайраттуу). Муну сиз мурда эле билгенсиз, ырасны ата?!.

ЭГЕЙ-КАГАН. Шскигеним чын... Бирок бул-эркимден тыш иш болду.Айтчы, ушул менин акылсызыдыгымдан болдубу?(Экөө тиктеше калат. Гюзел атасын капа кылбас үчүн көзүн ала качып, жубата сүйлөйт).

ГЮЗЕЛ. Ата, өзүң айткан буйрук ушундай болсо, аны көтөрбөскө арга жок. Бир гана арга, өткөнгө өкүнбөй, бүгүнкүгө канпэт кылып жашайлы...

ЭГЕЙ-КАГАН (Ойлуу). Ал азезил жакында келет окшойт.

ГЮЗЕЛ (Шектүү). Келгенде аны кандай кабыл аласыз?

ЭГЕЙ-КАГАН (Тынымдан соң, ойлуу). Ошону биле албай турам. Сенин көңүлүнө карабай туруп, зоолулатып койсомбу деййм! (Экөө тиктешет. Эгей көзүн ала качып, ордунан турат. Гюзел ой болушпой үнсүз). Мен абдан чарчап турам.

ГЮЗЕЛ (Элпек). Ооба, чарчаптырсыз, ата. Эс аласызбы?

ЭГЕЙ-КАГАН. Ошентейин. Сен мында калып, сакчыларды чакырып, иштин жайын сура.Татаал маселе болсо, түштөн кийинкиге калтыр. (Төр жакка чыгып баратып, кайра бурулуп). Мен бат эле кайра келем. (Чыгып кетет).

ГЮЗЕЛ (Өзүнчө, ойлуу). Аккуунун эки жумурткасы дегени кандай? Мен эгиз төрөдүм беле? Шегим бар. Мен эгиз төрөгөндөй болгомун. Анда эмне, бири чарчап калса, мага айтпай коюшту бекен? (Ойлуу басып келип, тактыга олтуруп). Баш-аягыбызды жыйып алсак, атам оорубай турса, апамды барып алып келип алсак, кандай сонун болор эле! (Денесине эргүү бүткөндөй, жылаажынды тартып, сырттагы сакчыны чакырат. Ошол замат күтүүсүз Байтөрө шып кирип келет. Гюзел көрө сала ордунан туруп, коркуп да, таң калып да тиктеп, башын ийип турган Байтөрөгө озунуп салам айтат). Кел Байтөрө. Ат көл аманбы?

БАЙТӨРӨ (Кучактап көрүшүүгө обдулат. Гюзел боюн ала качып, тактыдан туруп кетет. Ушул тушта Бакмачы баланы алып кирет да,

сөз айтпай, тикирейип тиктеп калат). Бешик бооң бек болсун, Ханыша!.

ГЮЗЕЛ (Үнү бүткөндөй араң сүйлөйт) Ырахмат.

БАЙТӨРӨ (Обдулуп). Көрөйүн. Көрүндүгүнө...

ГЮЗЕЛ (Байтөрөнүн алдын тосуп). Убада сөзүңдү танбастырсың, Байтөрө? Эресеге жеткенде эне—атасын өзү тааныр. Азырынча...

БАЙТӨРӨ (Ыңгайсыз, жагалданып). Ооба, убадама турарым чын.Антсе да инимдин мурдунан чымчып. (Ушул тушта Эгей кирип келип, сенейип туруп калат).

БАЙТОРӨ (Чөголөй калып). Күүлүсүзбү, жан ата!?.

ЭГЕЙ (Туттугуп). А-аа, келипсиң да.(Гюзел баланы алып, Бакмачы экөө тез чыгып кетишет. Эгей тактыга олтурат).

БАЙТӨРӨ (Жалынычтуу). Атаке, эси жок балаңызды эмне кылсаңыз оз эркиңиз. Билем, бардыгын уктуңуз. Жазага татыктуумун. (Чөгөлөгөн боюнча жылып келип). Азыр эми башыңызга конгон бакытты куттуктап, Бешик бооңуз бек болсун деп айтууга уруксат бериңиз?!.(Жылып келип, Эгейдин этегине көзүн сүртүп, өбөт. Эгей этегин булка тартып, тактыга кетенчиктей олтурат).

ЭГЕЙ-КАГАН (Каардуу, туттугуп). Кандуу колуң менен этегимди булгадың!.Уктум сенин жосунуңду!.. Айша менен Айкамканы жеткирген жигиттерим айтып келишти.

БАЙТӨРӨ (Жалынычтуу, бышактап ыйлап жиберет). Күнөөлүмүн атаке!?. Бирок аларга кылча жазыгым жок эле.

ЭГЕЙ-КАГАН. Ал жакка эмнеге бардың?! Эмне үчүн суранбай, айтпай кеттесиң?!.

БАЙТӨРӨ (Жалынычтуу). Үй-бүлөм бар эле да, ошолорду сагынып.

ЭГЕЙ-КАГАН. Сагынып барганың чын болсо, кайнагаңдын башын кыя чабат белең?..

БАЙТӨРӨ. Ал биринчи кылыч шилтеп.

ЭГЕЙ-КАГАН. Өлбөй-житпей, алты саның аман-эсен турат го?Кайсыл жериңден жарат алдың?.

БАЙТӨРӨ (Жалынычтуу, кыжынып). Ишениңизчи, жан ата?!. Тирешүү учурунда тишимден кан чыкса да, кармана албай

кетемин!Ошондой болду. (Башын төмөн салып үнсүз олтурат. Эгей сөз таппай мукактанат.Акыры ачуусуна чыдабай, туттугуп сүйлөйт).

ЭГЕЙ-КАГАН. Деги сен кимсиң өзү, дайыныңды айтчы?.

Жан алчу желмогузбу, жин-шайтанбы?
Эгерде адам болсоң – кантип анда,
Элиңе даадың барып кол салганга?
Түбүбүз, каныбыз бир элге барып,
Түрктөргө чаптырыпсың – кыргын салып!
Ээрчитип кеткендерден калбай бири,
Эмне үчүн келдиң анан өзүң тирүү?!.
Алардын ата-энеси, эл-журтуна,
Айтасың кандай жоопту, айтчы мага?!.

(Эгей ачуусуна чыдабай, калтырап-титиреп калат. Тыным. Байтөрөнүн денеси ыкчам кыймылдап, чага турган жылаандай тикирейе карап, октолуп ордунан турат да, жылмаңдай басып, артына барат. Эки тарапты кылдат карап, өбө тургандай эңкейип, заардуу добуш менен кулагына шыбырап сүйлөйт).

БАЙТӨРӨ (Каардуу). Как баш чал! Кандай жооп уккуң келет? (Эгейдин канжарын шарт сууруп алып, күрөө тамырына такайт). Кандаш дейт, өз сийдигим менден өлөт! Бел суумду канчыгыңа бекер эле, берет деп ойлодуңбу, картаң көк мээ!?. (Эгейди кыймылдоого мүмкүндүк бербей, ийнинен ныгыра басат). Канчыкка керек эле тамчы сийдик! А мага керек болчу чексиз бийлик! Карт дөбөт, каганатың эрте-кечпи, колума тийерине көзүм жетчү.Тукуруп күндөштөрдү бир-бирине, туйтунуп бүт байлыкка болом эге. Бири да Байтөрөдөн алышпайт шек, барына Гюзелиңди көргөзөм жек. Баа-баркын кетиремин канчыгыңдын, Баабекти ошондон соң кылам тындым!. (Эгей сүйлөөгө аракет кылды эле, үнү киркиреп араң угулуп, тили келегейленип, өңү бузулуп, көздөрү чакчаят.Тезирээк бүтүрүш үчүн алкымынан бекем кармап, демин бууп кост. Эгей жалаажындын боосун тартууга араң жарайт. Сырттан эки жигит кирип келишет.Бул тушта Байтөрө канжарды ордуна салып, өзү эгейди жөлөп, коркуп, тынчы кетип турганын билдирет).

ЭГЕЙ-КАГАН (Үнү киркиреп, алсыз, алаңдап). Сак...Сакта... Сактангы...

САТРАП (таазим этип). Урматтуу төрөм, эмне болуп кетти?..

БАЙТӨРӨ (Жалынычтуу). Заматта ушинтип калды. Чакыр калгандарын!?. Тезирээк жардам керек!..(Сатрап чыгаары менен Эгейди кекиртегенинен кайра кармап, колдорун бекем кармап, канын бууйт.Сырттан үч жигит киришет.Эгей колдорун жаңсагылап, сөз айта албай демигет.Байтөрө анын үнүн угузбоого аракет кылып, уңулдап ыйлап, колдорун катуу кармап, кандарын бууй берет).

САТРАП. Эмне болуп кетти, Байтөрө мырза?

БАЙТӨРӨ (Ый аралаш). Ханыбыз суук кабарды көтөрө албай, кайтпаган сапарына болду узамай. Эч кимге айтпаганың деген атам, жигиттер, элге кандай жооп айтам?..

САТАРАП (Орой) Эмнени айтпагын деди эле?

БАЙТӨРӨ (Бышактап). Эки сан аскерлерден бири дагы, элине аман-эсен келбей калды. А менин жалгыз келип турганыма, айыптуу кайын атам өзү-мына. (Эгей-Каган сөздү үзүл кесил түшүнгөнү менен жооп кайрууга алы келбей, көздөрү алаңдап, ооздору күбүрөгөндөй болот.Ичкери тараптан Гюзел чуркап чыгат.Сахнага топурап эл толо баштайт.)

ГЮЗЕЛ (Өкүм). Бул эмне шумдук!?.

САТРАП (Таазим этип). Кайрат кылыңыз, ханыша. Атабыз тилден калып. (Киргендер Эгейдин тамырын кармап, бүчүлүгүн чечип, эс алдырууга аракеттенишет).

ГЮЗЕЛ (Өкүм). Бөлмөсүнө көтөрүп киргиле!.

Дарыгерди чакыргыла! (Бардыгы Эгейди көтөрүп жөнөшөт. Анын бутун кучактап олтурган Байтөрө, бутун кое бербей, чөгөлөгөн боюнча жылып жөнөйт).

САТАРАП (Орой). Кое бериңизчи, бай болгур?!.(Түртүп таштайт).

ГЮЗЕЛ (Байтөрөнү беттей басып). Бул сенин кылганың!.Адам түспөлүндөгү азезил!(Байтөрө аны жалт карайт) Муну алып барып зоолулап байлагыла. Күнү-түнү күзөтчү коюлсун. Вазирлер кеңеши жеке ишин карашсын!. Алып кеткиле!. (Жигиттер Байтөрөнү кармап

кете турган болгондо, экөөнү эки жакка түртүп, Гюзелди жек көрө карайт).
БАЙТӨРӨ (Кектүү). Атаңдын айтылбаган кылмышын мен билемин. Экөөбүз бүтүрө турган али көп иш бар...(Жалт бурулуп сыртка жөнөйт. Жигиттер артынан кетишет).
ГЮЗЕЛ (Айласы куругандай элейип узакка турат да, муңканып ыйлап жиберет). О Кудай!..Эми менин кайсыл ишти жасоо колумдан келет!?. (Муңдуу музыка угулуп, сахна караңгылайт).

## БЕШИНЧИ КӨРҮНҮШ

Авансценада Айкамка менен Баабил Акад. Ал экөө тынымсыз иштеп жатышат. Баабил Акад таш чегип, Айкамка кандайдыр бир нерселерди тери баштыктарга салып, оозун бууп жанына коюп жатат. От алоолонуп күйүп жатат. Алыстан иттин улуган үнү, шамалдын ышкырган доошу угулат.
БААБИЛ АКАД (Ооруган алаканын ушалап, Айкамкага көз салат). Эмне кылып жатасыз, Айкамка апа?
АЙКАМКА (Ишин токтотпой).Сага гүлазык.
БААБИЛ АКАД (Таңыркап). Гүлазык?.. Аларды кайдан, кантип?..
АЙКАМКА. Э, жарыгым, буларды мен такай жаныма алып жүрөм.Азыр, мына бул суу кайнап кетсин. Сага бир кесе ичирейин деп турам.
БААБИЛ АКАД. Тетиги тулуптардагынын бардыгы гүлазыкпы?
АЙКАМКА. Ооба.Мына суу дагы кайнады.(Кумганды оттон алып, кара жыгач чөйчөккө куюп, кашык менен бир аз аралаштырат дагы, туруп барып, Баабил Акадга сунат). Кана, ичип көрчү?.(Баабил Акад шашпай, ууртап ичет).Калтырбай ич.
БААБИЛ АКАД (Ичип бүтүп, кумарлана тамшанып).Укмуш экен го, Айкамка апа!.. Жыты тим эле буруксуйт!..Өмүрүмдө мындай даамдуу азыкты ичпеген экемин!..
АЙКАМКА (Кесени алып, ордуна олтурат). Көбүрөөк берип койдум, көтөрө албай калбасаң экен?!. (Анан өзүнө даярдап, иче баштайт).
БААБИЛ АКАД. Булардын баарын кантип даярдагансыз?

АЙКАМКА (Кейиштүү). Олдо жарыгым ай!.. Сегиз жыл эмне кылды дейсиң!.. Барсбекке дары, гүлазык даярдап, келерки жазда алып келейин дегем. (Ый аралаш сыздап сүйлөйт). Ушул ак эмгегимдин буйрубай калаганын көрчү!.. (Баабил Акад ташты күчөнүп чеге баштайт.Экөө тең жумуштарына киришип кетишет). Бул гүлазыктарым-адамды өлүмдөн алып же тирилтип ала албайт. Калганынын баарына шыпаа болооруна ишенем. Мына эми, булар сени узак жолго сактап барат!..Гүлазыктын курамында түркүн дары чөптөр, маралдын, аркардын, тоо текенин, аюнун кургатылган эттери, аюнун кургатылган сүтү, жаңгак, буурчак азыктары унтакталып кошулган.Береги баштыктарга өз-өзүнчө салдым.Кайсыл учурда кайсынысынан ичээриңди түшүндүрөм.Көп ичпөө керек, көтөрө албай каласың...

БААБИЛ АКАД (Айкамканы алаксыткысы келип). Айтсаңыз, апа, токойдо жалгыз жашоо-коркунучтуу эмеспи?..

АЙКАМКА (Кейиштүү). Э, кагылып кетейиним ай!..Мен көпкөнүмдөн же жыргаганымдан токойго кетти дейсиңби?.. Кимдин эле өмүр бою жалгыз жашагысы келсин!..

БААБИЛ АКАД (Ыңгайсыз). Кечирип коюңузчу, апа?!.

АЙКАМКА. Анткен менен токойдо-адамга керектүү көп нерселерди үйрөнүп, мен билбеген көп сырды билдим... Дал ошол Байтөрөнүн бардык шумдуктарын көргөн Дервиш Саудду ошол жерден жолуктурдум.Ал мага Гюзел менен Баабектин акыркы тагдырын айтып берди... Аны жарадар болгон жерден таап, чала дарылап, таштап кеткемин... (Өксүп) О Жараткан Теңир!..Ушул күнөөм үчүн жазаландыңбы!?Сага мындан башка күнөөм жок эле го?!.(Өксүп ыйлайт).

БААБИЛ АКАД (Жашык). Кайрат кылыңызчы, апа?..

АЙКАМКА (Чыйралып). Билип жүр, табияттан ашкан ишенимдүү дос болбойт.. Мына эми сен дал ошол табиятка ишенип, таяныч кылып, узак жол жүрөсүң!.. Сырдашсаң адам менен акыр бир күн,

Сырыңды ачып коет, эске түтйгүн.  
Ал эми табиятка сырдашканың,  
Ачылгыс сыр сандыка бек каткан.

Мээримиң төгө билсең жылан чакпайт,
Муңуңду бөлүшө алсаң-чөп да ыйлайт.
Жырткыч деп эсептелген жан-жаныбар,
Адамдан алда канча мээримдүү алар!

БААБИЛ АКАД (Кызыгып). Буларды кантип үйрөнүүгө болот?

АЙКАМКА (Ойлуу). Так айта албайм. Балким бул Кудайдын өзүнчө сырыдыр. А мага алгачкы сырды апам үйрөткон. Кийин, миң жашардын гүлү көп нерселерди айтып берди...

БААБИЛ АКАД (Кызыгып). Миң жашар эмне, чөпбү?

АЙКАМКА. Ооба, жылына бир гана түн гүл ача турган касиеттүү чөп. Анын ачылган чанагын кармап туруп, эмнени сурасаң, ошону айтып берет. Бирок, мунун гүлдөгөн маалына жолугуу өтө кыйын.(узакка тыным. Иттин улуганы, шамалдын ышкырыгы угулат.Баабил Акад ташты чеккенин күчөтөт.Айкамка ойлуу ишин улантат).

БААБИЛ. Апа, Гюзел менен Баабек азыр тирүүбү? Алардан кабарыңыз барбы?..

АЙКАМКА (Кейиштүү).О-оо, Жарыгым!.. Кайсыл жомокту айтасың!..Мен башаламан сүйлөп, сага түшүндүрө албайт көрүнөм...

БААБИЛ АКАД (Ыңгайсыз). Түшүнүп жатам, Айкамка апа...

АЙКАМКА (Тынымдан соң, ойлуу). Шоруң каткан Гюзел, акылдуу болуп туруп, энөөлүгү калбаптыр...Уулу чоңойгончо элди бекем кармап,атасынын бийлигин улантыптыр. Баабек баралына жеткенде, ата мурасын өткөрүп берип, санаасы бир аз тынган го...Кыска мөөнөткө эс алып келүү үчүн, өзү туугансып чоңойгон карауулдардын башчысы Дервиш Саудга барат.Куурагыр... Сыягы түш көргөнбү, айтор, шашылыш кайра аттанып, түнү бою жол жүрүп, хан ордого шашып келсе...(Өксүп, ый аралаш сүйлөйт). Олдо Теңирим ай!..Байтөрө шумпай эчак эле ишти ойрондотуп койгонун айтпадыбы, Сауд Дервиш!..(Боздоп ыйлайт. Бороон күчөйт сахна караңгылайт. Таштын тынымсыз чегилгени угулуп, көшөгө ачылып, жарык берилет.Сахнада Байтөрө менен Баабек сүйлошүп олтурушкан).

БАЙТӨРӨ (Бүжүрөп олтурган калыбында, жашык). Жарыгым, кордук көрүп бул жалганда, жазган бейм жашаганды маңдайыма...Энемден эрте ажырап, кийин атам, эсимде, каңгайлардан жазат тапкан.

БАЛБЕК (Кунт коюп). Эмне, Сиз, Алтайлык кыргызсызбы?..

БАЙТӨРӨ. Ооба жарыгым. Каным кыргыз болгону менен, жаным Түрк үчүн жаралган!..

БААБЕК (Ыраазы болгондой, кызыгып). Түрк-Ууздун уулу го?..

БАЙТӨРӨ. Дал ошондой, алтыным...Биздин азап-дал ошондон башталган эмеспи!.. Атадан алтоо болсо, ар жалгыздык башта болот туура...Эң кичүү аялынан төрөлгөн Түрктү Ууз атабыз жерип, мына ушул кумдуу чөлгө алып келип таштаганын балким, уккан чыгаарсың... Биздин бирикпей турган жерибиз ушул жерде...

БАЛБЕК (Кызыгып). А сиз Алтайга кайдан барып жүрөсүз?

БАЙТӨРӨ (Кейиштүү сөзүн улайт). Менин чоң атам Эштек-Ханга чоро болуп барыптыр. Өз атам каңгайлардан өлгөндө тестиер экемин. Өгөй эненин запкысын көрүп, бат эле торолдум да, Жакып-Ханга жигит болдум.Ансыз да ызакор, кекчил өскөн жанымды соо коюшпай, «тентимиш», «жетим» дешип, сөөгүмдү сыздатышты. (Туталана түшөт. Тыным).

БААБЕК (Аянычтуу карап). Бул жакка качан келдиңиз эле?

БАЙТӨРӨ (Абалын өзгөртпөй). Бааланбай ханга кылган ак кызматым, басынып, жолбун иттей шорго баттым. Аталаш кандаштардан көөнүм калып, аттангам-энелешке багыт алып.

БАЛБЕК. Туугандарыңызды таптыңыз беле?

БАЙТӨРӨ (Алсыз, жашык). Кайдагы тууган!.. Мен үчүн жер бетинде жылуулук жок өңдөндү...

БААБЕК (Боор ооруп). Сабыр кылыңыз, ава...

БАЙТӨРӨ (Абалын өзгөртпөй). Бул жерден бир кыпынча болбой жолум, арман ай!Перс тагага туткун болдум.Кердирип шиш үстүнө, кечип жандан, Куу казык көчүгүмө өрдөп калган...

БААБЕК (Чыйрыгып).Ал кандай мыкаачы!?.

БАЙТӨРӨ (Абалын өзгөртпөй). Ал шордон арачалап Эгей-Каган, ажалдан бир сен үчүн аман калгам.

БААБЕК (Селт эте өзгөрүп, таң калгандай). Мен үчүн? Кантип?Ал кандайча?

БАЙТӨРӨ (Муңайып). Мен анан тукум берчүү итке айланып, калгамын апакеңе баш байланып.

БААБЕК (күтпөгөндөй чочуп). Эмне? Эмне деп жатасыз?Анда сиз менин...

БАЙТӨРӨ (Жалооруй карап, башын ийкеп).Барына макул болуп мында калгам, Балам деп атабоого антымды алган. Кырк жылдай өтсө дагы андан бери, кыйноонун көрүнбөдү бүтөөр чеги. Көп сүйлөп, тескебедим алган жарды, «каралдым» дей албаймын өз баламды! (Ыйлап жиберет).

БААБЕК (Туталанып). Кое туруңузчу?! Кайдагыларды айтасыз?! Кантип ушундай болсун!..

БАЙТӨРӨ (Абалын өзгөртпөй). Жашоодон аша кечип, «бүтсө эрте» деп, Кудайдан күндүр-түндүр келем тилеп. А бирок, тетир чыгып тилегим да, азаптуу жашоом минтип улануда.

БААБЕК (өкүмдөнүп, кимгедир ачууланып). Сабыр кылыңызчы бай болгур!?.Бул татаал иш экен... Биз муну сүйлөшөбүз!..

БАЙТӨРӨ (Ыкчам). Туура эмес сөздөрдү угуп өскөнүңө,

Түк макул болбой койдум жүрөгүмдө.
Чынында –кандай адам экенимди,
Чырагым, көзүм жетсин дегенимди.
Кудурет, жок дегенде ушул жолу,
Калыстык мен шордууга кылса болду?..

БААБЕК (чыдамы кетип, өкүм). Түшүндүм!.. Айткандарыңызды талдап, өзүм жооп берем.Калгандарын...

БАЙТӨРӨ (Жалынычтуу). Жашым өткөнчө кор болуп жүргөнүмдү түшүнгүн, кулунчагым?!. (Экөө тең ойлуу туруп калышат, тынымдан соң).

Эр деген атым болду, бирок мени
Энекең кул катары күтүп келди.
Сөзүмдүн чындыгына өзүң деле,
Садагам, көрүп өстүң, күбөсүң э?..

БААБЕК (Өкүм). Өткөндү козгобойлу... Калганын апам менен сүйлөшүп, чогуу чечебиз!

БАЙТӨРӨ (Күчөп). Сыр чечип сүйлөштүрмөк түгүл сага,

Сылатып койбоду го чачыңды да!

Секетим, энең барда ошондуктан,

Сүйлөшө алмак эмес шордуу атаң.

(Бышактап ыйлап жиберет. Тыным).

БААБЕК (Туталанып, өзүнчө). Алтын так, ата мурас,бийлик дешип,адамды аяшпастан багын кесип, байлашып бүт өмүрүн сөз кунуна, билдирбей жада калса баласына, бийлигин, байлыктарын сакташ үчүн, биригип кыз – атасы кылган бүтүм!Атайын билип туруп жасашканбы?..А балким, мүмкүн чыгар байкабашы?..Кайрылып жан-дүйнөсү турган жанга, кайгысын бөлүшпөсөм болбостур да?.Аныгын укпай туруп апакемден, «АТА» деп азыр кантип айтмак элем? Эч нерсе дебей туруп бул кишиге, энемди чакыртайын андан көрө.(Баабек Байтөрөгө ачык сөз айтпай, бир аз сыртын салып, тактыга отурууга бет алат.Дал ушул учурда жоокер кийимчен Гюзел шаша кирет. Энеси менен беттеше калган Баабек, элейип туруп калат.Анын алыстан, шашып, кабатыр келгени байкалат.Гюзел Байтөрөнү көрүп, боюн жыйрып, төрдү карай басат.Баабек апасы менен саламдашууга чамасы келбей, өзүн ыңгайсыз сезип турат). ГЮЗЕЛ (Санаасы бир аз тынгандай, суз сүйлөйт). Кудурет, кулунумду аман көрдүм, калганы буйруктагы, тобо дейин.

БААБЕК (Апасын адаттан тыш шектүү карайт). Муну эмне үчүн айттыңыз, апа?

ГЮЗЕЛ. Экөөбүз учурашпадык го, балам?(Баабек өзүн ыңгайсыз сезип, апасын кучактап, жүзүнөн сүйүп, серүүнү карай басат).

БААБЕҚ (Туталанып турганы жазылбай). Шашып келдиңизби, апаке. Барган жериңиз бейпил бекен?

ГЮЗЕЛ (өкүттү, токтоо). Мен дал ушуну билип келбедимби, кулунум.(Байтөрө менен Баабек бир мезгилде Гюзелди жалт карашат. Гюзел Байтөрөнүн жүзүн карабай туруп, сөзүн улайт).

Байтөрө, отуз жылдан ашык жашап,

Билбедим кимдигиңди даана байкап.

Артыңдан «азезил» дейт элдин баары,

А бирок, бетиңе эч ким чыга албады.

(Кыжаалаттана экөөнө сыдыра назар салат. Баабек бир нерсе айтууга камынып тургандай түрү бар. Байтөрө жер тиктеген калыбында, үнсүз).

Кечигип келдим аттиң, жетише албай,

Карматып куулугуңду каалагандай,

Баабекке калпты-чынды айтсаң керек,

Баламдын көөнү кирдеп калды демек!

БАЙТӨРӨ (Олтурган калыбын бузбай, күнөөлүүдөй). Ханыша,уулум менен дидаарлашайын деген күнөөмдү кечирээрсиң?

ГЮЗЕЛ (Аны жалт карап, шектүү тиктейт).

Өлтүрөр күнү атамды дал ушинтип,

Өң-түсүң турган болчу оттой күйүп.

(Баабек Гюзелди суроолу карап жалдырайт. Көөдөнүндө дагы бир жаңы суроо пайда болуп, кыжалаттанат. Гюзел кейиштүү сөзүн улайт).

Билгенбиз экөөбүз тең алдын ала,

Бүдөмүк болчу убакыт жалгыз гана.

Атамдын таң алдында көргөн түшүн,

Ал эмес, мен көргөндөй ушул бүгүн.

Көрүнүп көздөрүмө-кетпей эстен,

Калтаарып, тынчым кетип жашап келем.

(Негедир жашыгандай үнү калтырап, төмөн карайт).

БАЙТӨРӨ (Бир аз киркиреп). Атабызга берген антты ушуга чейин бузганым жок, Ханыша.

ГЮЗЕЛ (Өзүн токтотуп, өкүм). Эстегин, акыл өкчөп, Баабек Баатыр, атамдын көргөн түшү келди азыр.(Байтөрө ылдый караган тейде, оңдонуп олтурат. Баабек өзүнөн-өзү туттугуп, кыймылсыз турат. Гюзел бир аз жашык сүйлөйт).

Таңга жуук, уйку –соонун арасында,

Атамдын үнү угулду кулагыма.

Арман ай!..Чочуп туруп ошол бойдон,

Аттанып келатамын токтолбостон.

(Алы куругандай, алсыз сүйлөйт). Азыр сен, Баабек-Баатыр, Байтөрөгө... (Байтөрө күтүүсүз мышыктай ыргып келип, алсыз турган Гюзелдин алкымына бычак урат.Ага удаа-жаңыдан кыймылга келген Баабектин жүрөк тушуна канжарын матырат.Баабек үн чыгарууга алы келбей, көзү ачылган тейде жалдырап тиктейт.Канга боелгон канжарды Гюзелдин оң колуна карматып, экөөнүн өлүгүн байкап көрөт).

БАЙТӨРӨ (Кектүү өзүнчө). Мына эми, максатыма жетерим чын!Токтолбой октой ыкчам тездик менен, нээти арам жексурларды бүт өлтүрөм!Баабегим мени ата деп айтканы үчүн, бул канчык канжар менен сайды дейин.Эбине келтиремин күндөштөрдү!Буларга кор болуучу мен бекемби?!. Бийликти түгөл алып өз колума, түмөндөп кол жыюнун камын жеймин!(Алысты телмирип, кектүү тиктеп турат.Жарык өчөт.Ит улуп, шамалдын ышкырыгы күчөйт.Чегилип жаткан таштын үнү тынымсыз кайталанат.Абал мурун бүлбүлдөп күйгөн от көрүнүп, андан соң сахнага жарык берилет. Айкамка менен Акад кызуу иштеп жатышканы көрүнөт).

АЙКАМКА (Көңүлү тынгандай). Мына, мен сага бир айлык азык камдадым. Улуу Кудай жолуңду ачса, күч-кубаттуу барасың.Береги жамынып олтурган тонду кийип кетесиң.Бул –жанымдай көргөн Милака аттуу аюу-кызымдын териси эле.Кар үстүнө жатсаң дагы үшүтпөйт.Сен жумушуңду аяктасаң, экөөбүз ат издейли, бирөө-жарымы тирүү калгандыр.

БААБИЛ АКАД (Ишин токтотуп) мен дагы бүттүм апа!Эмне деп жазганымды окуп берейинби?

АЙКАМКА (Ойлуу, жашык). Кана, окучу?

БААБИЛ АКАД (Оңдонуп олтуруп, олуттуу үн менен окуйт).

Кыш чилде күчкө толуп турган кезде,
Калайык жоо чабат деп күтмөк беле.
Капилет түн койнунда каптап душман,
Камынтпай кайран элге кыргын салган.
Катуудан казан сынып, жумшактан күл,
Калбастан сапырылган –урпактар бил!?.
Өрт жалмап, үйлөр күйүп, ээн калган,

Өроөндө иттер улуп, кок караган.
Кайрылгыс Барсбек-Берен сапар тартты,
Каганын душманынын ала жатты.
Урпагы Ууз --Хандын аман калган,
Унутпа, Барсбек-Шерди эл сактаган?!.
Хиджра 122 чычкан, 3 тогол, жыйырма биринчи
күн.

(Узака тыным. Айкамка үн чыгарбай ыйлап жаткандай болот.Баабил Акад унчукпай туруп келип, Айкамканы кучактап, экөө узака үнсүз ыйлашат.Иттин улуганы, шамалдын ышкырганы күчөйт.Муңдуу күүнүн кайрыгы угулуп турат).

БААБИЛ АКАД(Солуктаганын токтотуп, тереңди карап ойлуу басат.Айкамканын акырын сыздап ыйлаганы угулуп турат).

Адам деп жаралгандын көбү көрсө,
Айбандан айырмабыз аз экен э!
Эртеңди, өтүп кеткен мезгил эмес,
Эми азыр не болорун албай элес.
Күнүмдүк жашоосунда көрпенделик,
Кубанат тирүү жүрсө күн кечирип.
Эл-журттун эртеңкисин албай элес,
Эгемден керт баш үчүн тиленебиз.
Бир мүчөл менден кичүү Барсбегимдин,
Бир кыпын акылына тең келбепмин!

(Алысты карап, үнсүз ыйлап турат. Көзүнүн жашы көкүрөгүнө куюлуп жататАйкамка өзүн карманып, кайратына келет).

АЙКАМКА (Кайраттуу). Болду, уулум!Экөөбүз тең кайрат кылалы! Кеткен кайра келбейт.Денеңде тирүү каның жүрүп турганда, бир кыпынча жакшылык жасап өткөндөн артыгы жок! Барсбегим!

Шумкарым!Жөн эле жашап кеткен жок!Артында изи калды!Жер бетинде тирүү шамалдын соккону токтобосо,Туйгунумдун аты түмөнгө угулат!Болду, уулум, көтөр буларды! Белди бекем бууйлук!Сени узатайын да, тирүү калгандардын алын сурайын!

(Камдагандарын котору́шуп, экөө чыгып кетишет. Төр жактан Барсбектин элеси көрүнөт.Экөөнү узата карап туруп, чегилген таштын жанына келип, үңүлө карап, ойлуу сүйлөйт).

БАРСБЕКТИН ЭЛЕСИ (Өзүнчө, өкүттүү).

Боорго кытыгылап сайса шайтан,
Борсулдап коштоп күлүп, сактанбастан,
Биз ага азгырылып, «Бул буйрук да!»
Деп айтуу адат болгон актанычка!
Адамдар-тагдырдагы жазуу эмес,
Азезил азгырганын албай элес.
Шайтандын болуп берип шапалагы,
Шылтообуз: «жазуу, буйрук, тагдырдагы.»
Ошондо каарына алып Көк-Теңири,
Ойрондоп коет тура пенделерди!..

(Алысты карап, кыймылсыз катып турат.Шамалдын ышкырганы күчөп угулат. Муңдуу музыка коштойт. Жарык өчөт).

## КӨШӨГӨ

2000-2009-жылдар Шортон.

# КЫЛЫМДЫН КУТУ

(Бир актылуу пьеса-эссе)

Катышкандар:

| | |
|---|---|
| МЫСКАЛ | -белгилүү ырчы. |
| НУРДИН | -Балетмейстер |
| САЙНАТ | -Балерина |
| БОЛОТ | -обончу |
| САТАР | -обончу |
| БЕГАНАС | -жазуучу |
| ШАТМАН | -жазуучу |
| ШАРЫПКУЛ | -арбактар менен сүйлөшкөн, тирүү жан. |

Эскерүү иретинде, Аян, Элестер менен кошо ырчылар, бийчилер катышат.Окуя кечинде, театрдын сахнасында өтөт. Шарыпкул машинкада иштеп олтурат.Сахнанын экинчи тарабында бош кресло.Кайсы бир жерде улуттук аспаптар турат.Кандайдыр бир музыка шоокумданат.

АЯН ҮН. Жараткан назар салса бейкүнөө элге,
Ааламдан кут төгүлөт куттуу жерге.
Кут конгон жан-жаныбар асылданат,
Эл-жердин кадыр-баркы оттой жанат.
Арадан мезгил өтүп, атаганат,
Адатта асыл жандар унут калат.
Ал анан куту өчөрүн бечара эл,
Абалтан аңдабасын ойлонуп көр.
Өнөрдү Кудай берет, сатуулаба,
Өзүңдү өйдө тутуп колко кылба.
Белегин сага берген Жаратткандын,
Белиңди бекем бууп так аткаргын?!

ШАРЫПКУЛ (машинасын токтотуп). Белегин сага берген Жаратткандын, Белиңди бекем бууп так аткаргын.(ойлуу) Аткарам!Колумдан келишинче аткарам!..Бирок аткарар ишимдин учуру өтүп кеткендерин кантем? Атаганат ай!Ал кайра кайталанбайт

э?! (Сырттан Мыскалдын элеси кирет.Шашып). Келиңиз эже, келиңиз? Мындай олтуруңуз? (элес олтурат. Бир аз тыным. Мыскалдын ырдаганы шоокумданат). Мыскал эже, эсиңиздеби? 1976-жылы күзгө жуук Сиз Чаекке келген элеңиз.Шарипа эже Сизди тааныйт экен, ресторанга чакырып, үчөөбүз чогуу олтурдук.Ошондо мен Сизди биринчи жана акыркы жолу көргөмүн.

МЫСКАЛ (сабыры суз). Эсимде.

ШАРЫПКУЛ. Тамактын алдында стакандарга ичимдик куюлду эле, Сиз «ичпейм» дединиз да, арактан көзүңүздү албай жалтаңдай тиктей бердиңиз.Мага ошол учуруңуз жаккан жок.Негедир Сиз жөнүндө уккандарым эсиме түшө берди.

МЫСКАЛ. Анын эмнесин кеп кыласың.Өкүнгөндө эмне.

ШАРЫПКУЛ. Ооба, аныңыз чын. Бирок мен Сизге да өзүмө дагы өкүнөм. Өкүнө берем!

МЫСКАЛ. Эмнеге?

ШАРЫПКУЛ. Ошондо мен кишидидей болсом, башкаларды ойлобой, сизден бир чоң концерт берип кетиңиз деп өтүнсөм болмок. Афишаңызды жаздырып, жолугушуу өткөрүп, мүмкүн болсо үнүңүздү жазып калсак эмне! Сиз өзүңүз жөнүндө эл-журтуңузга айтып бермексиз. Жаштардын эсинде калмак.Ушуну ойлоп, өлчөөсүз өкүнүп келем!

МЫСКАЛ. Анда сен көпкөлөң элең. Өзүңө жанды теңечү эмессиң.

ШАРЫПКУЛ.Болсо-болор. Жаштыгымабы, жасаган ишимеби, айтоор, ишеничим бекем эле.Эч нерседен чочучу эмесмин.Таянычым бекемдей, күч-кубатым толуп тургандай кабелтең сезчүүмүн өзүмдү.

МЫСКАЛ. Башкасын билбейм, көкүрөгүң бийик эле.

ШАРЫПКУЛ. Ооба, бийик болчу. Артыма кылчайып карагым келчү эмес.Менин жаңылыштыгым балким ушулдур.

МЫСКАЛ. Ошол кезде жаныңдагы кишинин көңүлү менен эсепешпегениңден, көп нерседен куру калбадыңбы!

ШАРЫПКУЛ. Болсо-болгондур, эже.Сиздин дагы ошондой учуруңуз болду беле?

МЫСКАЛ. Болгон үчүн айтып жатпаймынбы!.Өзүңдүкүнө караганда өзгөнүн кемчилигин оңой көрөт эмессиңби.

ШАРЫПКУЛ. Айтсаңыз эже? 1939-жылы Москвадагы декадада жогорку сыйлык Сизге тиймек дешет. Анан эмне болуп кетти?

МЫСКАЛ (туталанып)койчу? Кайдагыны сурайсың?! (тынымдан соң). Адам өзүндө турган күнөөнү сезбей, өзгөдөн издей берет.

ШАРЫПКУЛ. Демек, бардык күнөө өзүмдө деңизчи?

МЫСКАЛ. Ооба, бардык күнөө өзүмдө

ШАРЫПКУЛ (тынымдан соң). Эмнеси болсо да Сиздин үнүңүз кылымда бир жаралуучу үн окшобойбу! Мен ошондой үндүн кайталанышын күтүп жүрүп, супсунум сууп баратат.

МЫСКАЛ (суз). Ырахмат мактооңо.

ШАРЫПКУЛ. Мен репертуарымдан түшүрбөй, Сиз ырдаган ырларды ырдата берем.Кантебиз, Сизге окшобойт.Алыбек алына жараша да эже.Чиркин ай! Ошол кезде обончуларыңыз дагы жарашып калганын айтпайсызбы. Бектемир кыргыз обонунун үлгүсүн жараткан! Ыраспы эже?

МЫСКАЛ. Мезгил өзүнө ылайыктуусун тандап алат тура.

ШАРЫПКУЛ. Анда кыргыздын асыл мурасы жоголбойбу.

МЫСКАЛ. Менин дагы чочуганым ошол.

ШАРЫПКУЛ. Эже , бир чыгармаңызды ырдап бербейсизби?

Мыскал. (ызаалуу күлүп). Бул өтүнүчүң өтө кечигип айтылбадыбы! Атаганат ай!Ырдагым эле келип турат.

ШАРЫПКУЛ. Таарынбаңызчы эже, ыйлагым келип кетти.(тынымдан соң). Эже, бир-эки ырыңызды ырдатып берейин, угасызбы?

МЫСКАЛ. Күндө эле угуп жүрөм. Мейли, ырдатып көрчү, угалы.(Шарыпкул сырттан бир ырчысын чакырат. Ырчы келип, төрдөгү комуздардан бирди алып ырдай баштайт).

ШАРЫПКУЛ (жактырбай). Кое турчу?! Мыскал эженин созгонун элестетсең боло? Ал киши мына минтип созот эмеспи.(Шарыпкул ырдайт) Мына ушинтип ырда... Эжебиздин арбагы ыраазы болсун! Ырда!.. (Ырчы ырдайт. Шарыпкул аны кетирип жиберет. Тыным). Сизге жакпай калдыбы, эже?

МЫСКАЛ. Кеп мага жаккан, жакпаганда эмес, кеп мени унутпай эстеп койгонуңарда. Менин атыма жакшы сөз айтылып, унутпай эстеп жүрсөңөр, ал мага тирүү кезде албаган урмат-сыйдан ашык дем

берет. Анткени, азыр ар бир киши ак ниетинен гана алкоо айтышат...Ыракмат силерге...

ШАРЫПКУЛ (жашык, шыбырап). Сиз ыракмат айткыдай эч нерсе жасаган жокпус... (Элес өчөт. Шарыпкул машинкага отурат. Аян үн угулат).

АЯН ҮН. Өмүрдүн көз ирмемдик экендигин,

Пенделер, акыл өкчөп билдиң кимиң?!
Салпылдап көктө учкан кулаалыдан,
Садагам, кантип чыксын туйгун, кыраан.
Тукумдун тазалыгын, түптүүлүгүн,
Танбастан көңүлүңө түйүп жүргүн.
Кудайдын буруганын өзгөртүүгө,
Кишинин чак-чамасы келмек беле.
Кайышпа, кадырымды билбеди деп,
Камыкпай ак эмгек кыл, жанды үрөп.
Элиңе эмгек кылсаң изиң калат,
Эскерер акыры бир тукум чыгат.

ШАРЫПКУЛ (ойлуу баш көтөрүп)... Эскерер акыры бир тукум чыгат. (ызалуу күлүп) . Эскерер акыры бир тукум чыкканча көп асыл иштерди чаң басып калбайбы!Канчалаган асылдар унутта калды!Эмгегиңди эл билет дегениң менен, эчендер унутулуп калды го!.. А биз өз көмөчүбүзгө күл тартып жүрүп!.. (Сырттан жыла басып Нурдиндин элеси кирет Шарыпкул камыккан үн менен сүйлөйт). Сиз мага таарынбаңыз, Нурдин байке?! Сиз жөнүндө жазам деп убада берген элем. Өзүңүз дагы ага ынангансыз... Анан, карабайсызбы, экообүздү тагдыр шамалы эки жакка айдап жиберди.

НУРДИН. Тагдырыбыз окшош ... Сени күнөөлөбөйм...Бирок, аракет кылсаң жазмаксың.Колуңдан келмек. Сыягы, аракет жасай элексиң...

ШАРЫПКУЛ. Аныңыз ырас, аракет кылбай жүрөм... Турмуш деген албуут дайра тура, чамындыдай серпип, көзүмдү ачырбай келатпайбы!

НУРДИН. Өкүнбө, адам баары бир буйруктагыны жасайт тура.

ШАРЫПКУЛ. Сиздин тагдырыңыз өкүнүчтүү...

НУРДИН. Жок, андай эмес, экөөбүздүкү бирдей...Ийлеп-ийлеп итке салуу башыбыздан далай өтпөдүбү. Бирок, бул окунучтуу эмес. Колуңдан эч нерсе келбесе, ошол окунучтуу. Сенин жасаганыңды үлгү кылып, атыңды унутууга аракет кылышканы менен, тап-такыр жок кыла алышпайт.Үстүңдөгү чаңды сүртүп койсо, бир күнү жаркырап чыга келесиң!

ШАРЫПКУЛ. Балким, балким ошондойдур. Бирок, экөөбүз каптип окшош бололук, байке! Мен кичине кишимин. Кичине казанда, кайнаган буум чыкпай, капкагым жабылуу боюнча турбайбы. Сиз чоң адамсыз. Чоң казанда кайнап, атыңыз жумурай журтка маалым болгон. Бирок, ошонун арты күңүрттөнүп баратканы гана кейиштүү.

НУРДИН. Мен мактанаар эмине ишим бар?

ШАРЫПКУЛ. Ишиңизди башкалар менден жакшы билер. Айтайын дегеним, мамлекеттик чоң театрда үч жумгалдык талант бир кылымдын ишин жасап, бирок, бир казанга кайнай албай, жасай турганыңарды жасай албадыңар. Ушунуңар өкүнүчтүү! Уран байке түндүктү караган боюнча,Сапарбек байке түштүктү караган боюнча жүрүшөт. Сизди эскерүүдөн коркушат.

НУРДИН (орой). Анын эмнесин сөз кыласың! Кандай кылсак дагы биз кыргыздын жылдызын жандырдык. Көрө албастык менен ичи тардык, ач көздүк менен өзүмчүлдүк, бабабыздан калган белек. Андай болбосо Абыке менен Көбөш Манастын кабырын ачып, кеп жыгачын алып жакмак беле! Кара чечекей жеңеси Каныкейге ит көрбөгөн кордукту көрсөтмөк беле! Ач көздүк менен өзүмчүлдүктү Жакып бабабыздан мурас кылганбыз. Анын эмнесин жашырабыз!? Биз алардын каныбыз. Бул үчүн бизди күнөөлөгө эч кимдин акысы жок! Алма сабагынан алыс түшпөйт!

ШАРЫПКУЛ (жумшак күлүп). Айтканыңыз абдан туура. Бирок ошолорду себеп кылып...

НУРДИН А сенчи? Сен деле айланаңа өйдө чектилерди чогултуп алып, топтой тоголонуп жүрөсүң го!.. Азыр кадырлашкан адамың, насиптеш инилериң, жан бирге жолдошторуң колуңда турган ырыскыңды тартып алышты го. Кимиси эмгегиңди баалап

коюшту?Кана, өксүгүңдү кимге даттанасың? Датыңды бир Кудайдан башка эч ким укпайт? (тынымдан соң).

Ошол бойдон токтоп калбай, кайра эмгектене бересиң. Кайра тарттырып жибересиң. Бул сенин тагдырың, куу тумшук! Башыңдагы оргуштаган ойду калтырып кетишиң керек. Сага баарынан ошол кызык. Таланты жок адамдар тартып алууну көздөшөт. Алардын кылаары ошол. Бул жаратылыштагы чен-өлчөмдүү нерсе. Тирүү кезиңде эмгегиңдин аздыр-көптүр жемишин татканыңа сүйүн, шоркелдейим!

ШАРЫПКУЛ. Сиз таттыңызбы?

НУРДИН. Таттым! Жемимди эч кимге жедирген эмесмин. А сен.

ШРЫПКУЛ. Эмнеге мынча ачууландыңыз?

НУРДИН. Сага ачуум келет. Бардыгын жасап коюп, силер ала бергиле деп басып кетесиң. Акылың жетпейби, же коркоксуңбу, билбеймин.Нарындагы чоң ансамблди жасап коюп, Монголияга барбай, өзүң калып калдың.Мамлекеттик наам беринде, Жумгалдан кетип калдың. «Бекбекей» ансамблиң гүлдөп турганда, бирөөнө өзүң бердиң. «Жайсаңды» жазып таштап, жакшы аттуу болдуңбу?Анан муңканып олтурасың. Чала сага!..

ШАРЫПКУЛ. Байке, мени ыйлатканы турасызбы?

НУРДИН. Ыйлай бер! Өкүр, боздо!.. Тууган күйдүрүп айтат. Кемчилигиңди билип жүр.

ШАРЫПКУЛ. Сиздин кемчилдик меникинен кем эмес. Сиз менден өткөн жашыксыз. Бүбүсара эже менен Сайнат эжени айтып, менин үйүмдө тамак жебей, ыйлап олтургансыз.

НУРДИН (отура калып). Олдо садага кетейиндерим ай! Байкуштарым ай!

ШАРЫПКУЛ. Мына, Сиз дагы ыйлай турган болдуңузбу?

НУРДИН. Сен менин талуу жеримди билип алгансың. Ошол үчүн теңаталык кыласың да...

ШАРЫПКУЛ. Сиз мага Бүбүсара эженин узак аңгемесин айтып бербедиңиз беле. Чөп алачыктын оозундагы атасы менен бир тууган эжеси жонүндө...Ошону көп жерде айттым. Сыягы эч ким билбесе керек.

НУРДИН. Аны азыр сенден башка эч ким билбейт. Арман ай десең! Көп нерселер так билинбей калды... Сен туура айтасың, көбүнчө күнүмдүк иш үчүн, утурумдук жеңишти көздөп, түбөлүктүү асылдыкты унут кылдык!.. Чын, чын айтасың...

ШАРЫПКУЛ. Силер жөнүндө билгенимди элге кантип
жеткиреримди билбей бушайманмын, байке. Азыркы муун сөз
баалабай баратышат.

НУРДИН. Ал тагдыр...

ШАРЫПКУЛ. Ушул залда Сайнат эже экөөбүз «Бекбекейге» бий коюп жатсак, Сиз кирип келип, заматта «Жылкычы» деген бийди оңдоп, түзөп, «эми иштеп ал» деп чыгып кеткенсиз, билесизби?

НУРДИН. Билем. Аны кантип унутайын. Ошондо сенин «күч күйөөгө окшошсуң» деген сөзүңө ачуум келип баргамын.

ШАРЫПКУЛ (күлүп). Антпесем келбейт элеңиз да... Ошол бийди азыр дагы унута элекпис, көрөсүзбү?

НУРДИН (сүйүнүп). Көрөйүн! Кана, чакырчы бийчилериңди!? Буттары түзбү?.. (Шарыпкул бийчилерин чакырат. Музыка ойнолот. «Жылкычы» деген бий аткарылат. Бийчилер кетишет. Нурдин ойлуу отурат).

ШАРЫПКУЛ. Буттары ийри бекен, байке?..

НУРДИН (суз). Буттары эмес, нээттери ийри экен... Искусствону сүйбөйт. Жөн гана милдеттерин аткарып жатышат... Ушундан улам элдик нарк, асыл мурас ийрейип баратат. Бул абдан кейиштүү...

ШАРЫПКУЛ. Туура, абдан туура айттыңыз, байке. Кейиштүү иш көп, абдан көп... (тыным. Элес өчөт. Кандайдыр бир музыканын шоокумунда Сайнаттын элеси пайда болот)

САЙНАТ (туталанып). Сен мени кыйнай бересиң. Колумдан келбес ишти талап кылып, кыйнай бересиң.

ШАРЫПКУЛ. Адамдын колунан келбей турган эч нерсе жок, эже. Ишенип турам, колуңуздан келет.

САЙНАТ. Мени кое туруп, колунан келгендерге сүйлөш. Алардын көңүлүн ал десем, өз билгениңди бербей жүрүп, бардык ырыскыңдан куру калбадыңбы, Шакин!

ШАРЫПКУЛ (күлүп). Кудайдын буйругу ошондой болсо, аны кантип өзгөртөм, эже. Жакшылыкка колумдун учу тийип турганда, башка бирөөлөр жулуп кетерин билип турам. Аргам канча!..
САЙНАТ. Жулдурбай эле өзүң бересиң!..
ШАРЫПКУЛ. Ал тагдырым, ардагым эжекебай! Сиз менен бирге иштешкен жылдарым, сыягы өмүрүмдүн гүлдөгөн учуру болсо керек. Сиз мага жатындашымдан жакын элеңиз!..
САЙНАТ (ыңгайсыз). Мен дагы сени ошондой сезчү элем. Бирок эле жолубуз кайчылаш туруп алды.
ШАРЫПКУЛ. Ошого өкүнөсүзбү, эже?
САЙНАТ. Өкүнөм, өтө өкүнөм!
ШАРЫПКУЛ. Ушунуңузду сезип, жан дүйнөм сергип калат.
САЙНАТ. Жолум сени менен бириккенде, экинчи өмүрүм ачылгандай болгом. Бирок, аягы супсак бүттү...
ШАРЫПКУЛ (күлүп). Сизге жолуккан күнүмдү дайыма ырахаттуу эстейм, эже.
САЙНАТ (күлүп). Мен дагы...
ШАРЫПКУЛ. Мукемден дайыма жардам сурап барчумун. Ал киши шар эле... Улуттук бийди жандандырыш үчүн көп жылы ойлонбодумбу. Ал кезде адистер «Кыргыздын элдик бийи болгон эмес» дешчү.
САЙНАТ. Ооба, ошондой сөз айтылчу.
ШАРЫПКУЛ. Менин кесибим бий жаратуу эмес эле, чын жери. Бирок, элдик бийди болгон эмес деген адистердин сөздөрү намысыма тийип, аваз жана шапар ансамблин түзүүнү ойлоп, көп адистер менен кеңештим.
САЙНАТ. Ошол кеңешкендериң кийин сага каршы чыгышты...
ШАРЫПКУЛ. Каршы эмес, биз жараттык дешти... (тынымдан соң) Ошол ансамблди түзүш үчүн мага бийчи керек болду. Балетмейстер эмес бийчи. Себеби, менин оюмдагыны бийчи ишке ашырмак...
САЙНАТ. Ошондой болду...
ШАРЫПКУЛ. Ошол оюмду айтып, Мукемен бийчи таап бериңиз деп өтүнгөм. Бир күнү барсам, «мен сага бийчи таап койдум. Пенсияга чыккан, мыкты аял. Телефонун жазып алып, сүйлөш» деди. Ошол

замат эле мага жакпай калдыңыз. Пенсияга чыккан аял болсо, бели бүкчүйгөн кемпирдин мага кереги эмне деп ойлодум. Көңүлкош телефон чалып,кааласаңыз Чаекке бара бериңиз деп коюп, баса бердим. (күлөт).

САЙНАТ. Ошол мамилеңе азыр дагы таарынам. Жолугуп, таанышып, сүйлөшсөк болмок. Бирок, карыган бир чалдын эмнесине таарынайын деп, Муратбек байкенин кадыры үчүн артыңдан келбедимби.

ШАРЫПКУЛ. Мени карыган чал деп ойлодуңуз беле?

САЙНАТ. Ооба. Муратбек байкем, «ал абдан иш билги неме. Сөзүнөн кайтпайт. Сен аларга бийлөөнү үйрөтсөң эле болду» деген сөзүн кыйбай, өмүрүмдө көрбөгөн жерге, билбеген ишке кайыл болуп, артыңдан баргам. «Сөзүнөн кайтпаган, иш билги неме, дегенинен улам, карыган киши экен деп ойлогом. Көрсө, бала экенсиң.

ШАРЫПКУЛ. Экөөбүз бирдей ойлогон экенбиз... (күлүп) Сиз театрга келип, мени чакырткан турбайсызбы. Түшкү дем алууда, үйдө элем, бийчи келип чакырып жатат дегенинен, карыган кемпирди көрөт экемин деп, жактырбай басып келсем, жапжаш аял олтуруптур. (күлүп) Ошол Сиз экенсиз... Көрсө Мукем Сиздин талантыңызды эмес, асылзаада сапатыңызды баалаган экен.

САЙНАТ. Башкасын билбейм, кыйылып келген жеримден, ырахаттуу иш тапкамын. Экөөбүз кандайдыр бир жаңылык ачкан элек. Ошол күндөрүм жаныма жагымдуу сезилет.

ШАРЫПКУЛ. Ооба, жаңылык ачканбыз, эже. Биздин ордубузда башка бирөөлөр болсо, мамлекеттик сыйлык алышмак.

САЙНАТ. Ага деле сенин мүнөзүң себепкер болду...Бирок, эмгектен тапкан ырахаттан ашкан сыйлык болчубу.

ШАРЫПКУЛ. Эмгегибиз элге жакканы менен, белгилүү адистер көз көрүнө ичи тардык кылышып, кабыл албай коюшту эле, кийин «Бекбекейди» туураган ансамблдер жаандан кийинки козу карындай жайнап кетти го. Ошолордун канчасынын дайыны билинбей калды. А биз Сиздин койгон бийлериңизди унута элекпис. Көрөсүзбү, бир-экөөнү бийлетейин?..Сайнат. Көрбөй анан, көрөм!.. (Шарыпкул

бийчилерин чакырат. Музыка жүрүп, сахнага бийчилер чыгышып, «Ай эжеке» деген бийди аткарышат. Сайнат чечинип жиберип, кошо бийлейт. Артында бийчилер менен кошо чыгып кетет).

АЯН ҮН. Шарыпкул!

Кокус сени кордоп койсо жөнү жок,
Кемсинбегин көңүлүңдү кирдетип.
Андай адам айыбынан кутулбайт,
Азап тартат акыры бир күн жетип.
Өнөрүн билбей жашайт көрпенде,
Өтсө өтөр өмүрлөрүн гүлдөтүп.
Бабалардын баскан жолу ыйык жол,
Баш көтөрүп, пенделиктен бийик бол,
Бул жашоонун түйшүгүнө майышпа,
Түбөлүктүн бар экенин туюп кой.

ШАРЫПКУЛ (тынымдан соң, өзүнчө өксүй сүйлөйт).
Атадан бир жашымда калып, таянычым жок, аска-зоого урунуп, көрүнгөндүн оозун тиктеп, ак менен караны ылгай албай, чындыкты издеп чыркырай берип, ушул жашка жеттим. Кол учум жетип турган ырыскыны өзгөгө тарттырып жиберип, оозунан алдырган бөрүдөй томсоруп, датымды угаар жан таппай, өзүмдүн шорума өзүм уугуп, сыртымдан сыр билгизбей күн кечирем... Аркандап койгон торпоктой, Жумгалдан алыстай албай, мына ушул жайда кырк жылдан ашуун кызмат кылдым... (ызаалуу күлүп) Ушул имаратта кимдердин изи калбаган. Касиеттүү ыйык жай, кимдердин талантын ачпаган. Ошого карабай, көзгө куник, көпчүлүктүн көңүлүнө илинбейт.Экөөбүз окшошпус. (күлөт). Ушул имараттын босогосун биринчи аттаганда, башка киши ээлик кылып отурду эле. Ал киши мени жараксыз кылып, көңүлүмдү чөгөрүп узаткан... (Сырттан Болттун элеси сүйлөп кирет).

БОЛОТ. Сен мага таарынып жүрөсүң.

ШАРЫПКУЛ. Жок, Болот аке, Сизге эмес, тагдырыма таарынам. Көрсө менин жолум ошондой тура... Эсиңиздеби? Түштүктө тентип жүрүп, ушул жерге келсем Көкүл деген эжем бар экен. Күйөсү Илияс экөө Сизде иштешкен көрүнөт. Алар менин өнөрүмө жетине албай

сүйүнүшүп, түз эле Сизге жетелеп келишкен.Окууга барыш ойдо жок, апамды багышым керек болучу. Комуз, мандалин, балалайка чертип, безилдеп ырдачуумун. Мектептеги кружокту өзүм жетектөөчүмүн. Олимпиаданын бир нече жолу жеңүүчүсү болгом... Мени ырдатып көрдүңүз да, «түзүк экен, келип тур» деп көңүлкош күңкүлдөп койдуңуз. Арданып калдым. Анан ушул эшикке экинчи келбес болуп, колхозго барып, темир устага шакирт болуп алдым.

БОЛОТ (ыңгайсыз) Эсимде жок... Көңүл бурбаганым ырас окшойт.

ШАРЫПКУЛ. Андан кийин дагы ушул босогону аттабас болуп эчен жолу кеттим да, кайра келип олтурганымды карабайсызбы! Көрсө, ат бир баспайм деген жерин үчтөн дагы көп басат турбайбы. (күлөт).

БОЛОТ. Бирок сен жакшы кылдың. Театрды профессионалга жеткиргениңди урпактар унутууга акысы жок...

ШАРЫПКУЛ. Сатар аке экөөңүздөрдүн эмгегиңиздер менден кем эмес. Силерден таалим алган көптөгөн жаштар жумурай-журтка белгилүү болушту.

БОЛОТ. Кап десең, ошолордун катарына сени кошуп албаганымды карачы!

ШАРЫПКУЛ. Кошпосоңуз дагы ишиңизди улантуучумун. Сиздердин изиңиздерди кадырлап, ордоңуздарды кадырлап келатам.

БОЛОТ. Аның ырас. Бул куттуу жай. Сен бул жайдын ыйыктыгын билдиң. Өткөн кылым Жумгалга өнөр ээлерин көп бербедиби. Ошондон улам алар бирин-бири баалашкан жок. Кудайдын куту өнөр ээлерине түшүп, көпчүлүгү баасын албай калышты. Алардын арасында сен дагы барсың. Кут конгон жайды ыйык тутуп олтурганыңа Сатар экөөбүз ыраазыбыз. Ыраазыбыз сага.

ШАРЫПКУЛ. Силер ыраазы болгондой иш жасай элекмин го, Болот аке. Экөөңөрдүн обонуңарды чогултуп, өзүнчө китеп чыгаруу оюмда жүрөт. Бирок, бирок эле... Ай кокуй ай! Бироктор көп, Болот аке...

БОЛОТ (ызаалуу күлүп). Ойлоп жүргөнүңдү, бизди эстегениңди билем. Бирок, өзүң айткандай, бироктор түгөнбөйт тура...

ШАРЫПКУЛ. Болот аке, кайсыл обонуңузду жакшы көрөсүз?

БОЛОТ. Эне-эң чабал баласын сүйгөн сыяктуу, мен дагы кийин чыгарган «Мүнөзүңө» деген чабал ырымды жактырам. Аны Шарипага арнабадым беле...

ШАРЫПКУЛ (тамашалап). Чыныңызды айтсаңыз Болот аке, Сиз Шарипа эжени сүйчү белеңиз?

БОЛОТ (жумшак күлүп). Сүйүү деген ыйык эмеспи. Андай жашыруун сырды дагы сурайт бекен.

ШАРЫПКУЛ. Кечириңиз Болот аке? Тамашалагым келди... Ошол ырыңызды ырдатып берейин, угасызбы?

БОЛОТ. Укпай анан, угам... (Шарыпкул ырчысын чакырат. Ырчы келип, Болоттун «Мүнөзүңө» деген чыгармасын аткарып, чыгып баратканда, Болоттун элеси аны ээрчип чыгып кетет. Ыкчамыраак басып, Сатардын элеси кирет да, Шарыпкулду тикирейип тиктеп карап туруп калат).

САТАР (ызаалуу). Мен өзүм келдим. Мени эч ким эстебейт...Сен мени угуп жатасыңбы? Менин дагы өмүрүмдүн көбү ушул жерде, ушул жайда өткөн. Мен дагы эл үчүн көкүрөгүмдү тоском. Согушка мылтык эмес, комуз менен катышкам. Кийин сен Берлинге бардың го, ошол жерге чейин жөө чуркап баргам. Муну эл үчүн жасаган эмгек дейби?..Сүйлөбөйсүңбү?

ШАРЫПКУЛ. Мен Сизден уялып турам, Сатар аке.Айткандарыңыздын бары жөндүү. Өнөр ээси катары журтка белгилүүсүз. Бирок, өзүңүз айткандай, унутуп койдук... Таптакыр унуттук. Анан мен Сизге эмнени сүйлөйм?!.

САТАР (өзүн токтотуп). Ыракмат сага... Сага кадырым өткөн эмес, ошого карабай ачууланып койдум... Кучакташкан досум, Ырамандын ырчы уулундай болуп, кирпигим ирмелип турганда эле ырымды менчиктеп алып, Улуу Кудайга үнүм жеткенде араң кайрып алдым эле азыр деле аны мага ыйгаргысы келбей жүрүшөт .

ШАРЫПКУЛ. Билем, Сатар аке. Ал ырыңызды өз оозуңуздан далай жолу уктум. Айрыкча, эсиңиздеби, Беганастын иниси Абакирдин үйлөнүү тоюнда комуз жок, Сиз ошол ырыңызды контробас менен ырдап бергенсиз.

САТАР (күлүп). Эсимде. Ырда, ырда дешет, комуздары жок. Анан эмне кылам, контробасты ала коюп ырдап жибергем. Ырас элс, сен бар элең да. Элдин баары күлүшкөн.

ШАРЫПКУЛ. Мен черим жазылганча күлгөм. Контробасты койгулап жатканыңыз азыр дагы көз алдымда.

САТАР (кейиштүү). Эй, айланайын! «Комузум» деген ыр Асек Жумабавыдики эмес, Сатар Жумабаевдики деп эл-журтка жакшылап айтып койчу?! Кыясы менин айылдаштарым деле чындыкты унутуп баратышса керек.

ШАРЫПКУЛ. Айтпай жүрот дейсизби, айтам. Азыр өнөргө маани берилбей баратпайбы! Көптөгөн өнөр ээлери базарга чыгып кетишти.

САТАР. Алар-өнөрдү ыйык тутпагандар...

ШАРЫПКУЛ. Өнөрдү ыйык туткандар эзелтеден эле кор жашап өтүшкөнүн угуп жүрөбүз. Кыясы бул Улуу Кудайдын түбөлүктүү жазуусу окшобойбу!..

САТАР. Ошондой. Кудай өнөрдү сүйгөн пендесине берет.Анын ыйыктыгын бекем сактаган адам убайын көрөт.

ШАРЫПКУЛ. Качан?..

САТАР. Айта албайм...

ШАРЫПКУЛ. Сиз өнөрүңүздү ыйык туттуңузбу?

САТАР. Аны эл билет.

ШАРЫПКУЛ. Эл билбейт окшойт. Аны дагы Кудай билет. (тыным Сатардын көңүлүн көтөргүсү келип). Таарынбасаңыз?.. Ошол ырыңызды ырдатып берейин, угасызбы?

САТАР. Ырдай алышабы? Сөздөрүн билишеби деги?

ШАРЫПКУЛ. Билишет. Сиздей ырдай алышпайт, чын жери. Угуп көрсөңүз? (Ырчысын чакырат. Ырчы келип, комузду алып, жеңин түрүнүп, ырдай баштайт. Сатар ыраазы болуп, улам тура калып, кайра отуруп, акыры ырчы бүткөндө аны ээчип баратып, артына кылчайып, акырын сүйлөйт).

САТАР. Мен кайра келип, сага өзүм ырдап берем. Муногул балага бир сөз айтып коеюн. (чыгып кетишет. Шарыпкул үнсүз машинкага олтуруп, иштей баштайт. Аян үн угулат).

БЕГАНАС. Генийди гений таанyйт... (күлөт) а сен мени баалагың келбейт. Ошол үчүн чыгармаларымды колуңа албай, унутуп жүрөсүң...
ШАРЫПКУЛ. Унутканым жок!
БЕГАНАС. Унуттуң!..
ШАРЫПКУЛ. Ырларыңды жатка окуп берейинби?
БЕГАНАС.Кереги жок... Сен билгенди эл дагы билиш керек...
ШАРЫПКУЛ. Олдо айланайын тежигим ай! Колумдан келбей жатпайбы!
БЕГАНАС. Келет!..
ШАРЫПКУЛ. Сен жөнүндө чыгарган обонумду ырдатып берейинби? Сөзүн Роза жазбады беле!..
БЕГАНАС (ойлуу). Кайсыл Роза?
ШАРЫПКУЛ. Карагулова, унутуп калдыңбы?
БЕГАНАС. Унутпайм.Эки Роза эки карегиме окшош...
ШАРЫПКУЛ. Баары бир, «жүрөгүн сууруп сүйүүчү, жалын көз кыз табылбайт.Табылса деле, акыры алдамак...
БЕГАНАС. Балким, балким ошондой... Мен пенделик каалоомду айтып жатпаймынбы...Кана, ошол ырыңды ырдатып көрчү?
(Шарыпкул ырчысын чакырат. Ырчы келип «Жел кайык» деген ырды аткарат. Ал кеткенден кийин сабыры суз сүйлөйт). Менин эсимде бардыгы бар.Силер унуттуңар «Кербендер» унутулду... Сен мага караганда «Сойрок» байкеңди жакшы көрөсүң. Анын пьесасын улам, улам коюп...
ШАРЫПКУЛ (күлүп). Шатман байкем сени абдан жакшы көрчү. А сен аны жактыргың келбейт. Ырас, анын «Ак боз атын» кайра койдум. Мыкты жазылган чыгарма. Биринчи вариантын мен кайра өзгөртүп иштедим.Айрыкча аяккы көрүнүшүн...Көрөлүбү?
БЕГАНАС (көңүлсүз). Ал кишини мен деле жакшы көрөм. Жөн гана, эркелегеним да...Мейли, кана,баштачы?!. (музыка угулат.Сахна күңүрттөйт. Спектаклдин акыркы көрүнүшү ойнолот.Экөө карап олтурушат. Тирүүнүн өлүгүнө айланышкан Эркайым менен Шырдакбекти Шатман шашып басып келип орундарынан тургузат да,

аларды элге таазим кылдырып, анан төр жакка жетелеп барып, экөө менен сүйлөшүп турганда, Беганастын элеси чыгып кетет).

ШАРЫПКУЛ. Шатман байке, Беганас таарынып кетти...

ШАТМАН (шашып). Кой, аны таарынтпа... (артисттер кетет. Эки жакты карайт). Чакыр кайра?..

ШАРЫПКУЛ. Аны таарынтпаш үчүн эмне кылышым керек? Сизди оңой түшүнөм. Беганасты түшүнүү кыйын...Сиз назиксиз.

ШАТМАН. Сен менден өткөн назиксиң, күчүгүм.Сенин мүнөзүң гүлгө окшош, бат эле бүрүшө түшөсүң.Мен сени аккуунун канатына салыштырчумун, билесиң го.Билбегендер сени орой, катуу, өзүмчүл дешет.Сенин дүйнөңдү билбегендер ошентишет да. Жакшы иш үчүн өзүңдү чачып жиберүүгө даяр экениңди билишпейт алар.

ШАРЫПКУЛ. Ыйлагым келип жатат, байке...

ШАТМАН. Мейли, ыйлап ал, эс аласың... Көз жашыңды душманыңа көрсөтпө.

ШАРЫПКУЛ. Менде дос жок, байке. Досумдан да, ишенген адамымдан дагы ажырагам!Шаарга Беганас экөөңөргө таянып көчүп барбадым беле.Экөөңдөн, ишенген кишимден, бүтүндөй шаарымдан ажырап, канат, куйругум тонолуп кайра келдим...

ШАТМАН. Түшүнөм, баарын билип турам. Өтө минителный эмес белең, азыр деле ошондойсуң. Анткен менен азыркы таянычың бекем.Ишеничтүү таяныч тапкансың, аны билесиңби?

ШАРЫПКУЛ. Билем, таянычым жалгыз Кудай!

ШАТМАН.Ушунуңдан жазба.Тилегиң орундаларына ишен. Мен сага биринчи повестиңди окуганда эле ишенгем, кубангам. Ошондо жазган катым эсиңдеби?

ШАРЫПКУЛ. Эсимде, аны кантип унутайын, байке! Ал катыңызды тумар кылып жүрөм. Окуп берейинби?

ШАТМАН. Окучу, өткөндү эске салалы!..

ШАРЫПКУЛ (окуйт). «Шакин, Шакин...Бул кагазга жазылган эки ооз сөз кулагыңа кандай угуларын билбейм. Сенин атыңды кагазга жазган жокмун, ошондуктан муну кагаздагы сөз деп окуба.»

ШАТМАН. Жүрөгүмдөн чыккан сөз экенин билдиң беле?

ШАРЫПКУЛ. Билгем... (тыным) Окуйунбу?

ШАТМАН (шашып). Окучу, жаңылган эмес бекемин, билейин.

ШАРЫПКУЛ (окуйт). «Сенин повестиңди окуп чыккандан кийин сага кошо кубанып, Ак канаттуу сезимдериңдин канатын карап, ага колумду булгап, үмүт этип, өзүмдүн бир тууган инимдей маңдайыңдан сылап, алыстан болсо да ийгилигиңди куттуктап, энең атаган ысмыңды атап олтурам. Сенин ысмыңды эл атап, адабият атап калаарын, дагы мындан бийик, мындан татаал өмүр тагдырларына ат салышаарыңды мен каалар элем!!» Үч илеп белгисин коюптурсуз...

ШАТМАН (кубанып). Сонун, эң сонун! Үч эмес, төрт жолу илеп белгисин койсом болмок экен! Окучу?!.

ШАРЫПКУЛ (окуйт). «Адам жакшы тилекти баарына каалаганы менен баары аткара албайт, аткарууга кудурети да жетпейт. Менин сага энчилеген тилегим бар экенин, ал тилек сага өзгөчө кылайып турганын түшүнөөрсүң...Повестиңди, «Ак канаттуу сезимдериңди» мен айткандан ойлураак, мен самагандан жакшыраак сыдыргыга салганың үчүн Жумгалдын уланы, дагы бир жолу жемиштүү өмүр тилеймин. Повестиңдеги канатыңа агалык милдетимди өтөөгө аянбайм, Шакин. Мойнуңдагы парзын туура азаптанып түшүнүп, эл көзүнө көрүнө басып чыгууга даяр инимдин колун кысып, чын дилимден кучактайм. Шатман. 22-июль, 1971-жыл.»

ШАТМАН. Демек, мен сага мындан туп-туура отуз бир жыл мурда, дал ушул күнү, дал ушул маалда, өз баанды берген экемин. Жаңылбаптырмын!.. Мындан башка сөздүн сага кереги жок. (Шарыпкул ыйлап турат. Шатмандын элеси унчукпай чыгып кетет).

ШАРЫПКУЛ (жалт карап). Шатман байке! Кетпеңизчи, токтоңузчу?! Мен түшүнбөгөн көп суроолор бар. Жооп таба албай кыйналып жатпаймынбы. (тыным). О Кудуреттүү Кудай! Өзүң берген ыйык шооланды эл-жериңден үзө көрбө?! Элимден кут кетпесин!? Томсортпо, Улуу Кудай?(Чөгөлөп ыйлап олтурат. «Гүлазык» деген ыр угулат.)

Көшөгө

22-июль. 2002-жыл. Күнгө дүйшөмбү.

Ушул чакан чыгармамды-изги дүйнөгө
Өмүрүн арнаган кызым Гүлмирага арпайм.

# КАДЫР ТҮНГӨ ЖОЛУГУУ
(бир актылуу, музыкалуу придча)

«Түйшүгү тирүүлүктүн албуут дайра,
Таба албай кечмеликти тартпа кайра.
Өтөсүң аркы өйүзгө агып кетпей,
Издегин кечмеликти эч эрикпей.
Ачуу тил сөөгүңдү сыздатса да,
Ызаасы жан-дүйнөңдү муздатса да.
Чырагым, чыдай алсаң шондо гана,
Жетпесин, оттой жанган максатыңа».
(Жайсаң Үмөт уулу).

Катышкандар:

АЛТЫНАЙ - Алтынчы класстын окуучусу.
ЖАРКЫН - Алтынайдын апасы.
КУНДУЗ -Кошуна мугалим.
АК КИЙИНГЕН АЯЛ- элдик дарыгер.
АМАН –көчөдөгү бала.
НУРБЕК- Сатуучу бала.
Окуянын өзөгүн тогуз Нуркыздар түзөт.
Булардан башка: Ак гүлдлөр,
Мөл булак, ырчылар жана бийчилер
катышат.

Окуя 1995-жылдын 10-сентябрында, түнкү саат бирден элүү жети минута өткөндөн кийин болгон.
Сахна күңүрт. Толгон ай. Асман толо жылдыз. Жайсан Умот уулунун «Аян-Арман» дастанынын обону комузда шоокумдап турат.Аны алыстан жаңырыктаган кыздардын обону алмаштырат. Бир аздан соң назик үн биринин артынан бири чакыра баштайт.
КЫЗДАРДЫН ҮНҮ: Алтынай, Алтынай, Алтынай!

(сахнага секелек кыз чууркап чыгып айлана тегеректи таңыркай карап, үн чыккан жакка чуркайт. Эч несе көрө албайт).

АЛТЫНАЙ. Силер кимсиңер? Кайдан сүйлөп жатасыңар?

Ао, кайдасыңар? /кыздын үнү катуулап угулуп, туш-тараптан селкинчек тебишкен кыздар түшүшүп, ырдай башташат. Алар тогуз башка көйнөк кийишкен тогуз планетанын Нуркыздары эле/.

НУРКЫЗДАР /ырдашат/.

Келгин боорум бачым басып,
Боло көрбө ээринчек.
Айдын нурун аркан кылып,
Кел тебели селкинчек.

Айлуу түндө жерге түшүп,
Шапар тээп келебиз.
Ай жылдыздын нурун эшип,
Белек кылып беребиз.

Бүгүнкү түн-Кадыр түнүң,
Бир өзүңө берилген.
Алгын бизден Нур белекти,
Бир сен үчүн өрүлгөн.

/аппак түрмөктөлгөн жипти Алтынайдын алдына ыргытып жиберишет. Алтынай аны алат. Жиптин бир учу кыздарда калат./

АЛТЫНАЙ./ таңыркап/. Сиздер кимсиздер?..

Кайдан келдиңиздер, эжекелер?!/ пауза, сахнага түркүн түстүү нур күчөтүлүп берилип, кайра күңүрттөйт/.

НУРКЫЗДАР /ырдашат/.

Шапар тепкен эжелериң ,
Бир кылымда бир келет.
Кезиктирсе өз бир боорун,
Белекке деп Нур берет.
Биз тогузбуз –эжелериң,

Аалам нурун башкарган.
Тоголушуп бир кылымда,
Кабар алган башкадан.

Тогузубуз тоголушкан,
Тогуз башка жылдыздан.
Ар бирибиз,өкүлүбүз,
Тогуз түрдүү Нуркыздан.

АЛТЫНАЙ /эки жакка чуркап, элеңдеп, чочулаган үн менен сурайт/. Айтыңызчы, абдан кызык экен... Бул эжекем кайсы планетадан келди? Аты ким?

НУРКЫЗ. Ал эжекең – Ак жоолукчан,
Айдын Нуру- төгүлгөн.
Апапакай шооласынан,
Аппак дили көрүнгөн.

АЛТЫНАЙ (кубанып). Аты барбы?Айтчы?!

НУРКЫЗ. Алтын-Ай!

Алтынай (таңыркап). Алтынай... Менин атыма окшош экен.

НУРКЫЗ. Ошол үчүн сени чакырып албадыкпы. Сен Алтынай эжекеңдин нурунда төрөлгөнсүң. Сенин дагы аппак дилиң бүт турпатыңдан көрүнүп турбайбы. Мына быйыл биринчи мүчөлүң, сени балакатка жеткирүү үчүн эжекең кам көрүп жатпайбы.

АЛТЫНАЙ (таңыркап). Аны сиздер кайдан билесиздер?

НУРКЫЗ. Биз бардыгын билебиз. Ар бир эжекең өз нурунан жаралгандарга көз салып , кам көрүшөт.

АЛТЫНАЙ (экинчи селкинчекте отурган кызды көрсөтүп).Бул эжемчи?

НУРКЫЗ. Жашыл көйнөк-бул эжекең,
Чолпон Нуру төгүлгөн.
Сулуулугу, назиктиги,
Башкабыздан бөлүнгөн.

(Чолпондун Нур кызы жаадырай күлүп, алдыга басып, таанышкандай таазим кылат.Алтынай чуркап барып кучактаарда, артка кетенчиктеп, ордуна отурат).

АЛТЫНАЙ.(ыңгайсызданып, селкинчек тебишкен кыздарды тегеретс карап). Бул эжекем кайсыл планстадан келди? Айтыңызчы.

НУРКЫЗ. Ал эжекең-миң кубулуп,

Өтө кооз көрүнгөн.
Меркурийдин Нур шооласы,
Илим, билим төгүлгөн.

АЛТЫНАЙ. Абдан кызык экен! Мен билимдүү болгум келет, эжеке. (чуркап барып Меркурийдин Нур шооласын кучактамак болгондо, ал кыз дагы кетенчиктеп өз селкинчегине барып отурат).

НУРКЫЗ. Сага Алтын-Ай эжекеңден башкасы мээримин төгүшпөйт. Ааламдын салты ошондой. Ага таарынбагын. Тилек кылып өтүнсөң-аткарышат.

АЛТЫНАЙ. А береги уюган кан түспөлдүү көйнөк кийген эжекемчи?

НУРКЫЗ. Ал катаал мүнөз-Марсиана эжекең.

АЛТЫНАЙ.(артка кетенчиктеп). Мээримсиз экен...

А бул эжекем эмне үчүн капкара кийинип алган?

НУРКЫЗ. Сатурндын, Нурпериси. Кара ниэттүү макулуктар бул кишилерден аябай пир тутушат.

АЛТЫНАЙ. (коркуп). Ах, кандай коркунучтуу! Мен кара ниэттүү кишилерден аябай корком...

НУРКЫЗ. Коркпо. Эжекелериңдин эч кимиси сага жамандык каалашпайт. Айттым го, каалаганыңа жардамдашат. Ошондуктан баарыбыз биригип сага Нур шоола бербедикпи. Аны туура пайдалансаң бактылуу болосуң. Ар бирибиздин түсүбүздү жакшылап билип алгын: ал көйнөктөрүбүздөн эле билинип турат.Темгил тактуу, түз сызыктуу көйнөк-Уран планетасынын Нурсулуусу. Ал сага акылмандыкты үйрөтөт.Толкун түстүү көгүш көйнөк кийген эжекең Нептун планетасынын Нуржаркыны. Ал сага касиеттүү, сырдуу дүйнөнү үйрөтөт. Кызыл жүздүү, гүлгүн көйнөк кийген эжекең болсо Плутондун Гүлнур сулуусу. Ал сени эрктүүлүккө үйрөтөт. Биздин түсүбүздү жакшылап эсиңе тутуп кал.

АЛТЫНАЙ. Сизчи? Сиз кайдан келдиңиз?Атыңыз ким?

НУРКЫЗ. Атым Нуркыз.Венерадан келгемин. Мүнөзүм токтоо, салкын кандуулука үйрөтүп, атак-даңкка жеткирем.
АЛТЫНАЙ. (алдына каалгый басып келип). Эрктүүлүктү үйрөнгүн, киндиктешим. Экөөбүз Ай толгон күнү жолугушуп турабыз. Менин көйнөгүмдүн түсүн жакшылап билип алгын.
НУРКЫЗДАР (ырдашат).

Куттуу болсун Кадыр түнүң,
Жолугуштуң биз менен
Керек болсок Ай толгондо
Таба аласың бизди сен.
Келе алабыз ар барибиз,
Көргүң келсе бизди сен.
Көк теңири жолун салган,
Ак шоолада из менен.

Кош бол эми киндиктеш кыз,
Таңкы короoз чакырат.
Эжелериң кош айтышып,
Үйлөрүнө шашылат.

(Кыздардын элеси акырындап өчөт. Ырлары угулбай калат).
АЛТЫНАЙ. (эки жака чуркап кыйкырат). Токтогула! Кайда кеттиңер? Мени ала кеткилечи? Суранам силерден, эжекелер.Нуркыз эжеке, токтоңузчу? Сиз мени салкын кандуулука үйрөтөм дебедиңиз беле?Салкын кандуулук кандай болот? Айтып кетсеңиз боло?..Алтын-Ай эжеке, кетпеңизчи? Мени киндиктешим дебедиңиз беле, анда неге таштадыңыз? Ала кетиңизчи?!Үйүмө баргым келбейт.Мектепке да баргым келбейт.Атам күндө мас болуп келип апам байкушту уруша берет.Апам керелден кечке базарда чуркап жүрөт...Мектепке барыштан уялам, кийимдерим аябай эскирип кетти.Кыздар шылдыңдашат... (өксүп).Менин барар жерим, батаар том жок сыяктуумун!Жайнаган балдардын арасында жалгыз жүрөм. Менин сырымды эч ким укпайт. Кайдадыр алыс, алыс кетким келет...(ырдайт).

Жакшы деген эмине?
Түшүнбөдүм билбегеним катамбы?
Жакшы болуу эмине?
Жактырбаймын: агайды да, атамды.
Апакемди аяйм, бирок түшүнбөйм,
Ал нeликтен жакшы көрөт базарды?

ХОР. Базар, базар, базарга,
Бардыгы бар базарда.
Үйгө келем жатарда,
Кайра жөнөйм шашылып.
Таң куланоок атарда.

АЛТЫНАЙ. (ырдайт)
Жакшы деген эмине?
Кымбат баалуу кийим кийүү жакшыбы?
Байлык деген эмине?
Алтын жыйнап, эл башкарган бактыбы?
Жалгыз гана түшүнө алган капамды,
Мен бактылуу кылсам деймин апамды.

ХОР. Базар,базар,базарга,
Бардыгы бар базарда.
Үйгө келем жатарда,
Кайра жөнөйм шашылып.
Таң куланөөк атарда.

АЛТЫНАЙ (колдорун асманга сунуп, жалынычтуу) Алтынай эжеке, мени ала кеткилечи!?. (сыртка чуркап чыгып кетет. Сахнага Жаркын шашып кирип, элеңдеп, эки жакты карап, өзүнчө сүйлөйт).

ЖАРКЫН. Кайда кетип калды? Караңгыда үйдөн чыкпайт эле. Кундуздан сурап көрөйүнчү. (Сахнанын бир бурчундагы эшикти черткен болот). Кундуз!.. Ай Кундуз!..

КУНДУЗ (ичкериден жай чыгып). Ай, эмне заңкылдайсың, караңгыда?..

ЖАРКЫН. Силердикине Алтынай келген жокпу?Үйдө жок экен, базарда кармалып...

КУНДУЗ. Кызыңбы? Ал каайда кетиптир?

ЖАРКЕЫН. Ошону издеп, сени көрдүбү деп...

КУНДУЗ (жактырбай). Жок, айланайын... Ал кызыңдын мүнөзү кызык: Сабакта унчукпай олтура берет. Жанындагы баланы тилдесем, көзүн жашылдантып, ыйлайт. Сурасам, жооп бербейт. Деги, кызык, түшүнбөйм...

ЖАРКЫН. Ал байкуш ошондой боорукер...

КУНДУЗ. Боорукерди тапкан экенсиң. Сенин кызың атасындай эле келесоо.

ЖАРКЫН. Ким билет, мен дагы кызымдан корком...Сенден жашырганда эмне, Алтынай түн ичинде туруп кайдадыр кетип калчу болду.Таппай кыйналам.Таңга маал өзү келип калат. Кайда барганын сурасам, унчукпайт. Корком...(ыйлайт).

КУНДУЗ. Кокуй-уй, анда бул соо кыз эмес. Доктурга көрсөтпөйсүңбү.

ЖАРКЫН. Көрсөттүм, корко турган эч нерсе жок дейт.

КУНДУЗ.Мына көрдүңбү, анда ал кызың жинди.

ЖАРКЫН.(теригип). Табалабачы, Кундуз.

КУНДУЗ. Табалаганым жок. Мен бетке айтканды жакшы көрөм. Өзүң көчөдө тентип жүрсөң, күйөөң алкаш болсо, анан силер кайсы баланы тарбияламак элеңер. Тарбиясыз бала ушундай болот.

ЖАРКЫН.Турмуш ошентип жатса кантмек элек. Элдин баары эле ошол, жыргап кеткенди көрө элекмин. Сени мугалим экен деп...

КУНДУЗ. Мен дагы мугалим катары кеңешимди айтып жатам богом. Болбосо, кызыңардын мага эмне кереги бар. Анын эмнесин жаман көрөсүң. Койчу айланайын, мага демектен баарыңар тентип кеткиле.Үшүп да кеттим...(кетет).

ЖАРКЫН(ойлуу авансценага басып ырдайт).

Бой тартканы ынак жарды эңседим,
Айткылачы, тапкан барбы тең-теңин?
Кармасам деп үйдүн алтын туткасын,
Кайып болду кайран жаштык кыз башым.
Азыр баары чачылды,
Айткым келбейт атам койгон атымды.
Дагы эминени эңсейин?

Мынча неге сыздап ооруйт эмчегим.

ХОР. Эне болуу ушулбу,
Мөмө берүү ушулбу?
Бакыт деген ушулбу?
Урпактарга калуучу,
Азык деген ушулбу?

ЖАРКЫН (өзүнчө).Аял затын жыттуу жыпар гүл дешет,
Аны кайра күлгө айлантып кирдетет.
Балабыздын келечегин көрө албай
Бакыт деген эмне экенин биле албай
Максаты жок күн өтөт.
Бапит турмуш кол-бутума илешет.
Деги мени ким дешет?
Баасын албай өтүп кетти бир кезек.

ХОР. Эне болуу ушулбу,
Мөмө берүү ушулбу?
Бакыт деген ушулбу?
Урпактарга калуучу,
Азык деген ушулбу?

(Жаркын хор бүткөнчө өксүп ыйлап, башын төмөн салып чөгөлөп отуруп, бир аздан соң атып туруп кыйкырат).

ЖАРКЫН. Алтынай! (анын үнү жаңырыктап алыска кетет. Ошол боюнча кайдадыр чуркап чыгып кетет.Бир азга тыным. «Аян-Арман» комузда шоокумдап турат.Сырттан жаман кийинген койнуна бир нерсени катып алган бала чуркап кирет. Сахнанын артынан чуруулдаган үндөр угулат. «Алып кетти!» Аркы көчөгө бурулду! «Карма, карма, шүмшүктүн сазайын бер!» Анын артынан дурус кийимчен, бөлөк бала атырылып кирет да, бүжүрөп турган баланы көмөлөтө муштайт).

НУРБЕК. (ачулуу). Акмак!Келе нанды!

АМАН. Эмне муштайсың?

НУРБЕК. Эмне муштайсың деп коет. Келе нанды дейм!/Амандын койнунан нанды сууруп алат/. Шүшүк! Уурдап жеп көнгөн экенсиң!

АМАН.Курсагым ачса эмне кылайын...

НУРЛАН. Курсагың ачмактан өлүп кет! Акмак, ууру! Сенделген сволочь./тебет/.

АМАН. Теппе дейм! Ансыз дагы өлгөнү турам.../бырылдап жатыйт.Сырттан Алтынай чуркап кирип, ортого тура калат/.

АЛТЫНАЙ. (Нурбекке). Сен эмнеге уруп жатасың муну?

НУРБЕК (керейип). О, сен кайдан келе калдың?

АЛТЫНАЙ (отура калып Аманды кучактап, колдорун ушалайт). Аябай үшүгөн турбайсыңбы, байкуш!Көчөдө эмне кылып жүрөсүң?Үйүң кайда?

АМАН(ыйламсырап).Үйүм жок...

НУРБЕК.Үйүм жок дейсиңби?..(Аман башын ийкейт).

АЛТЫНАЙ. Ата-энеңчи?

АМАН.Билбейм...Алар ажырашып кетишкен имиш.

АЛТЫНАЙ. Сен кимдин үйүндө турчу элең?

АМАН.Таякемдин. Жакында таякем дагы өлүп калды.Тааженем үйүнөн кууп жиберди.

НУРБЕК(боору ооруп).Байкуш десе...Азыр кайда турасың?

АМАН.Көчөдө...

АЛТЫНАЙ(өпкөлөп ыйлап). Байкушум...

НУРБЕК (нанды кайра берип) Ме, жеп ал...

АМАН. Жок жебейм...

НУРБЕК. Жеп ал? Курсагыңа бир нерсе барса жылып каласың

АМАН.Жок...Мени эч нерсе жылыта албайт.

АЛТЫНАЙ (Амандын жүзүнөн сылап).Айтчы,сени эмне жылыта алат?

АМАН (ый аралаш). Мени адамдын мээрими,эненин мээрими,гана жылыта алат!..

НУРБЕК (күнөөлүдөй алдына отуруп).Сен мени кечирип койчу? Уурдабай эле сурасаң болмок...(кучактайт).

АЛТЫНАЙ(авансценага ойлуу басып келип,өзүнчө шыбырайт). Мээрим...Адамдын мээрими...Эненин мээрими...(анан «Мээрим» деген ырды хордун коштоосунда ырдайт).

НУРБЕК (Амандын колунан кармап).Үйүң жок болсо жүр биздикине? Атама айтам, ал урушпайт. Экөөбүз дос болуп алабыз,

базарга чогу келебиз. Өз кийимибизди өзүбүз таап, курсагыбыз ток болот.Мага ишенип кой, ынтымактуу болобуз.

АЛТЫНАЙ.Туура. Ошенткиле. Экөөңөр ынтымактуу болсоңор келечегиңерди таап аласыңар. /Аманга/. Бар, барагой!?

АМАН. Макул...Бирок сен мени бир эле жолу «жетим» деп кордосоң, кетип калам...

НУРБЕК. Кордобойм. Мектепке дагы чогу барабыз.

АМАН. Мен үч жылдан бери мектепке барбай калгам.

НУРБЕК. Атама айтам, балким окутат, жүр./Аман чыгып баратып Алтынай менен коштошот. Экөө чыгып кетишет.Алтынай авансценага отуруп алып ыйлайт. «Аян–Арман» ойнолуп турат.Сахнага «Ак гүлдөр» чуркап киришет.

АК ГҮЛДӨР/ырдап, бийлешет/.

Биз гүлдөрбүз, гүлдөрбүз,
Ак тилектин үрөөнү.
Гүлдөрүбүз курушат,
Ызаа кылса бирөөнү.
Багынба ызаага,
Кабылба кусага.
Келгин ойноп-күлөлү,
Кулпунтабыз талааны.
Тазартабыз абаны,
Сергитебиз көңүлдү.
Алыстатып санааны,
Жүрөлү оорубай.
Туралы соолубай,
Саамайына гүлдөн тагалы.

(АК ГҮЛДӨР чуркап келишип, Алтынайга жагалданышып, саамайына түркүн гүл тагышат.Анан алар ошол музыканын ыргагында чыгып кетишет.Алтынай ойлуу басып авансценага келет)

АЛТЫНАЙ. Ушинтип көңүлү ооругандар абдан көп. Айрыкча апакемдин көңүлү ооруп бүттү. Апакемди кантип кубантарымды билбейм. Сабактан «5» алып келсем же үйдөгү жумушту айттырбай бүтүрүп койсом кубануунун ордуна ыйлайт.Түшүнбөйм... Ансайын

жүрөгүм ооруй берет...(сырттан «Мөл булак» ырдап кирет. Анын артынан көптөгөн булактар ырдап, бийлеп киришет).

МӨЛ БУЛАК (ырдайт) Жер астынан чыгып келебиз,
Жалпы журтка өмүр беребиз.
Кыткылыктап күлүп, ыр ырдап,
Ташты чертип шапар тебебиз.

ХОР. Биз мөл булак, мөл булак,
Өмүр үчүн ыр курап.
Кытыгылап өтөбүз,
Гүл сабагын ургулап.

МӨЛ БУЛАК (ырдайт ) Жер эненин кайрат, күчүбүз
Жер эненин ыйык сүтүбүз.
Азыгыбыз жаратылыштын,
Апапакай кылган ишибиз.

ХОР. Биз мөл булак, мөл булак,
Өмүр үчүн ыр курап.
Кытыгылып өтөбүз,
Гүл сабагын ургулап.

(Аларга кошулуп ырдап, бийлеген Алтынай булактар чыгып кетишкенден кийин кайрадан маанайы чөгүп, жалгыз калат. «Аян-Арман» ойнолот).

АЛТЫНАЙ (эсине келип). Мен кайда жүрөм. Апам мени издеп жүргөн чыгаар, кой үйгө кетейин...)Чыга турган болгондо сырттан аппапак, жарашыктуу кийинген, кооз баштыгы бар аял кирет. Алтынай көрөр замат чочулап кетенчиктейт).

АК КИЙИНГЕН АЯЛ ( мээримдүү үн менен).Коркпо чырагым. Мен сага жолугуш үчүн атайын келатпаймынбы...

АЛТЫНАЙ (чочулап). Сиз кимсиз?

АК КИЙИНГЕН АЯЛ. Эжеңмин.

АЛТЫНАЙ. Сизди укам, дарыгерсиз...

АК КИЙИНГЕН АЯЛ.(жанына жакын келип, саамайынан сылап). Туура айтасың көпөлөгүм. А сен жөнүндө мага Пери кыздар айтышты.

АЛТЫНАЙ. Пери кыздар?

АК КИЙИНГЕН АЯЛ. (бир аз ыңгайсыз).Сен аларга жолукпадыңбы.Азыр болсо экөөбүз жакшылап таанышып алалык. Ата-энең барбы?

АЛТЫНАЙ (ыңгайсыз) Бар...

АК КИЙИНГЕН АЯЛ. Алар эмне иш кылышат?

АЛТЫНАЙ (көздөрүн ала качып). Апам күндө базарга кетет. Атам болсо... билбейм эмне иш кылаарын...

АК КИЙИНГЕН АЯЛ. (эркелетип).Алтын кызым десе, сен менден чочулабай эле кой. Анан жашырууга аракет кылба. Сен айтпасаң деле бардыгын билем.Азыр атаң үйдө мас болуп уктап жатат.Апаң сени издеп жүрөт.

АЛТЫНАЙ (ордунан ыргып туруп). Апам издеп жүрөбү? Жолуктуңузбу?

АК КИЙИНГЕН АЯЛ. (ыңгайсыз, жалдырагандай). Камтама болбо, алтын кызым? Мен аларга жолукканым да көргөнүм да жок. Сен менден жашыргың келгендиктен чындыкты айта салдым. Мындан ары экөөбүз жашырышпай, чындыкты гана сүйлөшөбүз, жарайбы? (эркелетет).

АЛТЫНАЙ. (унчукпай башын ийкейт. Тыным). А сиз мени дагы билдиңизби?

АК КИЙИНГЕН АЯЛ. Билдим. Бир жылдан бери түн ичинде үйдөн чыгып кетесиң. Эмне үчүн чыгып кетээриңди билбейсиң.Же билесиңби?

АЛТЫНАЙ. (шашып). Жок...

АК КИЙИНГЕН АЯЛ. Сен жышаналуу төрөлгөн кызсың.Жолуңду туура таап, аалам тилин үйрөнүп алсаң, абдан бактылуу болосуң.

АЛТЫНАЙ.Аалам тили? Ал кандай тил?

АК КИЙИНГЕН АЯЛ (олуттуу). Мектептен окуп, жогорку билим алуу – ал жөн гана көр тирликтЬ үйрөнүү болуп эсептелет. Изги дүйнө табият сыры, аалам тили-бул түбөлүктүүлүктү үйрөнүү дегендик.Түбөлүктүүлүк бардык эле адамдарга ыйгарылган эмес. Ал сага окшогон айрым гана жанга аалам тарабынан берилет.(ыңгайсыз күлүп). Мен сени чарчатып жибердим ээ? Менин айтканыма түшүнгөн жоксуң да, ыраспы?

АЛТЫНАЙ. (ыңгайсыз). Билбейм...Бирок абдан кызык экен...
АК КИЙИНГЕН АЯЛ.Түшүнөсүң. Жадабай, чаалыкпай, туруктуулук менен аракеттенсең, бардыгын түшүнөсүң. Сен атаңа, апаңа таарынба. Кечиримдүү бол, турмушка чөкпо.
АЛТЫНАЙ. Эжеке, мен аалам тилин кантип үйрөнөм?
АЛТЫНАЙ /ойлуу/. Ооба...
АК КИЙИНГЕН АЯЛ.Бүгүн сен тогуз кызга жолукканың эсиңде калдыбы?
АЛТЫНАЙ /ойлуу/. Ооба...
АК КИЙИНГЕН АЯЛ. Алардын айткандарын айтып көрчү? Жүрөгүңө жазып кетишпедиби. Сен аны унутууга тийиш эмессиң.
АЛТЫНАЙ /ойлуу, жай/. Биз тогузбуз-эжелериң,

Аалам нурун башкарган.
Тоголушуп бир кылымда,
Кабар алган башкадан...

АК КИЙИНГЕН АЯЛ /кубанып/. Кордүңбү! Демек бардыгы көңүлүңдө жазылып турат. Өзүнчө тынч отуруп алып, кагазга түшүрүп кой. Ошол эжелердин айткандарын жакшылап түшүнсөң, өз жолуңду таба аласың. Анан ал сага аалам сырын, аалам тилин үйрөтөт.
АЛТЫНАЙ. Ал кыздарды сиз дагы көрдүңүзбү?
АК КИЙИНГЕН АЯЛ. Көрдүм. Баарын уктум. Кадыр түн деген ушундай болот. Ал кылымда бир гана жолу өзүнүн бир азиз адамына жолугат. Мынакей, ага сен туш болдуң, алтын кызым. Мен дагы сени чын ниэтимден куттуктаймын./өбөт/.
АЛТЫНАЙ. Ал кыздар кайда жашашат?
АК КИЙИНГЕН АЯЛ. Ааламда...Айттым го, аны кийин билесиң... Ага чейин менин сага айтаарым, аалам тилин үйрөнүш үчүн өзүндүн нуруңду жакшылап билип алгын! Аны сага Алтынай эжекең айтпадыбы. Ааламда көптөгөн кара ниэттүү нурлар бар, өз нуруңдун түсүн билбей азгырылып кетсең, өмүр бою оорулу болуп каласың. Анда бактысыз болгонуң ошо. Буга чейин сени ар кандай шоокумдар сыртка чакырып келишкен. Сен ошол үчүн басып кетчүүсүң. Эми

аныңды токтотуп, өзүңдүн Нур шооланды күт.Ал сени өзү издеп таап алат.
АЛТЫНАЙ (үнү бузулуп). Мен калтырап чыктым эжеке...
АК КИЙИНГЕН АЯЛ. (Токтоо, мээримдүү). Азыр өтүп кетет...(баштыгын жерге кое коюп, эки колу менен кыздын жүзүн сылайт). Кандай сезип калдың?
АЛТЫНАЙ. Жакшы... Баштыгыңыздагы эмне, эжеке?
АК КИЙИНГЕН АЯЛ /мээримдүү жылмайып/. Баштыгымдабы?.. Анда кагаз, калем, камчы, комуз бар. Болгон дүнүйөм ошол. Мага башка эч нерсенин керси жок.
АЛТЫНАЙ. Коркпойсузбу?..
АК КИЙИНГЕН АЯЛ.(мээримдүү жылмайып). түшүнбөйсүң да алтын кызым. Мен медитацияга чыккан күнүм бактылуу күнүмдү деп эсептеймин!
АЛТЫНАЙ /толкунданып/. Мээримге жүрогүм толуп чыкты, эжеке!..
АК КИЙИНГЕН АЯЛ. Жакшы.. Өзүңдү дал ушундай бактылуумун деп сезүүгө үйрөн. Пенделиктен бийик боолууң керек...
АЛТЫНАЙ (ойлуу).Пенделиктен бийик...
АК КИЙИНГЕН АЯЛ. Ойлонбо. Аны үйрөносүң...Мына болду, азыр сага берсйин угасыңбы?
АЛТЫНАЙ. Угам, эжекебай!..
АК КИЙИНГЕН АЯЛ (баштыктан комузун алып, күүлөп, «Аян-Арманды» аткарат. Алтынай опкөлоп ыйлап, сүйлөөргө алы келбейт).
АК КИЙИНГЕН АЯЛ. Ыйлаба, көпөлөгүм. Ыйлаба, алтын кызым...
АЛТЫНАЙ. Ыракмат, эжеке.Мен сизге аябай ыраазымын.
АК КИЙИНГЕН АЯЛ. Сен мага ыракмат айткыдай эч нерсе кылганым жок.Эгерде бүгүн жүрөгүңө кичинекей жылуулук тамса, анда мен абдан кубанычта болом.
АЛТЫНАЙ. (ойлуу).Бирок сиз мени гана бактылуу кылгыңыз келет... А калган балдарчы?..Апамчы?..
АК КИЙИНГЕН АЯЛ. (мээримдүү эркелетип). Алтын кызым, ал үчүн бардыгы сен сыяктуу ойлонушу керек. Энени сүйүү, атаны сүйүү,табиятты сүйүү, курбу курдаштарды сүйүү-мунун бардыгы

көөдөнүндө бирдей деңгээлде өнүксө гана, изги дүйнөгө кабыл аласың.Демек, бардыгы сен сыякуу адат күтүшү керек.

АЛТЫНАЙ (чөгөлөй отура калып, колдорун асманга сунуп, жалынычтуу). Киндиктеш эжеке! Мен бардык балдарды бактылуу кылгым келет!Бардык апалардын, анын ичинен өзүмдүн алтын апамдын бактылуу болушун каалайм! Жер бетине мээримдин толушун каалайм! Киндиктеш эжеке!Суранам силерде-ен.(сахнага балдар толуп, «Жер Эне» деген ырды аткарышат. Ал бүтө жаздаганда эне-аталар киришип, майда балдарды жерден көтөрүшүп, өтө олуттуу турушуп, «Бабалардын батасы» аттуу чыгарманы аткарышат. Хор аяктаганда Алтынай алдыга чыгат).

АЛТЫНАЙ (токтоо).Ардактуу ата-энелер!Силерден дагы чексиз мээримдүүлүктү суранам!..

Аягы
1996-жыл
28-февраль

ЫРЛАР

---

## КЫШКЫ МААНАЙ

I.

Айым - Арстан,
Планетам – Күн болуп:
Эки алптын ортосуна корголоп-
Коен жылы туулганымды ойлоном...
Таянары, жөлөнөрү болбогон
Коркок, чабал, бир зыянсыз макулук,
Арстандын айбатына,
Улуу Күндүн мээримине жылынып,
Бирде ташка, бирде музга урунуп,
Бир Кудайдын бөлөгүнөн жатыркап.
Жүргөнү чын, топ ичинде элейип,
Бирок аны аңдыгандар көбөйүп...

2.
Кабагымда кар жаап,
Кирпигимде турат такай
Мөлтүрөгөн муз тонуп,
Акактай тунук.
Карегимде булут-жакынды бүлбүл көрүп,
Алысты бадырайта тааный алат.
Көөдөнүм дал ошондон азыктанат.
Келечек айдан-ачык кубат берип!..
3.
Бороон улуйт ышкырып,
Терезедеми муз кылып,
Көргөзбөй тосот баарын:
Бакчамды, гүлдөрүмдү күрткүгө оройт.
Мага келчү жылуулуктун жолун торойт.
Бөлмөм муздак,
Денемдин тамырлары сыздап-
муңдуу кайрык  чыгарат
Ошол кайрык күүгө айланып кетерин,
Келечекке жетерин-
Сезип турат жүрөгүм.
Тигил мештен чыгар оттун илебин,
Алдын ала ишеничтүү билемин.
Денемди таштап коюп,
Үмүтүм ач илбирстей шашып барат.
Жаным жыргап келечектен азыктанат...
Муздаган меш дале турат кыймылсыз,
Өтүп кеткен өлүү турмуш өңдөнүп,
Ышка толгон керинейи кебелбей
Бүгүн бүттүү...
Эртеңкиге дем берип...
Койлор дагы короосунда корголоп,
Карындардын ачтыгына карабай,
Үмүт кылып кепшегени угулат.

Ынтымактуу бир-бирине ыкташып,
Тирүүлүктүн бактысына жылынат.
Өзөгүнө аяз тоңгон дарактар-
Билбейм кимге
Каргыш айтып боздогону --боздогон...
Тебелди күрткү басып,
Дем чыгарбай тумчулап,
Өлтүрүүгө жанын үрөйт
Сезим отун козгогон.
4.
Кызыл түлкү - үмүт өңдүү кылактап,
Ак бороондо бир көрүнүп жок болду.
Максаттарым менден оозуп, ыраактап,
Күрткү жиреп,
Ак бороонду тоготпой,
Өлбөстүккө жетиш үчүн октолду!..
5.
Аппак бойдон муздап калган ойлорумдай-
Кар этеги түрүлөт.
Өжөрлөнүп тоң алдынан өзүм тизип койгондой
Байчечекей көрүнөт.

Акыл –эстин тартышына туш болгон
кыжылдаган адамдар,
Кумурскадай кыйма-чийме:
Бири-бирин жек көрүшөт, бирок чогуу жүрүшөт.
Түмөндөгөн максаттар эсеп жеткис,
Бүтөрү, бүтпөсү бар, камгактай жеңили көп,
Ириги-чириги аралашкан.
Тазалык –талпак болгон,
Дарбыздай жара баскан.
Мен дагы илкий басып арасында

кыпындай кичирейип,
Агамын далбас уруп жашоонун агымында.
Жанымда жылмайып турган адам,
Күмөнсүйт бир нерсе билериме,
Тилимдин тикенектей илебине жинденип
Мага нени каалаганын туямын.
Ирбийген кебетем да зор өңдөнүп.
Ага окшош жүрбөгөнүм өгөйлөнүп,
Тигинин басканына жолтоо болом.
Ага азыр жагымдуурак болмок эле,
Алым куруп, жээкте калсам серпилип.
Акыл-эсим, тилим дагы кертилип.
Бирок да барам агып,
Кыжылдаган адамдар дайрасында,
Издеймин башка багыт!..
Чыгалбай ал максаттын аягына.

Бармынбы?..Болдум беле?..
Эмнемин?..Кебетем кандай эле?..
Максатсыз жаралуу мүмкүн эмес,
Жаралсам – бүтүрор жумушум бар!..
Жандүйнөм зыркырап ооруп турат,
Демек мен жаралганым чындык окшойт.
Канакей- андай болсо жасалган иш:

Жылтыраган кыпындай, ийненин учундай,
Өмүрдүн кутундай-бир нерсе?!.
Өчүп калбас, сынбас, жоголбос, өзгөрүлбөс,
бузулбас!
Бүттүбү?..Түгөндүбү көрөңгөм?..
Тамырымдан ажырап калдым бекен мен өнгөн?
Керексизби дене досум-жан досумдун кыйбасы!?
Мээм, жүрөгүм, жоодураган каректерим,

Өлбөстүккө сактап койгон данектерим бүттүбү?
Соолудубу мүрөгүм?!
Болду беле-таттуу үмүтүм, тилегим?
Элестейм-өтөгөн тирлигимди:
Кашайгыр!
Билүү керек окшоду кимдигимди.
Аны мен кимден сурап, кайдан угам?
Атамдын атын угуп, өзүн билбейм.
Белгисиз Кудай өңдүү...
Бирок экөө бир атамдай туюлат.
Ооба, билемин энекемди,
Жерге окшоп жөпжөнөкөй көтөрүмдүү.
Анан андан уккамын –
Тамырымдын кайдан өнүп чыкканын.
Демек, Жер – Энемдей,
Улуу Кудай ата болуп асырап,
Мен кебелбей, учкандарым туш тарапка чачырап
Короттумбу бейоопа?..
Шыбырайт кулагыма Кудайдын Периштеси:
«Келери таңга жетсең татасың-ырыскыңды.
Убайым тартпайм десең-уланткын жумушуңду!..»

Мейли жүз жыл өмүр сүргүн бул жашоодо
Бары –жогуң билинбей,
Же жакшылык, же жамандык кароолуна илинбей.
Акыр анан унут болсоң түбөлүк:
Бир адамдын жүрөгүндө сезим болуп калбасаң,
Жок дегенде жек көрүндү аталып,
Эстебесе элесиңди эч бир жан, эсептебей пендеге-
Кокуй арман! Тирүү жүрдүң эмнеге?!.
Эгер сени жек көргөндөр,
Көз арткандар көп болсо,

Анда сенде данек бар!

Тиштери өтпөй чагууга, бир жамандык табууга
жанталашып, Күнү-түнү ойлонуп, калем түтпөй,
Түтпөй аппак кагаздар-
Туш тарапка жалаа каттар жазышса-
Ошол сени эстегени эмеспи!..
Ал адамга алкыш айтып, жылмайыңкы саламдаш.
Кымырылбай бет алдынан тиктегин,
Бирок дагы-түк жакшылык күтпөгүн.
Төрт туягың даңкан чачып,
Сугун артып карагандын көздөрүнө тыгылсын!
Ак эмгектен аккан териң толкун болуп,
аскаларга урунсун!
Илебиңден от чачырап, тоңгон көңүл көлкүлдөп,
Кайыгышкан көралбастар жылынсын.

«Жалгыз тару ботко болбойт,
Жалгыз терек токой болбойт»-
дешет мени мазакташып,
Айткандарын эп көрбөйм.
Сүйлөшкөндө бир да жанга сөз бербейм.
Кудай мени жараткандан өзгөрбөйм!..
Жаратылыш закондор сыяктуу-
мен эч кимден сурабаймын кечирим.
Кандай болуп жаралсам-
дал ошондой жашап, иштеп, бүтөмүн.
Эки болуп, он болуп,
акырында сансыз өсөр катарымды күтөмүн.
Келет алар жодырашып,
жалаң чындык тартуулап!
Жашайт менде ишеним.
Жан жыргаткан укмуштарды уксам да,

Мен аларга суктанбайм.
Ашынган аалым, көсөм, данышманмын дегендер,
Мекен үчүн, эл үчүн деп- кара жанын жегендер:
Сүйгөндүгү үчүн мени касам ичип, ант берсе,
Акыр түбү азезилге айланат.
Көрүп туруп кантип нээтим байралат?!.
Бийликтин, байлыктын,
дененин кумарына азгырылган,
Түркөйлөрүн башчы кылган-
Көрпенделер агымына кошулууга болобу?..
Алар айткан аягы жок сүйлөмдөрдөн
жаралды, УЛУУ ЧЫҢЫРЫК!
Баратат кара Жердин алкымына тыгылып.
Нымы бүтүп, кагыраган сөөккө айланса кара Жер,
Мандалактай көк караган АЖОЛОР,
Көксөп турат-
Марска барып улантууга жашоосун.
Ошондуктан билбейт алар кумурскалар турмушун.
Көрпенделер ага көңүл бөлүшпөйт...
Мына ошол кумурскадай турмушумдан
Кынтык издеп, кыйратууга уямды
жүргөндөргө түшүнөм.
Алар үчүн менин жашоом зыяндуу.
Асылдыкты жоготууга жол бербейм!..
Кудай мага милдет тагып-жараткан.
Өзгөрбөймүн канымдагы адаттан!
Асылзада көрөңгөмдү коротпой,
Эң биринчи кыргызга окшоп өмүр сүрөм, тоготпой!..

Төрөлгөндөн тыным албай бир дем менен жашадым,
Бассам дагы кадам сайын максат менен басамын.
Жалаң жумшак тамгалардан сөз курап

Сүйлөсөм деп ойлоном,
Үнүм дагы назик чыкса кубулуп.
Уккандардын жандүйнөсү жибисе,
Асыл оюм жемиштерин күбүсө!
Кум ичинен бирден терип чогултуп,
Акак таштан зор мунара жасасам:
Шооласына сөзүм, үнүм, жуурулуп,
Чачыраса көз жетпеген алыска!
Дал ошондон бардык илдет айыкмак!..
Чындык ушул!.Жасаганым-жасаган!
Аруулукту, тазалыкты, сүйүүнү,
Өлбөстүктүн тамырынан чогултуп,
Салып койгом сары сандык ичине.
Ал ишимди көралбастар көбөйүп,
Ачкычымды уурдап алып беришпейт.
Билем алар ким экенин, түшүном...
Бирок неге бүлүнөт?..
Ич күйдүүлүк оорусунун залдары-
Кара тултук өңдөрүнөн көрүнөт.
Мейли алар беришпесе-беришпесин, сурабайм.
Билем жалгыз чындыкты:
Сандыктагы асылдарым чирибейт да жоголбойт.
Алгандардын аракети оңолбойт.
Акырында чачат жерге менчигине айлантып.
Дал ошондо ташты жарып чыгат менин данегим.
Обондорум аска жарып, кубулуп, аныкталат дарегим.
Жылгалардан мүрөк сындуу агамын.
Миңжашардын гүлдөрүнө айланып,
өлбөс болуп каламын!!!

ДУЕТ

Суусамырдын сулуу кызы
Узап чыкты алдыга,
Көргөн элге канаттудай

Көз кумарын кандыра.

Жигит барат шамал жиреп,
Бекке туруп намысы:
Айтып бүткүс уят-уят,
Кызга жетпей калышы.

Тал чыбыктай кош өрүм чач,
Туу боосундай желбиреп,
Кыйгач карап улам артка,
Кыз кыялын билдирет.

Кара кашка жан үрөдү,
Камчы үстүнө камчы алып,
Төрт аягы бараткансыйт,
Жигит арын жар салып.

Аргымактар күүлөнүшүп,
Тизгин улай жанашсын.
Сүйүүлөргө толгон көздөр,
Кумар канбай карашсын.

Кызыл жоолук кыландаган,
Кыз-жигитке дем берип.
Эл эсинен чыгарбаган,
Эки сап ыр өңдөнүп.

## БИР ПЕНДЕГЕ ЖАНЫМ АЧЫЙТ

Мен жашаган айылда бир пенде бар,
Алтымыштан ашып калган,
Кадамдары майдаланып,
Илең-салаң басып калган.
Күндөн –күнгө көздөрү китирейип,

Далысы бүкүрөйүп,
Бириндеген сакалы тегизделбей,
Өңү да көөнөргөн күрмөсүндөй.
Көнбөйт ал жашаганга-
«араба сынбай, өгүз өлбөй...»
Көнүп бүткөн куш уйкуга.
Камдаган гүлазыгын татып алып,
Эрбеңдеп эмгектенет, эмгекти өрнөк көрөт.
Кезиксе ким болсо да кеңеш берет:
Алты сан аман болсо адамга эмне керек.
Эң эле жөнөкөйдү эмгекчил кыргыз билет.
Кыргызча ойлоп көнгүн...
Кыргызча ойноп көргүн...
Кыгызча кийим кийип,
Кыргызча жашай билгин!
Күйүнсөң көңүл ооруйт,
Сүйүнгүн кыргыз болуп.
Керемет азыктары:
Өзгөчө ширин болот кыргыз наны.
Кыргыз даамы окшобойт башкаларга,
Аралаш азыгына кыргыз жаны.
Эзелки кыргыздардын өңүн тааны.
Үйрөн.Үйрөткүн балдарыңа.
Бөлөктүн бекер ашын албагыла!..
Душмандын бейишине барбагыла!..
Жашоонун уюткусун кыргыз билет.
Өмүр сүрүү-максат эмес:
Жердин камын көрүп кетүү,
Ыйык тамчы төгүп кетүү,
Адамдык асыл наркты берип кетүү милдет ага!
Анткени, Кыргыз эли уютку журт!»
дей берет курган пенде.
Уккандар мыйыгынан күлүп коет.
Жүргөн бир келесоодой туюп коет.

Бирок ал айта берет жолукканга
көңүлдө уюганын,
Кыйнаган ачуу жанын, айта берет жадабай,
айта берет.
Жактырбайт бир да адам, айтышат:
«ал бир наадан...»
Укса да кейип койбой айта берет...
Турмуштун өңүккөнүн
Жашоонун жемиштерин-
көрбөйт да жебейт дагы сутун артып.
Жыйнаган байлыгы жок,
Же алган айлыгы жок жашоого көнүп
бүткөн каниет кылып.
Ушуну көрүп жүрүп, ичимден кейип жүрүп,
окшошуп бартамын шул пендеге.

## КЫРГЫЗ ТИЛИ –ААЛАМ ТИЛИ

Жер каймактап ...
Ага ээлик кылууга –
Адам аттуу пенде келип,
Ажайып кооз төрдү көрүп,
бирок дале канааттанбай-
байлык, бийлик, бейишке,
кусаланып,
түшкөн кезде кейишке:
көрүнгөн дейт-
Обо аттуу Periште.
Ошол замат
бир башкача сезим бийлеп экөөнү,
Капырай эй!
капилеттен тил бүтүп,
кубулжуган кереметтүү үн бүтүп,
эң алгачкы айтылган сөз- «Сүйөм!» деген,
кубулжуган обон менен
көөдөн жарып өзү эле,атып чыккан өңдөнөт!..

Анан алар сүйлөп Аалам тилинде,
кубулжутуп ырдап Аалам үнүндө-
Сүйүү менен азыктанып жашаган.
Эки жашка талыкпаган дем бүтүп,
Ал экөөнөн түбү түптүү эл бүтүп,
Күн уруусу атаган!..
Мен алардын бүчүрүнөн түйүлүп,
Жашап келем сүйүнүп,
Адам ата Обо энемди унутпай...
Бул ысымды мен гана эмес,
Жер бетинде түркүн түстүү эл билет.
Адам-Обо болгондугун белгилеп айтат ААЛАМ,
Мен үйрөнгөн тил менен.
Мага бүткөн кыял-жорук, тайманбаган көз караш,
Денемдеги тазалык, үнүмдөгү назиктик-
Ошолордун данеги.
Жок нерседен –бар болбосу чын десең,
Жок тукумдан мендей тукум өнөбү!!!
Нур денелүү-
АДАМ-ОБО сүйлөгөн,
Аалам тилин сүйбөгөн-КЫРГЫЗ эмес чынында.
Кыргыз тили-Аалам тили!
Аалам үнү-Кыргыз созгон ырында.
Каалабаймын бакытыңды, сүйүүңдү,
Адам Уулу аталышым зарыл кеп.
Калсын ушул жазмаларым –
өмүр баян башатымды далилдеп.

Март-апрель 2009.

## ЖАН СЫР

Жан укпаган сырларым бар,
Бирок аны угат шамал, көрөт Жер.
Булак тыңшап муң бөлүшөт,

Билбейт мындан бөлөктөр...
Өзүм дайым жан ичинде жалгыз жашап,
Жалгыз сүйлөйм ичимен.
Чөптүн дагы, таштын дагы
Жан сырларын түшүнөм.
Түшүнөмүн кара Жердин кайгысын,
Түшүнөмүн тентек Желди
Түйшүк тарткан жай-кышын.
Көзү тунук мөл булакты
Көрөм дагы, муңдашам.
Жүлүнүмдөй сыздап чыккан үндү угуп,
Жүрөгүмө ыр жазам...
Окшошомун кара Жерге,
Окшошомун шамалга.
Окшошомун мөл Булакка-
аяк жагы булганган:
Наалат айтып Адамга!..
Бизден алып күч-кубатты,
Бизден терип асылды:
Аны кайра бир-бирине сатышат.
Денебизди түк аябай жектеп, тепсеп,
Көөлөп, булгап жатышат...
Билем азыр, билем чындык каякта!
Аларды мен издебеймин адамдардын ичинен.
Улуу Күчтүн уюткусу өлбөстүгүн түшүнөм!
Ал уютку жашайт булак көзүндө.
Балбан Жердин башатында өнөт кызыл гүл болуп,
Бийик аска бетинде.
Алыс –алыс Шамал айдап өпкөлөргө киргизет,
Өмүрлөргө өзөк болуп,
Ташбоор, жексур,көралбастын –
тамырларын күйгүзөт.
Эринимден сүйүп туруп
Коюнума чок салган пенделерден аласам көп,

Бересем жок аларга.
Бересем бар: Жерге, суута, шамалга.
Көрпендеге түк эч нерсе бергим жок,
Ансыз деле колдон суурул алышат.
Асылымды көөдөнүмдөн сорот да,
Ага кайра ыкыр-чыкыр салышат.
Үн чыгарып жан кишигс айткым келбейт
жүрөктөгү ырымды.
А үчөөнө шыбыраймын тынымсыз
Жан ооруткан сырымды.
Түгөйүмдөй жуурулушуп, таратамын бугумду.
Кемитсе да кебелбеген,булгаса да бузулбаган,
Агызса да азайбаган: асыл кайрат-күчүңдөн –
Баары бекер болбосо,
О асыл Жер, тентек Шамал, мөл Булак,
Жашоо токтоп калаарлыгын түшүндүм...
Демек менин бар турбайбы бересем:
Анда өзүмдү түбөлүккө –
                пенделерге жем кыларым чын экен!..

## АДАШКАН КЫРГЫЗДЫН АРМАНЫ

Бул жашоодо эң алгачкы из санап,
Өткөрүпбүз сансыз эчен заманды.
Колубузга конгон кутту учуруп,
Унутканбыз түпкү атабыз Адамды.

Тарых өзү башталганын кыргыздан,
Так далилдеп, алгачкы атын Күн дейбиз.
Урпагы анын: Узун,Сакты,Булутту,
Ууз тукуму-Кыркууздугун билбейбиз.

Кыркууз анан Кыргыз болуп аталды,
Жок дегенде билсең жети атаңды,

Азыркыдай келгин динге кул болбой,
«Көк-Теңир!» деп кармайт элең жакаңды.

Нурдан бүткөн ыйык дилди сактабай,
Бөтөн диндин эшиктерин каккылап,
Көз көрүнө көч башынан адашсак,
Анан бизди Кудай кантип жактырат.

Кут кеткен соң келбей тунук акылга,
Өгөйсүнтүп өзүбүздү куруттук.
Көөдөнүнөн сууруп алып «Манасты»,
Корбөгөндөй Жайсаң атын унуттук.

Асыл адат башатынан ажырап,
Түбүбүз жок...Түк билинбей басар нук.
Жемишибиз жетебизге буйрубай,
Жер жүзүнө жапан кыргыз атандык.

Баалай албай бирибизди-бирибиз,
Арткы орунга жылбай бекем отурдук.
Чынгыз атын дүйнө эли билсе да,
Билимсиздин катарына кошулдук.

Аттиң арман!Жолубуздан адаштык!
Аруу сөз көп...Кайсыл бирин айталык!?.
Бактыбызды башка жактан издебей,
Кутубузду алсак кана кайтарып?!.

Анткен менен асыл нарктуу адат бар,
Кызга окшош түк чыкпаган үйүнөн...
Көрөңгөсүз көп улуттан өзгөчө,
Кыргыз болуп калганыма сүйүнөм!

Кебетемди көргөнүмдө күзгүдөн,
Мен өзүмдү таныбаймын анчалык.
Буркан-шаркан албуут, өктөм ички дем,
Кебетемден турат дайым жазганып.

Турмуш өзү тегирмендин ташындай,
Күнү-түнү күкүм кылат денемди.
Бирок ага ой-чабытым басынбай,
Ээ-жаа бербей эңсеп турат тереңди.

Өзгөрүлгөн кебетеме себеп эмне?
Өзүмдөн сезем эки айырманы:
Ар дайым жап-жаш бойдон жашап келет,
Акылым, эрким, күчүм, оюм дагы.

Турмуштун тозокторун денем тартып,
Ширидей сызгырылып бүтөт экен.
Жашоонун маңыздарын улам калпып,
Акылым, ой чабытым күчөйт экен!

Каржайып калганыма өкүнбөймүн,
Ал менин акылымды жетик кылды.
Жараксыз жалбырактай сезилбеймин,
Артымдан ээрчитемин ачык нурду!..

Болду эми, чыктым мейкин айталаага!
Тоскоолдук мени анча ойлондурбайт.
Эс алам, түшпөйм сары убайым санаага,
Сууланган кирпиктерим жайдан кургайт.

Үйдөгү түйшүгүмдү жыйып баарын,
Бороондун  жолун  тороп бекем үйдүм.
Чогулткан асыл ойдун уруктарын,
Токойлуу, нымдуу жерге чачып ийдим...

Баш ийбейм эч бир жанга, коркпойм дагы,
Ишенчим, таянарым-көөдөнүмдө.
Таңдайда катып калган турмуш даамын,
Калса дейм кантсе дагы өз жеримде...

Жашадым -  жапан ойго аралашып,
Башыма шири кийген макулуктай:
Максатым – азоо аттай ала качып,
Маранын аягына калды чыкпай!..

Денемдин көөнөргөнү чындык болду,
Данегим өзгөрүлбөйт, ошол бойдон.
Көңүлүм азгырыкты укпай койду,
Акылым ажырабайт асыл ойдон.
Эңсеген эркиндикке эми жеттим!
Буйрукка, алдоолорго азгырылбайм.
Сурабайм, тартпайм жүгүн пенделиктин,
Кудайдын бергенине каниет  кылам.

Акырында бир пикирге келишпей,
Кеттик басып-беттеп эки багытка.
Калуучудай –түбөлүктүү көрүшпөй,
Артыбызга калтыралбай анык баа...

Куулук-шумдук, аксым, митаам жосунду,
Адам неге адат кылып алганын;
Акыл өкчөп, агызсам да жашымды,
Ачык-айкын түк аныктай албадым.

Жашоо кыска, татаар насип аз эле,
Мекенибиз, кетерибиз чектелүү.
Бакыт деген өтөт тура бат эле,
Билсең ушул-сага айтаар кеп жөнү...

Анда неге ажал тилеп экөөбүз,
Алдыбызга терең чуңкур казыштык?!
Женгенибиз не муратка жетебиз?
Көзүн ачпай өлдү ойлор жазыксыз...

Улуу Кудай баарыбызга жеткидей,
Насиптерин берген тура белендеп.
Артыбызга мурас кылып кеткидей,
Айтсак кана-Гүлазыкты берем! деп.

Оюбуз да, жолубуз да булганды,
Бүт булгандык-жердин бетин калтырбай.
Аттиң арман! Биз экөөбүз кылганды,
Улантышат урпагыбыз айттырбай.

Өзүбүздү жеңүүчүдөй сезебиз,
Ойлобогун: «менден эмнең коромок?»
Кайра дагы беттешебиз экөөбүз,
Жер тоголок, Аалам дагы тоголок...

## МОМОКОН

«Атың чыкпаса жер өрттө»,

I.

Бир бечара бар эле,
Момокон деп атаган;
Тагдыр буйруп көп жылы,
Коңшу болуп жашагам.

Элпек эле өзгөчө,
Балага да тил алган.
Чеберлигин айтышчу,
Бүт өнөрдү биле алган.

Аялы ашкан уз эле,
Кыздын себин камдаган.
Шырдак, өрмөк, саймага,
Бүт өмүрүн арнаган.

Эки бөлмө жер тамда,
Экөө гана турушчу.
Өмүр бою үйүндө,
Өнөрчүлүк кылышчу.

Бир бөлмөдө Момокон,
Бир бөлмөдө аялы;
Бүт чачылып жатчу эле,
Буюмдары –аялуу.

Бергендерин алышчу,
Кайгырбай да сүйүнбөй.
Бапырандап жашашчу,
Бары-жогу билинбей.

Аялы экөө бир жолу,
Мага тартуу атаган:
Суу төгүлгүс жоргомдун,
Үртүктөрүн жасаган.

Күмүш менен чегелеп,
Басмайылын, жүгөнүн;
Жан дүйнөсүн жуурултуп,
Жасаганын билемин.

Тердик жасап аялы,
Чеберлигин ашырат:
Көрпөчөсүн көшүлтүп,
Ат жабуусун чачылап.

Куюшканы ,ноктосу,
Кудум Айдын нурундай;
Камчысында, ээринде,
Кынтыгы жок кымындай!

Саймаланган үртүгү,
Саралама жарашкан.
Токулгасын көргөндөр,
Тамшанышып карашкан.

Андан ашып аялы,
Чеберлигин билгизип:
Ат үстүндө жүргөндө,
Кементайды кийгизип:
Кайрымасы карыштай
Суусар бөркүм башымда,
Кайыш өтүк кычырап...
Катып жүрөм азыр да.

Ошол чебер түгөйлөр,
Кыргыздыгым билгизген.
Табитиме жараша,
Тепме чепкен кийгизген.

Дал ошондой кызматын,
Келгендерден аябай;
Жүрүшкөнүн билчүүмүн,
Ден соолукка карабай.

Бардык ишин чеберлер
Жасабады колкого.
Тукуянсыз жашашты,
Туягы жок ортодо...

2

Ошол чебер Момокон,
Күндөрдүн бир күнүндө:
Желдик жасап олтуруп,
Үзүлүптүр үйүндө.

Куш уйкуга баткандай,
Кубанычка бөлөнүп,
Аалам салып кетиптир,
Ат жабдыкка жөлөнүп.

Кеч киргенде аялы
Сыртка чыгып келатып;
Түк шекибей өтүптүр,
Тамашалуу кеп айтып.
Кемегеге от жагып,
Кечки даамга шашылат;
Далысынан түрткүлөп,
Дасторконго чакырат.

Катып калган бош дене,
Көмкөрүлүп кулады.
Өңгөч тарткан дем менен,
Өчтү жанган чырагы...

Бир Кудайга жалынып,
Жайына алат күйөсүн.
«...Кечирегор Жараткан,
Кеткен бардык күнөөсүн?..»

Таң атканча жалынат:
«...Жалгыз калып нетейин,
Түгөйүмдөн бөлүнбөй,
Түбөлүккө кетейин?..»

Өзгөрүлбөй, өнүкпөй,
Өтүп бир түн арадан:
Көөнөрүлбөй, кемибей,
Күн күлүңдөп караган.

Берген ишин-бир аял,
Сураганы кириптир;
Экөө эки бөлмөдө,
Жатышканын көрүптүр.

Эркеги эч кыймылсыз,
Аялынын жаны бар,
Кесип, камдап коюптур,
Кепиндерин – жамынаар.

Аял шашып – чеберге,
Акыркы суу ичирет.
Аманатын , керээзин
Айтып жатып үзүлөт...

3.
Ариетин кылууга,
Ага-ини чыкпады.
Кол куушуруп турушту,
Коңшулардын бүт баары.

Оор сезилди – кеткени
Эки жакын кишимдин;

Узатууну негедир -
Милдетим деп түшүндүм.

Үн чыгарып ыйлабай,
Бир да жанды кыйнабай;
Аруу жууп, кепиндеп,
Тез коюуга күтүндүк.

Жай казууга кириштн,
Жаш жигиттер дүкүлдөп.
Жетип келип сүйлөдү,
Айыл башчы күпүлдөп:

-Токтоткула тезирээк!
Бул көрүстөн жабылган.
Сөөк коюуга бергенбиз
Тээтиги боз адырдан...

Анан дагы ... ал жерге
Эң биринчи түшүүнү-
Күттүк эле коюуну-
Бир кадырлуу кишини...

Макул эми... болбостур,
Ошол жактан алгыла.
Азырынча жолу жок,
Жөө көтөрүп баргыла...
...
Сөз кайырбай иш кылдык.
Жайын каздык топурап...
Коюнуна кымырды,
Күлботодой топурак.

Бир казанак ичине,

Эки чебер коюлду.
Айттым анан Теңирге,
Көкүрөктө оюмду:

Жай берегөр Жараткан,
Ушул эки түгөйгө?!
Сезилишпей жашаптыр,
Бири ылдый, бири өйдө…

Кыйналганын билгизбей,
Кыргыз болуп жашаган;
Өмүр бою экөө тең
Кыргыз ишин жасаган.

Көнгөн элдик жосунду,
Жасабадык бүтүндөй;
Жай жерине узаттык,
Жаназасын түшүрбөй.

Мал союлбай, жыт чыкпай,
Жыртыш, кешик бербедик.
Кечирегөр Жататкан,
Кетсе бизден пенделик?..

Көңүлүмдө чок турат,
Көтөрөйүн ызааны...
Кыйышпаган эки жан,
КЫРГЫЗ болуп узады!..

Жалгыз бейит дөмпөйүп,
Калды адыр бетинде...
Кадыры жок байкуштар,
Калсын кимдин эсинде!?.
4.

Ажал улук дейт экен,
Карабаган кадырга...
Күмбөз толду заңгырап,
Баягы боз адырга.

Экөө жаткан боз бейит,.
Эчак чыккан катардан.
Бирок ошол көрүстөн,
«Момокон жай» аталган.

Кызыгы көп, ал кезде
Кимдин көөнүн бурчу эле:
Жапсарында тамынын
Булак агып турчу эле.

Ошол булак- дал бүгүн:
Ичсе жанга жагымдуу;
Эл мүдөөсүн арттырып,
Дары болуп табылды.

Азыр аны ардактап,
Аңыз кылган убагы.
Мактоо менен айтышат:
«Момокондун булагы!..»

Билинбестен өттү эле,
Бир да куран окулбай.
Булак менен көрүстөн-
«Момокон» деп аталды,
Токтом, буйрук токулбай.

30.05.2009.

Кыргыз эл баатыры Сооронбай Жусуевге

## ДААТ

Ал учурум али эстен кете элек:
Аландаган, алабарман кез элек,
Ак пейилден тилек айтып келгенсиз,
Адабият айдыңына жетелеп.

Ошондо да орун алуу ойдо жок,
Олтура албай артыңызга корголоп,
Келин өңдүү көрсөтө албай жүзүмдү,
Келатамын түк түгөнбөй жол жомок...

Анык жери – Адам деген затым бар,
Анча билбейт алыстар да жакындар...
Өгөйсүнтүп короосуна кошушпайт,
Өзүлөрүн Гений сезген акындар...

Түпкүлүгү талбас тулпар туягы,
Түңдүгүбүз бир өңдөнөт сыягы.
Туш тараптан тытмалашкан сөз менен,
Түк түшүнбөйм тарпы чыккан уяны.

Анткен менен албан эмгек кылдыңар,
Адабият мунарасын курдуңар.
Артыңарда калар бекен мураскер,
Асыл нарктуу арабаны жылдыраар?!.

Акын барбы аты угулар кылымга,
Акыл-эсти арбап турган ырында.
Адам болуу азап окшойт түбөлүк,
Акын болуу зарыл эмес чынында.

Көңүлүм жок, көшөкөрдү көрөм жек,
Тилеп келем көгөрөмүн – өнөм деп;
Эмдигиче өз ордумду таба албайм
Элге сыйбай... элик сымал элеңдеп.

Сөз зергери ойлонбосо ой иргеп,
Ыпыластык ырыскынын барын жеп.
Чиренишет көч башында көзүрлөр,
Калкты ойлобой кара баштын камын жеп.

Тагыраагы – таппайм айтар айла кеп,
Тата элекмин бул турмуштан май данек.
Көксөсөм да көңүл бурбай келесиз,
«Кокуй менин кулунчагым кайда» деп.

Эргулдардын этегине эрмешип
Эптебесем... Чакырышпайт кел дешип.
Адаштырбай адабият айлынан,
Коесузбу орунумду көргөзүп?..

9.06.2009.Арашан.

## ТҮШ ЖОРУУ

Ак асаба кылкылдап,
Айкөл кирет түшүмө.
Апакеме жорутсам –
«Али жашсың кичине.
Акырындап жарарсың,
Ата мекен ишине...»

Көк асаба кылкылдап,
Көк жал кирет түшүмө.
Көкө авама жорутсам –
«Күч кошулат күчүңө.

Камчыны алып аттангын,
Калайыктын ишине...»

Эки башка ой жоруп,
Эки башка карасак:
Өзүмдү – өзүм эр сезем,
Өткөн окшойт бала чак!
Эрен болуп эртерээк,
Эл ишине жарасак.

Кыргыз наркын унутпай.
Кыргыз салтын уласак.
Тазалыкты, тартипти,
Таштай кынап курасак.
Ырыскылуу журтумдун,
Ынтымагын чыңасак!..

13.06.2009.

## АКЫРКЫ КОҢГУРООДО АЙТЫЛГАН ЭКИ МОНОЛОГ

***БИРИНЧИ МУГАЛИМДИН МОНОЛОГУ***

Чачыңа – апаппак бантик байланган,
Чекчейген, ченемсиз сүйкүм кыз элең.
Тикийип, партада тиктеп олтурсаң,
Эзилип, өмүрүң тилеп айлангам!

Тепейип, тентектик кылбай элейген,
Топойуп, топчудай болгон бала элең
Бытыйган – манжаңды тиктеп олтуруп,
Көлкүлдөп, көңүлүм өсүп кеңейгем!

Зымырап – он бир жыл өтүп арадан,
Бой тарткан – боз улан, селки болдуңар.
Тилегем – уядан учуп кетсе деп,

Кубанып, кутулуп турам сынаадан.
Азыр мен – мөмөсүн төккөн даракмын,
Жемишин – жалпы эл татып сүйүнсүн.
Буралып – кочөңү корктөп жүрсөңөр,
Сукканып баары – силерди тиктеп карашсын!

Жолуңар узак, түйшүк көп, аны түшүнөм,
Силерди сагынып, көрөм түшүмөн.
Ишиңер – жемиштүү болоор бекен деп,
Тынымсыз – Кудайдан тилейм ичимден...

## БҮТҮРҮҮЧҮНҮН МОНОЛОГУ

Эжейди – «эжей» деп айтсам жарашпас,
Эптүү сөз –энемден ашкан энесиз.
Башымды төшүңө коюп жыттасам,
Бой тарткан – балаңыз бизден талашпас.

Агайды – «агай» деп айтсам жарашпас,
Агайым – атамдан артык атасыз.
Сиз үчүн санжыра сөздөр айтылаар,
Сүйүүбүз – он жылдык менен чектелбес...

Балалык – ташкындап аккан сел экен,
Жаманды – жакшыны иргеп аңдабас.
Карасам – каталык бизде көп экен,
Калтырдык – көпөлөк сындуу кармалбас.

Элебей – кирдеттик эчен көңүлдү,
Энемдей – эзилип сүйгөн Эжейлер!
Атамдай – Аскар Тоо болгон Агайлар!
Талыкпай – тилеген биздин өмүрдү.

Агайлар,Эжейлер эсен калгыла,

Күнөөнү – кайсы бир кезде сезээрбиз.
Эңсеген – максатка бир күн жетээрбиз!
Эмгекти – кайтарар мезгил алдыда...

## ААЛЫМ-ТЕҢИР БЕЛЕГИ

Табият да өзгөрүлөт миң жолу,
Талабыңды өзгөртпөдүң бир жолу.

Агартам деп турмуш карасын,
Бубак басты чачтын арасын.

Таалим алдым асыл сөзүңдөн,
Тазалыкты ичтим өзүңдөн.

Азыр билдим-алган Кут ошо,
Азык болот муунум бошосо.

Асылдыкка чачкан өмүрүң,
Ал белегиң тура Теңирим!..

Бузулбасын ыйык көрөңгөң,
Буйрук кылып сени жиберген...
01.07.09.

## КЛАССТАШТАР

Жыл өткөн сайын ары улам,
Жылаажын болуп жаңырган:
Аттаган мектеп эшигин,
Алгачкы күндү сагынам.

Чукчуңдашып урушуп,
Топчуларды жулушуп,
Бир көз ирмем өткөн соң,
Бүт баардыгын унутуп.

Бакытты күтүп ак таңдан,
Белгисиз сезим башкарган.
Баарынан кымбат туюлуп,
Балалык сүйүү башталган.

Алыстап бизден балалык,
Ар кайсы жакка тарадык.
Силерди классташтарым,
Сагынам кылчак каранып.

Классташтар, курдаштар,
Кыйышпастар, сырдаштар,
Миң бакытка бириңди,
Алмашалбас-кымбаттар!..
2009 май..

## БАЖАЛАРГА БИР СОБОЛ

Бир уядан учуп чыккан кыздардын,
Тагдыр, багын мойнубузга жүктөдүк.
Туйгун кезде туткундалып бирөөнө,
Түгөйлөргө жагуу жолун издедик.

Бүт аракет, тырбаландап тапканды,
Денедеги күч-кубатты аябай:
Баардык бакыт бир ошого бүткөнсүп,
Өнүм бердик-өзүбүзгө карабай.

Алар анан бүчүр жарып гүлдөдү,
Акырындап бизде калды салкындык.
Баратабыз бар-жогубуз билинбей,
Өмүрдү бүт үй-бүлөгө калтырдык.

Аны айымдар туюшабы, туйбайбы,
Мунун бары жашоодогу табышмак.
Мээлүүн тартып бизге тийген күн нуру,
Бараткансыйт аралыктар алыстап.

Ортобузга замбиректин огу өтпөйт,
Тагдырыбыз бир көгөнгө байланган.
Уйпаланган-удургуган убактар,
Учурубуз-бир пендеге айланган.

Демек эми акыл өкчөп көрөлү,
Ансыз деле күн кечкирип баратат:
Дос, тууганда – жакын турмак бажалар,
Көңүл кирин жибитүүгө жарасак.

Эрке айымдар – эркелигин улантып,
Көкөлөтсүн кепсбиздин түндүгүн!
Мөлтүрөтүп бизден тапкан мөмөсүн,
Аныктапсын кимибиздин – кимдигин.

Салт боюнча тескегенге акым бар,
Саянбаным-эркелердин сулуусу!
Баш көтөрүп сыймыктансам жарашат,
Болгон үчүн бажалардын улуусу!

Кана эмесе, кулак төшөп баарыңар,
Каяша айтпай, айтканыма көңгүлө:
Ширин тамак-шерне жешип туралы,
Шашып-бушуп, токтолбостон келгиле!?.

## ЖАҢЫ КЫРГЫЗ

Жат адамга эриген,
Жатындашын жериген.

Бешик ырын унуткан,
Бөлөксүнгөн улуттан.

Желгенине жел жетпейт,
Желбегей кийип делбектейт.

Өйдөлөйт акыл коротпой,
Өз үйүндө коноктой.

Зэеринин мизи кайрылган,
Наарынан эчак айрылган.

Төгүлгөн таза бермети,
Туурулду сүйкүм келбсти.

Сүйлөмү сөзгө окшобойт,
Сүйүүсү жүрөк козгобойт.

Адеби кеткен жышылып,
Кадеми каткан бузулуп.

Кыргызга коошпойт ирени,
Кыргыз деп сокпойт жүрөгү.

(Акылым жетет-амал жок...)
Пенде бар бирок АДАМ жок.
15.06.09.

## ҮЧ ЧЫНДЫК

1.
Мага эми керексиздей туюлат,
Миң-миллион ачылыштын биринин.
Андан ашык коркунучтуу көрүнөт,
Адамдарды бөлүп – жарган дининин.
Бир Кудайдан кубат тилеп ачкым бар,
Касиеттүү КЫРГЫЗ ТААНУУ илимин.

2.
Жаралгандан чын-төгүнүн түшүнбөй,
Жаратканга жаптык далай ылайды.
Башталганы биримдикке келбеди,
Бүт диндердин мунарасы кулайбы?..
Эгер эле кыргыз таануу ишке ашса,
Эсти жыйнап таанымакпыс Кудайды.

3.
Кагазда калган сөздү ыйык тутуп,
Кудайдын сырларына ишенбейбиз.
Ал сөздү жазган чыгар мендей бирөө,
Көзү жок көрпендени көсөм дейбиз.
Көрсөтүп турса дагы көзүбүзгө,
Көр сымал Улуу Күчтү түшүнбөйбүз.

4.07.09.

## ТӨРӨЛҮҮ ТҮЙШҮГҮ

1.
Жаз жөнүндө ырдаганда,
Шаңдуу чыкпайт обонум.
Ага себеп: ал мезгилде
Ара жолдо боломун.

Түшүнүшпөйт алигиче,
Төрөлүүнүн түйшүгүн.
Төрөп коюу чындыгында,
Көңүл ачып койчу күн...

Көз жаргандар башын ийип,
Азаптарга байлашат.
Ачуу турмуш, күйгөн оттун.
Казанында кайнашат.

Жаз көркүнө кубангандар-
Жеңил-желпи жүргөндөр;
Тамыры жок, түнөгү жок,
Жел кайыкты сүйгөндөр...

Жаз келгенде күздү ойлоп,
Жебе уусун сеземин.
Тамырыма доо кетирип,
Ачылбасын этегим...
2.
Күлбөй туруп жашын төгөт,
Көзүн ачкан обонум:
«...Көкүлүмдү уйпалашса,

Кантип макул боломун?
Жал-куйругум кесип туруп,
Жанбактыга жамашса;
Жилигимден тамтык койбой,
Жабалактап талашса;

Маашырланып мас ырдаса,
Көңүл ачса баш кесер;
Колун сунуп-кой дээрим жок,
Карегимден жаш кетээр...»

Сабыры суз санаа тартат,
Сары кагаз китебим.
Аны көрүп, айлам куруп,
Аңтарылат ичегим.

«...Барагымды бырча айрып,
Насвай ороп сатышса;
Тиккен жибим дал-дал болуп,
Таштандыда жатышса;

Нымдуу жайда жаным сыздап,
Ачылбаса барагым;
Тамызгыга жарабасам,
Түгөнөттүр амалым!?.»
3.
Болор нерсе болуп бүттү,
Койсом болмок «төрөбөй».
Артка кайтуу амалына,
Алым жетпейт кенедей.

Кандай кырдаал туш келсе да,
Күнөө койбойм силерге.
Кадыр даңктан оолактанган,
Каным, жаным силерде.

Сапарыңар алыс, билем,
Сары убайым, азаптуу...
Кара күчтүн кордугу көп,

Каректерден жаш акчуу.

Алдыңарды тосот, ырас,
Айгалаган кармаштар.
Ал мезгилде дем-күч берер,
Асыл, ыйык арбактар...

Бул жашоонун тешиги көп,
Башты сайгын – бүтөтпөйт...
Мени жеңер – а силерге
Бир пенденин тиши өтпөйт!!!
26.06.09

## АТА-БЕЙИТ ЖӨНҮНДӨ ОЙ

I.

Айтылды далай имиш:
Анык бир жан билбейт.
Билгенди эч ким сүйбөйт.
Билсе да айтпай коюу артык дешет.
Акыйкат адамда жок –
Кудайда бар.
Акыры чындык жеңип сайран курар...
Бул эчак далилденген,
Жер бети эчен ирээт өзгөрүлгөн,
Чындыктын чын экени текшерилген.
А демек, Улуу Күч бар тескеп турар...
Антсе да
Пенде кургур өзгөрөбүз,
Карекке түшкөн чокту эстебейбиз.
Кечөөгү кемчиликти унутабыз,
Күнүмдүк жакшылыкка –
Көңүлдү жылытабыз.
Кечөкү керексизди бүгүн –
Гений дейбиз,
Унутуп өзүбүздү,
өрөпкүп камын жейбиз.
Бүгүнкү даанышмандар –
таң атса унутулат.
Булайып батектери,

Бүтпөгөн чыры чыгат.
Ийилбей тазалыкка,
Бүгүлбөй улуулукка,
Барабыз жолубузда –
ийрейген көчтү улап.
«Бул дүйнө жалган» деген,
Бүдүк сөз чындык белем...

2.

Көк жашыл адырда,
Көркөмдүү кабырда,
Саруулап армандалган,
Сапарга барбай калган;
Кылымдык жүк көтөргөн эрендердин,
Багынбас берендердин,
Кагырап, какшыган сөөгү жатат.

Аларды «эл душманы» деген элек,
Аз өтпөй баатыр сезип баарын бирдей,
Бараандуу күмбөз салдык.
Арбагын ыйык тутуп,
«АТА БЕЙИТ» атап алдык.

Атыңа чаң жугузбай
мактай берип,
Сүт чыкпас желиндердей
кактай эмип;
Сууду окшойт демибиз.
Кызарды –
бозоргон өңүбүз...

3.

Түндүк менен жабылган,
Аземделген кабырдан:
Арбактар жапырт чыгып –
карап турат сенейип.
Көргөн көзгө ишенишпейт элейип.

(Ансыз да ишеничтен көңүл калган...)
Калбаптыр кылар арга:
Кире бериш улагада,
Гүл чамбарга бөлөнгөн –
Жалгыз бейит дөмпөйөт.
Бир чыңырык угулгансыйт тереңден...
(Баркы кетип ирип турат көрөңгөм...)
«...Чындыкты билген барбы?
Береги –
арбактарды жөөлөп келген,
Чындыктын курмандыгы болгон жанбы?
Болбосо –
сыздатып жаныбызды,
Жайыбыз –
башка ысымга айланганбы?!.»
Үн угулбайт.
Баары тыптынч.
Ай да жылбай токтогон.
Жалгыз гана шамал согот боздогон.
Салаңдаган коңгуроодон –
угулбаган үн келет,
Сенейишкен арбактарга –
бир башкача сүр берет...
Гүлгүнүндө карып болгон,
Кыргыздарга тарых болгон –
АТА БЕЙИТ,
Ката – Бейит болобу?!.

10.06.2009.

## СЕЗИМ ЖАНА КӨЗ КАРАШ

Эжем букендин
75 жылдыгына

1.
Жаз келгенде дайым түштөт эсиме,
Ошол булак... Ошол кезим алайган.
Тилегиңди кайтарсам дейм өзүңө,
Бирок ага жетпей келет бар айлам...

...Качан эле, канчадамын-эсте жок,
Жылаң аяк буттарымды чор баскан;
Кедеңдете эжем мени жетелеп,
Бир булакка келген элек үй жактан.

Кара таштын коңулунан оргуштап,
Кайнар булак чыгып жаткан мөлтүрөп;
Таштандыга толгон көзүн тазалап,
Экөөбүзгө алган элек энчилеп.

Так көзүнөн тандап жети кара таш,
Жоолугунан айрып-ага койду да,
«Суук көздөн сактасын» деп күбүрөп,
Тумар кылып тагып койгон мойнума.

Муун чөптү жулуп алып түбүнөн,
Анан анын бөлүп муунун майдалай;
Күңгүрөнө чоң энедей чоюлуп,
Көзүн жумуп сүйлөдү эле жайма-жай:

«Узак жашап, көп балалуу болосуң,
Уулдарыңдан кыз балдарың тың чыгат.
Мөл булактай оргуп турар талантың,
Көралбастар жабар үстүн тумчулап.

Тирегиң жок, өжөрлөнүп өсөрсүң,
Майнап чыгып, максатыңа жетерсиң.
Жээгинде тамыр алган көктөмгө,
Жетишээрлик азык таштап кетерсиң...

Улуу Кудай! Ушул сөзүм чын болсун?!
Туюмуңду алсам экен жаңылбай?
Берекеме берериңди унутпа,
Бардар болсун бакыт оозу жабылбай?!.»

Дечүүсүң да, суу айлантып башыма,
Суук сөздөрдүн жакындатпай эч бирин;
Жаш куюлтуп, киринелеп олтурсаң,

Төлөгөйим тегиз өңдүү сезчүмүн.

2.
Жаз келгенде дайым түшөт эсиме,
Ошол булак...Ошол кезим алдайган.
Тилегиңди кайтарсам дейм өзүңө,
Бирок ага жетпей келет бар айлам...

...Эжем чака, мен чөгүндү көтөрүп,
Ал булакка суу алганы келчүүбүз.
Жаз демине жалбырагын жайылтып,
Жаңы чыккан көчөттөрдү көрчүбүз.

Аны дагы экөөбүзгө энчилеп,
Бирин эжем, бирин мага арнаган.
Булак суусун буруп анын түбүнө,
Өз көчөтүм өнсө экен деп жалбарам.

Эжем ага жетине албай сүйүнүп,
«Эрмегимдин тилегин бер?!» дечүү эле;
Жалаң гана мага тилеп жакшылык,
Жалганы жок, бекем эле сөзүнө.

Кооз гүлдөрдөн куурчак үйүн шөкөттөп,
Кубулжутуп бешик ырын ырдачу.
«Мына булар бала көрүп келди» деп,
Күрмөк төгүп кумурсканы сыйлачу...

«...Чоңойгондо жашооң кёрктүү шаар болот,
О; Жараткан! Эсен жүрүп өсөлүк?
Тосуп алсаң – мен төркүлөп барганда,
Токсон баштуу ак өргөнү көтөрүп!..»

Эки улакка айры шыбак сый кылып,
Балким бизге ыйык Кыдыр жолукту...
Экөөбүздүн урпагыбыз көбөйүп,
Өздөрүнчө эки айыл болушту...

3.
Жаз келгенде дайым түшөт эсиме,
Ошол булак...Ошол кезим алайган.
Тилегиңди кайтарсам дейм өзүңө,
Бирок ага жетпей келет бар айлам...

...Жаш тилегин берет деген улуу сөз,
Жаңылбасам, жалганы жок өңдөнөт.
Жылып кирсе көңүлүмө ошол кез,
Жаз сыяктуу бир жагымдуу дем берет.

Болду көбү эжекемдин сөзүндөй,
Бирок бакыт төгүлбөдү көнөктөп;
Улгайсам да үмүтүмдү өчүрбөй,
Улуу Күчкө ишенемин «берет» деп...

Билишимче иш жасадым эрбеңдеп,
Бирөөлөрдүн алганым жок машагын.
Адамга да, айбанга да тең бол деп,
Аппак дилден ак мамиле жасадым.

Бирок алар бир сапарлаш болушпай,
Баратканда буйтап кетет жолуман.
Татаарымда өз энчимди-коюшпай,
Ырыскымды жулуп алат колуман.

Антсе деле пенделерге ишенип,
Акыбетин кайтарсам деп ойлоном.
Кайрымжынын оозу бекем бүтөлүп,
Көрүнбөйт сый-көңүлүмдө болжогон.

Пенделердин өзгөрүлмө мүнөзү,
Асыл наркты койгон тура бүлдүрүп.
Жараткан ай! Кимдин канча күнөөсү,
Ошол замат койсо кана билдирип!...

Улуулардан улуу сөздү уга албай,
Кичүүлөргө кандай кеңеш бермекмин?

Турса уулу атасына тил албай,
Кимден кайсыл жакшылыкты көрмөкмүн?!.

Эжекебай ишенгин!
Майтарылбас азык берген экенсиң!
Мен үчүн сен кайталанбас көсөмсүң!
Укпайм эми, мейли болсун Улукман!
Машаяктын айтканына ишенбейм.
Сезимиңдин ыйыктыгын жугузган,
Сени гана көңүлүмдөн өчүрбөйм.

Көрсө мени тапшырыпсың Кудайга,
Кан-жаныма ыйык сезим калтырып.
Мөл булактай таза, бас, муңайма-
Мүнөз күттүм, баары өзүмдө бар туруп...

Ишээнчектик – күнөөм тура өзүмдүн.
Жакшылыкты неге күттүм пендеден?!
Көзүн таппай канча ыйык сезимдин,
Ушунча жыл уктап жүргөн өңдөнөм!..

Көрүнгөндү көңүлүмө түнөтүп,
Көптүн баарын сендей сезген экемин.
Оттой ысык жалындаган күн өтүп,
Билбептирмин баары өзгөрүп кетерин!

Эжекем ай! Шол кезиңдин бири жок,
Өзүң дагы, дилиң дагы алыстап;
Көз караштын төп келишер түрү жок,
Ортобузда ойноп турат табышмак.

Тилегиңди таптым окшойт Кудайдан,
Турат нуру кирпигимде тизилип.
Жылуу сезим калбаганбы кылайган,
Жолукканда – ысык күндө үшүдүк...

Көз караштa болсо дагы айырма,
Ишенимдүү күтөм Кудай беришин.
Ыйык сезим калып калган каныма,

Өзгөрүлбөй төгүп келет жемишин!

Ширетип түндүгүнө тумар оюк,
Камданып асыл нарктуу нээтим менен;
Токсон баш ак өргөнү тигип коюп,
Төркүлөп келериңди күтүп жүрөм.

Уuктарын уламалуу чырмадым,
Үзүгүнө бир кара кыл жолотпой;
Сүйүү менен керегесин сырдадым,
Турат тоодо-бороондорду тоготпой.

Суук көздөр сугун артат ишиме,
Сагалашып өңүттөрдөн кетишпейт...
Саймаланган Акөргөмдүн ичине,
Сен ырдаган бешик ыры жетишпейт...

Билем эми, табылбастыр түк айла,
Балким биздин тагдырыбыз ушундай.
Көп турбайбы баруучу жол Кудайга,.
Турса болду түндүгүбүз бузулбай...

Ишенемин  салтанаттуу болот күн,
Акөргөмдүн боосу бекем, өтүмдүү!
Жанындагы –күлсүндөй бөбөктүн
Булак үнү козгоп турат сезимди...

...
Жаз келгенде дайым түшөт эсиме,
Ошол булак...Ошол кезим алайган.
Тилегиңди кайтарсам дейм өзүңө,
Бирок ага жетпейт келет бар айлам...

5.07.2009.

## СӨЗҮМ БАР

Деги бир ылайыктуу жерге батпайм,
Көңүлүм алаксыбайт ага-буга;
Буйдалып, жантер агып, дабаа таппайм,

Буулуккан абалымды жоошутууга.

Улуу Журт, сөз берсеңер, айтаарым көп,
Бугумду чыгарайын жаагым жанып!
Бул жашоо кайда баштап баратат деп,
Көргүм бар көсөмдөргө суроо салып.

Жер бети таштандыга толуп бүттү,
Коюнун көңдөйлөдү көөлөй берип.
Мына эми түк чечилбес кайгы түштү
Камгактай жок болобу тегеренип?..

Эртеңди баш ойлобой, курсак ойлоп,
Көралбайм урпагымдын келечегин.
Каңгыган ит сыяктуу көчө бойлоп,
Кары-жаш ажыратпайт айтаар кебин.

Жан үрөп жасалган бүт иш аракет,
Адамга – адам ажал мээлеп турат.
Мына азыр болучудай бир балакет,
Жок жерден көргөзбөйлүк өнүп чыгат.

Аш берсең ташка айланып келет кайра,
Аныгын акыл өкчөп билип болбойт
Табалсаң эки жүздүү амал-айла,
Талантың ташты жарып, сени колдойт.

Уулубуз улут наркын унутушту,
Кызыбыз кыяны ашып кеткен небак.
Көргөзүп улутубуз ушул нукту,
Кыргызга кыйынчылык келген убак.

Элим ай! Эсибизге келсек боло!?
Бар чыгар бабалардын наркы, намысы?!
Айткыла убакыт таап, ара-торо,-
Эртеңге эмнебизди калтырабыз?!.

29.08.09.

## ҮЧ АРМАН

1.
Көзүм жетти бүт колумдан келери,
Бирок ага айла таба албадым.
Керт башымдын кыйналганы кеп эмес,
Сени аяйм-кыргыз элим, ардагым!..
Карышкырдан корккон койдой буюгуп,
Өз жолуңдан адашканың – арманым.
2.
Эмгектендим эч нерсемди аябай,
Эл үчүн деп эрте жазда күтүнгөм.
Кадамымды карап көрсөм белестен,
Жок өңдөнөт бир дагы ишим бүтүргөн...
Аттиң арман! Жалгыз караан чыкпады,
Жандүйнөмдүн тазалыгын түшүнгөн!
3.
Бир көз ирмем жылуулукка мас болдук,
Бүткүл бакыт колубузга konгондой.
Аткан таңды анча албай капарга,
Ашыгабыз аш бышырып койгондой.
Түштүгүнө жорго минип келипбиз,
«Тукум!» деген асылдыкты ойлонбой.

## ӨКТӨЛҮҮ САПТАР

Күн күлүңдөйт, асман тунук, гүл аңкыйт,
Бирок жашоо кандай гана көңүлсүз.
Кунары жок турмуш курттап жаткансыйт,
Келди – кетти өмүр өтөт өңүмсүз.
Алдым күңүрт, арт жагымдан нур чыгат.
Ажыратуу кыйын окшойт Теңирсиз...

## КЫЖААЛАТТАЙ ОЙЛОР

1.
Көк шумкар сындуу учкансыйм,
Көз ирмем турса жаныңа.
Капкагын ачып сырымдын,
Карабай сүйлөйм алыма.
Кудайдын сыйы ошолбу,

Касиет кирет каныма.
Көөдөнүм кактап жылынам,
Көрүнбөс оттун табына...

2.
Эмдигиче эшик-төрдөй иш бүтпөйт,
Эбин айтпайм, эргежелдей кадамым.
Акыл айтпай акыл угам көбүрөөк,
Сыягы мен өмүр бою баламын.
Ошентсем да өңүттөрдөн аткылайт,
Кыя жолдон көрүнгөндө карааным.
Акырында күкүм кылып койсо да,
Арча сымал жашыл бойдон каламын.

3.
Кудайдын түшүп мээрими,
Колуңа аппак Куш конгон.
Тазасын тутуп, ылгабай,
Учурдук Кутту кош колдон.
Кечирим сурап жалынба,
Көңүлүм эчак муз болгон.

## АРУУ СЕЗИМ

Жашоого төрөлдүңбү – демек барсың,
Жыгылып, кайра турган алсыз жансың.
Күнүмдүк жыргалыңа маашырланба,
Өмүргө өзөк болчу сезим калсын.

Атагын ташты жарып турган учур,
Байлыкты бал аарыдай жыйган учур,
Акыры ачуу уусун таштап кетет,
Ошондо аруу сезим жанат утур.

Ал сезим – жан дүйнөнүн жалындашы,
Ал сезим- эки жандын табылгасы.
Ал сезим-өчүп калбас, унутулбас,
Баарынан ыйык турган айырмасы.

Денеңе жылып кирип жыл акырын,
Картайтса, калса эгер бир акылың;
Каныңа аралашып, кубат берчү,
Кош сезим белек кылган гүлазыгың.

Кунарсыз күнгө айланып бүтүн баары,
Калганда унутулуп утур нары,
Жаназык жаш ылгабай жанып турат.
Кош сезим жуурулушкан учурлары.
28.08.09.

## СУЛУУЛУК

Кээ бирлер Күндөн кем эмес,
Кылыщпайт аны көп элес.
Кеп кылат баары опокшош,
«Кишиден – киши кем эмес,»

Айрымдар Айдан кем эмес,
Айыптыр «бирдей эле» деш.
Азгырып – сугуң түшүрөт,
А бирок арты миң элес...

Күн деген кубат өмүргө,
Көктөмүн себет көңүлгө.
Кышында жашооң жай болот,
Күч бийлеп бүткүл денеңде.

Ай деген Айдай көркү бар,
Акылың үшүп, калтыраар.
Айлантып музга денеңди,
Айыкпас, муздак өртү бар.

Жетпесем деп дегдеп сулууга,
Ай менен күнгө ашыкпа.
Теңелем дебе улууга,
Сулуулук баасы жапыста.
30.08.09.

Мазмуну

**Драмалар**
Алтынай баяны ..............................3
Батмазуура баяны ..............................40
Айкөл баяны..............................76
Көкөтөйдүн керээзи..............................115
Барсбек баяны..............................160
Кылым куту..............................201
Кадыр түнгө жолугуу..............................219
**Ырлар**
Кышкы маанай..............................233
Акыл-Эстин тартышы..............................235
Бармынбы, болдум беле..............................236
Мейли жүз жыл өмүр сүргүн..............................237
Жалгыз тару ботко болбойт..............................238
Төрөлгөндөн тыным албай..............................239
Дуст..............................240
Бир пендеге жаным ачыйт..............................241
Кыргыз тили-аалам тили..............................243
Жан сыр..............................244
Адашкан кыргыз..............................246
Кебетемди коргонүмдо..............................248
Болду эми..............................248
Акырында ..............................249
Момокон..............................250
Даат..............................258
Түш жоруу..............................259
Акыркы коңгуроо..............................260
Аалым-Теңир белеги..............................262
Классташтар..............................262
Бажаларга ..............................263
Жаңы Кыргыз..............................264
Үч чындык..............................265
Төрөлүү түйшүгү ..............................266
Ата-Бейит жөнүндө ой ..............................268
Сезим жана көз караш ..............................270
Сөзүм бар ..............................275
Үч арман ..............................277
Өктөөлүү саптар..............................277
Кыжаалат ойлор..............................277
Аруу сезим..............................278
Сулуулук..............................279

Шарыпкул Эсенгулов

*Алтайлык кыргыздардын акыркы ажоосу.*

*(көркөм адабият)*


*Автордун редакторлугунда басылды*

**Компьютерде терген жана**
**Компьютердик калпка салган**

*Аида Дюшембиева*

алтын тамга

*Терүүгө 30.10.2009-жылы берилди*
*Басууга 22.12.2009-жылы кол коюлду*
*Басма табак17,5*
*Заказ № 82. Нускасы 350 даана*

Бишкек ш. Орозбекова көч. 44,
тел.: 62-13-10; факс: 62-49-21